КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# 2009

Бишкек 2010

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жыл үчүн отчету**

Улуттук банктын 2009-жыл үчүн отчету «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8, 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2009-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы № 8/1 токтому менен бекитилген.

2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын жалган куран айынын отуз бириндеги №9/7 токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Цыплакова Л.Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Алыбаева С.К.<br>Конокбаев С.С.<br>Садыкова Н.О.<br>Урустемов С.А. |
| Жооптуу катчы: | Аманов Б.К. |



Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Макроэкономикалык анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө
(996 312) 669 059 телефону,
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: bamanov@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 669 009, телефону,
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
электрондук почта: pr@nbkr.kg
веб-сайт: http://www.nbkr.kg



© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл



Басылма “KIRLand” ЖЧКсында басууга даярдалып,
басылып чыгарылган.

260 нускада даярдалган.

# МАЗМУНУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү...............................5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2009-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2009-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ......8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору................................8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору...............................11
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми.............13
1.4. Финансы рыноктору................................................16
1.4.1. Валюта рыногу.................................................16
1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу........................19
1.4.3. Баалуу кагаздар рыногу...................................21
1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу................27

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2009-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ..........................36

2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары.................................................................36
2.2. Акча-кредит саясатынын инструменттери.............42
2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар........43
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен.................................44
2.2.3. Репо операциялары...........................................45
2.2.4. Банктарды кайра каржылоо............................46
2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар...........................47
2.3. Эл аралык камдарды тескөө....................................48

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ.................51

3.1. Банк тутуму боюнча баяндама................................51
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама.....................................................57
3.3. Коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүк жана аларды жөнгө салуу...........................64
3.3.1. Лицензиялоо....................................................64
3.3.2. Тышкы көзөмөл................................................65
3.3.3. Инспектирлөө...................................................67
3.3.4. Таасир этүү чаралары.......................................68
3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүк боюнча ченемдик базаларды өркүндөтүү.............................................68

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ.................................72

4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү.................................72
4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр...................................72
4.1.2. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк...........................75
4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын жүзөгө ашырылышы........................75
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү............................................77

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР............................................................80

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу.................80
5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу.........................................................84

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ..................................................87

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү...........................................................87
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдагы иши...........................93
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансылык кеңешчи милдетин аткаруу.....................98
6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы.....................................................................105
6.5. Коомчулукка маалымат берүү..............................107

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2009-ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ................................................113

7.1. Консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына жана бекитилишине жоопкерчиликтин жетекчилик тарабынан тастыкталышы..............................................................113
7.2. Көз карандысыз аудиторлордун отчету................114
7.3. Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет..........................................115
7.4. Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет.........116
7.5. Чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет..........................................117
7.6. Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет...........................................118
7.7. Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет..........................119
7.8. Консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр.................................121

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2009-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги.................162
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер).........................................170
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары.......193
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси..............199

Кыргыз Республикасынын акыркы жылдардагы экономикалык өнүгүүсү глобалдуу финансылык-экономикалык каатчылыктын жана өлкө экономикасынын тышкы таасирлерден көз карандылыгынын тереңдеши шартында жүргөн. Ушуга байланыштуу макроэкономикалык саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу максатында мамлекеттик башкаруу органдарынын ишин координациялоону күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Улуттук банктын иши, мыйзам актыларында жана Өлкөнү өнүктүрүү стратегиясында аныкталган максаттарга жана милдеттерге ылайык жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк менен Өкмөттүн өз учурунда жана шайкеш кабыл алган чаралары өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукту сактоого шарт түзгөн. Биздин республика 2009-жылы экономикалык өсүштүн алгылыктуу арымын сактап калууга жетишкен өлкөлөрдүн катарына кирген. Инфляцияга каршы көрүлгөн чаралар тышкы баа конъюнктурасынын жакшыруусу менен айкалышта, инфляциялык процесстерди турукташтырууга алып келип, керектөө бааларынын индексин өткөн жылдын деңгээлинде сактап калууга мүмкүндүк түзгөн.

Инфляциялык тобокелдиктердин басаңдоосу шартында Улуттук банк, узак мөөнөттүү экономикалык өсүшкө өбөлгө түзгөн бир катар кадамдарды жасаган. Түрткү берүүчү акча-кредит саясатын жүргүзүү эсептик чендин тарыхый минималдуу деңгээлге жеткен төмөндөшүнөн, милдеттүү камдардын нормаларынын азаюсунан көрүнгөн. Улуттук банк тарабынан ошондой эле, иш максаты өлкө экономикасын кредиттөөдө атамекендик банктарга дем берүүгө жана алардын ликвиддүүлүгүн колдоого өбөлгө түзүүгө багытталган Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу да түзүлгөн.

Республиканын финансы секторунун туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн сактап калууга мүмкүн болгон. Атамекендик банк тутуму жана банктык эмес финансы-кредит мекемелери глобалдуу финансылык-экономикалык кризистин орун алып турушу шартында, туруштук бере алуунун жетиштүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигин тастыктай алышкан.

Улуттук төлөм системасынын отчеттук жылдагы ишенимдүү жана натыйжалуу иши да, финансылык туруктуулукту бекемдөөгө өбөлгө түзгөн. Мында Улуттук банк, төлөм системасын өнүктүрүү жана анын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылуу боюнча ишти уланткан.

Банктын 2009-жыл үчүн жылдык отчету «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык даярдалган жана өзүндө эл аралык стандарттарга ылайык түзүлгөн, көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган финансылык отчетту камтыйт. Отчетто ошондой эле, өлкөнүн борбордук банкы катары Улуттук банкка жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жагындагы анын ишине тиешелүү маалыматтар да чагылдырылган.

Бул басылма, адаттагыдай эле маалыматтардын ачык-айкындуулугу жана толуктугу принцибине ылайык даярдалган жана бардык кызыкдар болгон тараптарга Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылдагы иши жөнүндө жеткиликтүү маалымат алууга мүмкүндүк берет.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Төрага М. Алапаев

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2009-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2009-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ

2009-жылы коңшу өлкөлөрдө экономикалык конъюнктуранын начарлоосу алкагында өндүрүштүн төмөндөөсү жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө жигердүүлүктүн басаңдашы жүргөн, бул Кыргызстанда экономикалык өсүш арымынын төмөндөшүн шарттаган. Ошондой болсо да, айыл-чарбасында түптөлгөн алгылыктуу жагдай ИДПнын ыргактуу өсүш арымынын сакталып калышына өбөлгө түзгөн.

Кыргыз Республикасынын бюджет-салык саясаты 2009-жылда түрткү берүүчү мүнөзгө ээ болгон. Салыктардын жалпы санын кыскартуу жана КНС ченин төмөндөтүүнү караган Салык Кодексинин жаңы редакциясынын колдонууга киргизилиши жана кошумча бюджеттик чыгашаларга керектөөнүн көбөйүүсү, мамлекеттик бюджеттин тартыштыгынын 2008-жылдагы ИДПга карата 0,1 пайыздан 2009-жылдагы ИДПга карата 1,5 пайызга чейин өсүшүнө алып келген.

Тышкы таасирлерден улам, төлөм теңдеминин оң сальдосу 2008-жылдагыга салыштырганда дээрлик 3 эсеге көбөйгөн. Мында, тышкы соода жүгүртүү 21,5 пайызга төмөндөгөн.

Өлкөнүн финансы рыногунда түптөлгөн тенденциялар, инфляциянын төмөндөөгө ыктаган деңгээлинин жана глобалдуу экономикалык каатчылыктын, ошондой эле ушул шартта Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын таасири астында калыптанган. Натыйжада, банктар аралык рынокто пайыздык чендердин деңгээлинин төмөндөөсү жана улуттук валютанын баасынын түшүүсү катталган. Ушуну менен бирге эле, банк тутумунун ликвиддүүлүк деңгээли жетишээрлик жогорку деңгээлде сакталып калган.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору

Кароого алынып жаткан жылда финансылык каатчылыктын терс кесепетинен улам, экономикалык өсүш арымынын басаңдашы жүргөн. Региондо төлөөгө жөндөмдүү суроо-талаптын кыскаруусунун натыйжасында, экономикалык жигердүүлүктүн төмөндөөсү Кыргызстандын экономикасынын реалдуу секторунун өнүгүшүнө да таасирин тийгизген. Атап айтканда, соода жагынан негизги өнөктөштөн болгон өлкөлөр менен соода-экономикалык операциялардын олуттуу кыскаруусу, өнөр жайында өндүрүштүн түшүп кетүүсү жана керектөө деңгээлинин төмөндөөсү байкалган.

УСКнын алдын-ала маалыматтары боюнча ИДПнын көлөмү 2009-жылы бир жыл мурдагы ИДПнын көлөмүнө салыштырганда, реалдуу алганда 2,3 пайызга көбөйүү менен 196,4 млрд. сомду түзгөн (2008-жылы өсүш 8,4 пайыз чегинде катталган). Алтын казып алуу ишканаларында сыяктуу эле, башка тармактарда да өнөр-жай өндүрүшүнүн төмөндөөсү, секторлор боюнча экономикалык өсүш арымынын басаңдашынын негизги себебинен болгон. Мында, айыл-чарбасында катталган жогорку өндүрүш көлөмү башка тармактардагы өсүштүн төмөндөөгө басым жасаган динамикасын текшилөөгө өбөлгө түзгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, реалдуу ИДПнын өсүшү 2008-жылдагы 6,5 пайызга салыштырганда, 2,9 пайызды түзгөн.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча ИДП дефлятору 2,1 пайызды түзгөн, ал эми 2008-жылы анын мааниси 22,2 пайызды түзгөн эле.

***1.1.1-таблица***

Ички дүң продукциясынын 2009-жылдагы түзүмү

| | Салыш-тырмалуу салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|
| **ИДП** | **100,0** | **2,3** | **2,3** |
| Айыл чарбасы | 22,1 | 7,4 | 1,7 |
| Тоокендерин казып алуу өнөржайы | 0,6 | 4,7 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөржайы | 12,5 | -7,8 | -1,0 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 1,7 | -1,3 | 0,0 |
| Курулуш | 5,7 | 6,3 | 0,3 |
| Соода жана ремонт | 16,4 | 1,8 | 0,3 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,4 | 4,0 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 9,1 | 5,1 | 0,4 |
| Финансылык иштер | 0,8 | 6,3 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар | 4,1 | 0,0 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу | 6,3 | 5,0 | 0,2 |
| Билим берүү | 4,7 | 1,1 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 1,6 | -0,4 | 0,0 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо | 1,8 | -3,6 | -0,1 |
| Продуктыларга таза салык | 11,1 | 2,3 | 0,3 |

*Булагы: КР УСК*

*Айыл-чарбасынын салымы*

2009-жылда өлкөнүн ИДПсынын олуттуу бөлүгү айыл-чарбасында түптөлгөн. Алсак, УСКнын маалыматтары боюнча айыл-чарбасынын дүң өнүмүнүн көлөмү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 7,4 пайызга көбөйүү менен 110,1 млрд. сомду түзгөн, бул дан эгиндеринин жогорку түшүмдүүлүгү менен шартталган. Республика боюнча орточо алганда, дан эгининин жана буурчак өсүмдүгүнүн түшүмдүүлүгү жүгөрүнү кошо алганда, гектарынан 29,3 центнерди түзгөн (кайра иштетилгенден кийинки салмакта), бул 2008-жылдагыга караганда 26,3 пайызга көп. Ошондой болсо да, ИДПнын түзүмүндө бул тармактын үлүшү 2008-жылдагы 23,5 пайызга караганда 22,1 пайызды түзүү менен төмөндөөсүн уланткан.

*Өнөр жай өндүрүшүнүн кыскаруусу*

Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 2009-жылы 97,2 млрд. сомду түзүү менен физикалык түрүндө алганда, 2008-жылдагы анын көлөмүнө салыштырганда 6,4 пайызга төмөндөгөн. Өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмү «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканаларын эске албаганда, 6,5 пайызга төмөндөгөн.

Өнөр-жай түзүмүндө өндүрүштүн олуттуу түшүп кетүүсү металлургия өндүрүшү (алтын казып алуу), металл болбогон башка минерал продукцияларын өндүрүү (курулуш материалдарын жасап чыгаруу) жана текстиль жана тигүү өндүрүшү сыяктуу, кайра иштетүү өнөр-жайында катталган. Мына ушул тармактардын кайра иштетүү өнөр-жайы түзүмүндөгү чогуу алгандагы үлүшү 72,1 пайызды түзгөн. Мында, тамак-аш азыктарын (суусундукту жана тамекини кошо алганда) өндүрүүнүн өсүшү белгиленген. Бүтүндөй алганда, кайра иштетүү өнөр жайындагы өндүрүштүн көлөмү 79,1 млрд. сомду же 2008-жылдагы анын деңгээлинен физикалык түрүндө 92,2 пайызды түзгөн (2008-жылда 123,6 пайыздык өсүш жүргөн).

Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында өндүрүштүн төмөндөөсү 1,3 пайызды түзгөн, бул 2008-жылдагы 7,5 пайыздык төмөндөөгө салыштырганда анчалык таасирдүү эмес.

Отчеттук жылда тоо кендерин казып алуу өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 4,7 пайызга көбөйүү менен 2,4 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде таш көмүр казып алуу 22,2 пайызга, чийки мунайды өндүрүү 9,9 пайызга өскөн.

*Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү*

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө 2009-жылы өсүш арымынын басаңдашы жүргөн. Соода жүргүзүү жана автомобилдерди, жеке пайдалануудагы буюмдарды оңдоо тармагында жүгүртүүнүн жалпы физикалык көлөмү 2008-жылдагы 9,6 пайызга салыштырганда, 1,8 пайызга көбөйгөн. Мейманканалар жана ресторандар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөр көлөмү 2008-жылдагы 13,3 пайызга салыштырганда, 4,0 пайызга өскөн. Транспорт жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 2008-жылдагы 31,1 пайызга караганда, 2009-жылы 5,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

*Инвестициялык ишкердиктин жигеринин артышы*

Инвестициялар жана курулуш чөйрөсүндө алгылыктуу өзгөрүүлөрдүн жүргөндүгү байкалган. Алар экономикада кошумча нарктын байкалаарлык өсүшүн шарттаган. Курулуш жагынан жигердүүлүктүн артышы олуттуу деңгээлде гидроэнергетика объекттерине жумшалган мамлекеттик инвестицияларга байланыштуу болгон, бул экономиканын өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Алсак, негизги капиталга инвестициялар 2009-жылы 38,7 млрд. сомду түзүү менен 2008-жылдагы алардын көлөмүнө салыштырганда 19,7 пайызга көбөйгөн. Негизги капиталга инвестициялардын түзүмүндө 10,7 пайыз «Камбар-Ата ГЭС-2» курулушуна туура келген, ал эми 24,4 пайызы турак-жай курулушуна багытталган болсо, жеке курулушка инвестициялар, инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 17,9 пайызын түзгөн.

*Кирешелердин төмөндөшү*

Керектөө жана тышкы соода жүгүртүү боюнча алдын-ала алынган маалыматтар 2009-жылы жеке сектордун кирешеси кыскаргандыгын болжолдоого негиз берет. Орточо айлык эмгек акынын өсүш арымы[1] республика боюнча реалдуу алганда басаңдоо менен 2008-жылдагы 9,2 пайызга салыштырганда 8,0 пайызды түзгөн.

[1] УСКнын малыматтары, чакан ишканаларды эске алуусуз келтирилген.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору

*Бюджет саясатын жүргүзүү шарттары*

Кыргыз Республикасынын бюджет саясаты отчеттук жылы бюджеттин узак убакыт туруктуу болушун камсыз кылууга, бюджеттик чыгашалардын натыйжалуулугун арттырууга жана социалдык гарантиялардын жана милдеттенмелердин өз учурунда каржылоого алынышына багытталган. Бирок, ал оор шарттарда жүзөгө ашырылган анткени, дүйнөлүк финансылык каатчылык орун алып турган мезгилде кошумча бюджеттик чыгашаларга керектөө өлкөдө ишкердик жигердүүлүктүн жалпы төмөндөөсүнүн, импорт көлөмүнүн кыскаруусунун жана салык мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн киргизилишинин натыйжасында, салыктык кирешелер жагынан олуттуу чектөөлөргө дуушар болгон.

*Бюджет тартыштыгынын артышы*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2009-жылда ИДПга карата 1,5 пайызды түзгөн, ал эми 2008-жылы ал ИДПга карата 0,1 пайыз чегинде катталган эле. Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий транферттер 16,4 пайызга көбөйүү менен 55,3 млрд. сомду же ИДПга карата 28,2 пайызды түзгөн. Мында, өсүштүн алгылыктуу арымы негизинен, чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден 10,2 млрд. сом эквивалентинде атап айтканда, Россия Федерациясынан 6,4 млрд. сом расмий трансферттердин түшүүсү менен камсыз кылынган.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 58,2 млрд. сомду түзгөн, бул 2008-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 22,2 пайызга көп. ИДПга карата чыгашалар 25,4 пайыздан 29,7 пайызга чейин көбөйгөн.

***1.2.1-график***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




*Салыктык түшүүлөрдүн өсүшүнүн басаңдоосу*

2009-жылы салыктык кирешелер 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 0,5 пайызга көбөйүү менен 36,1 млрд. сом суммасында камсыз кылынган. Бюджеттик кирешелердин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрдүн үлүшү 65,3 пайызды түзгөн бул, 2008-жылдагыга караганда 13,7 пайыздык пунктка төмөн. Бажы жана салык органдары тарабынан салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 39,3 жана 60,7 пайызы камсыз кылынган.

***1.2.2-график***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдүн түзүмү







Салыктык кирешелердин өсүш арымынын басаңдоосу эң оболу, анын ченинин төмөндөшү сыяктуу эле, товарлардын импортунун төмөндөшүнүн натыйжасында, салыктык кирешелердин жалпы көлөмүндө КНСтин үлүшүнүн төмөндөшү менен шартталган. Алсак, ташылып келген продукциялардан КНСтен түшүүлөр 31,4 пайызга кыскарган. Өлкө ичинде өндүрүлгөн товарлардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн КНСтен түшүүлөр 27,5 пайызга көбөйгөн болсо да, салыктык кирешелердин жалпы көлөмүндө алардын үлүшү төмөн бойдон калган (12,7 пайыз). Бүтүндөй алганда КНСтен түшүүлөр 18,6 пайызга төмөндөгөн. Сатуудан салыктан түшүүлөр салыктык кирешелердин жалпы өсүшүнө эң чоң салым кошкон (6,7 пайыздык пунктта).

*Мамлекеттик чыгашалар саясатынын социалдык багыттуулугу*

Мамлекеттик чыгашалар саясатында калктын аз камсыз болгон категориясына социалдык даректүү жардамдарды көрсөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Эмгек акыларды төлөөгө жана социалдык фондго чегерүүлөргө чыгашалар, 2008-жылдагы төлөөлөргө салыштырганда 20,7 пайызга, ал эми социалдык жөлөкпулдарга чыгашалар 19,9 пайызга көбөйгөн.

Бүтүндөй алганда 2009-жылы операциялык ишкердикти жүргүзүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 50,0 млрд. сомду же ИДПга карата 25,5 пайызды түзгөн.

*Карызды тейлөөгө чыгашалардын көбөйүүсү*

Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 1,0 пайыздык пунктка көбөйүү менен 7,1 млрд. сомду же ИДПга карата 3,6 пайызды, анын ичинде пайыздык төлөмдөр ИДПга карата 0,8 пайызды түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын аларды сатуудан артып кетиши 2009- жылы 8,2 млрд. сомду же ИДПга карата 4,2 пайызды түзгөн ( 2008-жылы – ИДПга карата 3,7 пайыз).

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми[1]

Кароого алынып жаткан жылдын жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин оң сальдосу 3 эсеге көбөйүү менен 251,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

*Күндөлүк эсептин абалы*

Негизинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунан түшүүлөр жана трансферттер камтылган күндөлүк кирешелер товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортуна жана резидент эместердин кирешелерине төлөөлөргө байланыштуу, утурумдук чыгашалардын ордун жапкан. Натыйжада, күндөлүк операциялар эсебинин профицити 18,3 млн. АКШ долларына жеткен, ал эми өткөн жылдары күндөлүк эсеп тартыштыгы менен түптөлүп, алардын максималдуу көлөмү 2008-жылы ИДПга карата 11,9 пайыз деңгээлинде катталган.

***1.3.1-графиги***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Соода тартыштыгынын төмөндөшү*

Соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө экономикалык төмөндөө жана сырьелук-товардык рыноктордо 2009-жылы эл аралык баалардын түшүүсү, Кыргыз Республикасынын тышкы соода операцияларынын көлөмүнө таасир эткен. Алсак, өлкөнүн тышкы соода жүгүртүүсү 21,5 пайызга төмөндөө менен 4,4 млрд. АКШ долларын түзгөн. Мында экспорттун көлөмү 11,3 пайызга, ал эми импорттуку –26,6 пайызга төмөндөгөн. Натыйжада булар, соода балансынын тартыштыгынын 41,7 пайызга, 1,1 млрд. АКШ долларына чейин төмөндөшүнө алып келген.

Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы 2008-жылдагы 97,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү анын терс маанисине караганда, 33,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыккан. Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмүнүн 2008-жылдагы деңгээлде сакталып калышынын эсебинен, мына ушундай оң сальдо түптөлгөн, ал эми кызмат көрсөтүүлөр импорту 12,9 пайызга төмөндөгөн, бул эң оболу, кыдыруулар жана транспорттук ташып жеткирүүлөр чөйрөсүндө алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөдөөсү менен шартталган.

Кыргызстандан эмгек мигранттарынын негизги массасы тартылган Россияда жана Казакстанда экономикалык жагдайдын начарлоосу, эмгек мигранттарынан валюталык түшүүлөрдүн көлөмүнүн кыскарышына алып келген. Натыйжада, күндөлүк трансферттердин жалпы көлөмү 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 19,1 пайызга төмөндөө менен 1,2 млрд. АКШ долларын түзгөн; Россия

[1] УСКнын алдын-ала берген маалыматтары боюнча жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен.

Федерациясынын Өкмөтүнүн 150,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү грантын эске албаганда, күндөлүк трансферттердин өлчөмү 29,2 пайызга кыскармак эле.

Кирешелердин терс сальдосу 12,0 пайызга көбөйүү менен 115,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Мына ушундай өсүш, маалыматтарды алуу чөйрөсүнүн кеңейтилиши атап айтканда, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин мамлекет тарабынан гарантияланбаган жеке тышкы карызын эске алынышы менен шартталган.

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсебинин сальдосу кароого алынып жаткан жылдын жыйынтыгы боюнча 413,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, ал эми 2008-жылда бул көрсөткүч 7,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыккан эле.

Мигранттардын капиталдык товарлар түрүндөгү трансферттеринин агылып чыгышынын көлөмүнүн төмөндөшү, капитал менен операциялар эсебинин терс сальдосунун 28,8 млн. АКШ долларына чейин кыскарышына алып келген.

*Капиталдын жылышы эсебинин абалы*

2009-жылда финансы эсебинин валюталык түшүүлөрүнүн эң чоң көлөмү тике чет өлкө инвестициялары жана башка инвестициялар статьяларына туура келген. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү 140,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул бир жыл мурдагы ушул көрсөткүчтүн маанисинен 39,7 пайызга аз. Ал эми «башка инвестициялар» статьясы боюнча капиталдын таза агылып кирүүсү 312,8 млн. АКШ долларын түзгөн, 2008-жылы анын 169,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү таза агылып чыгуусу катталган эле. Ушул статья боюнча резиденттердин активдери сыяктуу эле, милдеттенмелери да өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Резиденттердин тышкы активдеринин өсүш тенденциясынын төмөндөөсүнө эң башкысы, дебитордук карыздардын 7,7 млн. АКШ долларына кыскаруусу таасир эткен, 2008-жылы дебитордук карыз 230,8 млн. АКШ долларына өскөн эле.

*«Башка инвестициялар» боюнча капиталдын агылып кирүүсү*

Резиденттердин тышкы милдеттенмелеринин олуттуу өсүшүнө (2,7 эсеге) кредиттик карыздардын өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу шартында, тышкы кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшү аныктоочу таасирин тийгизген. Алсак, резидент эместерден алынган кредиттердин көлөмү 417,9 млн. АКШ долларын түзүү менен 3,5 эсеге көбөйгөн, алардын 300,0 млн. АКШ долларын Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн кредити ээлеген. Кредиттик карыздардын көлөмү 36,1 млн. АКШ долларына көбөйгөн, ал эми 2008-жылы бул өсүш 119,0 млн. АКШ долларында катталган эле.

***<u>1.3.2-график</u>***

Финансылык эсеп



*Каталар жана калтырып кетүүлөр*

2009-жылдын алдын-ала чыгарылган жыйынтыгы боюнча «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясы 179,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде калыптанган, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун же капиталдын агылып чыгуусунун статистикалык жактан жетишсиз эсепке алынышын тастыктайт. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасынын сапатын жакшыртуу максатында Улуттук банк, УСК жана МБК менен биргеликте статистикалык маалыматтардын камтуу чөйрөсүн кеңейтүү жана алардын сапатын жакшыртуу боюнча иштерди улантууда.

*Эл аралык камдар*

Иликтөөгө алынып жаткан жылдын акырына карата дүң эл аралык камдардын (резервдердин) көлөмү 1,6 млрд. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин деңгээли 4,1 айлык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун келечектеги зарыл көлөмүнүн ордунун жабылышына туура келген.

## 1.4. Финансы рыноктору

### 1.4.1. Валюта рыногу

*Валюта рыногундагы негизги тенденциялар*

Улуттук валютанын 2008-жылдын аяк оона айынан тартып башталган басаңдоо тенденциясы, 2009-жылы да уланган. Ички валюта рыногунун коньюнктурасы отчеттук жылы анын маанисинин байкалаарлык кыскаруусуна карабастан, тышкы соода балансынын орун алып турган терс сальдосунун, ошондой эле акча которуу системалары боюнча валюталардын агылып кирүүсүнүн азаюусу таасири астында калыптанган. Мындан тышкары, ички валюта рыногундагы жагдайдын чиеленишине Россияда жана Казакстанда улуттук валюталардын олуттуу алсызданышына байланыштуу, рынок катышуучуларынын күтүүлөрү да таасирин тийгизген. Доллардын эсептик курсу жыл башынан тартып 11,9 пайыздан, бештин айынын акырындагы 44,0917 сом/АКШ долларына чейин өскөн.

***1.4.1.1-график***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Валюта курсунун динамикасы*

Отчеттук жылдын алгачкы сегиз айы ичинде АКШ долларынын динамикасы өсүш тенденциясына ээ болгон. Мында, биринчи чейректе чет өлкө валютасынын курсу салыштырмалуу жогорку арымда өскөн, бул банк кардарларынын доллардык депозиттеринин агылып чыгышына, ошондой эле коммерциялык банк-тардын валютага жогорку суроо-талабына байланыштуу жүргөн. Ушул мезгилде валюта рыногунун катышуучуларынын иш маанайы көбүнесе, Кыргызстандын соода боюнча негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдүн – Россиянын жана Казакстандын улуттук валюталарынын алсызданышынан улам түптөлгөн алардын күтүүлөрү менен аныкталган. Алсак, бирдин айынын баш жагында ички валюта рыногундагы жагдайдын калыптанышына олуттуу таасирди, Казакстан Улуттук банкынын теңгенин бир учурдук девальвациясын ишке ашыруусу таасир эткен, ал ички валюта рыногундагы валюта курстарынын динамикасынан көрүнгөн: АКШ долларынын жана евронун курстары өсүп, казак теңгесинин кыргыз сомуна карата катышы төмөндөгөн. Ушул шартта, Улуттук банк АКШ долларын сатуу боюнча операцияларды жана аларды нак акчага айландыруу боюнча операцияларды жүргүзүү аркылуу, улуттук валютанын алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө бөгөт коюу жагында зарыл чараларды көргөн. Мына ушундан кийин гана курс турукташып, андан соң бир аз гана чекте өзгөрүп турган.

2009-жылы экономикада активдердин долларлашуусунун артышы курстук күтүүлөрдүн индикаторлорунун бири болуп саналган: калайык-калктын сыяктуу эле, өз валюталык активдерин арттырууга далалат кылган ишканалардын валюталык депозиттеринин көбөйүүсү, ошондой эле коммерциялык банктардын чет өлкөлөрдөгү активдеринин өсүшү айрыкча, банк-корреспонденттердеги депозиттик эсептерде жайгаштыруулар түрүндөгү активдеринин өсүшү жүргөн.

Жылдын чын куран айынан тартып АКШ долларынын курсунун өсүш арымы басаңдай баштаган, буга банктардын кардарларынын экспорттук жана импорттук операцияларынын ортосундагы терс ажырымдын бир аз кыскаруусу, ошондой эле акчалай которуулар жана банк кардарларынан доллардык депозиттер түрүндөгү валюталардын агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү өбөлгө түзгөн. Ал эми аяк оона айында АКШ долларынын динамикасында тенденциялардын алмашкандыгы катталган, бул тышкы сыяктуу эле, ички факторлордун: АКШ долларынын эл аралык рыноктордо негизги дүйнөлүк валюталарга карата басаңдоосуна жана мурда берилген банктар аралык кредиттерди (анын ичинде резидент эместерге да) төлөөгө каражаттардын, ошондой эле акча которуу системалары боюнча каражаттардын түшүүсүнүн өсүшүнүн натыйжасында, ички рынокто валютаны сунуштоонун артышына байланыштуу болгон. Андан ары, жылдын акырына чейин валюта рыногунун динамикасы ички рынокто АКШ долларына талап менен сунуштун өзгөрүүсүнө байланыштуу, ар тараптуу тенденциялардын орун алышы менен мүнөздөлгөн. Мында, улуттук валютанын алсызданышы жыл акырына чейин сакталып калган.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу иш ыргагына ылайык, Улуттук банк банктар аралык валюта тооруктарында сомдун курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында, АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Алсак, сомдун курсуна басымдын сакталып турушу шартында, биринчи чейректе Улуттук банк АКШ долларын сатуу боюнча масштабдуу операцияларды ишке ашырган, алардын көлөмү ушул мезгил ичинде 156,0 млн. АКШ долларын түзгөн (жыл ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуусунун жалпы көлөмүнүн 73,5 пайызы). Андан ары, аяк оона айына чейинки мезгил ичинде Улуттук банк рынокко бир аз эле үлүштө катышкан, мында ал чет өлкө валютасына карата суроо-талап менен сунуштун убактылуу ажырымын текшилөө менен АКШ долларын сатуучу жана сатып алуучу катары иш алып барган. Жылдын аяк оона айындагы чет өлкө валютасын сунуштоонун көбөйүүсү шартында Улуттук банк, рынокто АКШ долларын негизги сатып алуучу катары иш алып баруу менен курстук олку-солкулукту текшилөөгө жетишкен. Андан соң жылдын акырына чейинки мезгилде Улуттук банк валюталарды сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын жалпы көлөмү 221,9 млн. АКШ долларын түзгөн (анын ичинде 13,7 млн. нак АКШ доллары), бул 2008-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 26,4 пайызга ашкан. АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 66,8 млн. АКШ доллары чегинде катталган бул, бир жыл мурдагы ушул эле көрсөткүчтөн 70,8 пайызга төмөн. Мындан тышкары, 2009-жылы Улуттук банк 32,0 млн. рубль суммасында орус рублин сатып алуу боюнча операцияны жүргүзгөн.

***1.4.1.1-таблица***

Валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча операциялар *(млн. сом)*

| | 2008-ж.* | 2009-ж. | Өсүш арымы, *пайыздар* |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөм** | **167 898** | **155 733** | **-7,2** |
| анын ичинде: | | | |
| Валюта тооруктарында нак эмес валюта менен спот-операциялар | 33 812,3 | 29 888,3 | -11,6 |
| Улуттук банк менен операциялар | 14 910,0 | 11 575,5 | -22,4 |
| банктар аралык операциялар | 18 902,3 | 18 312,8 | -3,1 |
| Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюта менен спот-операциялар | 968,9 | 1 464,7 | 51,2 |
| Нак валюта менен спот-операциялар | 119 622,6 | 117 201,4 | -2,0 |
| Улуттук банк менен операциялар | 11,7 | 594,5 | 4 981,2 |
| банктар аралык операциялар | 90 826,5 | 83 413,7 | -8,2 |
| алмашуу бюролорунун | 28 784,4 | 33 193,2 | 15,3 |
| Своп-операциялар | 13 494,6 | 7 178,5 | -46,7 |
| Улуттук банк менен операциялар | 2 513,9 | 0,0 | 0,0 |
| банктар аралык операциялар | 10 980,8 | 7 178,5 | -34,5 |

** кайрадан эсептөө ыкмасынын өзгөрүүсүнө байланыштуу, 2008-жылдагы операциялардын көлөмү «Улуттук банктын 2008-жыл үчүн жылдык отчетунда» жарыяланган маалыматтардан айырмаланат.*

*Валюта рыногунун валюта түрлөрү боюнча түзүмү*

Экспорттук-импорттук операциялардын көлөмүнүн кыскаруусу жана тике чет өлкө инвестицияларынын агылып кирүүсүнүн азаюусу, валюта рыногундагы жигердүүлүктүн төмөндөшүнөн көрүнгөн. Алсак, ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү[1] 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 7,2 пайызга кыскаруу менен отчеттук жылда 155,7 млрд. сомду түзгөн. Операциялар көлөмүнүн төмөндөөсү казак теңгеси жана башка[2] валюталар менен операцияларды эске албаганда, валюталардын бардык түрү боюнча белгиленген. Рубль менен операциялар эң эле олуттуу кыскарууга дуушар болгон жана ал валюта рыногунун түзүмүндөгү 2009-жылдагы өзгөрүүлөргө таасирин тийгизген: АКШ доллары менен операциялардын үлүшү 1,2 пайыздык пунктка көбөйүү менен 70,0 пайызды түзгөн, казак теңгеси менен операциялар 8,1 пайыздан 9,1 пайызга чейин өскөн, ал эми евро жана рубль менен операциялардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 6,0 пайыздан 5,9 пайызга чейин, 16,9 пайыздан 14,7 пайызга чейин азайган. Башка валюталар менен операциялардын салыштырма салмагы 0,2 пайыздан 0,3 пайызга чейин өскөн.

*Валюта рыногунун нак жана нак эмес сегменти*

Операциялардын негизги көлөмү валюта рыногунун накталай сегментинде жүзөгө ашырылышын сактап калган (чет өлкө валюталарын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмүндө 78,9 пайыз). Мында нак валюталарды сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн олуттуу көлөмү коммерциялык банктарда келишилген. Валюта рыногунун накталай эмес сегментинде бүтүмдөрдүн олуттуу бөлүгү банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларында келишилген[3], алардын сомдук эквиваленттеги көлөмү 2008-жылга салыштырганда, 11,6 пайызга кыскаруу менен 29,9 млрд. сомду түзгөн. Бул Улуттук банктын катышуусу менен ишке ашырылган операциялардын сыяктуу эле, коммерциялык банктар ортосунда ишке ашырылган операциялардын азаюусуна байланыштуу болгон.

[1] Маалыматтар, Улуттук банктын маалыматтарына жана банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү отчетторуна негизденүү менен берилген.
[2] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму жана кытай юани.
[3] Тооруктар, Улуттук банкта соода-маалымат электрондук системасы аркылуу ишке ашырылат.

*Алмашуу бюролорунда негизги валюталардын курстарынын динамикасы*

Алмашуу бюролорунда нак АКШ долларынын курсунун динамикасы банктар аралык валюта тооруктарындагы анын динамикасындай эле калыптанган. Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда долларды сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 11,4 пайызга өсүү менен бештин айынын акырына карата 44,0859 сомду түзгөн. Улуттук валюта евро жана орус рублине карата да алсызданган: алмашуу бюролорунда еврону сатуунун орточо алынган курсу 15,9 пайызга өсүп, 63,9915 сомду түзгөн, орус рублинин курсу 11,6 пайызга, 1,4394 сомго чейин жеткен. Ал эми казак теңгесине карата сом 9,0 пайызга чыңдалуу менен анын курсу 0,2954 сомду түзгөн.

### 1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу

2009-жылы банктар аралык кредит рыногуна коммерциялык банктардагы үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээлинин өзгөрүлмөлүүлүгү сыяктуу эле, инфляция арымынын деңгээлинин төмөн болушу шартында, түрткү берүүчү акча-кредит саясаты негизги таасирин тийгизген. Бүтүндөй алганда, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын атамекендик финансы системасына тийгизип жаткан эпкинине карабастан, рынокто банктар аралык карыз алышуулардын көлөмүнүн көбөйгөндүгү байкалган.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Отчеттук жылда банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютада ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү, 2008-жылдагы көлөмгө салыштырганда 9,7 пайызга көбөйүү менен 11,5 млрд. сомду түзгөн. Сом түрүндө карыз алуулардын негизги бөлүгү мурдагыдай эле, репо операциялары сегментинде топтоштурулган, алардын көлөмү 2008-жылдагы 65,2 пайызга салыштырганда, 75,5 пайыздык салыштырма үлүшү менен 8,7 млрд. сомду түзүп, 26,9 пайызга көбөйгөн. Ал эми улуттук валютадагы кредиттик операциялар сегментинде бүтүмдөрдүн көлөмү, 2008-жылдагыга салыштырганда 7,5 пайызга азаюу менен 2,2 млрд. сомду түзгөн, ал эми алардын үлүшү бир жыл мурдагы 22,5 пайызга салыштырганда 19,0 пайызды түзгөн. Улуттук банк тарабынан берилген «овернайт» кредиттери отчеттук жылда 635,8 млн. сом чегинде катталган.

*Пайыздык чендердин динамикасы*

Жыл ичинде сом түрүндөгү кредиттерге жогорку талаптын орун алышына карабастан, банктар аралык кредит рыногундагы пайыздык чендер айрым мезгил ичинде жогорулоо жагына бир аз ыктоо менен ишенимдүү төмөндөөсүн уланткан. Алсак, репо операциялары боюнча орточо пайыздык чен 2008-жылдагы анын маанисине караганда 0,5 пайыздык пунктка төмөндөп, 8,4 пайызды түзгөн. Ал эми улуттук валютадагы жөнөкөй банктар аралык кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли, отчеттук жылы 0,2 пайыздык пунктка өсүү менен 7,8 пайызды түзгөн. «Овернайт» кредиттери боюнча орточо чен 8,8 пайыз чегинде катталып, төмөндөө 7,6 пайыздык пунктту түзгөн.

Репо операцияларынын орточо мөөнөттүүлүгү жыл ичинде 2008-жылдагыга салыштырганда 15 күндөн 7 күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча 65 күндөн 16 күнгө чейин кыскарган.

***<u>1.4.2.1-график</u>***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү




*Ички рыноктo чет өлкө валютасындагы операциялар*

Ички банктар аралык кредит рыногунда чет өлкө валютасында ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 34,5 пайызга төмөндөө менен отчеттук жылда сомдук эквивалентинде 711,2 млн. сомду түзгөн, ал эми банктар аралык карыз алуулардын жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 10,5 пайыздан 6,1 пайызга чейин кыскарган. Чет өлкө валютасындагы банктар аралык кредиттер боюнча пайыздык чендер, отчеттук жыл ичинде кыска диапозондо өзгөрүү менен төмөндөгөн. Бүтүндөй жыл ичинде ички банктар аралык рынокто сунушталуучу чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо чен, 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 1,0 пайыздык пунктка төмөндөгөн жана 5,7 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөт 69 күндөн 73 күнгө чейин көбөйгөн.

***<u>1.4.2.2-график</u>***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы пайыздык чендердин динамикасы



## 1.4.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.4.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

2009-жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү жүгүртүүдө болгон: мамлекеттик казына векселдер (МКВ), Улуттук банктын ноталары, мамлекеттик казына милдеттенмелер (МКМ), мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар – МБК(ж) жана МКО(ж), мамлекеттик казына облигациялары, жөнөкөй жана которулма векселдер, муниципалдык баалуу кагаздар. Булардын жүгүртүүдөгү жалпы көлөмү жыл акырына карата 9,1 млрд. сом чегинде катталган; жыл башындагы көлөмүнө салыштырганда көбөйүү 5,5 пайызды түзгөн. Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүнүн өсүшү МКВ эмиссиясынын көлөмүнүн көбөйүүсү, ошондой эле мамлекеттик казына облигацияларынын чыгарылышы менен шартталган. Ошол эле учурда, Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү азайган. Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө салыштырма салмак жылдын акырына карата төмөнкүчө болгон: МКВ – 36,9 пайыз; мамлекеттик казына облигациялар – 10,7 пайыз; Улуттук банктын ноталары – 11,6 пайыз. Кароого алынып жаткан жылда Финансы министрлиги мамлекеттик казына милдеттенмелерин жана МКО (ж) төлөөнү уланткан, алар мурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн коммерциялык банктардын, банктык эмес мекемелердин жана Улуттук банктын алдындагы карызын кайра тариздөө максатында чыгарылган натыйжада, алардын салыштырма салмагы кыскарган. Өкмөттүн Улуттук банк алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде эмитирленген МКВ(ж)лардын көлөмү өзгөргөн эмес, ал эми алардын МБКнын түзүмүндөгү салыштырма салмагы 6,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздөө процессинде Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жөнөкөй жана которулма векселдердин жүгүртүүдөгү үлүшү, отчеттук жыл ичинде 7,1 пайызды түзгөн. 2009-жылы Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан 200 млн. сом жалпы суммасында 2 млн. даана санда муниципалдык баалуу кагаздар чыгарылган жана жайгаштырылган, алардын МБКнын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 2,2 пайызды түзгөн.

***<u>1.4.3.1.1-график</u>***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмү



### 1.4.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

МКВлардын биринчилик рыногундагы жагдай 2009-жылы негизинен, инфляция деңгээлинин төмөндөөсү жана үстөк ликвиддүүлүктүн коммерциялык банктарда концентрациялануусу шартында калыптанган.

***1.4.3.1.1.1-график***

МКВларга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




*МКВ рыногундагы суроо-талап жана сунуш*

2009-жылда Финансы министрлиги МКВларга сунуштун көлөмүн жалпысынан көбөйткөн, мында айрым айларда МКВларга сунуштун көлөмүнүн көбөйүү жагына сыяктуу эле, азаюу жагына да кескин өзгөргөндүгү байкалган. Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде казына векселдерине инвесторлор тарабынан жогорку суроо-талап байкалган. Ал эми бирдин айында ликвиддүүлүктүн олуттуу кыскарышынан улам, коммерциялык банктар тарабынан ушул баалуу кагаздарга суроо-талаптын бир аз төмөндөгөндүгү белгиленген, бул кирешелүүлүктүн көбөйүүсүнө алып келген. Андан ары, чын куран айына чейинки мезгилде суроо-талаптын көлөмү сунуштун деңгээлинен жогору болгон натыйжада, кирешелүүлүк акырындап төмөндөй баштаган. Теке айынан тартып Финансы министрлиги МКВларга сунуштун көлөмүн кыскарткан, ошол эле учурда банктарда үстөк ликвиддүүлүк деңгээлинин жогорулоосу алкагында аларга карата суроо-талап байкаларлык өскөн. Бул, мына ушул баалуу кагаздардын кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнө түрткү берген.

***1.4.3.1.1.2-график***

МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




*МКВны сатуунун жалпы көлөмү жана кирешелүүлүгү*

Бүтүндөй 2009-жыл ичинде мамлекеттик казына векселдерин сатуунун жалпы көлөмү бир жыл мурдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 54,2 пайызга көбөйүү менен 4,6 млрд. сомду түзгөн. Эгерде, векселдерди сатуу көлөмүн мөөнөттүүлүгү боюнча карап көрсөк, анда жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон баалуу кагаздар боюнча көбөйүү 69,4 пайызды, 6 айлыктар боюнча 44,3 пайызды түзгөн, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон баалуу кагаздар боюнча көбөйүү 3 эсе жүргөн. Жүгүртүү мөөнөтү 18 жана 24 айлык МКВларды жайгаштыруу боюнча аукциондор отчеттук жылда өткөрүлгөн эмес. Мамлекеттик казына векселдеринин орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү 2009-жыл ичинде 2,1 пайыздык пунктка кыскаруу менен 12,7 пайызды түзгөн.

***1.4.3.1.1.1-таблица***

Эмиссиянын көлөмү жана МКВлардын орточо жылдык кирешелүүлүгү

| | 2008-ж. | | | 2009-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн. сом* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **2 962,8** | **100,0** | **14,8** | **4 567,8** | **100,0** | **12,7** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| Жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлар | 730,5 | 24,7 | 12,7 | 1 224,1 | 26,8 | 10,9 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВлар | 761,8 | 25,7 | 14,3 | 1 088,2 | 23,8 | 12,3 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлар | 744,0 | 25,1 | 15,2 | 2 255,4 | 49,4 | 13,6 |
| Жүгүртүү мөөнөтү 18 ай болгон МКВлар | 405,6 | 13,7 | 15,2 | - | - | - |
| Жүгүртүү мөөнөтү 24 ай болгон МКВлар | 321,0 | 10,8 | 16,4 | - | - | - |

*Жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү*

Жүгүртүүдөгү МКВлардын жалпы көлөмү 2008-жылдагы алардын көлөмүнө салыштырганда 21,2 пайызга көбөйүү менен 2009-жылда 3,4 млрд. сомду түзгөн, ал эми бюджетти МКВлардын эсебинен таза каржылоо 296,7 млн. сомго төмөндөп, отчеттук жыл ичинде 578,8 млн. сомду түзгөн. Жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү векселдердин дюрациясы 223 күндөн 175 күнгө чейин кыскарган. Отчеттук жылда коммерциялык банктар алардын жалпы көлөмүндө 90,3 пайыз салыштырма салмагы менен 3,0 млрд. сом суммасындагы МКВ портфелине ээлик кылып турган, институционалдык инвесторлор – 262,4 млн. сом же 7,8 пайыз, юридикалык жактар-резиденттер – 42,1 млн. сом же 1,2 пайыз жана жеке адамдар-резиденттер 22,9 млн. сом же 0,7 пайыз. МКВга ээлик кылуучулардын арасында коммерциялык банктардын салыштырма салмагынын 2,0 пайыздык пунктка, институционалдык инвесторлордуку – 2,5 пайыздык пунктка көбөйүүсү жүргөн жана юридикалык жак-резиденттердин үлүшүнүн 3,5 пайыздык пунктка, жеке адамдар-резиденттердики –1,0 пайыздык пунктка төмөндөшү катталган. Ал эми МКВларга ээлик кылган банктардын саны 16 дан 19 банкка чейин көбөйгөн.

*МКВ экинчилик рыногундагы операциялар*

Коммерциялык банктар экинчилик рыногунда МКВны репо шарттарында кредиттик бүтүмдөрдү түзүү учурунда күрөө катары жигердүү пайдаланышкан. Натыйжада, репо шарттарындагы банктар аралык операциялардын көлөмү 2008-жылга салыштырганда 26,9 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда, төлөөгө чейин кармалып туруучу МКВларды сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын көлөмү 192,0 млн. сомду түзүү менен дээрлик үч эсеге кыскарган. Төлөөгө чейин кармалып туруучу МКВлардын орточо алынган мөөнөтү мындай бүтүмдөрдө 120 күндү, ал эми орточо жылдык чени 18,0 пайызды түзгөн.

### 1.4.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

2009-жылдын тогуздун айында Финансы министрлиги бюджеттин тартыштыгын каржылоо инструменттер чөйрөсүн кеңейтүү максатында, алгачкылардан болуп жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык мамлекеттик казына облигацияларын жайгаштырууну баштаган. Бул баалуу кагаздар боюнча ар жумалык тооруктарда 974,8 млн. сом жалпы суммасында алты аукцион жана төрт кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган, ал эми орточо алынган кирешелүүлүгү 9,1 пайызды түзгөн. Мамлекеттик казына облигацияларына ээлик кылуучулардын арасында олуттуу үлүштү институционалдык инвесторлор - 51,4 пайыз, коммерциялык банктар – 48,4 пайыз жана юридикалык жактар-резиденттер – 0,2 пайызды ээлешкен.

***<u>1.4.3.1.2.1-график</u>***

МКОго карата талап жана аларды жайгаштыруулар



### 1.4.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2009-жылда Улуттук банк, акча-кредит саясатын жүргүзүү максатында жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 күндүк ноталарды сатууну ишке ашырган.

***1.4.3.1.3.1-график***

Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар




Ноталарга суроо-талап, коммерциялык банктардагы үстөк камдардын жогору болушу шартында, дээрлик бүтүндөй отчеттук жыл ичинде анын сунушунан артуу менен жогорку деңгээлде сакталып калган натыйжада, ноталардын кирешелүүлүгү мөөнөттүүлүктүн бардык түрлөрү боюнча төмөндөгөн. Алсак, жыл башына салыштырганда жылдын акырында Улуттук банктын ноталарынын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн жалпы төмөндөөсү 12,7 пайыздык пунктту түзгөн, анын ичинен 7 күндүк ноталар боюнча төмөндөө 7,8 пайыздык пункт, 14 күндүк боюнча – 11,7 пайыздык пункт, 28 күндүк боюнча 13,8 пайыздык пункт чегинде катталган. Бирдин айы - чын куран айларында банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин олуттуу өзгөрүүгө дуушар болушунан улам, ноталарды сунуштоонун төмөндөгөндүгү катталган. Бугу айынан тартып, коммерциялык банктардагы үстөк камдар өсүшкө ээ болгон, бул аларга, банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин бир азга төмөндөгөндүгү катталган жетинин айына чейин, Улуттук банктын ноталарына суроо-талапты арттырууга түрткү берген. Ноталардын эмиссиясынын эң чоң көлөмү сунуштун жумалык көлөмү 670 млн. сомду түзгөн кулжа жана теке айларында ишке ашырылган, ал эми баш оона айынан тартып алардын төмөндөөсү жүргөн. Жыл акырында банк тутумунда ликвиддүүлүктүн сезондук өсүшүнө байланыштуу Улуттук банк, курчуп жаткан суроо-талап чегинде ноталарды сунуштоону көбөйткөн.

***1.4.3.1.3.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүк




*Улуттук банктын ноталарын сатуунун жалпы көлөмү жана алардын кирешелүүлүгү*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк 20,7 млрд. сом суммасында ноталарды жайгаштырган; 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 8,2 пайызга көбөйүү жүргөн. Ноталардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли 3,7 пайыздык пунктка төмөндөө менен 6,7 пайызды түзгөн. Анын ичинде жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк сегментте орточо кирешелүүлүк 4,8 пайыз чегинде катталган (4,4 пайыздык пунктка төмөндөө); 14 күндүк ноталар сегментинде – 6,9 пайызга (3,3 пайыздык пунктка төмөндөө); 28 күндүк ноталар сегментинде – 7,6 пайыз (4,0 пайыздык пунктка төмөндөө); 91 күндүк ноталар сегментинде орточо кирешелүүлүк 2008-жылдагы 11,8 пайызга салыштырганда 18,4 пайызды түзгөн.

*Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталары*

Жылдын акырына карата Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү, жыл башындагы анын көлөмүнө салыштырганда 36,0 пайызга кыскаруу менен 1,0 млрд. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылуучулардын түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 94,1 пайызды, институционалдык инвесторлордуку – 5,9 пайыз чегинде белгиленген. Улуттук банктын ноталары 10 банктын портфелинде камтылган.

### 1.4.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу

Үч фондулук биржанын соода аянттарында кароого алынып жаткан жылда, уланып жаткан глобалдуу финансылык каатчылык алкагында жигердүүлүктүн төмөндөгөндүгү белгиленген. Алсак, республиканын фондулук биржаларындагы операциялардын жылдык көлөмү, 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 44,1 пайызга кыскаруу менен 5,2 млрд. сомду түзгөн. Тооруктардын көлөмүнүн төмөндөгөндүгү бардык соода аянттарында катталган. «Кыргыз фондулук биржасы» ЖАКтын соода аянтында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 29,5 пайызга, 3,0 млрд. сомго чейин, «Борбордук-Азия фондулук биржасы» ЖАКтын 61,3 пайызга, 1,7 млрд. сомго чейин, ал эми «Кыргызстан Фондулук биржасы – БТС» ЖАКтын соода аянтындагы биржалык тооруктардын көлөмү 17,6 пайызга кыскаруу менен 483,2 млн. сом чегинде катталган. Тооруктардын көлөмүнүн түзүмүндө бүтүмдөрдүн негизги көлөмү, мурдагыдай эле «КФБ» ЖАКка (45,2 пайыз) туура келген.

2010-жылдын үчтүн айынын бирине карата баалуу кагаздар рыногунда 5 ак-

ционердик инвестициялык фонд, ошондой эле эки пайлык инвестициялык фонд иш алып барган. Мына ушул уюмдардын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодогу үлүшү бир аз эле чекте болгон.

### 1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттер жана кредиттер рыногундагы негизги тенденциялар*

Отчеттук жылда депозиттик базанын кеңейүүсү жана финансы-кредит мекемелери тарабынан реалдуу секторду кредиттөө көлөмүнүн көбөйүүсүнүн алгылыктуу тенденциясы сакталып калган. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин бир аз азаюусунан улам, экономиканы кредиттөөнүн өсүш арымынын айрым бир басаңдоосу шартында, банктык эмес финансы кредит мекемелеринин кредиттик иши кеңейген, анын ичинде рынокто адистештирилген ФКМдердин: «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАК жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын пайда болушунун эсебинен кеңейген. Натыйжада, отчеттук жыл ичинде реалдуу секторго кредиттердин жалпы көлөмүндөгү БФКМдердин кредит портфелинин үлүшү, 22,0 пайыздан 34,0 пайызга чейин өскөн.

Банктардын кредиттөөсүнүн кыскаруусу өлкөдөгү экономикалык жигердүүлүктүн басаңдоосунан жана банк тутумунун кредит портфелинин сапатынын айрым бир начарлоосунан көрүнгөн, уланып жаткан глобалдуу финансы-экономикалык каатчылыктын алкагында жүргөн. Мындан тышкары, кредиттөөнүн азайышына Россиянын жана Казакстандын улуттук валюталарынын отчеттук жылдын баш жагында олуттуу девальвацияланышына, демек коммерциялык банктардын валюта тобокелдигине баа берүүсүн өзгөртүүсүнө байланыштуу, алмашуу курсу жагында белгисиздик жагдайынын курчушу да таасир эткен.

Ошол эле учурда БФКМдердин кредиттер рыногунда алардын кредит портфелинин өсүп жатышын мүнөздөгөн карама-каршы тенденция катталган. Бул сегментте кредиттөөнүн ыргактуу өсүшүн кредиттерди берүүнүн кыйла жөнөкөйлөтүлгөн жол-жобосунан жана потенциалдуу карыз алуучуларга жеңилдетилген талаптардын белгиленишинен улам, БФКМдердин кызмат көрсөтүүлөрүнө керектөөнүн өсүшү менен түшүндүрүүгө болот.

*Коммерциялык банктардын депозиттик базасы*

Коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] отчеттук жылда 34,0 пайызга өсүү менен 39,6 млрд. сомго жеткен. Аманаттардын көбөйүүсү негизинен, валюталык депозиттердин 45,5 пайызга, 24,8 млрд. сомго чейин өсүшүнө байланыштуу жүргөн. АКШ долларынын алмашуу курсунун өзгөрүү факторун эске албаганда (11,9 пайыз), чет өлкө валютасындагы аманаттар 25,9 пайызга өскөн. Улуттук валютадагы депозиттер бир аз эле арымда өсүшкө ээ болуп, 14,8 млрд. сомго жетүү менен 18,4 пайызды түзгөн. Бул, 2009-жылда депозиттик базанын долларлашуусунун 4,9 пайыздык пунктка, бештин айынын акырына карата 62,6 пайызга чейин көбөйүүсүнө алып келген. Ошол эле учурда, улуттук валютадагы депозиттердин нак акча көлөмүнө (М0) карата катышы – экономикалык субъекттердин улуттук валютага жана бүтүндөй банк тутумуна карата ишеним деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүч 1,1 пайыздык пунктка өсүп, 43,8 пайызды түзгөн.

Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши, банк тутумуна карата ишенимдин бекемделишине оңтойлуу таасирин тийгизген, анда аманаттар боюнча ордун толтуруп берүүнүн гарантияланган суммасын 20 миң сомдон 100 миң сомго чейин көбөйтүү каралган. Мына ушунун өзү, депозиттик базанын өсүшкө ыктаган тенденциясынын андан-ары сакталышына таасир эткен.

---

[1] Өкмөттүн кредиттерин эске алуусуз, башка финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.

***1.4.4.1-график***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү
(бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын аманатчылар боюнча түзүмү*

Коммерциялык банктардагы депозиттердин түзүмүндө негизги үлүштү мурдагыдай эле, юридикалык жактардын аманаттары ээлеген. Ишканалардын депозиттеринин көлөмү отчеттук жыл ичинде 27,8 пайызга көбөйгөн, ага чет өлкө валютасындагы депозиттердин 44,2 пайызга өсүшү олуттуу таасирин тийгизген. Улуттук валютадагы депозиттер 15,5 пайыздык өсүшкө ээ болгон. 2009-жылы юридикалык жактардын депозиттеринин үлүшү калайык-калктын аманаттарынын озгон арымда өсүшүнүн натыйжасында бир аз кыскаруу менен (1,0 пайыздык пунктка) 75,7 пайызды түзгөн, ал эми калайык-калктын депозиттеринин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша 24,3 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмү боюнча да калктын артыкчылык берүүлөрүнүн валюталык аманаттар пайдасына оошкондугун белгилеп кетүү зарыл, мунун натыйжасында, сом түрүндөгү депозиттер 27,1 пайызга көбөйүүсү шартында, алар тең жарымга өскөн.

*Депозиттик базанын мөөнөттөр боюнча түзүмү*

Депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмүндө отчеттук жылда талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин олуттуу өсүшүнүн натыйжасында, тартылган ресурстардын мөөнөттөрүнүн кыскаргандыгы катталган. Мында, аманаттардын мөөнөттөрүнүн кыскаруусу калктын аманаттары боюнча сыяктуу эле, уюмдардын аманаттары боюнча да белгиленген. Отчеттук жыл ичинде талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 70,1 пайызга чейин (+5,4 пайыздык пунктка) өскөн. Мөөнөттүү аманаттардын түзүмүндө узак мөөнөткө салынган депозиттердин 4,9 пайызга чейин кыскаргандагы катталган, ошол эле учурда кыска мөөнөттүү аманаттардын (бир айдан бир жылга чейинки) салыштырма салмагы 25,0 пайызды түзүү менен өсүшкө ээ болгон. Бул жалпы депозиттик базанын дюрациясынын 5,2 айдан 3,1 айга чейин, ал эми мөөнөттүү депозиттер боюнча 14,7 айдан 10,3 айга чейин кыскарышына түрткү берген.

*Депозиттердин банк рыногунун концентрацияланиуусу*

Рынокто басымдуу ролду ээлеген банктардагы депозиттердин олуттуу өсүшү 2009-жылы депозит рыногунун концентрациялануу индексинин 13төн 22ге чейин көбөйүүсүнө алып келген. Ушул индекстин мааниси, рыноктун кыйла жогорку концентрацияланышын жана анда бирдей үлүшкө ээ төрт банктын катышып турuусуна барабар экендигин чагылдырат.

*Депозиттик базанын наркы*

Бүтүндөй жыл ичинде улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган пайыздык чени 5,3 пайызды түзүү менен 0,7 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча чен 0,5 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин өскөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2008-жылдагыга салыштырганда бир аз (0,6 пайыз) көбөйүү менен 83,6 млрд. сомду түзгөн. Мындай өсүш 7,6 пайызга, 33,8 млрд. сомго чейин өсүшкө ээ болгон депозиттик базанын сомдук түзүүчүлөрү менен гана шартталган. Чет өлкө валютасындагы депозиттер, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана жарандардын узак мөөнөткө салынган аманаттарынын (3 жылдан ашкан мөөнөткө) азаюусунун таасири астында, 3,7 пайызга кыскарган.

*Кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендер*

2009-жылы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин жогорулагандыгы катталган. Улуттук валютадагы орточо салмактанып алынган пайыздык чен анын 2008-жылдагы маанисине салыштырганда, бир айга чейинки мөөнөткө салынган аманаттарды эске албаганда, депозиттердин мөөнөттүүлүгү боюнча дээрлик бардык түрлөрүнүн чендеринин өсүшүнө байланыштуу 0,4 пайыздык пунктка, 2,8 пайызга чейин өскөн. Алсак, бүтүндөй бир мезгил ичинде улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 9,1 пайызды түзүү менен 2,3 пайыздык пунктка өскөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо чен да өсүү менен (0,8 пайыздык пунктка) 1,7 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, төлөө мөөнөтү үч айдан үч жылга чейинки депозиттер боюнча чендин өсүшүнүн эсебинен 2,1 пайыздык пунктка, 8,0 пайызга чейин өсүшкө ээ болгон. Мында, жарандардын аманаттары боюнча сыяктуу эле, ишканалардын аманаттары боюнча да чендердин жогорулоосу катталган.

***1.4.4.2-график***

Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Кредиттөө рыногундагы негизги тенденциялар*

Отчеттук жылда экономиканы кредиттөөнүн өсүш тенденциясы уланган. Мындай тенденциянын сакталышы БФКМдердин иш чөйрөсүн кеңейтүүнүн эсебинен камсыз кылынган, ал эми тобокелдиктерге баа берүүнүн курчушу жана

[1] Жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмүндө юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү эсептерине келип түшкөн каражаттар эске алынбайт.

кредит портфелинин сапатынын айрым бир начарлоосу шартында, коммерциялык банктар кредиттөө саясатын кыйла этияттык менен жүргүзгөн. Мындан тышкары, кредиттик тобокелдиктин курчушу алкагында банктар жана БФКМдер тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин жогорулоосу катталган.

*Кредиттик карыз*

Бүтүндөй 2009-жыл ичинде реалдуу сектордогу кредиттик карыздардын чогуу алгандагы көлөмү 16,7 пайызга өсүү менен (2008 жылы ал 28,4 пайызга өскөн эле) жылдын акырында 38,5 млрд. сомду түзгөн. Басаңдоо банк тутумунун кредиттеринин көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен жүргөн.

***1.4.4.3-график***

Экономикага кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Коммерциялык банктардын кредит портфели*

Бүтүндөй 2009-жыл ичинде банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 1,5 пайызга азаюу менен (2008-жылы ал 22,8 пайызга өскөн) жылдын акырына карата 25,2 млрд. сомду түзгөн. Кредит портфелинин кыскаруусу чет өлкө валютасындагы кредиттөөнүн азаюусунан (5,5 пайызга) улам жүргөн. Ошол эле учурда, улуттук валютадагы кредиттер 5,8 пайызга өскөн, бул кредит портфелинин долларлашуусунун төмөндөшүнө түрткү берген (2,6 пайыздык пунктка), ал жылдын акырына карата 62,1 пайызды түзгөн.

*Коммерциялык банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмү*

Акыркы жылдары банктык кредиттөөнүн атамекендик рыногу узак мөөнөттүү кредиттөөнүн өсүшүнүн басымдуулугу менен мүнөздөлгөн. Ошондой болсо да, 2009-жылы коммерциялык банктардын активдеринин сапатынын бир аз начарлоосунун, ресурстук базанын дюрациясынын кыскаруусунун, ошондой эле дүйнөлүк финансы системасында жагдайдын оорлошуна байланыштуу экономикада сакталып турган белгисиздиктин натыйжасында, ошол тенденциядан четтегендик катталган. Мына ушул шартта банктар, мөөнөттүүлүгү боюнча узак убакытка каралган активдерди кыскартууга аракеттенишкен. Натыйжада, отчеттук жылы кредит портфелинин убактылуу түзүмү кыска мөөнөттүү кредиттердин үлүшүнүн (1 жылга чейинки) көбөйүү жагына ыкташуусуна өзгөргөн. Алсак, узак мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагы 69,4 пайыздан 65,8 пайызга чейин азайган, ал эми кыска мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 1,9 пайыздык пунктка, 31,1 пайызга чейин өскөн. Бул кредит портфелинин дюрациясынын 24,8ден бештин айынын акырына карата 24,2 айга чейин төмөндөшүнө алып келген.

[1] Түзүлгөн РППУну жана чегерилген дисконтту эске алуу менен.

*Банктык кредит рыногунун концентрациялануусу*

Көпчүлүк ири банктардын кредиттөөнү кыскартуусу банк тутумунун кредит портфелинин концентрацияланышын бир аз басаңдаткан. Коммерциялык банктар системасынын кредиттик карызынын концентрациялануу индекси 0,10 дон 0,09 га чейин төмөндөгөн, бул анын концентрацияланышынын төмөндүгүн көрсөтүү менен рынокту 10 банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар. Бирок, банктардын кредит портфелинин тармактык концентрациялануу деңгээли 0,47ни түзүү менен дале жогору бойдон калган жана ал 2008-жылдын акырына карата белгиленген ушул көрсөткүчтөн 0,05ке жогору. Индекстин мына ушул мааниси кредиттөө рыногунда концентрациялануу деңгээлинин жогору жана банктардын кредиттик карызын болжол менен алганда эки тармак ортосунда бөлүштүрүүгө барабар экендигин түшүндүрөт. Ошондой эле, кредиттердин тармактар ичинде концентрацияланышы да жогору бойдон калууда: 11 тармактын ичинен алтоосунун индекси 0,18ден көбүрөөктү түзгөн.

***1.4.4.4-график***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттеринин көлөмү
(бир мезгилдин акырына карата)




*Коммерциялык банктардын кредит портфелинин наркы*

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы портфелин түзгөн кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо жылдык деңгээли, жыл ичинде 1,6 пайыздык пунктка, 25,3 пайызга чейин өскөн, ал эми чет өлкө валютасындагы чен 1,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 20,6 пайызды түзгөн. Кредиттер боюнча пайыздык чендердин депозиттери боюнча чендерге салыштырганда озгон арымда өсүшү белгиленген, бул банктардын кредиттик-депозиттик операциялары боюнча пайыздык маржанын андан ары өсүшүнө алып келген. Эгерде, 2008-жылы финансы рыногунда пайыздык чендердин өсүшүнүн негизги себебинен болуп, инфляциянын жогорку деңгээли саналса, отчеттук жылда бул фактор анчалык маанигe ээ болгон эмес, анткени инфляция арымы олуттуу басаңдап, ал эми кредиттер боюнча орточо жылдык реалдуу пайыздык чен 16,6 пайызды түзгөн, 2008-жылда бул көрсөткүч терс (-1,0) чыккан эле.

***1.4.4.5-график***

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктардын экономикага жаңыдан берилген кредиттеринин көлөмү отчеттук жылда 2008-жылдагыга караганда 9,7 пайызга төмөн болуу менен 22,0 млрд. сомду түзгөн. Жаңыдан берилген кредиттердин көлөмүнүн кыскаруусу чет өлкө валютасында кредиттөөнүн 21,4 пайызга төмөндөөсүнүн натыйжасында келип чыккан, алардын жалпы көлөмү 12,0 млрд. сомду түзгөн. Кредиттердин сом түрүндө берилген көлөмү 10,0 пайызга, 10,0 млрд. сомго чейин өскөн.

*Берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

2009-жылы коммерциялык банктар соода жана айыл чарба тармагын артыкчылыктуу кредиттөөгө алган. Жыл жыйынтыгы боюнча соодага берилген кредиттердин үлүшү 7,5 пайыздык пунктка, 54,8 пайызга чейин, ал эми айыл чарбасына 1,8 пайыздык пунктка, 11,2 пайызга чейин өскөн. Ошол эле учурда, өнөр-жайына кредиттердин салыштырма салмагы алардын көлөмүнүн кыскаруусуна карабастан, 5,5 пайыздан 6,1 пайызга чейин көбөйгөндүгү катталган. Реалдуу сектордун башка тармактарына кредиттердин агымы жыл ичинде жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмүндө алардын үлүшүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында, байкаларлык азайган: ипотекага кредиттер – 5,3 пайыздан 2,6 пайызга чейин, керектөө максаттарына 10,6 дан 9,6 пайызга чейин, курулушка – 3,8 пайыздык пунктка, 3,9 пайызга чейин. Транспортко, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө, даярдоо жана кайра даярдоого жана байланышка кредиттер бир аз эле үлүштү ээлөө менен 1,5 пайыз суммасын түзгөн. Ал эми «жана башкалар» категориясына кирген кредиттер да кыскарып, алардын үлүшү 11,4 пайыздан 10,2 пайызга чейин азайган.

*Берилген кредиттер боюнча пайызыдык чендер*

Отчеттук жыл ичинде улуттук валютада берилген кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 0,7 пайыздык пунктка жогорулоо менен 26,7 пайызды түзгөн. Пайыздык чендердин өсүшү «жана башка максаттарга» кредиттерден тышкары, реалдуу сектордун бардык тармактары боюнча катталган. Чендердин эң көп көбөйүүсү транспортко, даярдоого жана кайра иштетүүгө кредиттер боюнча белгиленген. Бир мезгил ичинде чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 21,5 пайызды түзүү менен 1,1 пайыздык пунктка жогорулаган. Транспорт чөйрөсүнө улуттук валютада берилген кредиттер, ал эми чет өлкө валютасында берилген керектөө кредиттери эң кымбат кредиттерден болгон.

*БФКМдердин кредиттөөсү*

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредиттөө рыногунда кредит портфелинин өсүш арымынын арткандыгы байкалган. Отчеттук жыл ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфели 80,1 пайызга өсүп (2008-жылы

ал 52,2 пайызга көбөйгөн) жылдын акырына карата 13,3 млрд. сомду түзгөн. «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттерин эске албаганда, БФКМдердин кредит портфелинин өсүшү 20,4 пайызды түзгөн.

*БФКМдердин кредиттери боюнча пайыздык чендер*

Отчеттук жылда берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өсүшү «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттерин эске албаганда, бардык БФКМдер боюнча катталган. Мында, эң жогорку чен боюнча кредиттер микрофинансылык уюмдар тарабынан берилген (34,5 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАК тарабынан берилген (3,5 пайыз) кредиттер саналган.

*БФКМдердин кредирт портфелинин тармактык түзүмү*

БФКМдердин кредиттеринин негизги бөлүгү курулушка багытталган, анын натыйжасында БФКМдердин кредит портфелинин жалпы көлөмүндө мына ушундай кредиттердин үлүшү 2,6 пайыздан 34,7 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Курулушка берилген кредиттердин мына ушундай олуттуу өсүшкө ээ болушу Камбар-Ата ГЭС-2 курулушуна кредит бөлгөн «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын кредиттик ишине байланыштуу жүргөн.

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2009-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Отчеттук жылы инфляциялык басымдын төмөндөөсү жана глобалдуу экономикалык каатчылыктын уланышы шартында, Улуттук банктын акча-кредит саясаты бир жагынан, баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугуна жетишүүгө жана аны колдоого, ал эми экинчи жагынан, узак мөөнөттүү экономикалык өсүшкө түрткү берүү, финансы-банк системасынын туруктуулугун сактоо үчүн шарттарды түзүүгө багытталган. Улуттук банк менен Өкмөттүн инфляцияга каршы макулдашылган чаралары баа жагдайынын турукташуусуна өбөлгө түзгөн.

Акча-кредит саясаты жагында чечимдерди кабыл алуу Улуттук банк Башкармасы менен Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитети тарабынан жүргүзүлөт. 2009-жылы Улуттук банк Башкармасы чейрек сайын акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программаны кароого алып турган. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитети отурумдарды жумалык негизде дайыма өткөрүп, буга кошумча зарылчылыкка жараша оперативдүү мүнөздөгү чечимдерди кабыл алган.

Эл аралык дүң камдардын көлөмү 1,6 млрд. АКШ доллары деңгээлине чейин өскөн. Эл аралык камдар өзүндө валюта портфелин, АКУну (СПЗ) жана алтын түрүндөгү активдерди камтыган. Эл аралык камдар эң оболу, Улуттук банктын акча-кредит саясаты максаттарында ошондой эле, Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөөдө колдонулган.

Камдык активдер өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банкттарында, эл аралык финансылык институттарда жана жогорку кредиттик рейтинге ээ чет өлкө коммерциялык банктарындагы эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган.

## 2.1. Акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары

*Акча-кредит саясатынын максаттары*

Акча-кредит саясатынын 2009-2011-жылдарга негизги багыттарында жана 2009-жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүдө аны жүзөгө ашыруунун негизги максаты – инфляция арымын токтотуу жана узак мөөнөттүү келечекте туруктуу экономикалык өсүштүн негизги шарттарынын бири катары, баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун колдоо аныкталган. 2009-жылдагы инфляциялык басым, бүтүндөй алганда, өткөндөгүгө караганда төмөнүрөөк күтүлгөн, бул ата-мекендик продукцияга тышкы жана ички суроо-талаптын болжолдонуп жаткан кыскаруусу сыяктуу эле, акча-кредит саясатынын таасирин катуулатууну кошо алганда, Өкмөт менен Улуттук банктын инфляцияга каршы буга чейин көргөн чараларынын таасиринин эффектине да байланыштуу. Мына ушундай өбөлгөлөрдөн улам, 2009-жылга акча-кредит саясатынын сандык критерийи 15 пайызга жетпеген деңгээлде аныкталган.

*Жыл башында акча-кредит саясатын жүргүзүү шарттары*

Отчеттук жылдын баш жагында инфляция жогорку арымда сакталып турган ошондой эле, дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын таасиринен улам көбүнчө, чет өлкөлөрдө иштеп жаткан эмгек мигранттарынан акчалай которуулар формасында республикага агылып кирүүлөрдүн кыскарышынын алкагында, чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын өсүшүнө байланыштуу алмашуу курсуна басым күчөгөн. Мындан тышкары, алмашуу курсуна Кыргыз Республикасынын соода жагында негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдүн валюталарынын баасынын түшүүсү да, кошумча басым жасаган.

*Улуттук банктын жыл башында көргөн чаралары*

Ушул шартта Улуттук банк, жыл башында инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн токтотуу боюнча чараларды көргөн. Алсак, ал өз ноталарын жайгаштыруу жана коммерциялык банктар менен репо шарттарында мамлекеттик

баалуу кагаздарды сатуу боюнча операцияларды жүргүзүү аркылуу, банк тутумунун ликвиддүүлүгүн жөнгө салып турган. Мындан тышкары, өлкөнүн башкы банкы отчеттук жылдын биринчи чейреги ичинде алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында, чет өлкө валюталарын сатуу боюнча валюталык интервенцияларды жүргүзүү аркылуу, ички валюта рыногуна жигердүү катышкан.

Жылдын биринчи чейрегинде инфляциянын жогорку арымынын, сомдун алсыздануу тенденциясынын, экономикалык өсүш арымынын төмөндөөгө ыкташуусу жана эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын көлөмүнүн кыскаруусу улуттук валютага карата талаптын кыскарышына түрткү берген.

Ушул мезгил ичинде сом түрүндөгү акча каражаттарын сунуштоо да негизинен, Улуттук банктын ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатуу боюнча операцияларынын эсебинен кыскаруусун уланткан.

***2.1.1-график***

Акча топтомдорунун жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы
(бир мезгилдин акырына карата)




*Жагдайдын туруктаушуусу*

2009-жылдын экинчи чейрегинен тартып ички валюта рыногундагы жагдай турукташкан, чет өлкө валютасына суроо-талап кыскаргандыгы катталган, буга депозит жана акчалай которуулар формасында республикага анын агылып кирүүсүнүн артышы өбөлгө түзгөн. Ушуга байланыштуу Улуттук банк валюта тооруктарында өз катышуусун байкаларлык кыскарткан, ал болгону алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн жөнгө салуу жана рынокто валюталарга суроо-талап менен сунуштун балансташуусун камсыз кылуу максатында, нак эмес АКШ долларын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу боюнча бүтүмдөргө келишкен.

Азык-түлүк товарлары жана энергопродукцияларынын дүйнөлүк рынокторунда баа таасиринин орун албашы, ошондой эле Улуттук банк менен Өкмөттүн инфляцияга каршы буга чейин көргөн чаралары, 2009-жылдын экинчи чейрегинде экономикада инфляциялык процесстердин басаңдоосун шарттаган, бул иштин илгерилешине түрткү берген акча-кредит саясатын жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

**2.1.2-график**

Алмашуу курсунун жана инфляциянын, ошондой эле банктардан тышкаркы акчанын жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы




*Эсептик чен*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банктын эсептик чени бара-бара төмөндөп олтурган ал, отчеттук мезгилдин акырына карата 0,9 пайызга жеткен, бул тарыхый минималдуу деңгээл болуп саналат. Эсептик чендин төмөндөтүлүшү инфляциялык басымдын басаңдоо тенденциясына төп келген.

**2.1.3-график**

2009-жылдагы инфляциянын, Улуттук банктын чендеринин жана банктар аралык репо операцияларынын динамикасы



Кароого алынып жаткан жылда дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын кесепеттүү таасир этип турушу шартында, коммерциялык банктар тарабынан экономиканын реалдуу секторуна кредиттерди сунуштоо арымы төмөндөөгө ыктоосун уланткан. Банктардын кредит саясатын катуулатышынан, узак мөөнөттүү ресурстук базаны кыскартуудан, сакталып турган девальвациялык күтүүлөрдөн улам, банк сектору тарабынан кредиттерди сунуштоо кыскарган. Ошол эле учурда коммерциялык банктар тарабынан кредиттердин берилишине карата кошумча талаптардын коюлушу, кредиттер боюнча чендердин бир аз жогорулатылышы, экономикалык өсүш арымынын басаңдашы, валюталык тобокелдиктердин жогорулоосу, экономикалык агенттердин кредиттерге суроо-талапты төмөндөтүшүн алдын-ала аныктаган. Натыйжада, коммерциялык банктардын жыл ичиндеги кредит портфели 1,5 пайызга төмөндөгөн. Бирок БФКМ тарабынан экономиканы кредиттөөлөр олуттуу көбөйгөн (1,8 эсеге), анын ичинде кредиттөө Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусунун кредиттеринин эсебинен да жүргөн.

*Экономиканы кредиттөө*

***2.1.4-график***

Коммерциялык банктардын жана БФКМдердин кредит портфелинин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Коммерциялык банктардын кредиттик потенциалын жогорулатуу, ошондой эле банктардын Депозиттерди коргоо фондусуна чегерүүлөрдү баштоосуна байланыштуу Улуттук банк, 2009-жылдын кулжа айында милдеттүү камдардын нормаларын 10 пайыздан 9,5 пайызга чейин төмөндөткөн.

*МКТ нормаларын төмөндөтүү*

Ошону менен бирге эле, банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу, дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын кесепеттүү таасири күч алып турган шартта, коммерциялык банктарды жана реалдуу секторду колдоого алуунун таасирдүү механизмин түзүү максатында Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусун түзгөн. Отчеттук жыл ичинде бүтүндөй алганда, бул фонд тарабынан кайра каржылоонун жалпы көлөмү 1,1 млрд. сомду түзгөн.

*БРАФ*

Инфляциялык басымдын төмөндөшү алкагында бизнес коомчулукта жана калайык-калктын жадымында, Өкмөт менен Улуттук банктын кризиске каршы көргөн чаралары менен катар эле, экономикалык ишкердиктин жигерин арттырууга өбөлгө түзгөн күтүүлөрдү калыптандыруу максатында, баш оона айында Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын сандык критерийин 7,5 пайыздан

*Максаттуу көрсөткүчтү (ориентирди) төмөндөтүү*

ашпаган деңгээлге чейин төмөндөтүү жагына кайрадан карап чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган.

Отчеттук жылдын орто ченинде макроэкономикалык жагдайдын туруктаашуусу улуттук валютага карата суроо-талаптын жогорулоосун шарттаган. Жыл акырында акча сунушу да, Өкмөттүн өбөлгө түзүүчү салык-бюджет саясатын жүргүзүүсүнө байланыштуу, байкаларлык өсүшкө ээ болгон.

*Акча топтомдору*

Бүтүндөй 2009-жыл ичинде М0 акча топтому[1] 2010-жылдын үчтүн айынын бирине карата 33,9 млрд. сомду түзүү менен 15,3 пайызга көбөйгөн (2008 –жылда – 10,2 пайызга, 29,4 млрд. сомго чейин). М1 акча топтому (М0 + эсептешүү (күндөлүк) эсептер жана улуттук валютадагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер) 17,3 пайызга өсүү менен жылдын акырында 40,2 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде М2 акча топтому (М1 + улуттук валютадагы мөөнөтүү депозиттер) 13,8 пайызга, 43,5 млрд. сомго чейин өскөн (2008-жылы – 9,9 пайызга, 38,2 млрд. сомго чейин).

***2.1.5-график***

Депозиттердин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы
(бир мезгилдин акырына карата)




Акча топтомдорунун ичинен М2Х (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер), кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы эң чоң арымда көбөйгөн, отчеттук жылдагы анын өсүшү 17,9 пайызды түзгөн.

*Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы*

2009-жылдын акырына карата кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 8,7 млрд. сомго көбөйүү менен 57,1 млрд. сомду түзгөн, бул 2008-жылдагыга караганда бир аз көп (+12,6 пайызга же 5,4 млрд. сомго). Депозиттик базанын өсүшүнүн[2] кеңири акча массасынын көбөйүшүнө кошкон салымы 4,2 млрд. сомду же 8,6 пайызды, банктардан тышкаркы акчанын өсүшүнүн салымы 4,5 млрд. сомду же 9,3 пайызды түзгөн, мында чет өлкө валютасындагы депозиттердин өсүш арымы сом түрүндөгү депозиттердин өсүш арымынан[3] арткан. Кеңири акча мас-

[1] Бул бөлүктө Улуттук банктын аналитикалык балансына ылайык, акча топтомдору боюнча статистикада «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын операциялары, анын иши бюджеттик каражаттарга негизденгендигинен улам, мамлекеттик башкаруу секторуна тиешелүү болуп калат.

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин жана резидент эместердин депозиттерин эске алуусуз.

[3] Алмашуу курсунун таасирин эске алуусуз, чет өлкө валютасындагы депозиттер 19,0 пайызга, ал эми депозиттердин жалпы көлөмү 14,2 пайызга көбөйгөн.

сасынын түзүмүндөгү чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 2009-жылы 2,8 пайыздык пунктка, 23,9 пайызга чейин, ал эми банк тутумунун депозиттеринин түзүмүндө бул үлүш 5,0 пайыздык пунктка, 58,7 пайызга чейин өскөн.

***2.1.1-таблица***

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасын түптөө булактары (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом, учурдагы алмашуу курсу боюнча)*

| | 2008-ж. | 2009-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | М2Х таасир этүү, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 39 807,9 | 62 407,1 | 22 599,2 | 56,8 | 46,6 |
| Таза эл аралык камдар | 39 770,7 | 68 136,9 | 28 366,2 | 71,3 | 58,5 |
| Башка тышкы активдер | 74,0 | 170,9 | 96,9 | 131,1 | 0,2 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ (SDR) | | -5 863,2 | -5 863,2 | | -12,1 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | -36,8 | -37,6 | -0,8 | 2,1 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 099,4 | -2 290,7 | -191,3 | 9,1 | -0,4 |
| Таза ички активдер | 10 744,7 | -2 990,0 | -13 734,7 | -127,8 | -28,3 |
| Мам. башкаруу органдарына карата накта талаптар | -1 613,6 | -6 065,7 | -4 452,2 | 275,9 | -9,2 |
| Өкмөткө карата накта талаптар | -1 613,6 | -3 420,2 | -1 806,7 | 112,0 | -3,7 |
| Атайын фондуларга карата накта талаптар | | -2 645,5 | -2 645,5 | | -5,5 |
| Башка секторлорго талаптар | 26 699,5 | 25 952,3 | -747,2 | -2,8 | -1,5 |
| Башка статьялар | 697,0 | 2 403,2 | 1 706,2 | 244,8 | 3,5 |
| Капитал менен операциялар эсеби | -15 038,2 | -25 279,7 | -10 241,5 | 68,1 | -21,1 |
| **Кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы** | **48 453,2** | **57 126,4** | **8 673,2** | **17,9** | **17,9** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 29 385,1 | 33 882,3 | 4 497,2 | 15,3 | 9,3 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 19 068,1 | 23 244,1 | 4 176,0 | 21,9 | 8,6 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 8 824,1 | 9 607,6 | 783,5 | 8,9 | 1,6 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 10 243,9 | 13 636,5 | 3 392,5 | 33,1 | 7,0 |

*Инфляция*

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 2009-жылы ноль пайызды түзгөн (2009-жылдын бештин айы 2008-жылдын бештин айына карата), ал эми 2008-жылда инфляция жылдык маанисинде 20,0 пайызды түзгөн эле. Мында, инфляциянын орточо жылдык арымы 2009-жылы бир жыл мурдагы 24,5 пайыздан 6,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

*РЭАК*

Отчеттук жыл ичинде АКШ долларынын сомго карата номиналдык эсептик курсу 11,9 пайызга өсүү менен 44,0917 сомго чейин жеткен. Жыл акырындагы сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси жыл ичинде 6,6 пайызга төмөндөө менен 103,0 түзгөн, бул атамекендик товарлардын баа жагынан атаандашуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга түрткү берген. Соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдүн валюталарынын сомго карата алмашуу курсунун жогорулоосу жана ошол өлкөлөрдө инфляциянын кыйла жогорку деңгээлде болушу, реалдуу эффективдүү алмашуу курсу индексинин төмөндөшүнө түрткү берген.

## 2.2. Акча-кредит саясатынын инструменттери

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча инструменттер*

Отчеттук жылда Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын инструменттерин (каражаттарын) колдонуу акча сунушунун оптималдуу өсүш арымын колдоо аркылуу, монетардык фактордун инфляцияга таасирин токтотууга багытталган. Улуттук банктын ноталары банк тутумунун ликвиддүүлүгүн жөнгө салуунун негизги инструментинен болгон. Ноталарды сатуу көлөмүнүн көбөйтүлүшүнө байланыштуу Улуттук банктын операцияларынын жалпы түзүмүндөгү алардын үлүшү жыл ичинде 2008-жылдагы 48,4 пайызга салыштырганда 60,8 пайызга чейин көбөйгөн. Өз ноталарын чыгаруудан тышкары Улуттук банк, кайтарым репо операцияларынын жардамы менен үстөк ликвиддүүлүктү жеңилдетүүгө жетишкен, алардын салыштырма салмагы 2008-жылдагыга салыштырганда, 1,6 пайызга чейин кыскарган. АКШ долларын сатуу боюнча кайтарым своп операциялары жана коммерциялык банктардан улуттук валютада депозиттерди тартуу боюнча операциялар сыяктуу, банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча башка операцияларды Улуттук банк 2009-жылда жүргүзгөн эмес.

***2.2.1-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




*Валюта интервенциялары*

Ал эми валюталык интервенцияларга келе турган болсок, операциялардын жалпы көлөмүндөгү алардын салыштырма салмагы 35,7 пайызга чейин кыскарган. Мында, интервенциялардын мүнөзү да 2008-жылдагыга салыштырганда, өзгөргөн. Отчеттук мезгил ичинде валюта рыногунун катышуучуларынын чет өлкө валютасына карата суроо талабы анын сунушунан артышына байланыштуу, Улуттук банк көбүнчө чет өлкө валюталарын сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн.

Банктарда сом түрүндөгү ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, Улуттук банктын акча ресурсуна талап бир азды эле түзгөн. Бүтүндөй жыл ичинде бир нече «овернайт» кредити берилип, кайра каржылоо боюнча калган операцияларды (бир күндүк кредиттер, тике репо жана своп операциялары) Улуттук банк отчеттук жылда ишке ашырган эмес. Жыйынтыгында, кайра каржылоо боюнча операциялардын салыштырма салмагы 1,9 пайыз чегинде катталган.

Улуттук банк тарабынан колдонулган акча-кредит саясатынын каражаттарынын жалпы көлөмү отчеттук жылда 34,0 млрд. сомго жакынды түзгөн, бул 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 13,9 пайызга аз (39,5 млрд. сом).

### 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

*Валюта рыногундагы жагдай*

Кароого алынып жаткан жылы Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарына катышуусу рынок конъюнктурасынын мүнөзүнө жараша болуу менен алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө зарылчылыгы менен аныкталган. 2008-жылдын экинчи жарымында пайдубалы түптөлгөн тенденциялар 2009-жылда да уланган, башкача айтканда, дүйнөлүк финансылык жана экономикалык каатчылыкка байланыштуу өлкөгө чет өлкө валюталарынын түшүүсү кыскарган. Өлкөгө түшкөн чет өлкө валюталарынын санынын аздыгы жана чет өлкө валютасына карата суроо-талаптын мурдагы деңгээлде сакталып турушу, сезондук олку-солкулукту эске алуу менен ички валюта рыногунда АКШ долларынын суроо-талабы менен сунушунун ортосунда айрым бир дисбаланстын келип чыгышын шарттаган. Бул дисбаланс да 2009-жылдын бирдин айында Казакстан Улуттук банкы тарабынан казак теңгесин 25 пайызга бир учурда девальвацияланышы менен күчөгөн. АКШ долларынын алмашуу курсунун кескин өсүп кетүүсүнө жана ашкере тынчсыздануу маанайына жана алмашуу курсуна алып-сатарлык басымга жол бербөө максатында Улуттук банк, отчеттук жылдын биринчи чейрегинде банктар аралык валюта рыногунда нак эмес АКШ доллары сыяктуу эле, нак долларды сатуу боюнча операцияларды жигердүү ишке ашырган. Натыйжада, биринчи чейректе алмашуу курсу 42,6295 сом маанисине жетип, жыл башындагы өсүш арым 8,2 пайызды түзгөн.

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




Отчеттук жылдын экинчи чейрегинде Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарына катышуусу анчалык жигердүү мүнөзгө ээ болгон эмес. Чейрек ичинде Улуттук банк АКШнын нак эмес долларын сатып алуу сыяктуу эле, сатуу операцияларын жүргүзгөн. Үчүнчү чейректе эмгек мигранттарынан акчалай которуулардын өсүшүнө жана ири мамлекеттик долбоорлорду өздөштүрүү үчүн каралган мамлекеттик кредиттер жана гранттар боюнча суммалардын түшүүсүнө байланыштуу, чет өлкө валютасынын агылып кирүүсү арткан, бул АКШ долларын сунуштоонун ага карата талаптан артышына алып келген. Улуттук банк АКШ долларын сатып алуу менен банктар аралык валюта тооруктарына катышкан. Үчүнчү чейрек ичинде таза сатып алуу 9,8 млн. нак эмес АКШ долларын

түзгөн. Отчеттук жылдын акырында Улуттук банктын валюта тооруктарында ири көлөмдөгү интервенцияларды жүргүзгөн эмес.

*Валюталык интервенциялардын көлөмү*

Ички рынокто Улуттук банк тарабынан сатылып алынган АКШ долларынын жалпы көлөмү 66,8 млн., ал эми сатуу 13,7 млн. нак АКШ долларын кошо алганда, 221,9 млн. түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде АКШ долларынын эсептик курсу 11,9 пайызга өсүү менен жылдын акырына карата анын мааниси 1 доллар үчүн 44,0917 сомго жеткен.

***2.2.1.1-таблица***

Ички валюта рыногунда Улуттук банктын чет өлкө валюталары менен операциялары

*(миң АКШ долл.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2008-ж. бардыгы болуп** | **105 548,7** | **65 818,6** | **175 928,6** | **128 248,5** | **475 544,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | - | 50 600,0 | 136 300,0 | 41 600,0 | 228 500,0 |
| АКШ долларын сатуу | 79 600,0 | 3 400,0 | 19 550,0 | 73 000,0 | 175 550,0 |
| Чет өлкө валютасын сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | 480,7 | 2,1 | 78,6 | 148,5 | 709,9 |
| Чет өлкө валютасын сатуу (АКШ долларынан тышкары) | 1 468,0 | 316,5 | - | - | 1 784,5 |
| Валюталык своп операциялар (сатуу) | 24 000,0 | 11 500,0 | 20 000,0 | 13 500,0 | 69 000,0 |
| **2009-ж. бардыгы болуп** | **163 604,6** | **28 249,3** | **67 200,0** | **30 600,0** | **289 653,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | 6 950,0 | 11 550,0 | 38 500,0 | 9 800,0 | 66 800,0 |
| АКШ долларын сатуу | 156 000,0 | 16 400,0 | 28 700,0 | 20 800,0 | 221 900,0 |
| Чет өлкө валютасын сатып алуу (АКШ долларынан тышкары) | 654,6 | 299,3 | - | - | 953,8 |
| Чет өлкө валютасын сатуу (АКШ долларынан тышкары) | - | - | - | - | - |
| Валюталык своп операциялар (сатуу) | - | - | - | - | - |

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Улуттук банктын ноталары – бул, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар, аларды Улуттук банк, банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана эсептик чендин өлчөмүн аныктоо максатында аукциондук сыяктуу эле, аукциондон тышкары негизде жайгаштырат.

Инфляциялык басымдын төмөндөөсү шартында Улуттук банк 2009-жылы өзүнүн ноталарын сунуштоо көлөмүн кыскарткан. Алсак, ноталарды сунуштоонун жалпы көлөмү отчеттук жылда 24,7 млрд. сомду түзгөн, бул 2008-жылдагы сунуш көлөмүнө салыштырганда 14,8 пайызга аз. Улуттук банктын ноталарын сатуунун жалпы көлөмү жыл ичинде 20,7 млрд. сомду түзгөн, сатуунун негизги көлөмү (75,1 пайызы) жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталарга туура келген.

Жүгүртүү мөөнөтү 182 күндүк ноталарды чыгаруу 2008-жылдын акырында токтотулган эле, ал эми отчеттук жылдын биринчи чейрегинде жүгүртүү мөөнөтү 91 күндүк ноталарды чыгаруу токтотулган.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана анын эсептик ченинин 2009-жылдагы динамикасы




*Эсептик чендин маңызы*

Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн базасында эсептик чен түптөлгөн, ал акча-кредит саясатынын инструменти болуп саналуу менен кыска мөөнөттүк акча ресурсунун наркынын ориентири катары кызмат кылат. Эсептик чендин жардамы менен Улуттук банк акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча ченделерди аныктайт, мындан тышкары эсептик чен, бардык чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан ар кандай төлөмдөрдүн мөөнөтү өткөрүлүп жиберилиши үчүн туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө колдонулат.

Отчеттук мезгил ичинде эсептик ченди аныктоо механизми колдонулган, ага ылайык анын мааниси 28 күндүк ноталардын акыркы өткөрүлгөн төрт аукциондо калыптанган орточо алынган кирешелүүлүгүнүн орточо маанисине теңештирилген.

Эсептик чендин орточо деңгээли 2009-жылы 7,9 пайызды түзгөн, бул 2008-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 2,9 пайыздык пунктка төмөн. Отчеттук жылдын бештин айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени, жыл башындагы 15,2 пайыз деңгээлден төмөндөө менен 0,9 пайызды түзгөн.

### 2.2.3. Репо операциялары

Репо операциялары акча-кредит саясатынын инструменти катары банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу максатында, рынокто түптөлгөн жагдайга жана акча-кредит саясатынын максаттарына жараша колдонулган. Репо операцияларынын маңызы, аларды кайтара сатуу же келечекте белгилүү бир мөөнөттө, алдын-ала макулдашылган баада сатып алуу милдеттенмеси менен мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алууну же сатууну түшүндүрөт.

Репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операциялар (кайтарым репо) отчеттук жылда, көбүнчө кошумча инструмент катары колдонулган. Айрыкча аларды колдонуу 2009-жылдын үчтүн айында орун алган, демек, Улуттук банк кайтарым репо операцияларын отчеттук жылдын биринчи чейрегинде гана ишке ашырган. Мында, сатуу предмети катары Улуттук банктын портфелиндеги мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдери колдонулган. Кайтарым репо операциялары 5, 42 жана 63 күндүк мөөнөттөрдө ишке ашырылган.

*Репо операцияларынын көлөмү*

Кароого алынып жаткан жыл ичиндеги бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү 556,8 млн. сомду түзгөн жана 2008-жылдагы алардын көлөмүнө салыштырганда үч эседен көп эмес кыскарган. Бүтүмдөрдүн орточо алынган мөөнөтү 38 күндү түзүп, репо операцияларынын орточо кирешелүүлүгү 13,3 пайызга жеткен.

***<u>2.2.3.1-таблица</u>***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2008-ж. бардыгы болуп** | **520,5** | **230,9** | **517,9** | **482** | **1751,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 520,5 | 230,9 | 517,9 | 482 | 1751,3 |
| **2009-ж. бардыгы болуп** | **556,8** | **-** | **-** | **-** | **556,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 556,8 | - | - | - | 556,8 |

### 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Коммерциялык банктарды кайра каржылоонун инструменттер топтому Улуттук банктын тескөөсүндө турат: «бир күндүк» кредиттер, «овернайт» кредити жана акыркы инстанция кредити.

*Ченемдик базадагы өзгөрүүлөр*

2009-жылы коммерциялык банктарды кайра каржылоо механизмин андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар көрүлгөн. Алсак, ««Овернайт» кредити жөнүндө» жана «Улуттук банктын бир күндүк кредити жөнүндө» жоболордун жаңы редакциясы күчүнө кирген. Отчеттук жылдын чын куран айында Улуттук банк, «бир күндүк» кредитти жана «овернайт» кредиттерин берүү жана аларды төлөөнүн автоматташтырылган системасын пайдаланууга киргизген жана бул Улуттук банктын өзү иштеп чыккан система болуп саналат. Мындан тышкары, «бир күндүк» жана «овернайт» кредиттери боюнча күрөө катары сунушталуучу мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүн кеңейтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен күрөөлүк камсыздоого карата талаптарга өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, кредиттер боюнча күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздар (МКВ, МКО жана Улуттук банктын ноталары) кабыл алынып, алардын төлөө датасы катары, кредит берилген күндөн кийинки 12 айга чейинки мөөнөт белгиленген. Буга чейин күрөөлүк камсыздоо катары төлөө мөөнөтү 6 айга чейинки мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынып келген.

*«Овернайт» кредиттери*

Отчеттук жылда «овернайт» кредиттери боюнча орточо жылдык чен 2008-жылдагы ушул эле ченге салыштырганда, 7,6 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,8 пайызды түзгөн, ал эми «бир күндүк» кредит боюнча пайыздык чен нөлгө барабар болгон. Ошондой болсо да, отчеттук жылда үстөк ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, бул инструменттерден коммерциялык банктар колдонушкан эмес. Жыл ичинде «овернайт» кредити 635,8 млн. сом жалпы суммасында эки банкка берилген бул, бир жыл мурдагы ушул эле көрсөткүчтөн 50,5 пайызга аз.

***2.2.4.1-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген «овернайт» кредиттери
*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2008-ж. | - | 914,5 | - | 370 | **1 284,5** |
| 2009-ж. | - | 5,3 | 0,5 | 630 | **635,8** |

### 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдык талаптар – бул, Улуттук банк тарабынан ликвиддүү активдердин белгилүү бир бөлүгүн, башкача айтканда милдеттүү камдарды сактап туруууга коммерциялык банкка карата коюлган талап болуп саналат. Милдеттүү камдар акча топтомдорунун көлөмүн жөнгө салуу инструменттеринин бири болуп эсептелүү менен коммерциялык банктар Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте кармап турууга милдеттүү болгон акча каражаттарынын суммасын түшүндүрөт.

Отчеттук жыл башында «Милдеттүү резервдер (камдар) тууралуу» жобонун жаңы редакциясы күчүнө кирген. Мына ушул жобого ылайык, милдеттүү камдардын өлчөмүн аныктоо үчүн милдеттенмелер курамынан башка милдеттенмелер алынып салынып, төлөө мөөнөтү бир жылдан ашкан чет өлкө валютасындагы депозиттер кошулган. Милдеттүү камдык талаптардын инструменттерин өркүндөтүү жана алардын таасирдүүлүгүн арттыруу, мына ушул жаңы өзгөчөлүктүн максатынан болгон.

*Ченемдик базадагы өзгөрүүлөр*

Кароого алынып жаткан жылдын кулжа айында коммерциялык банктардын кредиттик потенциалын жогорулатуу максатында, ошондой эле банктардын Депозиттерди коргоо фондусуна чегерүүлөрдү баштоосуна байланыштуу, коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдардын нормасы 10 пайыздан 9,5 пайызга чейин төмөндөтүлгөн.

*МКТнын нормасынын төмөндөөсү*

Бүтүндөй жыл ичинде, милдеттүү камдардын көлөмү 36,9 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырына карата 3,5 млрд. сомду түзгөн. Жыл ичинде милдеттүү камдарды сактабагандыктын эки фактысы катталган, ошондон улам тиешелүү коммерциялык банктан 22,0 миң сом өлчөмүндө айып өндүрүлгөн.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*
*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2008-ж. бардыгы болуп** | **3 700,1** | **3 462,4** | **4 096,5** | **3 707,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 052,2 | 2 209,9 | 2 437,9 | 2 460,5 |
| үстөк камдар | 1 647,9 | 1 252,6 | 1 658,6 | 1 246,7 |
| **2009-ж. бардыгы болуп** | **3 727,5** | **3 888,7** | **4 329,2** | **5 041,4** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 581,0 | 2 682,0 | 3 039,5 | 3 317,2 |
| үстөк камдар | 1 146,5 | 1 206,7 | 1 289,7 | 1 724,2 |

* *бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүч*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

*Ченемдик документтер*

Эл аралык камдар Улуттук банк тарабынан Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатына, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылга эл аралык камдарынын эталондук портфели жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын түзүмү жөнүндө» жана «Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө» жоболорго ылайык тескөөгө алынган.

*Башкаруу принциптери*

Камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана коопсуздугун камсыз кылуу Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагындагы артыкчылыктуу милдетинен болуп саналат жана бул, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамда да чагылдырылган. Эл аралык камдарды тескөөдө кирешелерди максимизациялоо принциби, активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принциптердин так сакталышы шартында гана аткарылат.

*Органдардын чечимдерди кабыл алуудагы ыйгарым укуктары*

Банктын инвестициялык стратегиясы, эл аралык камдардын портфелинин түзүмү, тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагындагы чечимдерди кабыл алуу Улуттук банк Башкармасы жана анын Инвестициялык комитети тарабынан ишке ашырылган. Инвестициялык комитет иликтөөгө алынып жаткан жылы эл аралык камдарды тескөө маселеси боюнча 22 отурум өткөргөн. Эл аралык активдерди тескөөдө келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди минимизациялоо максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, ошондой эле инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөттөрү белгиленген.

*Эл аралык камдардын түзүмү жана көлөмү*

Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, атайын карыз алышуу укугу жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет. Дүң камдардын көлөмү жыл ичинде отчеттук жылдын акырына карата 363,6 млн. АКШ долларына же 29,7 пайызга көбөйүү менен 1,6 млрд. АКШ доллары эквивалентин түзгөн.

***<u>2.3.1-график</u>***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы




*Эл аралык камдардын өсүш булактары*

Эл аралык камдардын көлөмүнүн 2009-жылда өсүшүнүн булагы болуп, аларды тескөөдөн алынган кирешелер жана эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн Өкмөт менен Улуттук банктын пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү саналган. Мындан тышкары, эл аралык камдардын деңгээлине валюта портфелдеринин курстарынын жана баалуу металлдарга баанын өзгөрүүсү таасир эткен.

*Эл аралык камдардын түзүмүнүн өзгөрүүсү*

Эл аралык камдардын курамындагы алтындын физикалык көлөмү отчеттук жылда өзгөрүүсүз калган. Ал эми анын түзүмүндөгү АКУнун үлүшүнүн өсүшү ЭВФ тарабынан АКУну жалпы жана атайын бөлүштүрүү чегинде, каражаттардын түшүүсү менен шартталган.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата) *(пайыздарда)*

| | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 5,9 | 5,7 |
| Валюта портфели | 89,6 | 83,8 |
| Атайын карыз алышуу укугу | 4,5 | 10,4 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү жана анын өзгөрүүсү*

Эл аралык камдардын валюта портфели өзүндө АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларларын, ошондой эле япон иени менен орус рублин камтып турган.

Улуттук банктын валюта портфелинин түзүмү чейрек сайын кайрадан каралып чыгуу менен дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнө, эл аралык финансылык рыноктордогу жагдайларга жараша, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелеринин валюталык түзүмүн эске алуу менен өзгөртүлүп турган.

*Эл аралык камдардын түзүмү*

Ликвиддүүлүктүн зарыл деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, камдык активдер менен иш алып баруу портфелдик негизде жүзөгө ашырылган. Валюта портфелин жумушчу жана инвестициялык портфелге бөлүштүрүү камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоону камсыз кылган.

*Эл аралык камдарды жайгаштыруу*

Жумушчу капиталынын активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, Улуттук банктын жана Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү жана ички валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн колдонулган. Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган.

Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздар, мөөнөттүү депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо операциялары сыяктуу кыйла ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфели Австралиянын, Германиянын, АКШнын, Швейцариянын мамлекеттик баалуу кагаздарын, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк инвестициялык инструменттерин камтып турган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык институттарда, жогорку эл аралык рейтинге ээ чет өлкө борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

Отчеттук жылда дүйнөлүк экономика, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын экономикалык өнүгүү арымынын басаңдашы менен коштолгон таасирине дуушар болгон. Экономикалык жагдайдын турукташуусунун алгачкы белгилери жылдын үчүнчү чейрегинин акырында байкалган, бирок экономикалык жактан өнүккөн дүйнөнүн негизги өлкөлөрүнүн акча-кредиттик жөнгө салуу органдары, өбөлгө түзүүчү программаларды жыйыштыруудан токтолуп турушкан. Монетардык саясатты либералдаштыруу боюнча көрүлүп келген чаралар менен катар эле, дүйнөнүн борбордук банкттары финансы рынокторун стабилдештирүүнүн стандарттык эмес чараларын кошо алганда, акча-кредиттик жөнгө салуунун бардык мүмкүн болуучу инструменттерин колдонушкан. Негизги борбордук банктардын чендери жаңы тарыхый минимумга чейин төмөндөшүн улантткан, бул да Улуттук банктын валюта портфелинин кирешелүүлүгүнүн төмөндөшүнөн көрүнгөн.

***2.3.2-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү
(мезгилдин акырына карата)
*(пайыздарда)*

| | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| Эл аралык финансылык институттар | 44,5 | 46,3 |
| Борбордук банктар | 32,6 | 29,0 |
| Коммерциялык банктар | 22,7 | 24,1 |
| Улуттук банк | 0,2 | 0,6 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Коммерциялык банктар жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринен турган Кыргызстандын финансы-кредит системасы, дүйнөлүк финансы рынокторунда жана экономикалык жактан өнөктөш өлкөлөрдө орун алган туруксуз жагдай шартында ыраактуу ишин уланткан. Кыргыз Республикасынын финансы-кредит мекемелеринин негизги көрсөткүчтөрү 2009-жылы бүтүндөй алганда, алгылыктуу динамикасын сактап турган.

Улуттук банк Өкмөт жана коммерциялык банктар менен биргеликте банк тутумунун туруктуулугун, анын тобокелдиктерге жана кооптонууларга туруштук берүү дараметин андан-ары колдоого алууга, ошондой эле банк тобокелдиктерине баа берүүнү жана коммерциялык банктардагы тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүүгө, коммерциялык банктардын капиталына карата талаптарды күчөтүүгө багытталган кризиске каршы иш-чараларды жүргүзүүсүн уланткан. Улуттук банктан лицензияланышкан финансы-кредит мекемелериндеги проблемаларды алдын-алууну кошо алганда, көзөмөлдүк методологиясын жана тажрыйбасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылган.

Банк секторунда бардык катышуучуларды бирдей шарттар менен камсыз кылуу, ошондой эле ислам банк ишин алдыга жылдыруу үчүн шарттарды түзүү максатында, Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Банк тутумундагы стабилдүүлүктү колдоо, аманаттарды коргоо жана депозиттерди массалык алуу тобокелдигин басаңдатуу жагында көрүлгөн чара катары «Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам кабыл алынган.

Бүтүндөй алганда, банк тутумунун жана банктык эмес финансы-кредит мекемелер секторунун (БФКМ) өнүгүү тенденциясы алгылыктуу бойдон калган, бул кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн кеңейишине, филиалдардын жана аманат кассаларынын түйүндөрүнүн көбөйүшүнө алып келип, калайык-калктын финансылык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн. Отчеттук жылда БКФМдердин, алардын карыз алуучуларынын жалпы саны, активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү катталган.

## 3.1. Банк тутуму боюнча баяндама

*Коммерциялык банктардын саны*

2009-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк иштеп турган. Банк тутуму боюнча баяндама банктар тарабынан сунушталган 2008-жыл үчүн корректировкаланган жана 2009-жыл үчүн алдын-ала берилген жылдык регулятивдүү отчеттун негизинде даярдалган.

*Банк секторун өнүктүрүү стратегиясы*

Улуттук банк коммерциялык банктар менен биргеликте банк секторун 2011-жылдын акырына чейинки мезгилде өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыккан, ал Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын үчтүн айынын жыйырма сегизинде бекитилген. Бул стратегия финансылык ортомчулук деңгээлин андан-ары жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын экономикасында банк секторунун ролун арттыруу, банк ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого алууга багытталган.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар тутумун өнүктүрүүдө негизги көрсөткүчтөрдүн 2008-жылдагыга салыштырганда өсүш арымынын айрым бир басаңдоосу катталган. Дүйнөлүк финансы каатчылыгынын банк тутумуна тийгизген кыйыр таасиринен улам, Улуттук банктын негизги күч-аракети банк тобокелдиктерине баа берүүгө жана анын ичинде Өкмөт жана Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктар менен биргеликте кризиске каршы тиешелүү иш-чараларды көрүүгө багытталган.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] 991,7 млн. сомго же 7,7 пайызга өсүү менен 2009-жылдын акырына карата абал боюнча 13,9 млрд. сомду түзгөн. Мында, төлөнгөн уставдык капитал[2] 10,9 пайызга көбөйгөн.

***3.1.1-график***

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталынын динамикасы




Коммерциялык банктардын суммардык милдеттенмелери[3] отчеттук жылда 25,8 пайызга көбөйүү менен 53,1 млрд. сом чегинде катталган. Мында, суммардык милдеттенмелердеги чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 65,9 пайызды (2008-жылдын акырына карата – 67,5 пайызды) түзгөн.

***3.1.1-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү
(бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелер категориясы | 2008-ж. | | 2009-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | үлүш, *пайыздар* | *млн. сом* | үлүш, *пайыздар* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | 14 071,8 | 33,4 | 21 147,5 | 39,9 |
| Жеке адамдардын депозиттери | 6 893,6 | 16,3 | 9 606,9 | 18,1 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 2 371,6 | 5,6 | 2 413,7 | 4,5 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 8,2 | 0,0 | 4,0 | 0,0 |
| Корреспонденттик эсептер | 39,8 | 0,1 | 531,7 | 1,0 |
| Башка банктардын депозиттери | 4 878,6 | 11,6 | 4 539,3 | 8,6 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 142,6 | 0,3 | 62,7 | 0,1 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 4 931,1 | 11,7 | 6 559,0 | 12,4 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 170,3 | 0,4 | 300,1 | 0,6 |
| Алынган кредиттер | 6 619,3 | 15,7 | 4 368,8 | 8,2 |
| Субординацияланган карыз | 127,5 | 0,3 | 132,6 | 0,2 |
| Башка милдеттенмелер | 1 915,5 | 4,5 | 3 399,5 | 6,4 |
| **Бардыгы болуп** | **42 170,0** | **100,0** | **53 065,8** | **100,0** |

[1] Банктын регулятивдик суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдалары (чыгымдар), отчеттук жылдын пайдасы (чыгымы) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар.
[2] Бул категорияда жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар камтылган.
[3] Суммардык милдеттенмелерде банк тарабынан тартылган бардык каражаттар камтылат.

*Депозиттик база*

Коммерциялык банктардын депозиттик базасы көбөйүүсүн уланткан. Отчеттук жылдын акырына карата коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[1] 42,1 пайызга көбөйүү менен 33,2 млрд. сомду түзгөн. Депозиттердин түзүмүндө юридикалык жактардын үлүшү 0,5 пайыздык пунктка көбөйүп, 71,0 пайызды түзгөн, ал отчеттук мезгил ичинде 7,1 млрд. сомго же 43,3 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 2,7 млрд. сомго же 39,4 пайызга өскөн. Отчеттук жылда жеке адамдардын депозиттеринин түзүмүндө мөөнөттүү депозиттердин абсолюттук сыяктуу эле, салыштырмалуу түрдө өскөндүгү белгиленген.

***3.1.2-график***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин көлөмү
(бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*




*Банк тутумунун активдерии*

2009-жылда банктардын суммардык активдери 23,4 пайызга көбөйүү менен 68,0 млрд. сом чегинде катталган. Мында, чет өлкө валютасындагы активдер 25,0 пайызга, ал эми улуттук валютадагылар 21,5 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

[1] Бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин, финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин эске алуусуз.

***3.1.2-таблица***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдер категориясы | 2008-ж. *млн. сом* | 2008-ж. үлүш, *пайыздар* | 2009-ж. *млн. сом* | 2009-ж. үлүш, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|
| Акча каражаттары | 2 967,2 | 5,4 | 3 738,7 | 5,5 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 3 835,0 | 7,0 | 5 446,1 | 8,0 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 10 030,2 | 18,2 | 18 612,0 | 27,4 |
| Баалуу кагаздар портфели | 5 727,8 | 10,4 | 7 662,8 | 11,3 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 793,0 | 1,4 | 739,1 | 1,1 |
| Репо боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 257,7 | 0,5 | 300,1 | 0,4 |
| Финансы-кредит мекемелеринин кредиттери | 1 770,3 | 3,2 | 797,2 | 1,2 |
| Кардарларга кредиттер | 25 607,0 | 46,5 | 25 120,7 | 36,9 |
| Атайын РППУ* | -798,2 | -1,4 | -1 208,6 | -1,8 |
| Негизги каражаттар | 3 539,6 | 6,4 | 3 781,6 | 5,6 |
| Башка активдер | 1 370,6 | 2,5 | 2 997,8 | 4,4 |
| **Бардыгы болуп** | **55 100,1** | **100,0** | **67 987,3** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарды түшүнүү зарыл.*

*Жогорку ликвиддүү активдер*

Коммерциялык банктар тарабынан башка банктардагы жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге акча каражаттарында жана кыска мөөнөттүү жайгаштыруу түрүндөгү, ошондой эле депозиттер түрүндө жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын көлөмү, чогуу алганда отчеттук мезгил ичинде 63,2 пайызга жогорулоо менен отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча активдердин бул категориясы 27,8 млрд. сомду түзгөн. Мында кардарларга берилген кредиттердин калдыктарынын көлөмүнүн[1] 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда төмөндөгөндүгү байкалган.

***3.1.3-график***

Коммерциялык банктардын активдеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата) *(млн. сом)*




[1] Кардарларга кредиттер – кредиттер жана чегерилген дисконтту минуска чыгаруу менен кардарларга финансылык ижара (бул категорияда финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттер камтылбайт).

Отчеттук жылда суммардык «таза» кредиттердин көлөмү[1] 7,0 пайызга азаюу менен 2009-жылдын акырына карата 24,7 млрд. сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү 11,9 пайыздык пунктка азаюу менен 36,3 пайызды түзгөн.

*«Таза» кредиттер*

Банктардын регулятивдик отчетторундагы маалыматтар боюнча «классификацияланбаган»[2] активдер классификацияланууга тийиш болгон активдердин суммасынын 94,7 пайызын, ал эми «классификацияланган»[3] активдер – 5,3 пайызын түзгөн. Кароого алынып жаткан жылда банк тутумунун кредит портфелинин сапаты начарлаган – анын 8,2 пайызын классификацияланган кредиттер түзгөн, ал эми 2008-жылдын акырына карата бул көрсөткүч 5,7 пайыз чегинде белгиленген эле. Улуттук банк тарабынан кредиттик тобокелдиктерге көзөмөлдүктү жүргүзүү жана 2009-жылда кредиттөөнүн төмөндөшү жана классификацияланган кредиттердин көбөйүүсү алкагында, коммерциялык банктарда тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү иши күчөтүлгөн.

***3.1.3-таблица***

Активдерди, балланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категориялар | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2008-ж. | 2009-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. |
| **Бардыгы болуп, классификацияланбагандар** | **96,7** | **94,7** | **94,3** | **91,8** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| Нормалдуу | 47,6 | 46,7 | 3,8 | 3,4 |
| Канааттандыраарлык | 43,3 | 42,0 | 79,4 | 77,5 |
| Байкоого алынган | 5,9 | 6,1 | 11,1 | 10,8 |
| **Бардыгы болуп, классификациялангандар** | **3,3** | **5,3** | **5,7** | **8,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| Субстандарттык | 1,6 | 2,4 | 2,8 | 3,4 |
| Шектүү | 0,5 | 0,9 | 0,9 | 1,7 |
| Чыгашалуу | 1,1 | 1,9 | 1,9 | 3,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, *млн. сом*** | **50 037,5** | **50 243,0** | **25 607,0** | **25 120,7** |

Коммерциялык банктар системасынын негизги каражаттары 6,8 пайызга өсүү менен 2009-жылдын акырына карата 3,8 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жылда капиталдаштыруу деңгээлин арттыруу, тобокелдиктерди тескөө системасын өркүндөтүү иши улантылып, банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрлөрүн өнүктүрүү багыты улантылган.

*Кирешелер жана чыгашалар*

2009-жылы коммерциялык банктардын пайыздык кирешелери жана чыгашалары өсүшүн уланткан (тиешелүүлүгүнө жараша, 9,8 пайызга жана 9,5 пайызга), ал эми пайыздык эмес кирешелер жана чыгашалар азайган (тиешелүүлүгүнө жараша, 4,9 жана 0,9 пайызга). Коммерциялык банктар системасынын «таза опера-

[1] Кардарларга «таза» кредиттер – кредиттер жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдарды, ошондой эле чегерилген дисконтту минуска чыгаруу менен кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине финансылык ижара.

[2] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канааттандырарлык жана байкоого алынган категорияларына чегерилген активдер жана кредиттер кирет.

[3] Классификацияланган активдер категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуу сыяктуу категорияларга чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

циялык кирешеси» көрсөткүчү отчеттук жылда 2,0 млрд. сомду түзүү менен 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 1,2 пайызга төмөндөгөн.

***3.1.4-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| Категориялар | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп, пайыздык кирешелер | 5 610,8 | 6 158,8 |
| Бардыгы болуп, пайыздык чыгашалар | 1 959,4 | 2 145,2 |
| Таза пайыздык кирешелер | 3 651,4 | 4 013,6 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 433,9 | 378,2 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийин таза пайыздык кирешелер | 3 217,5 | 3 635,3 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес кирешелер | 11 301,4 | 10 748,8 |
| Бардыгы болуп, пайыздык эмес чыгашалар | 12 504,4 | 12 394,6 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 2 014,5 | 1 989,5 |
| РППУга чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 29,8 | 195,9 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 1 984,7 | 1 793,7 |
| Пайда салыгы | 195,3 | 201,6 |
| Таза пайда (чыгым) | 1 789,4 | 1 592,0 |

Банк тутуму 2009-жылды 1,6 млрд. сом өлчөмүндө таза пайда алуу менен жыйынтыктаган, ал эми 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык натыйжа 1,8 млрд. сомду түзгөн эле (11,0 пайызга азаюу).

*Банк тутумун өнүктүрүүнүн жыйынтыктары*

Ошентип, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын банк тутумуна таасири кыйыр мүнөзгө ээ болгон, бул 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча анын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүш арымынын 2008-жылдагыга салыштырганда, бир аз басаңдоосунан көрүнгөн. Коммерциялык банктардын ишинде төмөнкүдөй тенденциялар байкалган:

– коммерциялык банктар системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү (активдер 23,4 пайызга, милдеттенмелер 25,8 пайызга көбөйгөн);

– банк ишинин чөйрөсүн кеңейтүүнүн негизи жана алардын финансылык туруктуулугун арттырууга, аларга карата кредиторлордун жана аманатчылардын ишенимин бекемдөөгө өбөлгө түзгөн фактор катары, коммерциялык банктардын капиталдык базасынын чыңдалышы (регулятивдик суммардык капиталдын өсүшү – 7,7 пайыз);

– ишканалардын жана калайык-калктын депозиттеринин көлөмүнүн көбөйүүсү (42,1 пайыздык өсүш);

– суммардык активдердин жылдык номиналдык ИДПга карата катышы катары коммерциялык банктар системасынын финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүчтүн өсүшү, бул катыш отчеттук жылдын акырына карата 34,6 пайызды түзгөн (2008-жылдын акырына карата – 29,8 пайыз);

– кредит портфелинин жалпы көлөмүндө классификацияланган кредиттердин көлөмүнүн жана үлүшүнүн көбөйүүсү (2008-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша 1,5 млрд. сомдон же 5,7 пайыздан, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,1 млрд. сомго же 8,2 пайызга чейин);

– жыл жыйынтыгы боюнча активдердин кирешелүүлүгү (ROA) 1,2 пайыздык пунктка азаюу менен 2,5 пайызды түзгөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүгү (ROE) 6,5 пайыздык пунктка азайып, 13,6 пайызды түзгөн.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама

Отчеттук жылы Улуттук банк микрокредиттөө негизги иш чөйрөсү болуп саналган БФКМ системасын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уланткан.

*Микрокаржылоону өнүктүрүүнүн орто мөөнөткө каралган стратегиясын ишке ашыруунун алкагындагы иш чаралар*

Кыргыз Республикасында 2006-2010-жылдары микрокаржылоону өнүктүрүүнүн, Өкмөттүн жана Улуттук банктын токтому менен кабыл алынган орто мөөнөттүк стратегиясын андан-ары ишке ашыруу максатында кредиттик союздардын укуктук базаларын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн, анын алкагында «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» кредиттик союздардын ишине тиешелүү мыйзам кабыл алынган. Ушул мыйзам аркылуу «Кредиттик союздар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамдарга жана Жарандык кодекске өзгөртүүлөр киргизилген.

Жогоруда аталган Кыргыз Республикасында 2006-2010-жылдары микрокаржылоону өнүктүрүүнүн, Өкмөттүн жана Улуттук банктын токтому менен кабыл алынган орто мөөнөттүк стратегиясынын жүзөгө ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу тобунун отурумдары өткөрүлүп, аларда ушул стратегия боюнча иш-чаралар планынын аткарылышы кароого алынган.

*БРАФ*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги «Банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндөгү» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын үчтүн айынын отузунда №5/1 Улуттук банкка караштуу «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» жоопкерчилиги чектелген коомун («БРАФ» ЖЧК) түзүү жөнүндө» токтом, ушул Фонддун «Банктарды кайра каржылоо саясаты жөнүндө» токтому кабыл алынып, Фонддун ишин жөнгө салуу эрежелери бекитилген. 2009-жылдын теке айында Фонддун уставына жана анын Банктарды кайра каржылоо саясатына өзгөртүүлөр киргизилип, ага ылайык кредиттик каражаттарды ликвиддүүлүктү колдоо жана республиканын экономикасын кредиттөө максатында, микрофинансылык уюмдарга да сунуштоо каралган.

*Өнүктүрүү фонду*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын аяк оона айынын экисиндеги №36/1 токтому менен экономиканын приоритеттүү стратегиялык тармактарын өнүктүрүү жана ага өбөлгө түзүү максатында «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКка Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык, банк операцияларынын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырууга лицензия берилген.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк, банктык эмес финансы-кредит мекемелерине көзөмөлдүктү жүргүзүү жана алардын ишин жөнгө салууну караган ченемдик базаны өркүндөтүү боюнча иштерди уланткан, анын натыйжасында:

*Ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү*

– «Кредиттик союздар жөнүндө» мыйзамга ылайык келтирүү максатында, кредиттик союздардын ишин жөнгө салган Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган. Бекитилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык, институционалдык капитал аныктамасы жана кредиттик союздарды жоюу жол-жобосу такталган;

– кредиттик союздун катышуучуларынын тапшыруусу боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу (кошумча лицензиянын чегинде), кредиттик союздун Кыргыз Республикасынын аймагында филиал ачуусуна жана кредиттик союздардын байкоо кеңешине карата талаптарды белгилөө тартиби аныкталган;

– «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду жөнүндө» мыйзамды ишке ашыруунун чегинде «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» жабык ак-

ционердик коомунун ишин жөнгө салуунун убактылуу жобосу кабыл алынып, анда Фонддо тобокелдикти тескөөнүн шайкеш системасын түзүүгө, регулятивдик жана башка отчетторго карата жана активдерди классификациялоого, ошондой эле потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүүгө карата талаптар, ошондой эле Фонд тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон талаптар белгиленген;

– операциялардын түрүнүн кеңейтилишине жана шайкеш жөнгө салууну жана көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн зарылчылыгына байланыштуу БФКМ ишинде келип чыгышы ыктымал болгон тобокелдиктерди алдын-алуу максатында, БФКМдердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетторунун формасына өзгөртүүлөр киргизилген; ошондой эле, «Аманаттарды кабыл алууну ишке ашырышкан микрофинансылык компаниялар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышынын тартиби жөнүндө» нускоо, «Кредиттик союздарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобо, Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарында маалымат системаларынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр кабыл алынган;

– ЭВФ/SECO долбоорунун чегинде алмашуу бюролорунун кызматкерлери үчүн терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттерди көрүү боюнча мыйзам актыларынын жана ченемдик укуктук актылардын талаптарынын алар тарабынан сакталышына өбөлгө түзүү максатында маалыматтык плакаттар даярдалган;

– чет өлкө валюталарын алмашуу боюнча операцияларды жөнгө салган мыйзам актыларына жана ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу максатында жумушчу тобу түзүлгөн.

*Ломбарддардын ишин лицензиялоону жокко чыгаруу*

2009-жылдын теке айынын отуз биринде «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамдын кабыл алынышына ылайык, лицензиялоо ишин жөнөкөйлөтүү максатында ломбарддардын иш чөйрөсүн лицензиялоо алынып салынган. Жогоруда аталган мыйзам талабын аткаруу максатында «Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин жана ломбарддардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого, ошондой эле «Улуттук банк тарабынан берилүүчү лицензия үчүн төлөм өлчөмү жөнүндө» токтомго өзгөртүүлөр киргизилген.

*БФКМдердин түзүмү*

Иликтөөгө алынып жаткан жылы БФКМдердин санынын өсүшү уланган, бул микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн артышына түрткү берген. Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча Улуттук банк тарабынан лицензиянууга жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банктык эмес мекемелер системасы өзүндө үч адистештирилген финансы-кредит мекемесин – «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын (Финкомпания), «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсын, «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКты; 238 кредиттик союзду, 359 микрофинасылык уюмду (анын ичинде 4 микрофинансылык компанияны, 226 микрокредиттик компанияны жана 129 микрокредиттик агенттикти), ошондой эле 372 алмашуу бюросун камтып турган.

Отчеттук жылда БФКМдердин активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйүүсү байкалган. Муну биринчи кезекте, БФКМ кызмат көрсөтүүлөрүнө талаптын бардыгы, ошондой эле ушул иш багытына тиешелүү мыйзамдык базада алардын түзүлүшүнө жана иш алып баруусуна карата жетишээрлик либералдуу талаптардын каралгандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

***3.2.1-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансы компаниясы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду | - | - | - | - | 1 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду | - | - | - | - | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 136 | 168 | 233 | 291 | 359 |
| Кредиттик союздар | 320 | 305 | 272 | 248 | 238 |
| Ломбарддар | 140 | 148 | 181 | 196 | 231* |
| Алмашуу бюролору | 260 | 263 | 318 | 353 | 372 |

** 2009-жылдын аяк оона айынын сегизинен тартып лицензиялоо токтотулган.*

*Лицензиялоо*

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролорунун лицензияларынын аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу аларды кайра каттоодон өткөрүүнү кошо алганда, 464 лицензия (адистештирилген ФКМ жана ломбарддарды кошо алганда) жана БФКМдерге 98 күбөлүк берилген. Ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактабагандыгы үчүн Улуттук банк тарабынан 38 лицензия жана 18 күбөлүк кайтарылып алынып, ишин токтоткондугуна жана аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 378 лицензия жана 14 күбөлүк жокко чыгарылган.

*Активдер*

*Кредит портфели*

Кароого сунушталган регулятивдик отчеттордогу маалыматтарга ылайык, БФКМдердин чогуу алгандагы активдери[1] отчеттук жыл ичинде 2,5 эсеге көбөйүү менен жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 27,1 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жылда БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү 2008-жылдагыга салыштырганда 80,1 пайызга көбөйүү менен 13,3 млрд. сомду түзгөн.

***3.2.1-график***

Финкомпаниясын жана БРАФты эске албаганда, БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредиттик портфелинин динамикасы




[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар «Финкомпания» ЖЧКсынын жана «БРАФ» ЖЧКсынын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген, анткени, кредиттер ФКМдерге берилип, алар рекредиттөөнү ишке ашырган.

***3.2.2-таблица***

БФКМдин кредит портфелинин областтар боюнча өзгөрүүсү
(бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*

| | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 1 396,7 | 1 497,1 |
| Баткен областы | 670,6 | 888,6 |
| Жалал-Абад областы | 1 101,4 | 1 462,5 |
| Ысык-Көл областы | 849,9 | 1 080,7 |
| Нарын областы | 406,5 | 385,6 |
| Ош областы | 1 787,6 | 1 904,7 |
| Талас областы | 559,7 | 739,4 |
| Чүй областы | 612,0 | 932,5 |

*БФКМдин экономика сектору боюнча кредит портфели*

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинин түзүмүндө «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу» ЖАК тарабынан Камбар-Ата ГЭС-2 курулушу үчүн кредиттердин берилишине байланыштуу, курулушка кредиттердин үлүшү 2,6 пайыздан 34,7 пайызга чейинки өсүшкө ээ болгон. Бул, экономиканын башка секторлоруна кредиттердин үлүшүнүн кыскаруусуна таасирин тийгизген.

***3.2.2-график***

Өнүктүрүү фондусун эске алуу менен экономика секторлору боюнча кредиттик портфель (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*




Микрокредиттөө БФКМдердин негизги иш багыты болуп саналат. Отчеттук жылы 2008-жылдагыга салыштырганда, БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү[1] 20,4 пайызга көбөйүү менен 8,9 млрд. сомду түзгөн. Карыз алуучулардын саны 27,0 пайызга өсүп, 324,7 миң адамга жеткен.

*БФКМдердин түрлөрү боюнча кредит портфели*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү с 87,4 пайыздан 89,2 пайызга чейин өскөн болсо, кредиттик союздардын үлүшү 11,9 пайыздан 10,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

[1] Маалыматтар «Өнүктүрүү фондусу» ЖАКтын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген. Бул Фонд стратегиялык долбоорлорду каржылоо үчүн түзүлгөн. Анын кредит портфелинде 4 409,2 млн. сом суммасындагы бир кредит бар, ал микрокредит болуп саналбайт жана Камбар-Ата ГЭС-2 курулушуна берилген.

***3.2.3-график***

Микрокредиттөө менен иш алып барган БФКМдердин түрлөрү боюнча кредиттик портфель (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*




2009-жылы БФКМдер тарабынан чогуу алгандагы таза пайда 29,4 пайызга көбөйүп, 729,7 млн. сомго жеткен (Өнүктүрүү фондун эске алганда 746,7 млн. сом).

*БФКМдердин пайдасы*

Отчеттук мезгил ичинде Банктарды рефинансылоонун адистештирилген

***3.2.4-график***

Өнүктүрүү фондусун эске алганда БФКМдин таза пайдасынын жана ROA, ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




фондусу менен Өнүктүрүү фондусунун пайыздык чендерин эске албаганда, бардык түрдөгү БФКМдер тарабынан берилген кредиттерге пайыздык чендердин өскөндүгү белгиленген.

БФКМдердин кредит портфелинин эң эле олуттуу арымда өсүшү «Финансы

***3.2.3-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер

*(пайыздар)*

| | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансы компаниясы | 16,9 | 15,1 | 14,3 | 13,5 | 14,6 |
| Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду | - | - | - | - | 11,0 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду | - | - | - | - | 3,5 |
| Микрофинансылык уюмдар | 33,5 | 33,5 | 32,9 | 32,4 | 34,5 |
| Кредиттик союздар | 26,8 | 25,9 | 25,8 | 28,0 | 29,5 |
| Ломбарддар | 153,6 | 149,5 | 167,9 | 132,3 | - |

*Адистештирилген ФКМдер*

компаниясы» ЖЧКсы, «БРАФ» ЖЧКсы, «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАК сыяктуу адистештирилген мекемелердин иш алып баруусунун эсебинен камсыз кылынган.

Берилген регулятивдик отчетторго ылайык, «БРАФ» ЖЧКнын чогуу алгандагы активдери 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 2,0 млрд. сомду түзгөн. Ал тарабынан берилген каражаттардын жалпы көлөмү 1,1 млрд. сомду, ал эми анын ичинде кредиттердин көлөмү 67,8 млн. сомду, тике репо келишимдери боюнча операциялардын көлөмү 500,0 млн. сомду жана экинчилик рыногунда МКОго салымдардын көлөмү 496,0 млн. сомду түзгөн. Отчеттук жылдын акырына карата «Финансы компаниясы» ЖЧКсынын активдери 471,5 млн. сом чегинде катталган. Берилген кредиттердин жалпы көлөмү 194,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 88,7 млн. сому кредиттик союздарынын катышуучуларына айыл-чарба техникаларын лизингге берүү түрүндө сунушталган. Өнүктүрүү фондусунун активдери 13,3 млрд. сомду түзгөн. Камбар-Ата ГЭС-2 курулушуна 4,4 млрд. сом суммасында кредит бөлүнгөн.

*МФУ*

МФУлардын кредит портфелинин өсүшү байкалууда. Алсак, отчеттук жыл ичинде МФУлардын чогуу алгандагы кредит портфели 22,8 пайызга көбөйүп, 2009-жылдын акырына карата 7,9 млрд. сом чегинде катталган. Алардын карыз алуучуларынын саны отчеттук күнгө карата 37,8 пайызга өсүп, 306,4 миң адамга жеткен. МФУлардын төлөө мөөнөттөрү боюнча кредит портфели негизинен 3 жылга чейинки мөөнөткө берилген орто жана кыска мөөнөттүк кредиттерден турган.

МФУлардын кредит портфелине жүргүзүлгөн иликтөөлөр, үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 40,9 пайызы туура келген (2008-жылдын акырына карата – 45,2 пайыз) соода жүргүзүү жана 40,9 пайызды (2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата – 35,2 пайыз) ээлеген айыл-чарбасы кредиттөөгө алынган негизги тармактан экендигин көрсөткөн. Эл аралык финансылык институттардан тартылган каражаттар, ошондой эле МФУлардын капиталды көбөйтүүсү алардын кредит портфелинин өсүшүнүн негизги булагынан болгон.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели отчеттук жылы 8,7 пайызга көбөйүү менен жыл акырында 958,8 млн. сомду түзгөн. Алардын кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл-чарбасына – 50,3 пайыз жана соодага – 33,5 пайыз туура келген (2008-жылы тиешелүүлүгүнө жараша – 50,6 жана 33,4 пайыз). Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны кароого алынып жаткан жылда 2,8 пайызга кыскарып, жылдын бештин айынын отуз бирине карата 18,3 миң адамды түзгөн. Кредиттик союздардын өздөрүнүн санынын кыскаруусунан улам алардын карыз алуучуларынын саны да кыскарган. Бул өз кезегинде биринчиден, тиешелүү мыйзам актыларынын жана Улуттук банктын ченемдик талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн бир катар кредиттик союздардын лицензияларынын кайтарылып алынышы, ошондой эле айрымдарынын өзүнөн-өзү жоюлушу жана экинчиден, 2006-жылы Азия Өнүгүү банкынын Кыргызстанда кредиттик союздарды өнүктүрүү боюнча 1997-жылы башталган «Айылдык финансылык институттар» долбоорунун аягына чыгышы менен шартталган. Мына ушул долбоордун өздөштүрүлүп бүтүшүнө байланыштуу, кредиттик союздардын каржылоонун башка булактарына муктаждыгы келип чыккан. Катышуучулардан депозиттерди тартуу аркылуу, ошондой эле башка ФКМдерден тышкы карыз алуулардын эсебинен ички каржылоо булактарына ыкташуу тенденциясынын түптөлгөндүгү байкалган. Алсак, отчеттук жыл ичинде кредиттик союздардын катышуучуларынан тартылган депозиттердин көлөмү 88,7 пайызга көбөйүп, 34,4 млн. сомду түзгөн, ал эми башка ФКМдердин алдындагы милдеттенмелер 0,3 пайызга көбөйүп, 120,6 млн. сомго жеткен.

Отчеттук жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, 11 кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон.

2009-жылы Улуттук банк алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна жеке

*Алмашуу бюролорун текшерүү*

ишкерлерге жана юридикалык жактарга лицензия берүүнүн чегинде, анын ичинде лицензиялардын аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшү боюнча кайра каттоодон өтүүгө жана кошумча алмашуу бюросунун ачылышына байланыштуу 322 алмашуу бюросунун иши текшерүүгө алынган.

Мындан тышкары, Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарынын сакталышы көз карашынан, алмашуу бюролоруна бир катар текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Алар Улуттук банктын кызматкерлери сыяктуу эле, башка ведомстволордун кызматкерлери менен биргеликте жүргүзүлгөн. Бардыгы болуп, отчеттук мезгил ичинде 158 алмашуу бюросунун иши текшерүүгө алынып, алардын жүрүшүндө мыйзам актыларын бузууга жол бергендиктин 119 фактысы аныкталган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 20 эскертүү, 92 жазма буйрук жөнөтүлүп, 11 алмашуу бюросунун лицензиясы кайтарылып алынган. Лицензиясыз иш жүргүзүү фактысын аныктоо көз карашынан, жүргүзүлгөн рейддердин жүрүшүндө 134 алмашуу бюросу текшерилип, алардын жыйынтыгы боюнча 116 дело Улуттук банктын Административдик комиссиясынын кароосуна жөнөтүлгөн. Ушул жагдайдан улам, 173 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөмдөрдү өндүрүүнү караган административдик чаралар колдонулган, анын ичинен 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 169 миң сом төлөнгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банктын инспекторлору тарабынан 104 кредиттик союздун иши комплекстүү текшерүүгө алынган, бул кредиттик союздардын жалпы санынын 43,7 пайызын түзөт. Мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышына текшерүү жүргүзүү максатында, 4 микрофинансылык компаниянын ишине атайын текшерүүлөр жүргүзүлгөн, анын ичинен МКФ филиалдарынын бири, ошондой эле үч микрокредиттик компания жана бир микрокредиттик агенттиктин иши текшерүүгө алынган.

## 3.3. Коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүк жана аларды жөнгө салуу

### 3.3.1. Лицензиялоо

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банк тарабынан банк тутумунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун, банктардын туруктуу жана натыйжалуу өнүгүүсүн, республиканын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн турукташтырууну камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чаралардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан республиканын банк секторунун өкүлдөрү менен 2008-жылдын бештин айынын он бешинде өткөрүлгөн кеңешме учурунда алдыга коюлган милдеттердин чегинде Улуттук банк Башкармасынын токтому менен коммерциялык банктардын, банк резидент эместердин филиалдарынын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү боюнча экономикалык ченем, 2010-жылдын тогуздун айынын биринен тартып, кеминде 200,0 млн. сом өлчөмүндө белгиленген.

*Банктардын уставдык капиталы*

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 8,7 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 4,6 млрд. сомду же 52,9 пайызды түзгөн. Жыл ичинде капитал өлчөмү 11,0 пайызга же 852,6 млн. сомго көбөйгөн. Төлөнгөн уставдык капиталдын өлчөмүнүн көбөйүүсү, негизинен, банк тутумуна салынган кошумча инвестициялардын, ошондой эле банктардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасынан каражаттардын эсебинен жүргөн.

*Банк лицензияларынан чектөөлөрдү алып салуу*

2009-жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Айыл Банк» ААКсынын кардарлардын керектөөлөрүн эң эле толук канааттандыруу максатында, улуттук жана чет өлкө валюталарында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияларындагы бир катар чектөөлөрдү алып салууга тиешелүү өтүнүчү канааттандырылган.

*Банкрот банктарды реабилитациялоо*

Жыйынтыкталган жылы банкроттук процессин башынан кечирип турган банктарды реабилитациялоо боюнча иштер улантылган. Улуттук банк Башкармасы реабилитациялоо жол-жобосунун бүткөрүлүшүнө байланыштуу, өтүнүч менен кайрылуусунун жана жыйынтыкталган отчетту сунуштоосунун негизинде «Акыл» инвестициялык акционердик коммерциялык банкы» ААКсынын банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензияларынын аракетин калыбына келтирүү жөнүндө чечимди кабыл алган.

***3.3.1.1-таблица***

Филиалдар жана аманат кассалары түйүнүн өнүктүрүү динамикасы

| | Филиалдардын саны | | Аманат кассаларынын саны | |
|---|---|---|---|---|
| | 2008-ж. | 2009-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. |
| Бишкек шаары | 49 | 50 | 167 | 193 |
| Баткен областы | 13 | 13 | 28 | 30 |
| Жалал-Абад областы | 39 | 39 | 63 | 74 |
| Ысык-Көл областы | 36 | 35 | 22 | 27 |
| Нарын областы | 17 | 17 | 3 | 4 |
| Ош областы | 38 | 42 | 93 | 105 |
| Талас областы | 9 | 10 | 3 | 5 |
| Чүй областы | 32 | 33 | 39 | 43 |
| **Жыйынтыгы:** | **233** | **239** | **418** | **481** |

*Филиалдар жана аманат кассалары*

2009-жыл ичинде банктар филиалдар жана аманат кассалары тармагын кеңейтүүнү уланткан. Филиалдардын саны 6 бирдикке, аманат кассаларынын саны 63 бирдикке же 15,1 пайызга көбөйгөн. Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын банк-резиденти тарабынан чет өлкөдө бир өкүлчүлүк ачылган. Ошентип, отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча банктардын Улуттук банктан каттоодон өткөртүлгөн өкүлчүлүктөрүнүн жалпы саны 8 бирдикти түзгөн, анын ичинде төрт банк резидент эместердин Кыргыз Республикасында өкүлчүлүгү ачылган.

### 3.3.2. Тышкы көзөмөл

*Тышкы көзөмөл*

Улуттук банк алардын ишине мониторинг жүргүзүү, кароого сунушталган отчетторду жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгын иликтеп талдоого алуу аркылуу, коммерциялык банктардын ишине тышкы (аралыктан туруп) көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат, бул алардын ишинде орун алган проблемаларды алдын алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен банк тутумунун туруктуулугун бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Мындан тышкары, тышкы көзөмөлдүк иш чөйрөсүнүн алкагында отчеттук жыл ичинде банктардын аткаруу жана байкоо органдары, ошондой эле тышкы аудиторлору менен бир катар жолугушуулар өткөрүлгөн. Коммерциялык банктар менен алардын ишин жана тобокелдик менеджментин уюштуруу, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын таасирлерине бөгөт коюу боюнча көрүлүп жаткан чараларды талкуулоо, ошондой эле банктарды өнүктүрүү стратегиясын талкуулоо, корпоративдик башкаруу, ички контролдуктун сапатын жогорулатуу маселелерин талкуулоо, мына ошол жолугушуулардын негизги максатынан болгон. 2009-жылы Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар менен кризиске каршы пландарды корпоративдик иштеп чыгуу боюнча иштер улантылган.

Мындан тышкары, чет өлкө капиталы катышкан банктардын ишине консолидацияланган көзөмөлдүктү өркүндөтүү боюнча иштер да улантылган.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөлдүк банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн негизинде жүргүзүлгөн. Негизги тобокелдиктерге төмөндө келтирилген баа берүүлөр иштеп жаткан коммерциялык банктардын 2008-жыл үчүн жылдык регулятивдик корректировкаланган отчеторунун жана 2009-жыл үчүн алдын-ала берилген отчеторунун негизинде ишке ашырылган. Отчеттук жылы коммерциялык банктарда алардын кредиттик күтүүлөрүн болжолдоо максатында, анкеталык сурамжылоону жүргүзүү тажрыйбасы колдонууга киргизилген.

Кароого алынып жаткан жылы «таза» тобокелдиктүү активдер[1] 4,9 млрд. сомго өсүп, ал эми «таза» суммардык капитал[2] 2,0 млрд. сомго көбөйгөн. Банк тутумунун суммардык активдериндеги тобокелдиктүү активдердин салыштырма салмагы жылдын акырына карата 66,7 пайызды түзгөн (2008-жылдын акырына карата – 66,7 пайыз).

***3.3.2.1-таблица***

Коммерциялык банктар системасынын суммардык капиталынын шайкештик көрсөткүчү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом* | 11 911,5 | 13 911,5 |
| «Таза» тобокелдиктүү активдер, *млн. сом* | 36 723,4 | 41 506,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик коэффициенти, *пайыздар* | 32,4 | 33,5 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кем эмес), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

[1] Коммерциялык банктардын аларга мүнөздүү болгон кредиттик тобокелдигинин деңгээли боюнча өлчөнгөн активдери жана балансттан тышкаркы милдеттенмелери.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иштин финансылык натыйжаларын, туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы кредит мекемелеринин капиталын эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

*Капиталдын өсүшү*

Уставдык капиталдын, ошондой эле коммерциялык банктарга кошумча капитал катары чегерилген каражаттардын көбөйүүсү банк тутумунун капиталынын жалпы көлөмүнүн өсүшүнө алып келген, мында «таза» суммардык капиталдын «таза» тобокелдиктүү активдердин өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшү байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша, 16,8 пайыз жана 13,0 пайыз). Бул капитал шайкештигинин чогуу алгандагы коэфициентинин көбөйүшүнө таасир этүү менен банктардын тышкы таасирлерге финансылык туруктуулугун бир аз бекемделгендигин тастыктайт. 2009-жылы капиталдын өсүшү акционердик капиталга жаңы инвестициялардын агылып киришинин жана камдардын өсүшүнүн натыйжасында жүргөн.

*Кредиттик тобокелдик*

*Кредиттик тобокелдик* активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[1]. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын өзүндө кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги 2009-жылдын акырында бир жыл мурдагы анын маанисине салыштырганда жогорулоо менен 4,8 пайызды түзгөн. Ал эми жыл акырына карата мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин суммасы 2,0 млрд. сомду же кредиттик жоготуу тобокелдиги камтылган бардык активдердин 7,9 пайызын түзгөн, 2008-жылы бул көрсөткүч 3,0 пайыз же 755,6 млн. сом чегинде катталган эле.

*Валюта тобокелдиги*

*Валюта тобокелдиги,* банк чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин наркы валюта курсунун өзгөрүүсү шартында өзгөрүшүнөн улам, чыгымга учуроосунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан карооого алынат. Бул тобокелдикке чет өлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардан суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша баа берилет. 2009-жылдын акырына карата банкт тутумунун валюталык активдери 36,7 млрд. сомду же суммардык активдердин 54,0 пайызын түзгөн. Банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 35,0 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 65,9 пайызын ээлеген. Мында, банк тутумунун чогуу алгандагы ачык валюта позициясы 2009-жылдын акырына карата 255,7 млн. сом же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 1,8 пайызын түзүү менен үстөк чекте болгон. Ал эми 2008-жылдын акырына карата банк тутумунун чогуу алгандагы валюталык позициясы 381,3 млн. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 3,2 пайызын түзүү менен тартыштык чекте болгон.

***3.3.2.2-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2008-ж. | 2009-ж. |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер | 29 354,0 | 36 703,4 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер | 28 470,2 | 34 980,2 |

*Эскертүү: Улуттук банктын 2009-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча – 1 АКШ доллары үчүн 44,0917 сом.*
*Улуттук банктын 2008-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча – 1 АКШ доллары үчүн 39,4181 сом*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги* мөөнөттөрдүн ар бир интервалында милдеттенмелердин активдер менен орду жабылышы көз карашынан карооого алынат, бул активдер менен милдеттенмелердин мөөнөттөр боюнча ылайык келбей калышы учурунда, каражаттарга болгон керектөөгө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2009-жылы

[1] Маалыматтар «Банк тутумунун иши боюнча баяндама» деп аталган 3.1-бөлүктүн «Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо» деп аталган 3.1.3-таблицада келтирилген.

жүргүзүлгөн анализдөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү боюнча терс ажырымы 90 күнгө чейинки мөөнөттөр боюнча байкалгандыгын көрсөткөн, бирок, мында 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн каражаттардын узак мөөнөткө каралган булагына ээ экендигин чагылдырат.

***3.3.2.3-таблица***

Активдер жана милдеттенмелер, мөөнөттөр боюнча алганда

*(млн. сом)*

| 2008-ж.* | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | Бардыгы болуп |
| Финансылык активдер | 22 266,0 | 2 719,3 | 3 478,7 | 5 102,6 | 20 340,3 | 53 907,0 |
| Финансылык милдеттенмелер | 24 544,4 | 3 380,9 | 3 500,4 | 4 488,7 | 5 080,0 | 40 994,4 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -2 278,4 | -661,6 | -21,7 | 614,0 | 15 260,4 | 12 912,6 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата, пайыздарда | -4,2 | -1,2 | 0,0 | 1,1 | 28,3 | 24,0 |

** 2008-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар*

| 2009-ж.** | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | Бардыгы болуп |
| Финансылык активдер | 32 724,8 | 3 369,5 | 5 162,4 | 7 633,0 | 20 584,4 | 69 474,1 |
| Финансылык милдеттенмелер | 32 913,0 | 5 078,0 | 2 813,2 | 5 951,3 | 6 307,5 | 53 063,1 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -188,3 | -1 708,5 | 2 349,3 | 1 681,7 | 14 276,9 | 16 411,1 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата, пайыздарда | -0,3 | -2,5 | 3,4 | 2,4 | 20,5 | 23,6 |

*** 2009-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар*

Банк тутумунун негизги тобокелдиктерине талдап иликтөөлөр, кароого алынган тобокелдиктерди чектеген экономикалык ченемдердин айкын мааниси ченемдик мааниден алда канча ашкан деңгээлде экендигин көрсөткөн, бул туруштук берүү мүмкүнчүлүгүнүн белгилүү бир запасы бар экендигин тастыктайт. Ошондой болсо да, кредиттик тобокелдиктин жогорулоосуна, мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин көлөмүнүн өсүшүнө жана банк кардарларынын төлөөгө жөндөмсүздүгүнүн артышына байланыштуу потенциалдуу кооптонуу дале орун алып турууда. Улуттук банк Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн банк секторундагы, ошондой эле тышкы финансы рынокторунда түптөлгөн тенденцияларга, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын мүмкүн болгон терс кесепеттерин минимизациялоо боюнча зарыл чараларды көрүү үчүн туруктуу негизде көз салып турат жана кризиске каршы тиешелүү иш-чараларды, анын ичинде коммерциялык банктар менен да биргеликте жүргүзүп турат.

### 3.3.3. Инспектирлөө

Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана ага көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн чегинде 2009-жылы банктардын ишин текшерүү көзөмөлдүк циклине[1]

[1] 1 жылдык мөөнет көзөмөлдүк цикл катары белгиленген

ылайык ишке ашырылып, колдонуудагы мыйзам актыларын бузууга жол берүүлөрдү, тобокелдиктерди жана банк ишинде орун алган кейгөйлөрдү алгачкы белгилери байкалган учурда эле аныктоого багытталган. Филиалдарынын саны көп банктардын ишине тиешелүү маселелерге, айрыкча операцияларынын олуттуу көлөмү региондордо жайгашкан филиалдарда ишке ашырылган банктарга айрыкча көңүл бурулган.

Коммерциялык банктардын 2009-жылга комплекстүү жана максаттуу текшерүүлөр боюнча жыйынтыкталган планына ылайык, 22 комплекстүү текшерүү жана 23 максаттуу текшерүү ишке ашырылган, алардын ичинен кассалык тартиптин сакталышы боюнча 17 максаттуу текшерүү жана банк ишинин айрым аспектилери боюнча пландан тышкаркы 6 текшерүү жүргүзүлгөн. Мында, комплекстүү текшерүүлөрдүн чегинде региондордо жайгашкан 159 филиалдар да текшерүүдөн өткөн.

Текшерүүлөрдүн жүрүшүндө банктардын финансылык жактан туруктуулугуна, алардын активдеринин сапатына, тобокелдикти тескөө ишинин сапатына баа берүүлөргө, ички контролдуктун уюштурулушуна жана анын иш натыйжасына, терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында мыйзам актыларынын сакталышына өзгөчө көңүл бурулган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча көзөмөлдүктү жүргүзүү чегинде тиешелүү чаралар көрүлүп, коммерциялык банктардын жетекчилери менен кеңешмелер өткөрүлгөн. Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында коюлган талаптардын коммерциялык банктар тарабынан аткарылышына тиешелүү маалыматтар Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо боюнча мамлекеттик кызматына мыйзам актыларына ылайык жөнөтүлүп турган.

Отчеттук мезгил ичинде инспекциялоо ишинин сапатын жогорулатуу, ушул иш чөйрөсүнө тиешелүү усулдук базаны өркүндөтүү жагында иштер туруктуу жүргүзүлүп келген.

### 3.3.4. Таасир этүү чаралары

*Көзөмөл боюнча комитет*

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарга жана финансы-кредит мекемелерине карата эскертүү чараларын жана санкцияларды колдонуу жөнүндө чечим түздөн-түз Улуттук банктын Банктык көзөмөл башкармалыгы тарабынан сыяктуу эле, Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат. Отчеттук жылда тышкы көзөмөлдүктү жүргүзүүнүн чегинде коммерциялык банктардын дарегине 20 эскертүү жана 2 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Мындан тышкары, банктарга комплекстүү текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча аныкталган кемчиликтерди четтетүү жагында эскертүүлөр берилген. Коммерциялык банктардын ишине тиешелүү маселелер Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин отурумунда каралып турган.

### 3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүк боюнча ченемдик базаларды өркүндөтүү

*Ченемдик базаны өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

2009-жыл ичинде Улуттук банк тарабынан банктык көзөмөл жана жөнгө салуу иш чөйрөсүнө тиешелүү ченемдик базаларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылып, алар банктык көзөмөлдүк системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга, Кыргыз Республикасынын банк тутумун өнүктүрүүгө, Базель Комитетинин банктык көзөмөл боюнча негизги принциптерин колдонууга киргизүүгө, ошондой эле колдонулуп келинген нормаларды банктык мыйзам актыларына ылайык келтирүүгө багытталган. Мында, банктык тобокелдикти тескөөнүн шайкеш системасын калыптандыруу, банк тутумунун ишинин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, терроризмди каржылоо жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легали-

зациялоо (адалдоо) боюнча операцияларга бөгөт коюу маселелерине өзгөчө маани берилген.

*Банк ишин лицензиялоо*

Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык келтирүү максатында «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор иштелип чыгып, бекитилген, аларга ылайык ислам банкын жана «ислам терезесине» ээ банкты түзүү боюнча талаптар белгиленип, банк лицензиясындагы операциялар боюнча чектөөлөрдү алып салуу тартиби ишелип чыгып, банктардын кызмат адамдарына карата талаптар толукталып, анын ичинде Шарият кеңешинин мүчөлөрүнө карата талаптар белгиленген. Мындан тышкары, банктардын кызмат адамдарына тиешелүү сыяктуу эле, банк акционерлери боюнча маалыматтарды өз учурунда толук берилишине карата да талаптар белгиленген, бул иши Улуттук банк тарабынан жөнгө салынган банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишине консолидацияланган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу боюнча маселелерди чечүү учурунда маалыматтарды өз учурунда жана натыйжалуу алмашуу максатын көздөйт.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

2008-жылдын бугу айынын он алтысында «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» жана «Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоого сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Кабыл алынган документтерге ылайык уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү жана бардык банктар үчүн капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмү, ар бир банктык эмес уюмга кандай болбосун финансылык салымдарды жана кредиттерди кошо алганда, инвестициялардын максималдуу өлчөмү нормативдери өзгөртүлүп, банк каражаттарды банктык жайга кошумча инвестициялоого ниетин билдирген учурларда, Улуттук банктын алдын-ала макулдугун алуу процесси алынып салынган.

*Көзөмөл боюнча комитет*

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык келтирүү үчүн «Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобого сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Алар негизинен, Көзөмөл боюнча комитеттин банк Башкармасынын Төрагасы, банк Башкармасынын Төрагасынын кредиттик иш чөйрөсүн түздөн-түз тескөөгө алган орун басары кызматына, ички аудит кызматынын (бөлүмүнүн) жетекчисинин жана башкы бухгалтердин кызмат ордуна талапкерлерди макулдашуу маселеси боюнча чечим кабыл алуу жагындагы ыйгарым укуктарына тиешелүү болгон.

*Тобокелдиктерди тескөө*

Банктардын операциялык тобокелдиктерин натыйжалуу тескөөгө алуу максатында, операциялык тобокелдиктеринин ордун жабуу үчүн зарыл болгон жана банк өз иши үчүн пайдаланышына каралган капитал деңгээлин аныктоо боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыгып, Көзөмөл боюнча комитеттин токтому менен бекитилген. Бул документ Базель Комитетинин банктык көзөмөл боюнча эл аралык стандарттарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

*Консолидацияланган көзөмөл*

Консолидацияланган көзөмөлдүктү өркүндөтүү ишинин алкагында Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын туунду же караштуу компанияларды түзүүсү жана/же сатып алуусуна тиешелүү эрежелер кабыл алынган. Документте банктын туунду жана караштуу компаниялары жүзөгө ашыра алган иш чөйрөсүнүн түрлөрү; туунду же караштуу компанияларга коюулуучу критерийлер; туунду же караштуу компанияларды түзүүгө жана/же сатып алууга укугу бар банктарга карата талаптар; туунду же караштуу компанияларды түзүү жана/же

сатып алууга банктар тарабынан берилген документтерди кароо жана банктарга уруксат берүү тартиби; банктарга уруксат берүүдөн баш тартуу жана берилген уруксатты жокко чыгаруу учурлары каралган.

Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон өткөртүү жөнүндө» мыйзамына ылайыкташтыруу, ошондой эле Дүйнөлүк банктын «Бизнес жүргүзүү-2010» отчету боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык рейтингинин индикаторлорун жакшыртууга багытталган иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча аракеттенүү планын аткаруу максатында, «Депозиттер менен иш алып баруу жөнүндө» убактылуу нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Сунушталган өзгөртүүлөргө ылайык, «бирдиктүү терезе» принциби боюнча каттоодон өткөн юридикалык жактардын, ошондой эле филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн банктык эсептерди ачуусу үчүн зарыл болгон документтер тизмеги кыскартылган.

Банктардын баалуу металлдар менен иш алып баруу жагындагы жигерин арттыруу таламында, баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү чегинде «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынып, «Коммерциялык банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамына ылайык, «Депозиттерди тартуу менен иш алып барган коммерциялык банктарга жана микрофинансылык компанияларга консервация чарасын колдонуу жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген. Анда консервация чарасынын мөөнөтү, консерваторго карата квалификациялык талаптар, консерватордун банкта бул чараны ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктары жана милдеттери, Улуттук банктын кызмат адамдарын жана кызматкерлерин, ошондой эле Улуттук банк дайындаган башка адамдарды укуктук коргоо, консервация чарасын жүргүзүүдө ага каршы аракеттердин көрүлгөндүгү жөнүндө актынын формасы белгиленген.

*Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө», «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоо) каршы аракеттер жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» жана «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөргө жана толуктоолорго ылайык келтирүү ишинин алкагында «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоо) каршы аракеттенүү максатында ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө», «Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарында жана кредиттик союздарында «Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө» жоболорго жана «Инспекторлук текшерүүлөрдү жеринде жүргүзүү жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Аларда чет өлкөлүк саясий маанилүү жактар менен иш алып барууга, банктардын туунду жана караштуу компаниялары тарабынан терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында ички контролдукту уюштуруу боюнча тиешелүү чаралардын сакталышын камсыз кылуу, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында иш алып барган кызмат адамдарына карата талаптар белгиленген.

*Банктардын тышкы аудити*

Кыргыз Республикасынын «Аудитордук иш жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамга ылайык «Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата миинималдуу талаптар жөнүндө» жобого милдеттүү аудиттин жүргүзүлгөндүгү жана финансылык отчеттун жарыялангандыгы тууралуу банктын ыйгарым укуктуу органды маалымдоо зарылчылыгы жөнүндө талаптарга тиешелүү түзөтүүлөр кабыл алынган. Ушул жобонун талаптары Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусуна, Өнүктүрүү фондусуна жана микрофинансылык компанияларга да тиешелүү.

*Валюта позициясы боюнча талаптар*

Банктардын валюта позицияларын эсептөөсүнө бирдиктүү ыкманы камсыз кылуу максатында «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктар тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышынын тартиби жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр бекитилген. Ошол өзгөртүүлөргө ылайык, валюта позицияларын эсептөөгө гарантияларды аккредитивдерди жана ошол эле валютада камсыз кылынган ошондой эле финансылык инструменттерди эске албаганда, банктар тарабынан чыгарылган же тастыкталган кайтарылып алынгыс гарантиялар, аккредитивдер жана чет өлкө валютасында номинацияланган ошолордой эле финансылык инструменттер кошулат.

*Ислам каржылоо принциптери*

Кыргыз Республикасы, Ислам өнүктүрүү банкы жана «Экобанк» ААКсынын ортосунда ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин Кыргыз Республикасында колдонууга киргизүүгө тиешелүү өз ара түшүнүшүү жөнүндө Меморандумдун чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүнүн алгачкы долбоору жөнүндө» Жарлыгына ылайык, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзамдар кабыл алынган. Мындан тышкары, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык, операцияларды жүзөгө ашырган банктардын ишин жөнгө салуучу 10 ченемдик укуктук акты бекитилген.

Мындан тышкары, отчеттук жылда, Кыргыз Республикасында кредиттик союздар, микрофинансылык уюмдар, ислам банк иши каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашыруусу үчүн мыйзамдык базаны түптөө максатында, «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору иштелип чыккан.

Улуттук банк менен Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин өз ара иш алып баруусуна дем берүү максатында, 2009-жылдын бирдин айынын он жетисинде Өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюлган.

*Депозиттерди коргоо системасы*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында, «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга, аманаттар боюнча ордун толтуруп берүүнүн чектүү суммасын 20 миң сомдон 100 миң сомго чейин көбөйтүүнү жана гарантиялык учурдун келип чыгышына жана анын натыйжаларына тиешелүү мыйзам нормасын мөөнөтүнөн мурда күчүнө киргизүүнү караган өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып, иштеп жаткан коммерциялык банктар депозиттерди коргоо системасына катышкан банктар болуп эсептелишет.

Депозиттерди коргоо системасын андан-ары колдонууга киргизүүнүн алкагында банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери тууралуу маалымат базасын жүргүзүү боюнча усулдук көрсөтмөлөр иштелип чыккан.

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

Улуттук банк 2009-жылы учур талабына жооп берген улуттук төлөм системасын өнүктүрүү жагында алдыга коюлган милдеттерди ишке ашырууну улантkan. Мында, чекене бизнестин кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө айрыкча көңүл бурулуп, анын натыйжасында төлөм карттарын пайдалануу жигери артып, утурумдук төлөмдөрдү төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган банктардын саны өскөн. Калайык-калктын коммерциялык банктардын банктык кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуунун чегинде чекене төлөмдөр инфраструктурасын жигердүү өнүктүрүү, анын ичинде банкомат-терминал түйүнүн пайдалануу менен өнүктүрүү иши активдүү улантылган.

Буга карабастан, банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалана албай жаткан калктын үлүшү жогору бойдон сакталып калууда, демек, нак акча ар кандай төлөмдөрдү төлөөдө негизги төлөм каражаты бойдон калууда. Отчеттук жылда жүгүртүүдөгү акчанын артышы чарба жүргүзүүчү субъекттердин нак акчага талабынын туруктуу өсүшүнө жана товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунун кеңейүүсүнө байланыштуу болгон. Улуттук банк жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө туруктуу мониторинг жүргүзүп, экономиканын улуттук валютанын банкнотторунун жана монеталарынын зарыл номиналына болгон керектөөсүн камсыз кыла алган.

## 4.1. Төлөм системасын өнүктүрүү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасы эсептешүүлөрдүн гросстук системасынан (ГСРРВ), пакеттик клиринг системасынан (СПК) жана төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүү системасынан турган. Улуттук банк, филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы жана Мамлекеттер аралык банк Кыргыз Республикасында банктар аралык төлөм системасынын катышуучуларынан болгон.

*Банктар аралык төлөм системалары*

Банктар аралык төлөм системалары аркылуу (ГСРРВ жана СПК) бардыгы болуп 478,5 млрд. сом жалпы суммасында 3 405 573 төлөм өткөрүлгөн, бул 2008-жылдагыдан 9,6 пайызга же 41,7 млрд. сомго көп.

***<u>4.1.1.1-график</u>***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)



Гросстук төлөмдөрдүн саны 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 13,0 пайызга, клирингдик төлөмдөрдүн саны 32,1 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.2-график***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны (бир мезгилдин акырына карата)




*Банктык төлөм карттар*

Отчеттук жылда коммерциялык банктар локалдык, эл аралык системалардын, «Элкарт» улуттук системасынын төлөм карттарын эмиссиялоо жана тейлөөгө алуу жагында кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүү боюнча программаларды жигердүү өнүктүрүүгө жетишкен.

Отчеттук жылдын акырына карата банктык карттардын эмиссиясы, эквайринги жана аларды пайдалануу менен кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү республиканын 22 банкынын ичинен 18 банкы сунуштаган. Алардын ичинен эл аралык карттардын эмитенти болуп 11 банк саналган, ал эми локалдык система боюнча карттарды тейлөөнү үч банк, улуттук система боюнча он төрт банк иш алып барган.

*Карттардын эмиссиясы*

Эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны 167 870 дааналы түзүп, жыл ичинде 39,6 пайызга көбөйгөн. Эмгек акы долбоорунун чегинде берилген банктык карттардын санынын артышы эмитирленген банктык карттардын санынын олуттуу арымда өсүшкө ээ болуусун шарттаган. Натыйжада 83 661 карт чыгарылып, анын 52 055 карты «Элкарт» улуттук системасынын карты болгон, бул 2008-жылдагыга караганда 41,0 пайызга көп.

***4.1.1.3-график***

Банктык төлөм карттарынын санынын динамикасы



*Карттарды пайдалануу менен операциялар*

Карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 10,0 млрд. сомду түзүү менен 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 46,2 пайызга көбөйгөн. Эл аралык системалар боюнча 5,4 млрд. сом эквивалентинде операциялар жүргүзүлгөн, бул 2008-жылы жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнөн 21,4 пайызга көп. Локалдык системалар боюнча операциялардын көлөмү 2008-жылдагыга караганда 32,6 пайызга көп болуу менен 2,3 млрд. сом чегинде катталган. 2009-жылы «Элкарт» улуттук системасы боюнча жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмү 3,5 эсеге өсүп, 2,3 млрд. сомду түзгөн.

Эмитирленген карттардын жана аларды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын санынын артышы банктык карт рыногунда иш жигеринин жандануусун тастыктайт.

Банкомат түйүнүнүн өсүшү нак акча алуу операцияларынын көлөмүнүн көбөйүүсүнө алып келген, ал карттарды пайдалануу менен соода-сервистик ишканаларда келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 401,2 млн. сомду түзгөн учурда, 9,6 млрд. сомго жеткен.

Бардыгы болуп отчеттук жылы карттарды пайдалануу менен 2 836 233 операция ишке ашырылган, бул бир жыл мурдагы көрсөткүчтөн 78,5 пайызга көп. Булардын ичинен локалдык система боюнча 566 796 операция же 2008-жылдагыга караганда 5,4 пайызга аз операция жүргүзүлгөн. Эл аралык системалар боюнча ишке ашырылган операциялардын саны 2008-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 78,9 пайызга өсүп, 1 397 032 операцияны түзгөн. Улуттук «Элкарт» системасы аркылуу отчеттук жыл ичинде 841 209 операция жүргүзүлгөн.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

Системалар боюнча бөлүп кароодо иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны:

– улуттук «Элкарт» системасы боюнча – 154 банкоматты жана 428 терминалды түзөт. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын интеграциялануусунун жыйынтыгы боюнча эл аралык системанын бардык банкоматтары жана «Алай-Кард» локалдык системасынын 44 терминалы «Элкарт» улуттук төлөм картын тейлөөгө кабыл алган;

– эл аралык системалар боюнча – 132 банкомат жана 712 терминал, булардын ичинен 39 банкомат «Демир 24» локалдык картын тейлөөнү ишке ашырат;

– «Алай-Кард» системасы боюнча – 29 банкомат жана 225 терминал, анын ичинен 72 терминал «Золотая корона» системасынын карттарын кабыл алып, тейлөөнү камсыз кылат.

Ошентип, банктык төлөм карттар Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагы боюнча калк эң көп келген жерлерде орнотулган 315 банкоматта жана 1 388 терминалда тейлөөгө кабыл алынат.

***4.1.1.4-график***

Банкоматтар жана терминалдар санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата



### 4.1.2. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк

Улуттук төлөм системасынын туруктуу иштеп туруусун камсыз кылуу максатында 2009-жылы Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине контролдукту жана көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу ыкмаларын өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Көзөмөлдүк объектилеринен болуп төмөнкүлөр саналган:

*Төлөм системасындагы көзөмөлдүк объекттери*

– *Системалуу мааниге ээ төлөм системасы*: айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана пакеттик клиринг системасы;

– *Маанилүү төлөм системалары*: төлөм карттары менен эсептешүүлөр системалары (локалдык, эл аралык жана «Элкарт» улуттук системасы);

– *Системалуу мааниге ээ эмес төлөм системалары*: эсеп ачуу менен же эсеп ачуусуз акча которуу системалары (локалдык жана эл аралык).

Улуттук банк ошондой эле чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү боюнча катышуучулардын корреспонденттик мамилелери системасынын ишине жана SWIFT ЖКТнын ишине контролдукту жүзөгө ашырган.

Төлөм системасынын ишине көзөмөлдүктүн чегинде төмөнкү негизги багыттар боюнча комплекстүү аракеттер туруктуу негизде жүргүзүлүп келген:

*Төлөм системасына көзөмөлдүк жүргүзүүнүн негизги багыттары*

1) ликвиддүүлүктү тескөө механизмдеринин натыйжалуулугуна баа берүү, системалар боюнча сапаттык жана сандык көрсөткүчтөргө анализдөөлөрдү жүргүзүү, төлөм системасынын ишине мониторинг жүргүзүү аркылуу адаттагыдан башка жагдайлардын келип чыгышы учурунда тобокелдикке баа берүү;

2) системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын ишинин эл аралык стандарттарга ылайык келүүсүнө системанын операторлору жана катышуучулары берип турган маалыматтардын негизинде жыл сайын баа берип туруу, бул иш алардын ишин өркүндөтүү жана келип чыгышы мүмкүн болгон потенциалдуу тобокелдиктерди басаңдатуу максатында жүргүзүлөт;

3) көзөмөлдүк чегинде чараларды көрүү жана төлөм системасынын катышуучулары жана операторлору менен өз ара иш алып баруу.

Республикада бирдиктүү төлөм мейкиндигин түзүү үчүн банктык көзөмөлдүк менен биргеликте отчеттук жылы беш коммерциялык банкка карата колдонуудагы эл аралык жана локалдык төлөм системаларын «Элкарт» улуттук системасына интеграциялоону камсыз кылуу максатында, тиешелүү чаралар көрүлгөн.

*Төлөм системаларынын 2009-жылдагы ишине баа берүүлөр*

Кыргыз Республикасында системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын ишине 2009-жылы жүргүзүлгөн баа берүүлөр, бүтүндөй алганда ал, системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн каралган бардык негизги принциптерге ылайык келе тургандыгын көрсөткөн[1].

Борбордук банктын системалуу мааниге ээ төлөм системасы үчүн негизги принциптерди колдонуу боюнча милдети толугу менен аткарылууда.

### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программанын жүзөгө ашырылышы

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү жана алардын натыйжалуу өткөрүлүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды кеңейтүү боюнча иш-чаралардын мамлекеттик программасынын негизги багыттарын жүзөгө ашыруу жагында иштерди уланткан.

*Пакеттик клиринг системасы*

СПКны өнүктүрүүнүн чегинде коммерциялык банктар тике дебеттөө кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууга киргизүүгө багытталган иш-чараларды аягына чыгаруу жагында иштерди жүргүзгөн. Учурда 13 банк «Түндүкэлектро» ААКсынын, «Биш-

[1] «Системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн негизги принциптер», эл аралык эсептешүүлөр банкынын төлөмдөр жана эсептешүүлөр системасы боюнча комитети, Базель, Швейцария, 2001-жылдын үчтүн айы («Core Principles for Systemically Important Payment Systems», BIS, Basel, Switzerland, January, 2001.)

кексууканал» өндүрүштүк башкармалыгынын жана «Бишкекжылуулуктүйүнү» ААКсынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдөрдү кардар эсебине тике дебеттөө аркылуу кабыл алууга даяр. Калган банктар ушул иш чараны аткаруунун ар кандай баскычында турууда.

*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы*

Жыл ичинде ГСРРВ системасынын ишин пайдалуунучулардын иш коопсуздугун жана ГСРРВ менен СПК ортосунда өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу жагында модернизациялоо боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылган. Ошондой эле «Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу электрондук билдирүүлөрдү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» нускоонун жаңы редакциясы бекитилген.

*Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору*

Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборун өнүктүрүү чегинде «VISA International» эл аралык системасында «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКты сертификациялоо жана рынокто иштеп жаткан локалдык жана эл аралык системаларга интеграциялоо боюнча иштер бүткөрүлгөн. Жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында «Элкарт» улуттук төлөм карты бүтүндөй республиканын аймагындагы банкоматтарда жана терминалдарда тейлөөгө кабыл алынуудa.

Отчеттук жылы бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунун техникалык жабдууларын Улуттук банктан анын «Элкарт» улуттук системасынын операторунун функциясын камсыз кылуусуна жана коммерциялык банктар менен өз ара иш алып баруусу үчүн «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКка өткөрүп берүү иши аяктаган.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Улуттук банктын нак акча жүгүртүлүшү жагындагы ишинин негизги максаты болуп, республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу саналат.

Отчеттук жылы жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 16,0 пайызга өсүп, 35,7 млрд. сомду түзгөн.

***<u>4.2.1-график</u>***

Жүгүртүүдөгү акчалардын санынын өзгөрүүсүнүн динамикасы
(бир мезгилдин акырына карата)




Жүгүртүүдөгү акчанын артышы экономиканын өсүшүнө, демек, чарба жүргүзүүчү субъекттердин нак акчага туруктуу керектөөсүнүн орун алып жатышына, ошондой эле социалдык пакет боюнча мамлекеттик төлөөлөрдүн жогорулоосуна байланыштуу болгон.

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү жана андан берилиши*

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2009-жылы 98,8 пайызды (2008-жылы 99,7 пайыз) түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү отчеттук жылда 240,8 млрд. сомду түзүү менен 2008-жылдагы деңгээлде калган. Банктардын кассаларынан нак акча берүүлөр 0,9 пайызга өсүп 243,7 млрд. сом чегинде катталган.

***<u>4.2.1-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчалардын жылышы
(бир мезгил үчүн)

| | Түшүүлөр, *млн. сом* | | Берүү, *млн. сом.* | | Кайтарымдуулугу, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2008-ж. | 2009-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. |
| **Бардыгы** | **240 759,4** | **240 814,7** | **241 567,2** | **243 719,9** | **99,7** | **98,8** |
| Бишкек шаары | 158 597,0 | 149 787,5 | 149 201,7 | 139 375,2 | 106,3 | 107,5 |
| Баткен обл. | 2 942,2 | 3 871,6 | 6 296,2 | 6 381,7 | 46,7 | 60,7 |
| Жалал-Абат обл. | 16 165,2 | 20 818,1 | 22 992,9 | 26 675,8 | 70,3 | 78,0 |
| Ысык-Көл обл. | 7 236,9 | 8 204,9 | 8 823,6 | 10 586,8 | 82,0 | 77,5 |
| Нарын обл. | 2 109,3 | 2 542,4 | 3 422,4 | 4 525,9 | 61,6 | 56,2 |
| Ош шаары | 36 428,3 | 36 717,9 | 29 758,4 | 31 960,8 | 122,4 | 114,9 |
| Ош обл. | 4 786,3 | 4 903,3 | 8 388,9 | 8 432,6 | 57,1 | 58,1 |
| Талас обл. | 2 180,7 | 3 109,1 | 3 518,0 | 5 367,6 | 62,0 | 57,9 |
| Чүй обл. | 10 313,5 | 10 859,9 | 9 165,1 | 10 413,5 | 112,5 | 104,3 |

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде экономиканын тиешелүү номиналдарга керектөөсүн канааттандыруу жана банкноттордун зарыл болгон номиналдарынын оптималдуу запасын колдоо боюнча иштер туруктуу жүргүзүлүп, жаңы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, ошондой эле эскилиги жеткендерин жүгүртүүдөн алып, жок кылуу иштери жүргүзүлгөн.

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү негизинен туруктуу сакталып калган, ал эми 1000 сом номиналындагы банкноттун салыштырма салмагынын азаюусу 5000 сом номиналындагы банкноттун жүгүртүүгө чыгарылышынын натыйжасында келип чыккан.

*Монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу*

Отчеттук жылда 10 сом номиналындагы монета жүргүртүүгө чыгарылган. Ал 2008-жылы номиналы төмөн банкнотторду алмаштыруу үчүн чыгарылган 10, 50 тыйын, 1, 3, 5 сом номиналындагы монеталардын катарын толуктаган.

***<u>4.2.2-таблица</u>***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү жана монеталар
(бир мезгилдин акырына карата)

*(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 5 000 сом | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2008-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,9 | 1,9 | 3,9 | 8,0 | 19,1 | 65,1 | | 100,0 |
| 2009-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,9 | 1,7 | 3,4 | 6,1 | 16,4 | 54,9 | 15,5 | 100,0 |

***<u>4.2.2-график</u>***

Жүгүртүүдөгү банкнотторду жана монеталарды номиналы боюнча бөлүштүрүү
(бир мезгилдин акырына карата)




Улуттук банк нак акча жүгүртүлүшү жана кассалык иштин уюштурулушуна тиешелүү ченемдик базаларды, жол-жоболорду андан-ары өркүндөтүү боюнча иштерди да уланткан.

*Нумизматикалык монеталарды жана төртүнчү сериянын банкнотторун жүгүртүүгө чыгаруу*

Отчеттук жылы кыргыздын чыгаан уулу, улуу инсан Ч. Айтматовдун чыгармаларына арналган «Ч. Айтматов», «Жамиля», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Гүлсарат», «Ак кеме» ошондой эле «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн жаныбарлар дүйнөсү» жана «ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн элдеринин уламыштары жана жомоктору» сериясындагы «Бүркүт», «Бугу-эне» коллекциялык күмүш монеталары, «Кыргызстан Улуу жибек жолунда» сериясындагы «Сулайман Тоо» жана «Ысык-Көл» күмүш жана жез никелден жасалган коллекциялык монеталары жүгүртүүгө чыгарылган.

Мындан тышкары, отчеттук жылы коргоо белгилери кыйла өркүндөтүлгөн, жаңы дизайнга ээ, өлчөмдөрү бир аз кичирейтилген 4-сериядагы 20, 50, 100, 5000 сом номиналындагы банкноттор да колдонууга сунушталган.

2009-жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы саны 555 даананы түзгөн (2008-жылы – 113 даана) бул суммардык катышта 346 995 сомду түзөт (2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,001 пайызы).

Ушул эле жылы Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан жасалма акча жасоочулук фактысы боюнча 10 кылмыш иши кароого алынып, алардын ичинен 6 кылмыш иши боюнча айыптоо өкүмү чыгарылып, алты адам жазага тартылган.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылдагы иши борбордук банктар, эл аралык уюмдар менен тышкы экономикалык байланыштарды андан-ары өнүктүрүүгө багытталып, жыл ичинде бир катар эл аралык мааниге ээ окуялардын болуп өтүшү менен мүнөздөлгөн. Алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктары менен эки тараптуу сыяктуу эле, көп тараптуу негизде, анын ичинде Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин, Евразия экономикалык шериктештигинин жана башка интеграциялык институттардын чегинде мамилелерди андан-ары бекемдөө жүргүзүлгөн иш натыйжасынан болгон.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык уюмдар менен отчеттук жыл ичиндеги кызматташуусу техникалык колдоо, консультациялык жардамдарды көрсөтүү, маалымат алмашуу, ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү жагындагы биргелешкен долбоорлордун чегинде ишке ашырылган.

*ЭВФ менен кызматташуу*

Отчеттук жылда Улуттук банк, Эл аралык валюта фондусу (ЭВФ) менен ESF (тышкы таасирлерди четтетүү үчүн каржылоо механизми) механизмин каржылоо чегинде экономикалык кызматташуунун биргелешкен программасы боюнча ишти уланткан. Алгачкы миссиянын иш жыйынтыгы боюнча программанын аткарылышынын сандык жана структуралык көрсөткүчтөрү макулдашылган.

Отчеттук жылдын март айында ЭВФ менен биргеликте «Түштүк Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө дүйнөлүк финансылык каатчылыктын таасири» темасында эл аралык регионалдык конференция уюштурулуп, өткөрүлгөн. Ага Арменияныны, Азербайжандын, Грузиянын, Казакстандын, Кыргыз Республикасынын жана Түркмөнстандын улуттук (борбордук) жана башка мамлекеттик органдарынын жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жана Өкмөттүн Аппаратынын өкүлдөрү, эл аралык финансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасында акредиттелген элчиликтердин өкүлдөрү катышкан. Мына ушул конференциянын алкагында глобалдуу финансылык олку-солкулуктун Түштүк Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн кандай таасир эткендиги жана алардын кесепеттерин четтетүү маселелери; финансы сектору жана алмашуу курсу проблемалары, акча которуулар аркылуу жакырчылык деңгээлине келтирилип жаткан таасирге баа берүү жана аларды жеңилдеттүү боюнча мүмкүн болгон чаралар, ошондой эле актуалдуу башка маселелер талкууга алынган.

ЭВФтин Директор-тескөөчүсү Доминик Стросс-Кандын жылдын кулжа айынын он жетисинде Борбордук Азия өлкөлөрү боюнча кыдыруусунун чегинде Кыргыз Республикасына болгон алгачкы расмий кыдыруусу отчеттук жылдагы эң эле олуттуу мааниге ээ окуядан болгон.

Д. Стросс-Кан мырза Кыргыз Республикасынын Президенти, Премьер-министри, Улуттук банктын Төрагасы жана өкмөттүн экономикалык блогунун негизги ведомстволорунун жетекчилери менен жолугушкан. ЭВФтин Директор-тескөөчүсү эл аралык шериктештик, анын ичинде ЭВФ тарабынан дүйнөлүк финансылык каатчылыктан улам Кыргызстанга эң эле таасирдүү көрсөтүлүп жаткан жардамга тиешелүү маселелерге өзгөчө көңүл бурган. Мындан тышкары, Д. Стросс-Кан мырзанын Кыргыз Улуттук университетинде «Дүйнөлүк фи-

нансылык каатчылык жана анын Борбордук Азияга тийгизип жаткан таасири» темасына арналган жолугушуусу уюштурулган. Кыдыруунун аягында ал ЭВФ мындан ары да финансылык колдоолорду жана техникалык жардамдарды сунуштай бере тургандыгын белгилеген.

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча актуалдуу маселелерди чечүү максатында, ЭВФтин техникалык жардамынын чегинде «Ислам финансылык мекемелеринде тобокелдиктерди тескөө» темасында уюштурулган семинардын жүрүшүндө ислам банктарында орун алган тобокелдиктер жана аларды тескөө, капиталдын шайкештиги жана көзөмөлдүк маселелерин кошо алганда, ислам каржылоо принциптерине арналган жалпы маселелер кароого алынган. Семинардын жыйынтыгы боюнча ислам банктарынын жана «ислам терезесине» ээ банктардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актылар иштелип чыккан.

2009-жылы Улуттук банк ЭВФ жана Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы бюросу (SECO) терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү түзүмдөрүн күчөтүү (ПФТ/ОД) боюнча долбоордун экинчи баскычын жүзөгө ашыруу жагында биргелешкен ишти уланткан.

ЭВФтин консультантынын 3 миссиясынын жүрүшүндө Улуттук банктын көзөмөл блогунун кызматкерлери үчүн «Тобокелдикти аныктоого багытталган көзөмөлдүк жана ПФТ/ОД чегинде жер-жерлерде инспекциялоону жүргүзүү», «Алмашуу пункттарынын жана бюролорунун ишине ПФТ/ОД талаптарынын алар тарабынан аткарылышы көз карашынан көзөмөлдүк темаларында» семинарлар уюштурулуп, алардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын ПФТ/ОДга тиешелүү мыйзамдарына сунушталган акыркы өзгөртүүлөр жана ушул маселелерге тиешелүү айрым ченемдик укуктук актыларга сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолордун долбоору талкууга алынган. Акча каражатынын изин жашырууга жана терроризмди каржылоого каршы күрөшүү чөйрөсүндө эл аралык тажрыйба менен таанышуу максатында, ушул долбоордун чегинде Улуттук банктын кызматкерлери отчеттук жылдын бештин айында Швейцарияда өткөрүлгөн «Терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү» темасындагы эл аралык семинарга, ошондой эле Украина Улуттук банкы тарабынан уюштурулган стажировкада болушуп, ПФТ/ОД системасынын уюштурулушу, бул багыттагы ченемдик базаларга өзгөртүүлөрдүн киргизилиши, ошондой эле банк тутумунда ПФТ/ОД чегинде күрөшүүнүн жаңы ыкмалары менен таанышышты.

*Дүйнөлүк банк менен кызматташуу*

Отчеттук жылда ЭВФтин техникалык миссиясынын колдоосу астында Дүйнөлүк банктын «Банк жана төлөм системаларын модернизциялоо» долбоору жана Кыргыз Республикасынын төлөм системасын реформалоо боюнча иштер улантылган, учур талабына жооп берген улуттук төлөм системасын өнүктүрүү анын негизги максатынан болгон, ал коммерциялык банктарга операциялардын ири көлөмүн кыйла ишенимдүү коопсуз жана жеткиликтүү формада иштеп чыгуу менен калайык-калкка эң алгылыктуу банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого өбөлгө түзөт.

Ошондой эле, Дүйнөлүк банктын консультанттары менен биргеликте нак эмес эсептешүүлөрдү арттыруу, төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк, аларга анализдөөлөрдү жүргүзүү жана баа берүү сыяктуу маселелер кароого алынган, атап айтканда, Евросоюзда тике дебеттөө кызмат көрсөтүүсүн колдонууга киргизүү, ушул иш багыты боюнча маркетингдик планды иштеп чыгуу; финансылык тобокелдиктерди төмөндөтүү жана төлөм системасында ликвиддүүлүктү тескөөнүн натыйжалуу механизмин иштеп чыгуу үчүн Камсыздандыруу фондусун түзүү боюнча сунуш көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу; чекене банктык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү, жана башка маселелер талкууга алынган. Мындан тышкары, «Төлөмдөр жана эсептешүүлөр жөнүндө» мыйзам долбоо-

ру, «Акчалай которуулар жөнүндө» жана «Банктык төлөм карттар жөнүндө» мыйзам долбоору талкууланган.

Дүйнөлүк банк тарабынан «Европа жана Борбордук Азия регионунда миграция маселеси жана акча которуулар. Проблемалар жана мүмкүнчүлүктөр» темасына арналган, төлөм теңдеми статистикасын жакшыртууну караган семинар-телеконференция уюштурулган. Ага Молдова, Таджикистан, Украина, Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы, Өзбекстан, Армения, Кыргызстан сыяктуу өлкөлөрдүн өкүлдөрү катышкан.

2009-жылы Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасын өркүндөтүүгө багытталган «Чек арага жакын соода жүргүзүүгө жана расмий статистикада камтылбаган товарлардын реэкспортуна иликтөөлөрдү жүргүзүү» долбоорунун чегинде, жеринде барып изилдөө иштеринин алгачкы баскычы аягына чыгарылган.

Жылдын бештин айында Дүйнөлүк банктын консультантынын банктык көзөмөлдүктүн жана лицензиялоонун жигерин арттыруу жагында техникалык жардамдарды көрсөтүү максатында Улуттук банкка визитинин жүрүшүндө 2010-жылга бул багытта кызматташууну улантуу жөнүндө макулдашууга жетишилген.

*Германия техникалык кызматташуу коому менен кызматташуу*

Мындан тышкары, Борбордук Азияда микрофинансы секторун колдоого алуунун регионалдык программасын жүзөгө ашыруунун чегинде Германия техникалык кызматташуу коому менен иш алып баруу улантылган. Жылдын кулжа айында жогоруда аталган коомдун өкүлдөрү иш боюнча кыдыруу менен болуп, анын жүрүшүндө микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишине көзөмөлдөө саясаты, жол-жоболору, адам ресурсун жана көзөмөлдүктүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн зарыл болгон маалымат системасын өнүктүрүү маселелерин кошо алганда, микрокаржылоону жөнгө салуу боюнча Улуттук банктын потенциалына дем берүү маселелери талкууга алынган. Бул үчүн Улуттук банк менен Германия техникалык кызматташуу коомунун ортосунда «Борбордук Азияда микрокаржылоону колдоого алуунун регионалдык программасын Кыргыз Республикасында жүзөгө ашыруу» боюнча келишим долбоору иштелип чыгып, анын чегинде Улуттук банктын өкүлдөрү «Финансы-экономикалык кааттчылыктын кесепеттерин чечтетүүдө микрокаржылоонун ролу» темасына арналган Россияда өткөн VIII улуттук конференцияга катышуу мүмкүнчүлүгүн алган.

*ЕврАзЭС*

Отчеттук жылда Улуттук банк интеграциялык институттардын алкагында иштерди уланткан, ал ЕврАзЭС мамлекеттеринин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин кезектеги 20 отурумунун уюштуруучусу катары чыккан. Кеңешмеге Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын, Таджикистан Республикасынын, ошондой эле Мамлекеттер аралык банктын жана ЕврАзЭС интеграциялык комитетинин катчылыгынын жетекчилери жана өкүлдөрү катышкан.

Отурумдун жүрүшүндө борбордук (улуттук) банктардын ишине тиешелүү актуалдуу маселелер каралып, тиешелүү протоколго кол коюлган, атап айтканда, ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин банк тутумунун 2008-жылдагы иши жана шериктештикке кирген мамлекеттердин экономикаларынын банк секторун өнүктүрүү келечектерине тиешелүү маалыматтар; депозиттерди коргоо системасын ишке киргизүүдө орун алган көйгөйлөр жана алынган тажрыйбалар боюнча маалыматтар, займ (кредит) келишимдери боюнча кредиттик маалыматтарды алмашуу келишиминин долбоору кароого алынып, ошондой эле ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн 2007-2012 жылдары улуттук валюталарынын эл аралык көчмө көргөзмөсүн уюштуруу программасына өзгөртүүлөр киргизилип, ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 2009-2010-жылдарга иш программасы бекитилген.

Ушул отурумда Улуттук банк тарабынан даярдалган «ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын ортосунда банктык эмес

мекемелердин ишин лицензиялоо жана көзөмөлдүккө алуу жагында маалымат жана тажрыйба алмашуу» маселеси кароого алынып, анын чегинде банктык эмес кредиттик мекемелерге карата лицензиялоо, арам акчаны адалдоо жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жагында талаптар сыяктуу аспектилер иштелип чыккан.

Улуттук банктын өкүлдөрү 2009-жылдын жетинин айында Москва шаарында өткөн ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин кеңешинин 21 отурумуна катышкан. Дүйнөлүк финансылык каатчылыктын таасири жана анын кесепеттерин четтетүү жагында мамлекеттер тарабынан көрүлүп жаткан чараларды талкуулоо, ошол отурумдун катышуучулары кароого алган маанилүү темадан болгон.

Ал эми капиталдын жылышына байланыштуу операцияларды жөнгө салуу жана контролдоо ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин валюта саясаттарынын өзөктүү принциптери жөнүндө келишимге кол коюу отчеттук жылдын бештин айында Санкт-Петербург шаарында өткөн ЕврАзЭСтин Мамлекеттер аралык кеңешинин 21 отурумунун иш жыйынтыгынан болгон.

*Мамлекеттер аралык банк*

Мамлекеттер аралык банк менен статистикалык маалыматтарды алмашуу жагында иштер улантылган. Улуттук банктын өкүлдөрү жылдын чын куран жана жетинин айларында Мамлекеттер аралык банктын Москва шаарында өткөн отурумдарына катышкан.

*Шанхай кызматташуу уюму*

Ал эми отчеттук жылдын бештин айында Алматы шаарында Шанхай кызматташуу уюмуна мүчө болгон мамлекеттердин финансы министрлеринин жана борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилеринин жолугушуусу өткөн. Анда, бул уюмга мүчө болгон мамлекеттердин социалдык-экономикалык абалы, дүйнөлүк финансылык-экономикалык каатчылыктын кесепеттерин четтетүү боюнча биргелешкен чаралар, рыногу өнүгүү жолунда калыптанган өлкөлөрдүн дүйнөлүк капитал рыногуна аралашуу шарттары сыяктуу маселелер боюнча маалыматтар кароого сунушталып, тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Ошондой эле Шанхай кызматташуу уюмунун атайын эсебин түзүү жана бул уюмга мүчө болгон мамлекеттер ортосунда эсептешүүлөрдө улуттук валюталарды колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгү маселесине да көңүл бурулган.

## 5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу

Улуттук банктын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктары менен кызматташуусунун алкагында 2009-жылы Улуттук банк тарабынан уюштурулган эл аралык мааниге ээ бир катар иш-чаралар өткөрүлүп, техникалык жана консультациялык жардамдар боюнча биргелешкен долбоорлор жүзөгө ашырылган.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

2009-жылдын бугу айында Швейцария Улуттук банкынын Президенти жетектеген делегация расмий иш сапары менен Улуттук банкта болуп кеткен. Улуттук банктын Төрагасы менен расмий жолугушуулардын жүрүшүндө кызматташууну андан-ары өнүктүрүү келечектерине, ошондой эле техникалык кызматташуунун чегинде өздөштүрүлүп жаткан долбоорлорду ишке ашырууга тиешелүү маселелер талкууланган. Иш сапарынын жүрүшүндө делегация Өкмөттүн жана Финансы министрлигинин өкүлдөрү менен да жолугушуу мүмкүнчүлүгүн алган.

Швейцария Улуттук банкынын техникалык жардам долбоорлорун жүзөгө ашыруунун алкагында, жыл ичинде окуу семинарлары уюштурулуп, банк иши жагында консультациялык жардамдар көрсөтүлүп, Улуттук банктын кызматкерлери бул багытта алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүп, аларды өз ишинде колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Швейцария Улуттук банкы тарабынан ошондой эле, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү жагында техникалык жана усулдук жардамдар да көрсөтүлгөн, анын чегинде 2010-жылы макроэкономикалык үлгүлөрдү түзүү боюнча биргелешкен изилдөө иштерин жүргүзүү болжолдонууда.

*Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлерине консультациялык жардамдарды көрсөтүү жана кесиптик жактан даярдыктан өткөрүү боюнча Дойче Бундесбанкы менен кызматташуу иши улантылып, техникалык маселелер боюнча колдоолор көрсөтүлгөн. Алсак, отчеттук жылдын бугу айында Дойче Бундесбанкы тарабынан Улуттук банкта консолидацияланган көзөмөлдүк боюнча семинар уюштурулган.

Ал эми жылдын тогуздун айында ушул банк тарабынан уюштурулган «Акча кредиттик операциялар» семинар стажировкасына катышуу европадагы борбордук банктын акча-кредит саясатын жүргүзүүсү менен таанышуунун эң мыкты мүмкүнчүлүгүнөн болгон.

*Польша Улуттук банкы менен кызматташуу*

Польша Улуттук банкы менен техникалык кызматташууну улантуунун чегинде 2009-жылы Улуттук банктын кызматкерлери финансылык тобокелдиктерди тескөө жагында билим деңгээлдерин арттыруу максатында стажировкадан өтүшкөн. Анын жүрүшүндө, финансылык тобокелдикти, кредиттик тобокелдикти тескөөнүн алдыңкы ыкмаларына жүргүзүлгөн анализдөөлөр учурда орун алып турган кризистик жагдайдын эл аралык камдарды тескөө процессине таасирине кароого алынган.

*Кытай Элдик банкы менен кызматташуу*

2009-жылдын бугу айында Улуттук банктын жетекчилигинин Кытай Элдик банкынын делегациясы менен расмий жолугушуусу болгон. Тараптар жолугушуунун жүрүшүндө эки тараптуу кызматташуунун келечегин, регионалдык соодасы, борбордук банктар тарабынан глобалдуу финансы-экономикалык каатчылык шартында акча-кредит саясатынын жүргүзүлүшүн кошо алганда, кеңири чөйрөдөгү маселелер боюнча маалымат алмашышкан.

*Карадеңиз региону жана Балкан өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын Башкаруучулар Клубунун отуруму*

Отчеттук жылда Улуттук банк эл аралык маанилүүлүгү боюнча эң ири ишчараны уюштуруучусу катары иш алып барган. Атап айтканда, 2009-жылдын аяк оона айында Борбордук Азия, Карадеңиз региону жана Балкан өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын башкаруучулар Клубунун «Глобалдуу финансылык каатчылыктын шартында акча-кредит саясаты» темасындагы кезектеги XXII отурум өткөрүлгөн. Отурумдун жүрүшүндө акча-кредит саясаты жана банк ишинин маселелери боюнча интеррактивдүү ой-пикирлерди ортого салуу жана тажрыйба алмашуу, ошондой эле түптөлгөн өз ара мамилелерди жана андан-аркы регионал-

дык кызматташууну өнүктүрүү маселелери да талкууга алынган. Бул отурумда Россия Федерациясынын Борбордук банкынын Төрагасы жана Швейцария Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү негизги докладчылардан болгон. Отурумга Албаниянын, Болгариянын, Польшанын, Македониянын, Румыниянын, Түркиянын, Черногориянын, Сербиянын, Арменниянын, Украинанын, Россиянын, Азербайжандын, Тажикстандын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Молдованын борбордук банктарынын жетекчилери катышышкан.

Мындан тышкары, Улуттук банктын жетекчилиги Казакстан Улуттук банкы тарабынан уюштурулган, Борбордук Азия, Карадеңиз региону жана Балкан өлкөлөрүнүн борбордук банктарынын башкаруучулар Клубунун XXI отурумуна да катышкан. Отурумдун жыйынтыгы боюнча Польша Улуттук банкын Клубдун толук кандуу мүчөсү катары кабыл алуу тууралуу Протоколго кол коюлган.

*Италия Банкы менен кызматташуу*

Кароого алынып жаткан жылы Улуттук банктын Италия банкы менен нак акча жүгүртүлүшү маселелери боюнча кызматташуусу жүзөгө ашырылган. Атап айтканда, Улуттук банктын кызматкерлеринин Италия банкына окуу иш сапарлары, банкнотторду даярдатуу жана аларды жок кылуунун учурда калыптанган тенденциялары, нак-акча жүгүртүлүшүн уюштуруу жана борбордук улуттук банктардын евро системасында алардын аудити, ошондой эле эскилиги жеткен жана шектүү банкноттор менен иш алып баруу эрежелери жана жол-жоболору менен таанышууга өбөлгө түзүлгөн.

*Негара Малайзия Банкы менен кызматташуу*

Ислам каржылоо принциптерин өздөштүрүү да Улуттук банктын ишинин маанилүү багыттарынын бири. Бул иш багыты Негара Малайзия банкы, Ислам өнүктүрүү банкы, Ислам изилдөө институту менен кызматташтыктан улам өнүгүп келет. Атап айтканда, 2009-жылы Улуттук банктын өкүлдөрү Негара Малайзия банкында «Ислам каржылоо принциптеринин фундаменталдык негиздери», «Финансы регуляторлору үчүн ислам каржылоо принциптерине тиешелүү курстар» темалар боюнча окутуудан өтүшкөн. Семинарлардын жүрүшүндө ислам каржылоосунун, аны өнүктүрүүнүн негиздери, ислам институттарына көзөмөлдүктү жүргүзүү негиздери жана башка маселелер кароого алынган.

*Россия банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери Россия Банкынын Региондор аралык окуу борбору тарабынан өткөрүлгөн окутуу семинарларга да катышышкан. Отчеттук жылда мына ушул семинарлардын чегинде төлөм теңдеми, маалыматтык коопсуздукту тескөө системасын өркүндөтүү, банктык көзөмөл маселелери талкууга алынган. Улуттук банктын өкүлү «Акча белгилерин экспертизадан өткөрүү жана жасалма банкноттордун аныктыгын аныктоо ыкмалары боюнча актуалдуу маселелери» темасында өткөрүлгөн семинарда «Жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү маселеси жагында борбордук банктын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүсү жана бул багытта маалымат алмашуусу» темасында доклад окуган, Улуттук банктын бул иши боюнча семинардын катышуучулары жакшы ой пикирлерин айтышкан.

2009-жылдын кулжа айында Россия Банкынын Санкт-Петербург банктык мектебинде Беларусь Республикасынын, Украинанын, Польшанын, Армениянын, Азербайджандын, Казакстандын жана Кыргызстандын борбордук банктарынын эксперттеринин ортосунда нак акча жүгүртүлүшү маселеси боюнча тажрыйба алмашуу болуп өткөн. Анда, аталган өлкөлөрдө касса операцияларын жүргүзүү, банктык жана банктык эмес мекемелердин нак акча жүгүртүлүшүн болжолдоо жагындагы тажрыйбалары иликтөөгө алынган.

Россия банкы менен ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин интеграцияланган валюта рыногуна катышуучуларды маалымат жагынан камсыз кылуу тууралуу келишимге кол коюулушуна даярдык көрүү жагында иштер бүткөрүлгөн.

*Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

Мындан тышкары, Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен өз ара иш алып баруу жигери арткан, ошондон улам банк ишинин ар кандай багыттары, атап айтканда CAMEL рейтингдик системасын пайдалануу жана Кредиттик тар-

жымал бюросунун иши; коммерциялык банктарга жана банктык топторго карата консолидацияланган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу, инспектирлөө ишин уюштуруу; кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында банк тутумунун ишин уюштуруу; төлөм теңдеминин статистикасы; нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, акча сактоо жайларында ишти уюштуруу, эскилиги жеткен банкнотторду жок кылуу боюнча тажрыйба алмашуу жүзөгө ашырылган.

*ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук банктары менен кызматташуу*

ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистерин кесиптик окутуу программаларынын чегинде борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу иши улантылган.

2009-жылдын аяк оона айында Казакстан Республикасынын Улуттук банкында Улуттук банк менен Россия Банкынын адистеринин ортосунда борбордук банкта тышкы жана коомдук байланышты уюштуруу жагында тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүнө жетишилген.

Кесиптик окутуу программасынын чегинде 2009-жылдын кулжа айында Россия, Армения, Беларусь, Тажикстан, Польша, Кыргызстан борбордук (улуттук) банктарынын адистери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы чалгындоо кызматынын, Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясынын, «Компаньон Финансылык тобу» МФК ЖЧКсынын өкүлдөрү үчүн «Банктык эмес финансы-кредит мекемелерин лицензиялоонун жана жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү» деген темада семинар өткөрүлгөн. Семинардын катышуучулары лицензиялоо иш ыргагы, банктык эмес финансы-кредит мекемелерин лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү, тышкы көзөмөлдүк жол-жоболору, БФКМдердин ишин жөнгө салган ченемдик базаны иштеп чыгуу методологиясынын өзгөчөлүктөрү, БФКМдердин ишин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жана башка маселелерди талкууга алышкан.

Ошондой эле, отчеттук жылдын аяк оона айында Улуттук банк «Борбордук (улуттук) банктар тарабынан финансылык отчеттордун ФОЭСке ылайык түзүлүшү тажрыйбасы» темасында иш боюнча стажировканы уюштуруп, ага ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин бардык борбордук банктарынын өкүлдөрү катышышкан. Улуттук банктын адистери тарабынан даярдалган презентациялардын тематикасында финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын колдонууга киргизүүнүн негизги баскычтары жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору, борбордук банктын эсептик саясатынын ФОЭСтен четтөө өзгөчөлүгү камтылган.

Ушул эле айда «Борбордук банктын иш үзгүлтүксүздүгүн уюштуруу» темасында семинар өткөрүлүп, ага катышуу үчүн ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистеринен башка дагы Польша Улуттук банкынын жана Швейцария Улуттук банкынын эксперттери чакырылган.

Мындан тышкары, бүтүндөй 2009-жыл ичинде Улуттук банктын кызматкерлери эки тараптуу жана ар тараптуу келишимдердин чегинде Таджикистан, Армения, Австрия, Индонезия, Корея, Молдавия, Италия, Франция, Голландия, Англия, Япония жана башка өлкөлөрдүн борбордук (улуттук) банктары тарабынан уюштурулган иш боюнча стажировкадан өтүшүп, окуу семинарларына жигердүү катышуу менен кесиптик квалификацияларын жогорулатуу мүмкүнчүлүгүн алышкан.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

*Улуттук банктын түзүмү*

2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 25 структуралык бөлүмүн, беш областтык башкармалыкты жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү камтып турган.

Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштейт. Отчеттук жылдын акырына карата 7 комитет, 12 комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын 7 редакциялык кеңеши, ошондой эле 4 байкоо кеңеши иштеп турган. Комитеттердин, комиссиялардын, редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат. Комитеттердин жана комиссиялардын иши чечим кабыл алууда корпоративдик маданиятты өнүктүрүүгө, Улуттук банктын ишин өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

2009-жыл ичинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

– Экономика башкармалыгынын курамында Илимий-изилдөө тобу түзүлгөн;

– Банктык маалымат системаларын ишке киргизүү бөлүмү Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын курамынан чыгарылып, өз алдынча бөлүм болуп калган;

– Техникалык коопсуздук бөлүмү Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгынын Коопсуздукту камсыз кылуу бөлүмүнө өзгөртүп түзүлгөн;

– Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын курамында Финансы стабилдүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү тобу түзүлгөн;

– Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын курамындагы Финансы рынокторундагы бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөр бөлүмү жоюлуп, Банктык эсептешүүлөр башкармалыгынын курамында Финансы рынокторундагы бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөр бөлүмү түзүлгөн;

– Протокол кызматы жоюлуп, анын милдеттери Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө өткөрүлүп берилген.

Өлкөдө жүрүп жаткан мамлекеттик башкарууну реформалоонун чегинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмү оптималдаштырылган. Кызматкерлердин саны, анын ичинде айрым структуралык бөлүмдөрдү жоюнун натыйжасында, 7 пайызга кыскарган.

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 558 адамды түзгөн, анын ичинде 486 адам – борбордук аппаратта, 72 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Алардын ичинен аял заты борбордук аппаратта 285, алардын 43 адам областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө 43үн түзөт. Аял затынын саны пайыздык катышта 60 пайызды, ал эми эр адамдардыкы 40 пайызды түзөт. Адистердин саны 418 адам, анын ичинен 367 адам – борбордук аппаратта, 51 областтык башкармалыктарда жана өкүлчүлүктө. Адистердин ичинен 95,9 пайызы же 401 адам жогорку билимдүү, 10 кызматкер алыскы чет өлкөлөрдүн магистр академиялык даражасына, төртөөсү илимдин кандидаты илимий даражасына ээ.

*Сынактын негизинде тандоо*

Ишке кабыл алууда ачык-айкындуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу максатында, кызматкерлерди сынак өткөрүүнүн негизинде тандоо системасы жөнгө салынган, бул кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого өбөлгө түзөт. Бош турган кызмат орундарына сынак жарыялангандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турат.

2009-жылы 28 сынак, анын ичинен областтык башкармалыктарда сегиз сынак өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынактарга 260 адам катышкан. Өткөрүлгөн сынактардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банкка 16 кызматкер ишке кабыл алынган.

Кадр потенциалын даярдоо максатында өлкөдөгү Жогорку окуу жайлар менен кызматташуунун чегинде, отчеттук жылда Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүндө республиканын жогорку окуу жайларынын 40 студенти тажрыйба алышкан.

Республиканын финансы системасынын өнүгүп жатышы жана эмгек рыногунда бул чөйрөдө атаандаштыктын күчөшү шартында, уюштуруу жагынан көрүлүп жаткан чараларга карабастан, Улуттук банктан коммерциялык финансылык структураларга квалификациялуу кадрлардын кетип жатышы жагдайы курч сакталып калууда. Бул жагдай 2009-жылда 22 пайызды (2008-жылы – 19 пайызды) түзгөн. Банктын персоналынын эмгек стажы жана жаш курагы боюнча түзүмү тиешелүүлүгүнө жараша төмөндөгү 6.1.1-жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы



## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын структуралык бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| Экономика башкармалыгы | Акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; реалдуу, финансылык, бюджет-салыктык жана экономиканын тышкы секторлор чөйрөсүнө иликтөө иштерин жүргүзөт. |
| Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы | Ачык рынокто ишке ашырылган операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында финансы рынокторундагы өзгөрүүлөр тенденцияларын жана алардын себептерин аныктап, баа берүүнү жана иликтөө иштерин жүргүзүп, финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат. |
| Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы | Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, ошондой эле реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы боюнча статистикалык маалыматтарды иштеп чыгат; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат. |
| Банктык көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышына көзөмөлдүктү уюштурат; банк секторунун ишине анализдөөлөрдү жүргүзөт. |
| Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы | банктардын ишин лицензиялоону жүзөгө ашырат, Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишине банктык көзөмөлдүк жана жөнгө салуу ыкмаларын иштеп чыгат жана өркүндөтөт. |
| Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, алмашуу бюролорунун жана адистештирилген финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялоону жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат. |
| Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы | республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн камсыз кылуу менен нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруп, нак акчаны иргөөнү ишке ашырып, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын жүргүзүлүшүнө көмөк көрсөтөт. |
| Борбордук сактоо жайы | резервде турган банкноттордун, монеталардын жана башка баалуулуктардын сакталып турушун камсыз кылат, баалуулуктарды жетки-рүүнү, эскилиги жеткендерин иргеп, жок кылууну ишке ашырат. |
| Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы | эсептешүүлөрдүн клирингдик жана гросстук системасын кошо алганда, банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишин камсыз кылат. |
| Маалымат системалары башкармалыгы | Улуттук банктын маалымат системасынын негизги багыттарын жана аны өнүктүрүүнүн келечек пландарын иштеп чыгып, анын Улуттук банктын Өнүктүрүү стратегиясына ылайык жүзөгө ашырылышын камсыз кылат. |
| Төлөм системалары башкармалыгы | Төлөм системасынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат |

| | |
|---|---|
| Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы | Улуттук банктын операцияларын жана баалуулуктарынын эсебин жүргүзүп, финансылык отчетун түзөт; банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгат; |
| Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы | кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, кызматкерлерди окутууну, квалификациясын жогорулатууну уюштурат жана кызматкерлерди мотивациялоо инструменттерин иштеп чыгат жана колдонууга киргизет. |
| Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы | Улуттук банкта ишти пландаштыруу процессин жана бюджет түзүү процессин уюштуруп жүзөгө ашырат; финансылык ресурстардын пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат. |
| Жалпы бөлүм | Улуттук банкта, алардын архивин түзүү жана аткарылышына контролдукту жүргүзүүнү кошо алганда, документтердин айлануу системасын жана мамлекеттик жана расмий тилдерде документ менен иштөөнү уюштурууну камсыз кылат. |
| Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү | Улуттук банктын иш максаттары, милдеттери жана жетишкен натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымат берет; тышкы уюмдар менен протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларын уюштуруу маселелери жагында кызматташып, жалпыга маалымдоо каражаттары менен тыгыз байланышта иш алып барат, Улуттук банктын кызматкерлерин, консультанттарын жана расмий чакырылган адамдарды визалык жактан колдоону уюштуруп, камсыз кылат. |
| Ички аудит бөлүмү | Улуттук банктагы ички контролдук системасына текшерүүнү жана ага баа берүүнү жүзөгө ашырып аны жакшыртуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат |
| Капиталдык курулуш бөлүмү | Улуттук банктын имараттарын жана курулмаларын капиталдык ремонттон өткөрүүнү кошо алганда, курулуш-монтаждоо иштерин уюштурат. |
| Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү | финансы рынокторунда келишилген бүтүмдөргө тобокелдик-контролдугун жүргүзөт; аларды өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү | эл аралык финансы уюмдары менен кызматашуунун чегинде, кредиттик линияларды ишке ашыруу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат. |
| Банк Башкармасынын катчылыгы | Улуттук банк Башкармасынын ишин уюштуруу жагынан камсыз кылууну ишке ашырат. |
| Коопсуздук жана маалыматтык коргоону башкармалыгы | Улуттук банктын иш коопсуздугун камсыз кылып, банктын техникалык жана маалыматтык жактан коргоого алынышын уюштурат. |
| Чарба башкармалыгы | материалдык-техникалык жактан жабдууну, транспорт менен камсыз кылууну, имараттарды жана курулмаларды тейлөөнү камсыз кылат. |
| Юридикалык бөлүм | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну жүзөгө ашырат. |

| | |
|---|---|
| Банктык маалымат системаларын колдонууга киргизүү бөлүмү | учур талабына жооп берген маалымат технологияларын пайдалануу менен банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууну камсыз кылат. |
| Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү | Коммерциялык банктарды жана алардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүктүн айрым функцияларын жүзөгө ашырып, чегерилген ыйгарым укуктарынын чегинде башка милдеттерди аткарат. |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдагы иши

*Улуттук банк Башкармасынын иши жөнүндө жалпы маалыматтар*

Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын негизги иш багыттарын бекитет. Банк Башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарма мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Жогорку Кеңеш тарабынан шайланат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын кароого алат жана аныктайт, банктык көзөмөл, төлөм системаларын өнүктүрүү маселелерин чечет, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт. Регламентке ылайык, банк Башкармасы акыркы инстанция кредитин берүү, банк лицензиясын берүү жана убактылуу токтотуу, банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине карата чараларды жана санкцияларды колдонууну кошо алганда анын компетенциясына чегерилген башка маселелерди да кароого алат.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландарга ылайык жүргүзүлгөн. 2009-жылы 51 отурум өткөрүлүп, 444 маселе кароого алынып, алар боюнча 293 токтом кабыл алынган.

*Акча-кредит саясаты маселелерин кароого алуу*

Акча-кредит чөйрөсүнүн учурда түптөлгөн абалына жана реалдуу, бюджет-салык жана тышкы экономикалык секторлорду өнүктүрүү болжолдоолорунун негизинде, ошондой эле өлкөдө ишке ашырылып жаткан структуралык реформаларды эске алуу менен банк Башкармасы, эрежедегидей эле, жыл сайын келээрки жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүнү кабыл алат, анда инфляция боюнча сандык максаттуу көрсөткүч жарыяланат. Эгерде, иш жүзүндө калыптанган максаттуу көрсөткүчтөн олуттуу четтөөлөр орун алган шартта, инфляция боюнча көрсөткүч кайра каралышы мүмкүн. Алсак, 2009-жылдын баш оона айында Улуттук банк Башкармасы инфляция боюнча 2009-жылга мурда жарыяланган көрсөткүчтү төмөндөө жагына өзгөртүү чечимин кабыл алган, бул инфляциялык басымдын төмөндөөсү менен шартталган жана бизнес-коомчулуктун жана калайык-калктын жадымында Өкмөт менен Улуттук банктын кризиске каршы чаралары менен катар эле, экономикалык ишке дем берүүгө өбөлгө түзгөн шайкеш күтүүлөрдү түптөөгө багытталган.

2009-жылы Улуттук банк Башкармасы акча-кредит саясаты жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программа жөнүндө отчетторду чейректик негизде кароого алган. Аларда акча-кредит саясатынын жыйынтыктары, экономиканын өнүгүү натыйжаларына жүргүзүлгөн иликтөөлөр, акча-кредит саясатын жүргүзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр камтылуу менен ал, Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн ачык рынокто операцияларды жүргүзүү боюнча чечимдерди кабыл алуу учурунда багыт берүүчү катары кызмат кылган.

Кароого алынып жаткан жылдын акырында банк Башкармасы акча-кредит саясатынын 2010-жылга негизги багыттарын жактырган. Бул документти иштеп чыгууда дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордогу тенденциялар, акча-кредит саясатын учурга ылайык жүргүзүү шарттары, Кыргыз Республикасынын экономикасынын чөйрөсүнүн чакандыгы жана жогорку деңгээлде ачык-айкындуулугу эске алынган.

Кредиттөөнүн тарышы шартында, ошондой эле коммерциялык банктар Депозиттерди коргоо фондуна чегерүүлөрдү ишке ашырууну баштоосуна байланыштуу, коммерциялык банктардын кредиттик потенциалын арттыруу максатын-

да, Банк Башкармасы тиешелүү токтом кабыл алган, ага ылайык коммерциялык банктар үчүн милдеттүү камдардын нормасы төмөндөтүлгөн.

Дүйнөлүк финансылык жана экономикалык каатчылыктын таасир этүү тобокелдигин минимизациялоо боюнча иш-чаралардын планын ишке ашыруунун чегинде, Банк Башкармасынын отурумдарында дүйнөлүк товардык-сырьелук жана финансы рынокторундагы, ошондой эле ички рыноктогу түптөлгөн жагдай тууралуу маалыматтар ай сайын кароого алынып турган.

Улуттук банктын өзүнүн тоорук системалары аркылуу коммерциялык банктарды кайра каржылоо операцияларынын натыйжалуулугун арттыруу үчүн Банк Башкармасы тарабынан «Овернайт» кредити жөнүндө» жана «Бир күндүк кредит жөнүндө» жоболордун жаңы редакциясы бекитилген.

Ички валюта рыногундагы жагдайды ыкчам жана реалдуу чагылдырууга, АКШ долларынын кыргыз сомуна карата расмий курсун күндөлүк аныктоого өтүү аркылуу республикадагы чарба жүргүзүүчү субъекттердин чет өлкө валютасындагы эсептешүү-төлөм мамилелерин жакшыртуу максатында, Улуттук банктын чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курсун аныктоо эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилип, ал 2010-жылдын үчтүн айынын биринен тартып күчүнө кирген.

Ички валюта рыногун жөнгө салуу жагында ченемдик базаны өркүндөтүүнүн чегинде, Банк Башкармасы тарабынан Улуттук банктын тоорук-маалыматтык электрондук системасы аркылуу банктар аралык валюта рыногунда тооруктарды ишке ашыруу эрежелери жактырылган. Ошондой эле, мамлекеттик баалуу кагаздардын аталышын өңчөйлөштүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга тиешелүү, 2008-жылы башталган иш улантылган. Мындан тышкары, Банк Башкармасы тарабынан Өкмөт менен Улуттук банктын «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздарга каттоо номерин ыйгаруу жана мамлекеттик жана муниципалдык баалуу кагаздардын реестрин түзүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» биргелешкен токтом долбоору жактырылган.

Улуттук банк Башкармасы эл аралык камдарды тескөөнүн жалпы максаттарын жана принциптерин, инвестициялык стратегияны аныктайт, тиешелүү ченемдик документтерди бекитет. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык эл аралык камдарды тескөө, камдык активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

Эл аралык камдарды тескөөнүн жана тобокелдиктерди басаңдатуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун алкагында, Улуттук банк Башкармасы инвестициялык стратегиянын талаптарына ылайык түзүлгөн, инвестициялык активдердин эталондук портфелин жыл сайын карого алат жана бекитет. Ошондой эле, валюта тобокелдиктерин басаңдатуу максатында «Эл аралык камдардын түзүмү жөнүндө» жобо чейректик негизде кароого алынат жана бекитилет.

Эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугуна баа берүү үчүн Банк Башкармасы жыл сайын эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту кароого алат жана бекитет.

2009-жылда бүтүндөй алганда, акча-кредит саясаты маселеси боюнча 39 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелерин кароого алуу*

Банк Башкармасы коммерциялык банктардын ишин көзөмөлгө алуу жана жөнгө салуу, банктарга карата ишенимди бекемдөө, системалуу тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүү маселелерин кошо алганда, республиканын банк тутумунун ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурган. Иликтөөгө алынып жаткан жыл ичинде коммерциялык банктар системасын өнүктүрүү тенденцияларын чагылдырган маалыматтар чейректик негизде кароого алынып турган.

Финансылык ортомчулук деңгээлин андан-ары жогорулатуу, банк секторунун Кыргыз Республикасынын экономикасындагы ролун күчөтүү, банк ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоо максатында, Банк Башкармасы тарабынан 2009-жылы Банк секторун 2011-жылдын акырына чейинки мезгилде өнүктүрүү стратегиясы бекитилген.

2008-жылдын бугу айынын он алтысында «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышы менен «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоого жана «Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоого сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банк Башкармасы тарабынан бекитилген.

Консолидацияланган көзөмөлдүктү өркүндөтүүнүн чегинде, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын туунду же караштуу компанияларды түзүүсү жана/же сатып алуусу жөнүндө» ереже кабыл алынган. Банк тутумунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун андан-ары бекемдөө таламында, банк тобокелдиктеринин ордун жабуу үчүн зарыл болгон капиталдык базаны колдоого алуу үчүн, «Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө» токтом кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү максатынын чегинде, банктардын баалуу металлдар менен иш алып баруусуна дем берүү үчүн «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобого жана «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоого түзөтүүлөр кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамына ылайык, Банк Башкармасы тарабынан «Коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга консервация режимин киргизүү жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында мыйзам актыларына түзөтүүлөр киргизилгендигине байланыштуу, Улуттук банктын коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында ишин күчөтүү максатында, ички контролдукту уюштурууга тиешелүү бир катар ченемдик укуктук актыларына сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл аланган.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу жөнүндө» мыйзам талабын жүзөгө ашыруунун чегинде, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу» ЖАКтын ишин жөнгө салуу жөнүндө» убактылуу жобо ошондой эле, «Улуттук банктын лицензиясынын (күбөлүгүнүн) негизинде иш алып барган банктык эмес мекемелердин финансылык отчетторду түзүүсүнө жана маалымат берүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Мындан тышкары, Банк Башкармасы тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктарга карата капиталдын шайкештигине, финансылык отчетторго, эсепке алуу саясатына, активдерди классификациялоого, тобокелдиктерди тескөө жана ачык валюта позициясынын лимиттерин сактоого карата талаптарды, ошондой эле инсайдерлер

жана аффилирленген жактар менен операциялар боюнча талаптарды белгилеген ченемдик укуктук актылар бекитилген. Ошондой эле, банк ишинин ислам принциптерин жөнгө салган ченемдик актылар да кабыл алынган. Кабыл алынган ченемдик укуктук актылар банктык продукт жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктарды депозиттерди коргоо системасынын катышуучуларынын реестрине кошууну караган, «Банктык аманаттарды коргоо жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдүн киргизилгендигине байланыштуу, Банк Башкармасы тарабынан «Депозиттерди коргоо системасына катышууга банктын билдирме берүүсү жана анын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кароого алынышы тартиби жөнүндө» жобону күчүн жоготту деп таануу тууралуу» токтом бекитилген.

Кыргыз Республикасынын «Салык жана бажы милдеттенмелеринде билдирилбеген мүлктөрдү легализациялоо жөнүндө» мыйзамды жүзөгө ашыруу максатында, акча каражаттарын легализациялоо үчүн каралган атайын депозит эсебин ачуу, жүргүзүү жана жабуу тартиби бекитилген.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан токтом кабыл алынып, ага ылайык «Акыл» инвестициялык акционердик-коммерциялык банкы ААКсынын банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясы калыбына келтирилип, кайрадан берилген. Мындан тышкары, «Айыл Банк» ААКсынын ишинде орун алган бир катар чектөөлөр алынып салынган. «АзияУниверсалБанк» ААКсынын өтүнүч катына ылайык, Улуттук банк Башкармасынын токтому менен банкка баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү укугуна кошумча лицензия берилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Республиканын банк системасынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында, банк Башкармасы «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсын түзүү жөнүндө токтомду кабыл алган. Ошондой эле, Банк Башкармасы, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу» жөнүндө мыйзамынын 1, 7-жана 9-статьяларына таянуу менен «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусун лицензиялоо жөнүндө» токтомду кабыл алган

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүк функциясын өркүндөтүү ишинин алкагында Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кредиттик союздун, микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин жана микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого, Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерине, «Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын ишин жөнгө салуу эрежелери кабыл алынган.

Лицензиялоо ишин жөнөкөйлөтүү максатында жана Кыргыз Республикасынын «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамга ылайык ломбарддардын ишин лицензиялоо алынып салынган, ошондой эле жогоруда аталган мыйзам талабын аткаруу максатында «Микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин жана ломбарддын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө», «Микрофинансылык компаниянын мезгили-мезгил менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жана «Улуттук банк тарабынан берилген лицензия үчүн төлөм өлчөмү жөнүндө» жоболорго өзгөртүүлөр кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасын аткаруу максатында, Банк Башкармасы «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн кароого алып, жактырган.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым

коммерциялык банктардын жана башка ФКМдердин ишине тиешелүү маселелер боюнча 5 токтом, ал эми алардын ишин жөнгө салган ченемдик база боюнча 26 токтом кабыл алынган. Булар жаңы кабыл алынган ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөрдөн болгон.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароо*

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 3-статьясына ылайык, төлөм системасы чөйрөсүндө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу төлөм системасынын натыйыжалуу жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылууга багытталган. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө жана тажрыйбалык ишине карата саясатты иштеп чыгууда жетекчи ролду өзүнө алуу менен Улуттук банк Башкармасы өлкөнүн төлөм системасынын ишин жөнгө салуу жагында тиешелүү ишти жүргүзгөн. Отчеттук жыл ичинде төлөм системасын андан-ары өнүктүрүү, бул багытта орун алган тобокелдиктерди басаңдатуу, колдонулуп жаткан төлөм инструменттеринин чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган бир катар токтомдор кабыл алынган.

Иликтөөгө алынып жаткан жылда Улуттук банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» мыйзам долбоорун жактырып, «Төлөм системасында адаттагыдан башкача жагдайлар келип чыккан шартта, «Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине карата негизги талаптар жөнүндө» жобо, «SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнү жөнүндө» жобо, төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаиторуна өөзгөртүүлөр жана толуктоолор, «Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттар жөнүндө» жобо, Кыргыз Республикасындагы акча которуу системалары боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелери бекитилген. Кыргыз Республикасынын экономикасында нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча мамлекеттик программанын иш-чаралар планын жүзөгө ашыруунун чегинде, Улуттук банк Башкармасы тарабынан Өкмөт менен Улуттук банктын Накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана Кыргыз Республикасында төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча иш-чаралардын мамлекеттик программасына өзгөртүүлөрдүн киргизилишине тиешелүү биргелешкен токтом долбоору жактырылган.

Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасы төлөм системасынын учурда түптөлгөн абалына тиешелүү отчетторду чейректик негизде кароого алып турган.

Бардыгы болуп, отчеттук жыл ичинде төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча 21 токтом кабыл аланган.

*Башка маселелер*

Мындан тышкары, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маселелер, иштин уюштурулушу боюнча маселелер да кароого алынган. Улуттук банктын ченемдик базаларына тиешелүү маселелер боюнча 42 токтом, финансылык-чарбалык ишине тиешелүү маселелер боюнча 136 токтом кабыл алынып, ал эми 150 маселе Банк Башкармасынын отурумдарында маалыматтык билдирүү катары кароого алынган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү жана финансылык кеңешчи милдетин аткаруу

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын өркүндөтүү жагында ишти улантткан.

*Кабыл алынган түзөтүүлөр*

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарына, атап айтканда, төмөнкүлөргө бир катар олуттуу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген:

– Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына Улуттук банктын ишинин мыйзамдык нормаларын оптималдаштырууга, анын укуктук статусун белгилөөгө, республиканын экономикасын өнүктүрүүдө Улуттук банктын ролун арттырууга, банк жетекчилигинин курамын өзгөртүүгө, ислам каржылоо принциперин колдонууга киргизүүгө, уставдык капиталды 1 млрд. сомго чейин көбөйтүүгө жана ушул мыйзамдын нормаларын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүүгө багытталган түзөтүүлөр киргизилген;

– Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамына ислам каржылоо принциптерине жана терроризмди каржылоого, кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында түзөтүүлөр жана башка бир катар өзгөртүүлөр киргизилген;

– Бул мыйзамды иштеп чыгуу республиканын банк тутумун өнүктүрүүнүн приаритеттүү багыттарынын бири болуп саналган, «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги №5 «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын гарантиялык учурлар келип жеткен шартта төлөнүп берилүүчү депозиттер боюнча компенсациялар өлчөмүн 100 миң сомго чейин жогорулатууну караган өзгөртүүлөр киргизилген.

*Сунушталган түзөтүүлөр*

Мындан тышкары, Улуттук банк тарабынан «Инкассация жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоорлору иштелип чыккан.

Улуттук банк төмөнкү маселелер боюнча түзүлгөн ведомстволор аралык жумушчу топтордун ишине катышкан, атап айтканда:

– Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүгө байланыштуу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча;

– Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын инвентаризациялоо боюнча, ошондой эле башка багыттар боюнча.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2009-жылы Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик базаларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Атап айтканда, Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдору кабыл алынган:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2005-жылдын бештин айынын отузундагы №632/26/7 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2002-жылдын бештин айынын отуз бириндеги №916 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча иш-чаралардын мамлекеттик программасын бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» 2009-жылдын баш оона айынын он төртүндөгү №527/32/6 токтом;

– 2009-жылдын бирдин айынын он бириндеги N 7/11 “Кыргыз Республика-

сынын Улуттук банкынын бир күндүк кредити жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу»;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын бирдин айынын он бириндеги N 7/3 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы N 6/2 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө” жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;

– 2009-жылдын бирдин айынын он бириндеги N 7/4 “SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнү жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;

– 2009-жылдын жалган куран айынын он бириндеги N 12/2 “Коммерциялык банктардын банктык эсепти тике дебеттөө инструментин колдонууга киргизүүгө даярдык көрүүсү жөнүндө”;

– 2009-жылдын жалган куран айынын он бириндеги N 12/6 “Банктардын капиталынын (өздүк каражаттарынын) минималдуу өлчөмү жөнүндө”;

– 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма алтысындагы N 16/1 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын “овернайт” жана “бир күндүк кредиттери” боюнча күрөөлүк камсыздоо жөнүндө”;

– 2009-жылдын чын куран айынын он бешиндеги N 19/6 Аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялар тарабынан ачык валюта позициясынын лимиттеринин сакталышынын тартиби жөнүндө” нускоону бекитүү тууралуу;

– 2009-жылдын чын куран айынын жыйырма экисиндеги N 21/5 “Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын жетинин айынын отузундагы N 51/4 “Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;

– 2009-жылдын чын куран айынын жыйырма тогузундагы N 23/4 «Айкын убакыт ыргагында Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө жана эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди бекитүү тууралуу»;

– 2009-жылдын чын куран айынын жыйырма тогузундагы N 23/5 “Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын бештин айынын он бешиндеги кабыл алынган N 37/8 “Кыргыз Республикасында Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;

– 2009-жылдын бугу айынын он бириндеги №24/1 «Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын баш оона айынын жыйырма бешиндеги №26/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым укуктук ченемдик актылары жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;

– 2009-жылдын бугу айынын жыйырма жетисиндеги N 25/11 “Кыргыз Республикасында Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу электрондук билдирүүлөрдү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө” нускоону бекитүү тууралуу;

– 2009-жылдын бугу айынын жыйырма жетисиндеги N 25/8 “Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду” ЖЧКсынын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу”;

– 2009-жылдын кулжа айынын онундагы N 26/2 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;

– 2009-жылдын кулжа айынын онундагы N 26/3 “Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан туунду же караштуу компанияларды түзүү жана/же сатып алуу эрежелерин бекитүү тууралуу”;

– 2009-жылдын теке айынын он бешиндеги N 30/6 "Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу";

– 2009-жылдын теке айынын жыйырма тоугузундагы N 32/2 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата расмий курсун аныктоо эрежелерин бекитүү тууралуу";

– 2009-жылдын теке айынын жыйырма тогузундагы N 32/4 "Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын бирдин айынын он тогузундагы N 4/4 "Депозиттер менен иштөө боюнча убактылуу нускоо жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу";

– 2009-жылдын баш оона айынын он экисиндеги N 33/5 "Элкарт» банктык төлөм картын чыгаруунун эрежелерин жана «Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору аркылуу «Элкарт» банктык төлөм картын пайдалануу менен төлөмдөрдү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу нускоону алып салуу жөнүндө»;

– 2009-жылдын баш оона айынын жыйырма алтысындагы N 35/3 «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялар жөнүндө»" жобону бекитүү тууралуу;

– 2009-жылдын баш оона айынын жыйырма алтысындагы №35/4 «Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын теке айынын жыйырма бириндеги №18/2 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;

– 2009-жылдын баш оона айынын жыйырма алтысындагы №35/5 «Акча каражаттарын легализациялоо үчүн каралган атайын депозит эсебин ачуу, жүргүзүү жана жабуу тартибин бекитүү тууралуу»;

– 2009-жылдын аяк оона айынын жыйырма үчүндөгү №38/8 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылуучу операциялар жөнүндө» жобону бекитүү туралуу;

– 2009-жылдын аяк оона айынын отузундагы №39/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө» убактылуу жобо тууралуу;

– 2009-жылдын аяк оона айынын отузундагы N 39/6 "Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын жалган куран айынын экисиндеги N 5/7 "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу"

– 2009-жылдын аяк оона айынын отузундагы N 39/8 "Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын баш оона айынын жыйырма экисиндеги N 38/11 "Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдү өткөрүү тартиби жөнүндө" нускоо тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө";

– 2009-жылдын тогуздун айынын он төртүндөгү N 41/4 "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктар тарабынан ачык валюта позициясынын лимиттеринин сакталышынын тартиби жөнүндө" нускоо тууралуу;

– 2009-жылдын тогуздун айынын он төртүндөгү N 41/7 "Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу";

– 2009-жылдын тогуздун айынын жыйырма сегизиндеги №43/6 «Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын теке айынын он төртүндөгү №22/2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо тууралуу токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу».

*Ченемдик укуктук актыларды каттоодон өткөрүү*

Отчеттук жылда Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын каттоодон өткөртүү маселеси боюнча Адилет министрлиги менен иштер улантылган, ал эми

жылдын баш оона айында Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине кошуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

*Мыйзам долбоорлорун экспертизадан өткөрүү*

Мындан тышкары, Өкмөттүн мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жагындагы иш планынын айрым пункттарын аткарууга катышуу жана “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга ылайык мамлекеттик бийлик органдары тарабынан иштелип чыккан жана республиканын банк-финансы системасынын ишине тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна экспертизаларды жүргүзүү боюнча иштер аткарылган. Алсак, төмөнкү ченемдик укуктук актыларга экспертиза жүргүзүлгөн:

– Жогорку Кеңеш тарабынан 2009-жылдын жалган куран айынын он тогузунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана өзүнчө турган аймактарында жайгашкан калктуу конуштарда туруктуу жашап жана экономикалык ишкердикти жүргүзүшкөн юридикалык жактарга жана жеке адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам;

– Жогорку Кеңеш тарабынан 2009-жылдын бугу айынын жыйырма экисинде кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын «Аудитордук иш жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам;

– «Салык жана бажы милдеттенмелеринде чагылдырылбаган мүлктөрдү легализациялоо жөнүндө» мыйзам;

– «Кыргыз Республикасынын «Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө» жана «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам;

– «Кыргыз Республикасынын «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам;

– «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзам»;

– “Эл аралык соода-финансылык ислам корпорациясын уюштуруу жөнүндө” келишимге кошулуу тууралуу” мыйзам долбоору;

– “Кыргыз Республикасынын Салык кодексине толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору, Салык кодексинин лизингдик операцияларга тиешелүү статьяларына түшүндүрмөлөрдүн (чечмелөөлөрдүн) долбоору;

– “Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсепке алуу жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору»;

– “Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;

– «Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору;

– “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” мыйзам долбоору;

– Кыргыз Республикасынын “Акционердик коомдор жөнүндө” мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу” мыйзам долбоору;

– “Пенсияларды топтоо фондусу жөнүндө” мыйзам долбоору”

– “Кыргыз Республикасынын “Лицензиялоо жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору;

– “Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” мыйзамынын 33-статьясынын 3-бөлүгүн чечмелөө жөнүндө” мыйзам долбоору;

– Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча ишти уюштуруу маселелерине тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча ве-

домстволор аралык жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан мыйзам актыларынын долбоорлору.

*Ченемдик укуктук актыларды экспертизадан өткөрүү*

Отчеттук жылда Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бир катар токтомдорунун долбоорлорун, атап айтканда төмөнкү долбоорлор экспертизадан өткөрүлүп, тиешелүү сунуштар даярдалган:

– Улуттук банк менен биргеликте “Айыл чарба багытындагы жер участкаларын ипотекалык кредиттөө боюнча убактылуу талаптарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө”;

– Кыргыз Республикасынын “Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоо (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзам талабын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын баш оона айынын жыйырма алтысындагы №470 «Кыргыз Республикасындагы аудиттин эл аралык стандарттары жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;

– “Акционердик коомдордун Директорлор кеңешин кумулятивдик добуш берүү аркылуу шайлоо тартиби жөнүндө “ нускоону бекитүү тууралуу;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Ишкердиктин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу;

– 2008-жылдын бештин айынын он экисинде Москва шаарында кол коюлган «Евразия экономикалык шериктештигине мүчө мамлекеттерде инвестицияларды колдоо жана өз ара коргоого алуу жөнүндө» келишимди ратификациялоо тууралуу» мыйзам долбоору жөнүндө;

– “Кыргыз Республикасында пенсия системасынын топтоо бөлүгүн колдонууга киргизүү боюнча көрүлгөн андан-аркы чаралар жөнүндө”;

– “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын теке айынын жыйырма төртүндөгү №288 “Кыргыз Республикасынын Финансы рыногуна көзөмөлдүк жана жөнгө салуу кызматы жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Финансы рыногуна көзөмөлдүк жана жөнгө салуу кызматы жөнүндө” жобого толуктоолорду киргизүү тууралуу;

– «Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо кызматынын эл аралык «Эгмонт» тобуна мүчөлүгү жөнүндө;

– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын бирдин айынын он бешиндеги №65 «Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Мамлекеттик автомобиль инспекциясында автомото транспорт каражаттарын жана аларга чиркегичтерди каттоодон өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө»;

– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын баш оона айынын жыйырма алтысындагы №470 «Кыргыз Республикасында аудиттин эл аралык стандарттары жөнүндө» токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу”;

– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын баш оона айынын жыйырма сегизиндеги №479 «Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;

– «Депозиттерди коргоо системасына катышуучу банктын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы милдеттенмелер жөнүндө келишимди жактыруу жана Депозиттерди коргоо системасына катышуучу банктын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы милдеттенмелери жөнүндө» келишим долбоору тууралуу”;

– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын бирдин айынын жыйырма сегизиндеги №479 «Депозиттерди коргоо боюнча агенттик жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» жана «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бештин айынын он бириндеги №687 «Депозиттерди коргоо фондусуна мүчөлүк төлөм-

дөрдү эсептөө тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;

– «Мамлекеттик камсыздандыруу компанияларын түзүү жөнүндө»;

– «Кыргыз Республикасынын «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө» мыйзам талабын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө»;

– «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө»;

– «Кыргыз Республикасында баалуу кагаздардын борбордук депозитарийи жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

– «Баалуу кагаздар рыногунун кесипкөй катышуучулары үчүн белгиленген өздүк каражаттардын жетиштүүлүгүнүн ченемдик көрсөткүчтөрү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу".

*Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу*

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык кеңешчиси функциясын аткаруусунун чегинде, 2009-жылы төмөнкү иштерди аткарган:

– акча кредит саясатынын ишке ашырылышы, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө дайыма маалымат берип турган;

– республикалык бюджеттин долбоорун даярдоодо жана анын кароого алынышы учурунда Өкмөткө консультацияларды берген;

– финансы рыногунда түптөлгөн жагдай жөнүндө аналитикалык маалыматтарды сунуштап турган;

– мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларга жана финансы жана банк системасынын ишине же болбосо Улуттук банктын ыйгарым укук чөйрөсүнө тиешелүү чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;

– бир катар мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга жана жүзөгө ашырууга катышкан.

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусуна байланыштуу Өкмөттүн сунуш-көрсөтмөлөрүнүн чегинде Улуттук банк финансы же банк маселелерине тиешелүү төмөнкү эл аралык келишимдерге, макулдашууларга экспертизаларды жүргүзгөн:

– Улуттук банк менен Финансы министрлигинин ортосунда Эл аралык валюта фондусу тарабынан Кыргыз Республикасынын бюджетин колдоо үчүн берилген ресурстарды тескөөгө алуу жөнүндө келишим;

– Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасына мамлекеттик кредитти берүү жөнүндөгү 2009-жылдын бирдин айынын үчүндөгү келишим боюнча эсепке алуу жана эсептешүүлөр тартиби жөнүндө «Өнүктүрүү банкы жана тышкы экономикалык ишкердик (Внешэкономбанк)» мамлекеттик корпорациясы менен Улуттук банктын ортосундагы келишим;

– Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасына мамлекеттик кредитти берүү жөнүндөгү 2009-жылдын бирдин айынын үчүндөгү келишим боюнча гарантиялык депозитти тейлөө жөнүндө Финансы министрлиги менен Улуттук банктын ортосундагы келишимге карата кошумча келишим;

– «Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоору боюнча өнүктүрүү максатында кредит жөнүндө келишимге сунуш кылынган өзгөртүүлөр долбоору;

– Азербайжан Республикасы, Казакстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Түркменстан, Түрк Республикасы жана Өзбекстан Республикасынын орто-

сунда түрк тилдүү мамлекеттердин кеңешин түзүү жөнүндө келишим долбоору;

– КМШга кирген мамлекеттердин төлөм союзун түзүү жөнүндө келишим долбоору;

– көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги жөнүндө жалпы жоболор, алардын тармактык кызматташуу органдары тууралуу (КМШ өлкөлөрүнүн башчыларынын кеңеши) чечимдин долбоору жана көп сандаган башка олуттуу иштер.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары Улуттук банк Өкмөттүн эсептерин тейлөө боюнча ишти улантkan.

## 6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы

*Улуттук банктын ички контролдук системасы*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында ички контролдук системасын уюштуруу Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан сунуш кылынган ички контролдук системасына баа берүү принциптерине ылайык келет жана алдыга коюлган максаттарга жетишүүгө жана белгиленген эрежелердин сакталышына багытталган үзгүлтүксүз иш процессин түшүндүрөт. Ички контролдук катардагы кызматкерлерден тартып, Улуттук банк Башкармасына чейинки бардык деңгээлдерде, банк персоналы тарабынан жүзөгө ашырылат. Ички контролдук боюнча саясаттын талаптарына ылайык банктагы ички контролдук системасынын натыйжалулугуна бүтүндөй баа берүүнү ички контролдук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган ички аудит кызматы жүзөгө ашырат.

*Укуктук негиз*

Улуттук банкта ички аудит ишинин негизинде Ички аудиттин эл аралык стандарттары жана ички аудитти жүргүзүүнүн кесиптик тажрыйбасы боюнча стандарттар камтылган.

*Иш жүргүзүү*

Аудитордук жана ревизиялык текшерүүлөр 2009-2011-жылдар аралыгына пландаштырылган узак мөөнөтүү аудитордук жана ревизиялык текшерүүлөргө негизденген жылдык иш планына ылайык жүзөгө ашырылып келген. План борбордук банктын ишине мүнөздүү болгон операциялык тобокелдиктер картасын эске алуу менен түзүлгөн. Жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча ички аудиторлор жана ревизорлор тарабынан структуралык бөлүмдөрдүн жана туунду уюмдардын ишин оптималдаштырууга, аларда орун алган тобокелдиктерди минимизациялоого жана ички контролдук системасын өркүндөтүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Ички аудиттин жана ревизия жүргүзүү ишинин жыйынтыгында, Улуттук банктын жетекчилигине, бөлүмдөрдүн ишине, аларга жүктөлгөн милдеттерге жана тапшырмаларга ылайык көз карандысыз ачык маалыматтар, ошондой эле орун алган кемчиликтер, көйгөйлүү маселелер тууралуу маалыматтардын берилиши камсыз кылынган.

Ички аудит бөлүмү тарабынан Улуттук банктын тышкы аудиторлору – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан тендердин жыйынтыгынын негизинде бекитилген көз карандысыз аудитордук уюм менен өз ара иш алып баруу иши координацияланган. Улуттук банктын 2009-жылдагы ишине көз карандысыз аудит Грант Торнтон Амио аудитордук уюму тарабынан ишке ашарылган.

Жыл жыйынтыгы боюнча ички аудиттин жыйынтыгы, Улуттук банктын иши анын бардык олуттуу аспектилери боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык келе тургандыгы, ал эми ички контролдук системасы бүтүндөй алганда, орун алган тобокелдиктерге адекваттуу экендиги тууралуу корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет.

*Тобокелдиктер боюнча комитет*

Тобокелдик-менеджменти боюнча концепцияга ылайык Улуттук банктын ишинде орун алышы мүмкүн болгон тобокелдиктердин жыйынтыкталган картасын түзүү боюнча иштер аягына чыгарылган. Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүнүн тобокелдиктер картасынын негизинде орун алган тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча иш-чаралар иштелип чыгып, ал түпкүлүгүндө келип Улуттук банктын ишинин натыйжалуулугун арттыруу максатын көздөгөн. Тобокелдиктер боюнча комитет тарабынан алдын-ала Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүнүн тобокелдик-менеджменти боюнча 62 картасы кароого алынган. Анын жыйынтыгы боюнча структуралык бөлүмдөрдүн ишинде орун алган тобокелдиктерди басаңдатуу боюнча тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр берилген. Мындан тышкары, Тобокелдик боюнча комитет тарабынан операциялык тобокелдиктердин келип чыгышына түрткү берген жагдайларды эске алуу картасына иликтөөлөрдү жүргүзүү натыйжалары, Улуттук банктын кызматкерлеринин санын оптималдаштыруу маселеси, банктын иш үзгүлтүксүздүгү стратегиясы кароого алынган. Отчеттук жыл ичинде комитеттин 13 отуруму өткөрүлгөн.

*Аудит боюнча комитет*

Улуттук банктын ишине байланышпаган көз карандысыз 3 эксперт жана Улуттук банк Башкармасынын 2 мүчөсү мүчөсүнөн болуп саналган Улуттук банктын Аудит боюнча комитети жыл ичинде 6 отурум өткөрүп, аларда жүктөлгөн милдеттерге ылайык алардын компетенциясына чегерилген маселелер кароого алынып, чечимдер кабыл алынган. Аудит боюнча комитет тарабынан Улуттук банктын тышкы, ички аудит ишине жана ички контролдук системасынын ишине баа берүү көз карашынан жылдык ишке анализдөөлөр жүргүзүлүп, тиешелүү сунуш-көрсөтмөлөр берилип, алар иш-чаралар планында чагылдырылган.

Ички аудитти уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасына таянуу менен иш алып баруу максатында ЕврАзЭСке катышкан өлкөлөрдүн борбордук банктарынын окуу борборлорунда өткөрүлгөн семинарлардын алкагында, мына ошол борбордук банктардын ички аудит кызматтары менен кызматташуу иши туруктуу негизде улантылып келген.

Эл аралык валюта фондусу тарабынан борбордук банктардын коргоо механизмдерине баа берүү программасынын (IMF Safeguard Assessment) чегинде Улуттук банктын коргоо механизмдерине кезектеги баа берүү ишке ашырылган. Мына ошол баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча сунуш көрсөтмөлөр берилип, ага ылайык контролдук системасын жакшыртуу жана тобокелдиктерди басаңдатуу боюнча иш-чаралар планы иштелип чыгып, Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген.

## 6.5. Коомчулукка маалымат берүү

Улуттук банк маалымат берүү жагында жүргүзгөн саясатында ага жүктөлгөн негизги милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө коомчулукка өз учурунда маалымдоо аркылуу, ачык-айкындуулук принциптерине таянуу менен иш алып барат. Мында, ал акча-кредит саясаты боюнча түшүндүрмө берүүгө өзгөчө көңүл буруу менен өз ишине байланыштуу маалыматтардын бардык экономикалык агенттиктер жана бүтүндөй коом тарабынан кеңири пайдаланылышын камсыз кылат.

*Улуттук банктын маалыматтык-түшүндүрүү иши*

Банктын маалыматтык-түшүндүрмө берүү жагындагы иши расмий басылмаларды, ошондой эле маалыматтык, статистикалык жана аналитикалык мүнөздөгү басылмаларды чыгаруу, Улуттук банктын веб-баракчасында маалыматтарды жайгаштыруу, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоолор, теле жана радиоберүүлөрдү уюштуруу, Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен брифингдерди жана пресс-конференцияларды өткөрүү, ошондой эле маалымат берүү багытын көздөгөн программалар аркылуу жүзөгө ашырылат.

Отчеттук жылда Улуттук банк төмөндө келтирилген приоритеттүү багыттар аныкталган пландын негизинде жалпыга маалымдоо каражаттары менен иш алып барган:

– акча-кредит саясаты жөнүндө түшүндүрмөлөрдү жана маалыматтарды берүү;

– банк тутумун өнүктүрүү жана анын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымдоо;

– Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдү арттыруу боюнча мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу алкагында ишке ашырылып жаткан чараларды чагылдыруу;

– микрокаржылоону өнүктүрүү жөнүндө маалыматтарды берүү;

– «Сом – Кыргызстандын жүзү» маалыматтык компаниясын жүргүзүү.

Жыл ичинде коомчулуктун финансы рынокторундагы жагдайга, акча-кредит саясаты, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр жана алтын валюта камдарынын абалына ашкере кызыгуусу байкалган.

*ЖМК жана коомчулук үчүн пресс-конференцияларды жана брифингдерди өткөрүү*

«Кабар» маалымат агенттигинде акча-кредит саясатынын жыйынтыгына, банк жана төлөм системаларынын иш натыйжаларына арналган пресс-конференциялар өткөрүлгөн. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана коомчулуктун көп сандаган өтүнүчүнө ылайык, Улуттук банктын пресс-релизинин «Коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңуздарга жооп берет» рубрикасында эл аралык камдарды түптөө булактары жөнүндө маалыматтар жарыяланып, Улуттук банктын компетенциясына кирген эң эле көп берилүүчү суроолорго жооптор жарыяланган.

2009-жылдын бирдин айында Казакстан Республикасынын Улуттук банкынын өз валютасы – теңгенин девальвациялашына байланыштуу валюта рыногунда түптөлгөн жагдай боюнча түшүндүрмө берүү максатында, Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда журналисттер үчүн брифинг уюштурулган. Мындан тышкары, банктын расмий веб сайтында валюта рыногунда калыптанган жагдайга тиешелүү түшүндүрмө маалымат жайгаштырылып, атап айтканда, Кыргыз Республикасында АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу өлкө тандап алган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу иш ыргагына ылайык, өзгөртүлгөндүгү баса белгиленген.

*Эл аралык конференцияларды өткөрүү*

Жылдын жалган куран айында Бишкек шаарында «Кавказ жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө дүйнөлүк финансылык каатчылыктын таасири» темасында эл аралык регионалдык конференция өткөрүлгөн. Ага бул конференцияга катышкан өлкөлөрдүн улуттук (борбордук) банктарынын жетекчилери, Президенттин Администрациясынын жана Өкмөттүн Аппаратынын өкүлдөрү эл аралык финансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасында аккредиттелген элчиликтердин өкүлдөрү, ошондой эле бардык жалпыга маалымдоо каражаттарынын чакы-

руу кагазын алган өкүлдөрү катышкан. Ушул маанилүү иш-чаранын жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын жетекчилеринин жана ЭВФтин өкүлдөрүнүн катышуусунда пресс-конференция өткөрүлгөн.

*Накталай эмес төлөмдөрдү кеңейтүү боюнча иш чаралар*

Кароого алынып жаткан жылы накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча мамлекеттик программанын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө коомчулукка маалымат берип туруу иши улантылган. Ушу тема боюнча газета беттеринде статьялар жарыяланып, «Нацбанк сообщает» телеберүүсүндө жана «Улуттук банк билдирет» радиоберүүсүндө өзүнчө рубрикалар арналып, мына ушул мамлекеттик программанын максаттары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрмөлөр берилип, төлөм системасын модернизациялоо долбоорунун өзүнчө компоненттеринин жүзөгө ашырылышынын жүрүшү чагылдырылган. Ошондой эле, мамлекеттик программанын ишке ашырылышынын жүрүшү жөнүндө отчет жарым жылдык негизде Улуттук банктын расмий басылмаларында жарыяланып, расмий сайтында жайгаштырылуу менен жалпыга маалымдоо каражаттарында басылган. Мындан тышкары накталай эмес төлөмдөрдү кеңейтүү боюнча иш-чаралар жөнүндө маалыматтар «Улуттук банктын пресс-релизинде» да чагылдырылып турган.

*Элкартты кеңири жайылтуу*

Коомчулукка бул багытта кеңири маалыматтарды берүү жана «Элкарт» улуттук картын кеңири жайылтуу максатында, Улуттук банктын сайтынын «Төлөм системасы» бөлүгүндө «Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору» жаңы бөлүгү ачылып, анда «Элкарт» менен тейлөөгө алган соода-сервистик ишканалардын тизмеси дайыма жыңыртылып турган. Ошондой эле «Элкарт» менен тейлөөгө алган сервистик түйүндөрдүн саны боюнча маалыматтар Улуттук банктын пресс-релизинде жайгаштырылып, теле жана радиоберүүлөрдө чагылдырып келген.

Коммерциялык банктардын ишин жөнгө салууга жана Улуттук банктын норма белгилөө жагындагы ишине тиешелүү маселелер негизинен «Пресс-релизде» жарыяланып, аларда Улуттук банк тарабынан кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга карата түшүндүрмөлөр берилип турган.

*Банк тутуму*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги №5 «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында түзүлгөн «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын алдыга койгон максаттары жана милдеттери боюнча түшүндүрмөлөрдү жана коом-чулукка бул багытта маалымат берүү максатында атайын пресс-конференция уюштурулган. Мындан тышкары, ушул эле темага «Нацбанк сообщает» телеберүүсүндө жана «Улуттук банк билдирет» радио берүүсүндө өзүнчө рубрикалар арналып, басылмаларда жана маалымат агенттиктердин ленталарында түшүндүрмө маалыматтар жайгаштырылган.

*Улуттук банк менен Депозиттерди коргоо агенттигинин ортосундагы өз ара түшүнүшүү меморандуму*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк менен Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин ортосунда 2009-жылдын бирдин айында кол коюлган өз ара түшүнүшүү жөнүндө мемарандумдун долбоорун макулдашуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Депозиттерди коргоо системасынын таасирдүүлүгүн арттыруу, ошондой эле ушул системанын түзүлүшүнө жана анын ишине байланыштуу келип чыккан маселелер боюнча кызматташуу жана маалыматтык өз ара иш алып барууну уюштуруу негиздерин калыптандыруу, Улуттук банк менен Депозиттерди коргоо боюнча агенттиктин ортосунда өз ара аракеттенүүнү күчөтүү, жогоруда аталган мемарандумга кол коюунун негизги максатынан болгон. Ушул мемарандумга кол коюлгандан кийин республиканын телеканалдарында калайык-калктын банк тутумуна карата ишенимин бекемдөө, өздүк жыйымдарды, ички инвестициялык ресурстарды арттыруу жана бүтүндөй финансы системасынын туруктуулугуна өбөлгө түзүү максатында, агенттиктин алдына коюлган милдеттер боюнча түшүндүрмө маалыматтар жайгаштырылган.

2008-жылдагыдай эле, жаңы банктык продукт, атап айтканда, ислам банк ишин колдонууга киргизүүгө байланыштуу маалыматтарга өзгөчө көңүл бурулган. Отчеттук жылдын үчтүн айында жергиликтүү телеканалдардын биринде

«Ислам каржылоо принциптери Кыргыз Республикасында» темасында уюштурулган түз эфирге Улуттук банктын жетекчилиги катышып, анын жүрүшүндө берилген суроолорго жооптор Улуттук банктын Пресс-релизинин «Коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңуздарга жооп берет» рубрикасы астында жарыяланган. Кыргызстандын рыногунда өздөштүрүлүп жаткан жаңы банктык продукт, атап айтканда, ислам банкинги боюнча түшүндүрмө берүү үчүн Улуттук банктын адистери жалпыга маалымдоо каражаттарынын көп сандаган суроолоруна жоопторду даярдап, бул багытта иштелип чыккан жаңы ченемдик документтер боюнча комментарийлерди жана интервьюларды берген. Алар газета беттеринде да жарыяланган.

*Ислам каржылоо принциптери*

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасында 2006-2010-жылдары микрокаржылоону өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү стратегиясын жүзөгө ашыруунун жүрүшүн чагылдыруу боюнча иштер да улантылган. Мына ушул Стратегиянын 2008-жыл ичинде ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча түзүлгөн жумушчу топтун 17-отурумуна өзүнчө жарыялоолор арналып, анда орто мөөнөттүк стратегиянын аткарылышынын жыйынтыгы чыгарылып, 2009-жылда бул багытта аткарылуучу иш-чаралар аныкталган. Мындан тышкары, ушул эле жумушчу топтун өткөрүлгөн 18-отуруму тууралуу да коомчулукка маалымдалган, анда жогоруда аталган Стратегиянын иш-чараларынын 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында аткарылышынын жыйынтыгы кароого алынган. Ушул Стратегиянын жүзөгө ашырылышынын чегинде өткөрүлгөн бардык иш-чаралар «Улуттук банктын пресс-релизинде», «Нацбанк сообщает» телеберүүсүндө жана «Улуттук банк билдирет» радиоберүүсүндө чагылдырылган.

*Микрокаржылоо*

Мындан тышкары, микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктердин күбөлүк алуу тартиби, ошондой эле кредиттик союздардын лицензия алуу тартиби жөнүндө маалыматтык плакаттар чыгарылган.

Кредиттик союздарды өнүктүрүүнүн жүрүшү жөнүндө маалымат берип туруу максатында жалпыга маалымдоо каражаттарында кредиттик союздардын өз катышуучуларынан ресурстарды тартуу тажрыйбасын активдештирүүнүн зарылчылыгы жана мына ушул багытта алардын ишине дем берүү жагында Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар жөнүндө статьялар жарыяланган. Банктык эмес финансы кредиттик мекемелерин каттоодон өткөрүү, лицензияларын кайтарып алуу жана алардын аракетин токтотуу, ошондой эле бул мекемелердин ишине тиешелүү башка жаңылыктар туруктуу негизде пресс-релиздерде жарыяланып, кийинчерээк Улуттук банктын веб-сайтында жайгаштырылган.

2009-жылдын бирдин айында төртүнчү сериядагы 20, 50, 100, 5 000 сом номиналындагы банкноттордун жүгүртүүгө чыгарылышына байланыштуу Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусунда брифинг, ошондой эле маалыматтык кампания өткөрүлгөн. Алардын чегинде жалпыга маалымдоо каражаттарында тиешелүү маалыматтар жарыяланган; республиканын телеканалдарында видеороликтердин кеңири масштабдуу прокатына орун берилген; мына ушул акыркы муундагы банкноттордун оргиналдуу дизайны жана өркүндөтүлгөн коргоо элементтери чагылдырылган жыл наамалары жана плакаттар даярдалып, таркатылган. Улуттук банктын жана анын областтык башкармалыктарынын адистеринин ушул багыттагы баяндамалары газета беттеринде жарыяланган.

*Төртүнчү сериядагы банкнотторду жүгүртүүгө чыгаруу*

Ал эми жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча маалыматтык кампаниянын алкагында төртүнчү сериядагы банкноттордун коргоо элементтери жөнүндө калайык-калкка маалымдоо боюнча бир катар иш-чаралар жүргүзүлгөн. Республикалык көпчүлүк телеканалдарда, жалпыга маалымдоо каражаттарынын беттеринде 5 000 сом номиналындагы банкноттун коргоо элементтери боюнча түшүндүрмө берген материалдар жарыяланган. Ушул банкноттун коргоо элементтери менен калкты кылдат тааныштырып, алардын аныктап алуусу үчүн республикалык газета беттеринде кыргыз жана орус тилдеринде статьялар жана маалымат агенттиктеринин сайттарында бир катар билдирүүлөр жарыяланган.

*Жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү*

Мындан тышкары, ушул кампаниянын алкагында 5 000 сом номиналында-

ГЫ банкноттун коргоо элементтери жөнүндө маалымат камтылган плакат даярдалып, калк арасында жана коммерциялык банктардын кассирлерине таркатылган.

*Нумизматикалык монеталар*

Улуттук банк отчеттук жылдын чын куран айында кыргыздын дүйнө жүзүнө белгилүү чыгаан уулу, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына арналган «Чыңгыз Айтматов», «Жамиля», «Биринчи мугали», «Саманчынын жолу», «Гүлсарат» жана «Ак кеме» сериясындагы коллекциялык монеталардын чыгарылышы жана жалпыга маалымдоо каражаттары коомчулук үчүн презентацияланышына байланыштуу брифинг уюштурган.

*Жүгүртүү монеталары*

Ал эми жылдын жетинин айында журналисттер үчүн өткөрүлгөн брифингде 10 сом номиналындагы монета жүгүртүүгө чыгарылгандыгы жөнүндө маалымдалып, ошондой эле анын чегинде жалпыга маалымдоо каражаттарында тиешелүү маалыматтар жарыяланып, республиканын телеканалдарында видеороликтердин прокаты көрсөтүлгөн маалыматтык кампания ишке ашырылып, ушул тема боюнча көптөгөн суроолорго жооптор берилген.

*Жарандардын кайрылууларын кароо боюнча иш*

Улуттук банктын Коомдук пикирди билүү кызматы банктын компетенциясына кирген бардык маселелер боюнча консультацияларды берүү жагында ишти уланткан; коомчулуктун Улуттук банктын жетекчилиги жана адистери менен банк-финансы чөйрөсүнүн өзгөчө актуалдуу проблемалары боюнча жолугушуулары уюштурулуп, жарандардын кат жүзүндө кайрылуулары жана арыздары боюнча иштер жүргүзүлгөн. Отчеттук жылы бардыгы болуп Улуттук банктын дарегине 3 000ге жакын кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен 387 кат жүзүндө келип түшкөн. Кат жүзүндө кайрылуулардын негизги темасын, өткөн жылдардагыдай эле, чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата эсептик курсу, кайра каржылоонун Улуттук банк тарабынан белгиленген эсептик чени, банктык эмес финансы-кредит мекемелерин ачуу тартиби, ошондой эле эскилиги жеткен банкнотторду алмашуу тартиби жана нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, МКВларды сатып алуу тартибине тиешелүү маалыматтар түзгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банктын адистери тарабынан республиканын коммерциялык банктарынан ар кандай максаттарга кредиттерди, анын ичинде ипотекалык кредиттерди алуу тартибине тиешелүү маселелер боюнча консультациялар берилип, «банк-кардардын» укуктук өз ара мамилелери, банктык жана банктык эмес мекемелердин ишин жөнгө салуу, банкрот болгон банктардан аманаттарды кайтарып алуу жана аманаттарды индексациялоо тартиби, нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, акча которууну жүзөгө ашыруу сыяктуу маселелер боюнча түшүндүрмөлөр берилген. Мындан тышкары, Улуттук банктын Коомдук пикирди билүү кызматы аркылуу банк ишинин ар кандай багыттары боюнча даярдалган плакаттар, китепчелер жана усулдук китепчелер таркатылган.

*Окуу семинарлары*

2009-жылы өлкөнүн борбордук банкынын акча-кредит саясатын жүргүзүү жана ага жүктөлгөн башка милдеттерди аткаруу жагындагы максаттары жана милдеттери боюнча республиканын жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн түшүндүрмөлөрдү берүү максатында «Өлкөнүн борбордук банкы катары Улуттук банктын ролу жана функциясы» темасында салтка айланган семинарларды өткөрүү иши улантылган.

*Улуттук банктын веб-сайты*

Улуттук банктын расмий веб-сайты, бардык тышкы пайдалануучулардын банк ишине тиешелүү маалыматтар менен таанышуусунун бирдей шартын камсыз кылуу аркылуу коомчулукка маалымат берүүнүн таасирдүү инструменти болуп саналат. Жылдын аяк оона айында Улуттук банктын www.nbkr.kg. дареги боюнча веб-сайтынын жаңыртылган версиясы колдонууга киргизилген. Ал учур талабына жооп берген, өзгөчө дизайны жана ыңгайлуулугу менен айырмаланат. Мындан тышкары, анда жаңы бөлүктөр жана бөлүкчөлөр түзүлүп, колдонуудагы бөлүктөрүнө жайгаштырылуучу маалыматтар чөйрөсү кеңейтилген. Ошондой эле, жаңы веб-сайтта издөө системасы киргизилип, башкы бетте маалыматтар тизмектелген. Сайт кыргыз, орус жана англис тилдеринде чагылдырылып, жаңыртылып турат.

III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2009-ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

## МАЗМУНУ


| | Беттери |
|---|---|
| 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУН ДАЯРДАЛЫШЫНА ЖАНА БЕКИТИЛИШИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖЕТЕКЧИЛИК ТАРАБЫНАН ТАСТЫКТАЛЫШЫ | 1 (113) |
| КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРЛОРДУН ОТЧЕТУ | 2 (114) |
| 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ: | |
| Финанансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет | 3 (115) |
| Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет | 4 (116) |
| Чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет | 5 (117) |
| Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет | 6 (118) |
| Акча-каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет | 7-8 (119-120) |
| Консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр | 9-47 (121-159) |

# 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

## 7.1. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУН ДАЯРДАЛЫШЫНА ЖАНА БЕКИТИЛИШИНЕ ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ЖЕТЕКЧИЛИК ТАРАБЫНАН ТАСТЫКТАЛЫШЫ

Консолидацияланган финансылык отчеттун 2-беттеги көз карандысыз аудиторлордун берилген отчетунда камтылган көз карандысыз аудиторлордун милдеттеринин баяндалышы менен биргеликте каралууга тийиш болгон, төмөндөгү билдирүү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын («Улуттук банк») консолидацияланган финансылык отчетуна карата аудиторлордун жана жетекчиликтин жоопкерчиликтерин так чектеп белгилөө максатында берилген.

Улуттук банктын жетекчилиги 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банктын финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилерин так чагылдырган консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына, ошол күнү бүткөн жыл үчүн иш натыйжасына, акча каражаттарынын жылышына жана капиталдагы өзгөрүүлөргө Улуттук банктын, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына («ФОЭС») негизденген эсепке алуу саясатына ылайык жооп берет.

Консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликтүү:

- бухгалтердик эсепке алуунун алгылыктуу принциптерин тандоо жана алардын ырааттуу колдонулушуна;
- негиздүү баа берүүлөрдү жана эсептөөлөрдү колдонууга;
- Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарын сактоо жана ФОЭСтен бардык олуттуу четтөөлөрдү консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөрдө ачып көрсөтүлүшүнө;
- Улуттук банк өз ишин келечекте жүзөгө ашыра тургандыгына таянуу менен консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына.

Жетекчилик ошондой эле, төмөнкүлөр үчүн да жоопкерчиликтүү:

- Улуттук банкта натыйжалуу жана ишенимдүү ички контролдук системасынын иштелип чыгышына, колдонууга киргизилишине жана анын ишин камсыз кылууга;
- Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө кайсыл болбосун учурда, жетиштүү деңгээлде так маалыматтарды даярдоого мүмкүндүк берген бухгалтердик эсепке алуу системасын колдоо жана финансылык отчеттун Улуттук банктын ФОЭСке негизденген эсепке алуу саясатынын талаптарына ылайык келүүсүн камсыз кылууга;
- бухгалтердик эсепке алуунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүшүнө;
- Улуттук банктын активдеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн өз компетенциясынын чегинде чараларды көрүүгө; жана
- алдамчылык, каталарга жол берүү жана абалдан кыянатчылык менен пайдалануу фактыларын аныктоого жана аларга бөгөт коюуга.

2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн бул консолидацияланган финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын жалган куран айынын отуз биринде бекитилген.

| | |
|---|---|
| **Алапаев М.О.**<br>**Төрага** | **Айдаркулов Ш.А.**<br>**Башкы бухгалтер** |
| 2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири<br>Бишкек шаары,<br>Кыргыз Республикасы | 2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири<br>Бишкек шаары,<br>Кыргыз Республикасы |

## 7.2. КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРЛОРДУН ОТЧЕТУ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына**

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана анын туунду уюмдарынын (мындан ары «Улуттук банк») кароого сунуш кылынган консолидацияланган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк, ал 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетту жана ошол күнү бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар, кеткен чыгымдар, чогуу алгандагы киреше, капиталдагы өзгөрүүлөр жана акча каражаттарынын жылышы жөнүндө тиешелүү консолидацияланган отчеттор, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги принциптерин ачып көрсөтүүлөрдү жана башка түшүндүрмөлөрдү камтыган, кароого сунушталган консолидацияланган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

**Жетекчиликтин финансылык отчет үчүн жоопкерчилиги**

Жетекчилик ушул консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы жана консолидацияланган финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган аны берүү негиздерине ылайык келүүсү үчүн жоопкерчиликтүү болот. Бул жоопкерчилик финансылык кыянатчылыкка баруулардын, каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен эмес олуттуу бурмалоолорду камтыбаган консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына жана анын так берилишине ички контролдук системасын түзүүгө, колдонууга киргизүүгө жана колдоого алууга; талаптагыдай эсепке алуу саясатын тандоо жана колдонууга; ошондой эле жагдайлар менен негизделген бухгалтердик баа берүүлөргө таркатылат.

**Аудиторлордун жоопкерчилиги**

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мына ушул консолидацияланган финансылык отчет жөнүндө ой пикирди билдирүү биздин милдет. Биз аудитти, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар аудиторлор тарабынан этикалык нормалардын милдеттүү түрдө сакталышын, ошондой эле консолидацияланган финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү ишенимге ээ болуу максатында аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөргө жана консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөргө тиешелүү аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, финансылык кыянатчылыктардын же каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен консолидацияланган финансылык отчеттогу олуттуу бурмалоолор тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк пикирине негизденет. Мына ушундай тобокелдиктерге баа берүү ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна тиешелүү пикир билдирүү максатында эмес, ошол жагдайларда колдонууга боло турган аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышына жана анын тактыгына ички контролдук системасын кароону камтыйт. Аудит ошондой эле, колдонулган эсепке алуу саясатынын укук ченемдүүлүгүнө жана жетекчиликтин жол берүүлөрүнүн негиздүүлүгүнө баа берүүнү, ошондой эле бүтүндөй консолидацияланган финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү да камтыйт. Биз, алынган аудитордук далилдер мына ушул консолидацияланган финансылык отчет жөнүндө пикир билдирүү үчүн жетиштүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

**Пикир**

Биздин пикирибизче, кароого сунушталган консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банктын 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансылык абалын, бардык олуттуу аспекттеринде ошондой эле ушул күндө бүткөн жыл үчүн анын ишинин финансылык натыйжаларын жана консолидацияланган финансылык отчетко карата 3-түшүндүрмөдө баяндалган отчет берүү негиздерине ылайык, акча каражаттарынын жылышы так чагылдырылган.

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Грант Торнтон Амио ЖЧКсы

## 7.3. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНЕ КАРАТА АБАЛ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом)*

| | Эскертүү | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР:** | | | |
| Баалуу металлдар | 6 | 4 002 740 | 2 785 358 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 7 | 44 568 992 | 22 615 524 |
| Берилген кредиттер | 8 | 68 166 | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 9 | 20 800 020 | 22 249 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 10 | 3 405 315 | 3 505 088 |
| Негизги каражаттар | 11 | 485 997 | 499 170 |
| Материалдык эмес активдер | 12 | 18 112 | 63 601 |
| Жана башка активдер | 13 | 878 141 | 740 083 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА АКТИВДЕР** | | 74 227 483 | 52 460 412 |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 14 | 35 738 688 | 30 803 279 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелердин каражаттары | 15 | 8 549 438 | 4 395 994 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | | 3 980 348 | 4 774 147 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 16 | 1 059 543 | 1 641 751 |
| Алынган кредиттер | 17 | 13 457 660 | 6 762 686 |
| Жана башка милдеттенмелер | 18 | 89 778 | 181 033 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | 62 875 455 | 48 558 890 |
| **КАПИТАЛ:** | | | |
| Уставдык капитал | 19 | 300 000 | 300 000 |
| Милдеттүү камдар | | 1 614 322 | 1 282 357 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 8 715 341 | 1 183 329 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 1 878 | 29 286 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 720 487 | 1 106 550 |
| Жыйынтыгында капитал | | 11 352 028 | 3 901 522 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | 74 227 483 | 52 460 412 |

**Алапаев М.О.**
**Төрага**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-47 (121-159) беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.4. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ТҮШКӨН ПАЙДАЛАР ЖАНА КЕТКЕН ЧЫГЫМДАР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом)*

| | Эскертүү | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдын | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдын |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 20 | 811 586 | 2 110 558 |
| Пайыздык чыгашалар | 20 | (210 847) | (311 379) |
| **ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ** | | 600 739 | 1 799 179 |
| Комиссиондук кирешелер | | 12 046 | 10 379 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (1 393) | (1 324) |
| **ТАЗА КОМИССИОНДУК КИРЕШЕ** | | 10 653 | 9 055 |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камдарды (түзүү)/калыбына келтирүү | 21 | 151 293 | (318 875) |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 22 | 535 726 | 86 028 |
| Башка кирешелер | | 24 392 | 30 362 |
| **ТАЗА ПАЙЫЗСЫЗ (КИРЕШЕ/ЧЫГАША)** | | 711 411 | (202 485) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК КИРЕШЕ** | | 1 322 803 | 1 605 749 |
| Административдик чыгашалар | 23 | (403 784) | (354 855) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (161 483) | (139 510) |
| Башка чыгашалар | | (37 049) | (4 834) |
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ЧЫГАШАЛАР** | | (602 316) | (499 199) |
| **ЖЫЛ ИЧИНДЕ АЛЫНГАН ПАЙДА** | 24 | 720 487 | 1 106 550 |

**Алапаев М.О.**
**Төрага**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-47 (121-159) беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.5. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом)*

| | Эскертүү | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдын | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдын |
|---|---|---|---|
| **ЖЫЛ ИЧИНДЕ АЛЫНГАН ПАЙДА** | | 720 487 | 1 106 550 |
| **БАШКА ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ КИРЕШЕ:** | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | 7 532 012 | 1 183 329 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализицияланбаган пайда/чыгым | | (27 408) | 26 232 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА ЖЫЛ ИЧИНДЕ** | | 8 225 091 | 2 316 111 |

**Алапаев М.О.**
**Төрага**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-47 (121-159) беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.6. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом)*

| | Эскер-түү | Устав-дык капитал | Милдеттүү камдар | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валю-таларын кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестиция-ларды кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйын-тыгында капитал |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2007-жылдын бештин айынын отуз бири** | | 50 000 | 1 193 530 | - | 3 054 | 1 129 424 | 2 376 008 |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | | - | - | - | - | (790 597) | (790 597) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 338 827 | - | - | (338 827) | - |
| Камдарды уставдык капиталды толуктоого которуу | 19 | 250 000 | (250 000) | - | - | - | - |
| Жыйынтыгында | | 250 000 | 88 827 | - | - | (1 129 424) | (790 597) |
| Жыл ичинде алынган пайда | | - | - | - | - | 1 106 550 | 1 106 550 |
| ***Башка чогуу алгандагы киреше*** | | | | | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | - | - | 1 183 329 | - | - | 1 183 329 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган пайда | | - | - | - | 26 232 | - | 26 232 |
| Жайынтыгында | | - | - | 1 183 329 | 26 232 | 1 106 550 | 2 316 111 |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | | 300 000 | 1 282 357 | 1 183 329 | 29 286 | 1 106 550 | 3 901 522 |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | 19 | - | - | - | - | (774 585) | (774 585) |
| Өткөн жылдын пайдасын камдарга которуу | | - | 331 965 | - | - | (331 965) | - |
| Жыйынтыгында | | - | 331 965 | - | - | (1 106 550) | (774 585) |
| Жыл ичинде алынган пайда | | - | - | - | - | 720 487 | 720 487 |
| ***Башка чогуу алгандагы киреше*** | | | | | | | |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган пайда | | - | - | 7 532 012 | - | - | 7 532 012 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон реализацияланбаган чыгым | | - | - | - | (27 408) | - | (27 408) |
| Жыйынтыгында | | - | - | 7 532 012 | (27 408) | 720 487 | 8 225 091 |
| **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | | 300 000 | 1 614 322 | 8 715 341 | 1 878 | 720 487 | 11 352 028 |

**Алапаев М.О.**
**Төрага**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-47 (121-159) беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.7. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ОТЧЕТ

*(миң сом)*

| | 2009-жыл-дын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2008-жыл-дын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 567 649 | 1 356 771 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (145 911) | (223 761) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча реализацияланган пайда | 100 955 | 99 514 |
| Башка кирешелер | 21 096 | 33 886 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (210 252) | (164 148) |
| Административдик чыгашалар | (343 553) | (268 299) |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык ишкердиктен акча каражаттарынын агылып кирүүсү/(чыгуусу) | (10 016) | 833 963 |
| Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсү | | |
| *Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/азайуусу:* | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | (14 925 952) | (3 617 143) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 5 757 637 | (8 533 857) |
| Берилген кредиттер | (65 352) | 1 093 |
| Башка активдер | (29 314) | (143) |
| *Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү/(азайуусу):* | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 4 935 410 | 3 241 426 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 4 118 610 | 172 614 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | (1 791 092) | (492 755) |
| Кадимки иштин жүрүшүндө чыгарылган/(төлөнгөн) карыздык баалуу кагаздар | (582 445) | 215 245 |
| Башка милдеттенмелер | (94 160) | 99 204 |
| Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу | (2 686 674) | (8 080 353) |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (84 512) | (112 764) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуу | 4 920 | - |
| Инвестицияларды уюмдардын капиталына сатуудан түшүүлөр | - | 13 000 |
| Инвестициялык баалуу кагаздарды сатып алуу | (496 633) | - |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардын ордун жабуудан түшүүлөр | 64 352 | 379 342 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан алынган пайыздар | 97 076 | 98 049 |
| Алынган дивиденддер | 3 011 | 2 143 |
| Инвестициялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү/(чыгуусу) | (411 786) | 379 770 |

## 7.7. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ (уландысы)

*(миң сом)*

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ:** | | |
| Алынган кредиттерден түшүүлөр | 6 932 133 | 1 637 592 |
| Алынган кредиттер боюнча төлөөлөр | (1 180 725) | (905 870) |
| Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү | 5 751 408 | 731 722 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИНИН ТАЗА КӨБӨЙҮҮСҮ / (АЗАЙУУСУ) | 2 652 948 | (6 968 861) |
| *Чет өлкө валюталарынын курсунун өзгөрүүсүнүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири* | 1 802 472 | 507 153 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл башына карата (7-түшүндүрмө) | 11 254 155 | 17 715 863 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ, жыл акырына карата (7-түшүндүрмө) | 15 709 575 | 11 254 155 |

**Алапаев М.О.**
**Төрага**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
**Башкы бухгалтер**

2010-жылдын жалган куран айынын отуз бири
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы

Консолидацияланган финансылык отчеттун 9-47 (121-159) беттеринде берилген түшүндүрмөлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 7.8. 2009-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТКО КАРАТА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

*(миң сом)*

### 1. УЮМ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары «Улуттук банк») Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат, ал 1992-жылдын бештин айынын он экисинде «Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы деп кайрадан аталган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламенти) 1997-жылдын теке айынын экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алып, анын негизинде (Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын бирдин айынын он экисиндеги № 17, 2007-жылдын бугу айынын отузундагы № 75, 2007-жылдын кулжа айынын төртүндөгү № 77, 2007-жылдын баш оона айынын тогузундагы № 143, 2008-жылдын бугу айынын он алтысындагы №87, 2008-жылдын бугу айынын он тогузундагы №90, 2008-жылдын теке айынын он сегизиндеги №154, 2008-жылдын тогуздун айынын он жетисиндеги №224 жана №231, 2008-жылдын жетинин айынын үчүндөгү №236, 2009-жылдын үчтүн айынын жыйырма үчүндөгү №21, 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №94, 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №95, 2009-жылдын бугу айынын он тогузундагы №162, 2010-жылдын бирдин айынын он алтысындагы №30, 2010-жылдын жалган куран айынын он бешиндеги №49 мыйзамдардын редакциясында), Улуттук банк учурда өз ишин жүзөгө ашырып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын турукташуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын иш максаты.

Улуттук банк төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

– акча-кредит жана валюта саясатын аныктайт жана жүргүзөт;
– төлөм системасынын натыйжалуу иштешине жана банктар аралык төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга шарт түзөт;
– банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгарат;
– эл аралык алтын-валюта камдарын тескөөгө алат;
– коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялайт;
– коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат; жана
– Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган башка милдеттерди аткарат.

Улуттук банктын катталган офиси Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Үметалиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча жайгашкан.

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча өлкө аймагында анын беш областтык башкармалыгы жана Кыргыз Республикасынын региондорунда бир өкүлчүлүгү иштеп турган.

Улуттук банктын кызматкерлеринин 2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша, 558 жана 600 адамды түзгөн.

Улуттук банктын туунду уюмдарынан болуп, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсы жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы саналат. Бул эки уюмда тең Улуттук банк 100%

катышуу үлүшүнө ээ. Финансылык отчетко карата 3-тиркемеде чагылдырылгандай эле, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын отчету Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт.

«Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын үчтүн айынын сегизиндеги Жарлыгынын негизинде уюштурулган. Компаниянын уставдык капиталы 2 000 000 миң сомду түзөт, ал толугу менен Улуттук банк тарабынан төлөнгөн. Компания өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 2009-жылдын бугу айынын алтысында берилген лицензиянын негизинде адистештирилген финансы-кредит мекемеси катары жүзөгө ашырат. Ликвиддүүлүктү камсыз кылуу жана улуттук экономиканы кредиттөө максатында коммерциялык банктарга жана микрокредиттик уюмдарга финансылык ресурстарды сунуштоо, бул компаниянын негизги иш максаты болуп саналат. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын финансылык отчету ушул финансылык отчетко консолидацияланган. Компаниянын ушул консолидацияланган финансылык отчетко кошулган, ал уюшулган күндөн берки кирешелери жана пайдалары тиешелүүлүгүнө жараша 12 533 миң сомду 3 811 миң сомду түзөт.

Бул консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2010-жылдын жалган куран айынын отуз биринде бекитилген.

## 2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭКОНОМИКАЛЫК ЧӨЙРӨ

Акыркы бир катар жылдары Кыргыз Республикасында олуттуу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүргөн. Экономикасы өнүгүп келе жаткан өлкө катары Кыргыз Республикасы рынок экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдөгүдөй ишкердик жана мыйзамдык инфраструктурага толук ээ боло албай келет. Натыйжада, Кыргыз Республикасында ишке ашырылган операциялар өнүккөн рынок экономикасына ээ өлкөлөр үчүн типтүү болуп саналбаган тобокелдиктерге дуушар болушу ыктымал. Мындан тышкары, кыргыз экономикасы капитал рыногундагы туруксуз болуп жаткан жагдайдын жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасири астында калууда. Мына ушундай алгылыксыз шарттарга карабастан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү макроэкономикалык туруктуулуктун сакталып турушу шартында, экономикалык өсүштү ыкчамдатууга багытталган экономикалык саясатты туруктуу жүргүзгөн.

Бул консолидацияланган финансылык отчет келечекте мына ушундай белгисиздик жагдайынын чечилишинен улам зарылчылыгы келип чыккан кандайдыр бир корректировкалоолорду өзүнө камтыбайт. Отчетко аларды чагылдыруу ачык айкын болуп, алардын сандык маанисине баа берүү мүмкүн болгон мезгилде гана корректировкалоолор киргизилиши мүмкүн.

## 3. КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУ ТҮЗҮҮ ПРИНЦИПТЕРИ

### Бухгалтердик эсепке алуунун негизги принциптери

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын теке айынын экисинде кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык, Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын («ФОЭС») эске алуу менен Улуттук банк үчүн бухгалтердик эсепке алуу саясатын жана ыкмаларын аныктайт.

Консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын бештин айынын онунда жактырылган Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык даярдалган. Улуттук банктын эсепке алуу саясаты Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган ФОЭСке жана төмөндө берилген айрым модификацияларды эске албаганда, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечме-

лөө боюнча комитет тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген:

- баалуу металлдар рыноктук баа боюнча эсепке алынат жана кайра баалоодон таза реализацияланбаган киреше, ошондой эле чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон киреше өздүк капиталда, кийинкиге калтырылган мүмкүн болуучу бөлүштүрүүлөрдү эсептен алып салуусуз, таанылат. Көрсөтүлгөн активдерди кайра баалоого байланыштуу таза реализацияланбаган чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда мурда капиталда таанылган реализацияланбаган пайдадан ашкан бөлүгүндө таанылат;
- «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын отчету Улуттук банктын финансылык отчетуна консолидацияланбайт. Бул компанияга инвестициялар убактылуу мүнөзгө ээ жана сатууга жарактуу актив катары чагылдырылуу менен баштапкы сатып алуу наркы боюнча эсепке алынат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар жана баанын түшүүсүнөн чыгымдарды калыбына келтирүүлөр, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

Бул консолидацияланган финансылык отчет, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, миң сом (миң сом) менен берилген. Консолидацияланган финансылык отчет адилет наркы боюнча эсепке алынган айрым финансылык инструменттерди эске албаганда, баштапкы (тарыхый) нарк принцибинин негизинде даярдалган.

### Функционалдык валюта

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетунда камтылган статьялар Улуттук банкка тиешелүү окуялардын же жагдайлардын негизинде түптөлгөн экономикалык маңызды чагылдырган валютаны пайдалануу менен бааланат (мындан ары функционалдык валюта). Ал эми ушул консолидацияланган финансылык отчетто кыргыз сому функционалдык валюта болуп саналат.

## 4. ЭСЕПКЕ АЛУУ САЯСАТЫНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

### Консолидация

Туунду компаниялар б.а. «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын эске алынбаганда, добуш берүүгө укук чегерген акцияларынын тең жарымынан көбүрөөгү Улуттук банкка тиешелүү болгон же алардын ишине контролдукту Улуттук банк башка негиздерде жүзөгө ашырган компаниялар консолидацияланат. Туунду компанияларды консолидациялоо, аларга контролдук Улуттук банкка өткөн күндөн тартып башталат жана контролдук токтотулган күндөн тартып токтотулат. Компаниялар ортосундагы бардык операциялар, ошондой эле мына ушундай операциялар боюнча калдыктар жана реализацияланбаган пайда алынып салынат; реализицияланбаган чыгым да, эгерде ошол операция өткөрүлүп жаткан активдин баасынын түшүүсүн тастыктаган учурларды эске албаганда, алынып салынат. Зарылчылыкка жараша туунду компаниялардын эсепке алуу саясатына аларды Улуттук банктын эсепке алуу саясатына ылайык келтирүү үчүн өзгөртүүлөр киргизилет.

### Финансылык инструменттерди таануу жана баа берүү

Финансылык активдер жана финансылык милдеттенмелер Улуттук банк келишим боюнча тиешелүү финансылык инструментке карата тарап катары иш алып барган учурда, Улуттук банктын балансында чагылдырылат. Улуттук банк финансылык активдерди жана милдеттенмелерди дайыма болуп туруучу мүнөзгө ээ сатып алууну жана реализациялоону эсептешүүлөр күнү боюнча чагылдырат. Ушундай жол менен сатылып алынган, кийинчерээк адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер бүтүмгө келишилген учурдан тартып, белгиленген эсептешүүлөр күнгө чейин сатылып алынган инструмент катары эсепке алынат.

Финансылык активдер жана милдеттенмелер алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Пайда же чыгым аркылуу адилет наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер жана милдеттенмелер болуп саналбаган финансылык активдердин жана милдеттенмлердин баштапкы наркы финансылык активди сатып алууга же түзүүгө, же болбосо финансылык милдеттенмлердин чыгарылышына түздөн-түз байланыштуу келип чыккан операциялык чыгымдардын суммасына корректировкаланат. Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин наркына кийинки баа берүү принциби эсепке алуу саясатынын төмөндө келтирилген тиешелүү жоболорунда чечмеленет.

### Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Жүгүртүү кассасында турган улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар курамындагы калдыктын азайуусу катары чагылдырылат.

Акча каражаттарынын жылышын аныктоо максатында акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине банктарда жана башка финансы мекемелеринде талап боюнча төлөө шарттарында жайгаштырылган бош турган калдыктар, ошондой эле чет өлкө валютасындагы нак акча каражаттары кошулат.

### Баалуу металлдар

Баалуу металлдар баланс түзүү күнүнө карата рыноктук баасы боюнча эсепке алынат. Рыноктук баа баалуу металлдардын Лондон рыногунун таңкы сессиясында белгиленген баанын деңгээлинде аныкталат.

### Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

Улуттук банк адаттагы ишинин жүрүшүндө каражаттарды жайгаштырып, банктарга жана башка финансы мекемелерине ар кандай мөөнөттөргө аманаттарды жайгаштырат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар алгач адилет наркы боюнча таанылат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөттөгү каражаттар кийинчерээк эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча баалануу менен баанын түшүүсүнө кайсы болбосун камды эсептен алып салуу менен эске алынат. Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги катталган мөөнөтсүз каражаттар күтүлүп жаткан төлөө мөөнөттөрүнүн негизинде, амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат.

### Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар белгисиз мезгил аралыгына кармап туруу болжолдонгон баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар алгач адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк бул баалуу кагаздар, кайра баалоонун натыйжасын баалуу кагаздар сатылганга чейинки баанын түшүүсүнөн тышкары, түздөн-түз капитал эсебине чегерүү менен адилет наркы боюнча бааланат, мында мурда капиталда таанылган топтолгон пайда/ чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Баанын түшүүсүнөн чыгым, ошондой эле эффективдүү пайыздык чен ыкмасынын негизинде эсептелинген чегерилген пайыздык кирешелер түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат. Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын адилет наркын аныктоо үчүн Улуттук банк рыноктук котировкаларды пайдаланат.

Эгерде, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнүн объективдүү себеби орун алса, анда мурда түздөн-түз капиталга чегерилген чогуу алгандагы чыгым, капиталдан отчеттук мезгил ичиндеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Са-

туу үчүн колдо болгон инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан жана баанын түшүүсүнөн кийинки жагдайларга түздөн-түз байланыштуу болгон мына ушундай чыгымды калыбына келтирүү, отчеттук мезгилдеги түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда чагылдырылат.

### Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар, Улуттук банк бул баалуу кагаздарды төлөөгө чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон шартта, аныкталган же каттталган төлөмдөрү менен карыздык баалуу кагаздарды түшүндүрөт. Мындай баалуу кагаздар баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салуу менен амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынат. Төлөөгө чейинки мөөнөт ичиндеги дисконтту амортизациялоо, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен төлөөгө чейинки мезгил ичиндеги пайыздык киреше катары чагылдырылат.

### Баанын түшүүсүнө кам

*Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынуучу активдер*

Улуттук банк финансылык активдер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды, финансылык активдин баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү тастыктоолор болгон шартта гана эсепке алат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар, финансылык активдин баштапкы эффективдүү пайыздык чен боюнча дисконттолгон гарантиялар жана камсыздоолорго тиешелүү орду толтурулуп берилүүчү суммаларды кошо алганда, күтүлүп жаткан акчалай түшүүлөрдүн балансттык наркы менен утурумдук наркынын ортосундагы айрыма катары бааланат.

Баанын түшүүсүнөн келип чыккан мындай чыгымдар, кийинки мезгилде баанын түшүүсүнөн чыгымдардын суммасы азайып жана бул азаюу ал, ордун толтуруп берүү сыяктуу баанын түшүүсүн таануудан кийинки жагдайларга объективдүү түрдө байланыштуу болушу мүмкүндүгүн эске албаганда, кайтарылбайт. Бул учурда баанын түшүүсүнөн мурда таанылган чыгым камды корректировкалоо аркылуу кайтарылат.

Өздүк наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер үчүн баанын түшүүсүнөн чыгымдар финансылык активдин балансттык наркы менен ушундай эле финансылык актив боюнча пайданын утурумдук рыноктук нормасын пайдалануу менен дисконттолгон акча каражаттарынын эсептелинген келечектеги жылышынын утурумдук наркынын ортосундагы айрыма катары бааланат. Баанын түшүүсүнөн мындай чыгымдар кайтарылбайт.

*Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Эгерде, сатуу үчүн колдо болгон активдин баасынын түшүүсү жүрсө, анда анын баштапкы наркы менен (кандай болбосун негизги сумманы жана амортизацияны эсептен алып салуу менен) учурдагы адилет наркынын ортосундагы айрыманы камтыган сумма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда мурда таанылган баанын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгымды эсептен алып салуу менен капиталдан түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которулат. Карыздык инструменттер боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдарды алып салуу, эгерде инструменттин адилет наркынын көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү байланыштуу болушу мүмкүн болсо, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу кайтарылат.

Улуттук банктын жетекчилиги банктын контрагенттеринин финансылык абалына туруктуу мониторингди жүзөгө ашырат жана алардын кредиттик рейтингинин төмөндөөсү шартында баанын түшүүсүнө кам түзөт.

## Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди таануунун токтотулушу

*Финансылык активдер*
Финансылык активдердин чагылдырылышы (же колдонууга ылайыктуу болсо, финансылык активдин бөлүгүн) төмөнкү учурларда токтотулат:

– активден акча каражаттарын алуу укугунун аракети токтотулган болсо;
– Улуттук банк активден акча каражаттарын алууга өз укугун өткөрүп берсе же активден акча каражаттарын алуу укугун өзүндө калтырып, бирок «өткөрүп берүү» жөнүндө келишим боюнча үчүнчү тарапка көпкө кармоосуз аларды төлөп берүү милдеттенмесин алган болсо; жана
– Улуттук банк же (а) актив боюнча бардык тобокелдикти же пайданы иш жүзүндө өткөрүп берген, же (б) актив боюнча бардык тобокелдикти жана пайданы өткөрүп берген эмес, өзүнө калтырган эмес, бирок активдин үстүнөн контролдукту өткөрүп берген учурларда.

Финансылык активди таанууну токтотуу, ал өткөрүлүп берилген жана таанууну токтотуу үчүн талаптар аткарылган учурда токтотулат. Өткөрүп берүү Улуттук банктан же: (а) актив боюнча акча алууга контрактык укукту өткөрүп берүүнү; же (б) актив боюнча акча каражаттарына укукту өзүндө калтырууну, бирок ошол акчаларды 3-жакка төлөп берүү боюнча контрактык милдеттенмени өзүнө алууну талап кылат. Өткөрүп бергенден кийин Улуттук банк өзүндө тобокелдикти сактап калган абалга жана өткөрүлүп берилген активге ээлик кылуудан алынуучу пайдага кайра баалоону жүргүзөт. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен сакталган болсо, актив балансга калат. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен өткөрүлүп берилген болсо, анда актив эсептен алынып салынат. Эгерде бардык тобокелдиктер жана алынган пайда негизинен калтырылбаган, өткөрүлүп берилбеген болсо, Улуттук банк активдин үстүнөн контролдук сакталып калынганбы, ошого баа берүүнү жүргүзөт. Эгерде ал контролдукту сактап калбаса, актив эсептен алынып салынат. Эгерде Улуттук банк активге контролдукту сактап калса, анда ал активди анын катышуусу кандай уланса, ошол чекте таанууну улантат.

*Финансылык милдеттенмелер*
Финансылык милдеттенмелер аткарылган, алынып салынган же мөөнөтү бүткөн учурда эсептен алынат.

Орун алган финансылык милдеттенмелер ошол эле кредитор алдында олуттуу башка шарттардагы башка милдеттенмеге алмаштырылса, же орун алган милдеттенменин шарттары олуттуу өзгөртүлсө, анда мындай алмашуу же өзгөрүү баштапкы жагдайда эсептен алып салуу жана жаңы милдеттенмени таануу катары эсепке алынуу менен тиешелүү баланстык нарктагы айырма, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

## Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер

Амортизация, активдерди пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ичинде эсептен алып салуу максатында негизги каражаттар менен материалдык эмес активдердин баланстык наркына чегерилет. Амортизацияны чегерүү төмөндө келтирилген ар жылы белгиленүүчү нормаларды пайдалануу менен түз линиялык ыкманын негизинде жүргүзүлөт:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 2% |
| Курулмалар | 5% |
| Эмерек жана жабдуулар | 20% |
| Компьютерлер | 20%-30% |
| Транспорт | 20% |
| Материалдык эмес активдер | 30% |

Эгерде капиталдаштыруу талаптарын канааттандырбаса, утурумдук ремонт боюнча чыгашалар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, алар келип чыккан мезгил ичинде операциялык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

Ар бир отчеттук күнгө карата Улуттук банк, негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин баланстык наркы алардын калыбына келтирилүүчү наркынан ашпайбы же жокпу, ошого баалоону жүргүзөт. Калыбына келтирүүчү нарк – бул, сатуу боюнча сарптоолорду жана керектөө наркын эсептен алып салуу менен адилет нарктын ичинен чоң маани. Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин баланстык наркы алардын калыбына келтирүүчү наркынан ашкан учурда Улуттук банк, негизги каражаттардын баланстык наркын алардын калыбына келтирүүчү наркына чейин азайтат. Баанын түшүүсүнөн чыгым чагылдырылгандан кийин негизги каражаттар боюнча амортизациялык чегерүүлөр, кийинки мезгилде калдык наркты эсептен алып салуу менен активдин кайра эсептелинген баланстык наркын (эгерде бул болжолдонгон болсо) пайдалуу кызмат өтөөнүн калган мөөнөттөрүнө бирдей ченемде бөлүштүрүү максатында корректировкаланат.

### Салык алуу

Улуттук банк пайда салыгын төлөөчү болуп саналбайт. Улуттук банктын ишине карата колдонулуучу, бюджетке бардык милдеттүү салыктык төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык төлөнөт. Улуттук банк агент катары төлөнүүчү салыктар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда операциялык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

### Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер

Банктардын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар жана алынган кредиттер алгач эсепке алууда адилет наркы боюнча чагылдырылат. Кийинчерээк мына ушундай операциялар боюнча милдеттенмелер амортизациялык наркы боюнча чагылдырылат, ал эми баланстык нарк менен төлөө наркынын ортосундагы тиешелүү айрыма карыз алуу мөөнөтү ичинде, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, пайыздык чыгашалардын курамында чагылдырылат.

### Уставдык капитал жана камдар

Улуттук банк катталган өлчөмдөгү уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү же азайтуу “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркы боюнча эсепке алынат.

Милдеттүү камдар аларды бөлүштүрүү учурунда пайдадан чегерүү аркылуу топтолот. Милдеттүү камдар баштапкы наркында эсепке алынат.

### Кирешелерди жана чыгашаларды таануу

*Пайыздык кирешелерди жана чыгашаларды таануу*

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар чегерүү принциби боюнча чагылдырылат жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча эсептелинет. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы – бул, финансылык активдин же финансылык милдеттенмелердин амортизациялык наркын эсептөөнү, ошондой эле пайыздык кирешени же пайыздык чыгашаны тиешелүү мезгилге чегерүүнү түшүндүргөн ыкма. Эффективдүү пайыздык чен – бул, анын жардамы менен келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү финансылык активдин же фи-

нансылык милдеттенменин учурдагы таза наркына ылайык келтирилген пайыздык чен. Мында дисконттоо финансы инструментинин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү аралыгында же, эгерде аны колдонууга боло турган болсо, кыйла кыска мөөнөттө ишке ашырылат.

Эгерде финансылык актив баанын түшүүсүнүн натыйжасында алынып салынган (жарым жартылай алынып салынган) болсо, пайыздык киреше баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептөө максатында келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Адилет наркы боюнча бааланган активдерден алынган пайыздар, пайыздык киреше катары классификацияланат.

*Комиссиондук кирешелерди жана чыгашаларды таануу*
Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдү ишке ашыргандык үчүн комиссиондук кирешелер, ошондой эле банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча комиссиондук чыгашалар кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша таанылат. Башка комиссиондук төлөмдөр кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушталышына жараша чагылдырылат.

## Чет өлкө валюталарын кайра эсептөө ыкмасы

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчету Улуттук банк өз ишин жүргүзгөн негизги экономикалык чөйрөнүн валютасында (анын функционалдык валютасы) берилген. Функционалдык валютадан башка валюталарда келишилген бүтүмдөр, бүтүм ишке ашырылган күнгө карата алмашуу курсу боюнча эсепке алынат. Мына ушундай бүтүмдөрдүн натыйжасында алынган пайда жана чыгым баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайдага кошулат. Баалуу металлдарды, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоо саясаты 3- түшүндүрмөдө чечмеленген.

Консолидацияланган финансылык отчетту берүү максатында Улуттук банктын чет өлкө операциялары боюнча активдери жана милдеттенмелери, консолидацияланган финансылык отчетту түзүү күнүнө карата алмашуу курсун пайдалануу менен сом түрүндө берилген.

## Алмашуу курсу

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банк тарабынан консолидацияланган финансылык отчетту түзүүдө колдонулган эсептик алмашуу курстары жөнүндө маалыматтар төмөндө келтирилген:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| сом/АКШ доллары | 44,0917 | 39,4181 |
| сом/евро | 63,5229 | 55,4790 |
| сом/атайы карыз алышуу укугу | 69,1644 | 60,8466 |
| сом/канада доллары | 41,9901 | 32,4723 |
| сом/австралия доллары | 39,0167 | 26,9955 |
| сом/швейцария франкы | 42,5657 | 36,6799 |
| сом/англия фунт стерлинги | 70,4012 | 58,2067 |

## Депозитарий функциясы

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, депо эсептери боюнча баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүнү камсыз кылуу аркылуу депозитарийдин кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштайт. Жогоруда аталган кызмат көрсөтүүнүн чегинде алынган активдер жана кабыл алынган милдеттенмелер Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна кошулбайт. Мына ушул операциялар боюнча кредиттик жана рыноктук тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлөт.

## Жетекчиликтин олуттуу баа берүүлөрү жана баа берүүлөрдүн белгисиздик булактары жагында

Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетун даярдоо жетекчиликтен отчеттук күнгө карата активдердин жана милдеттенмелердин отчетто берилген суммаларына, ошондой эле бүткөн мезгил ичинде кирешелердин жана чыгашалардын суммаларына таасир эткен баа берүүлөрдү жүргүзүүнү талап кылат. Жетекчилик өз ой-пикирлерин жана баалоолоруна баа берүүнү ишке ашырып турат. Жетекчилик өз ой-пикирлеринде жана баалоолорунда мурдатан бери топтолгон тажрыйбаларга жана ошол жагдайларда алгылыктуу деп эсептелинген ар кандай факторлорго негизденет. Айкын натыйжа ар кандай жол берүүлөр жана жагдайлар шартында берилген баа берүүлөрдөн айрымаланышы мүмкүн. Төмөндөгү баа берүүлөр жана ой-пикирлер Улуттук банктын финансылык абалын чагылдыруу үчүн маанилүү деп эсептелинет.

*Финансылык инструменттерге баа берүүлөр*

Сатуу үчүн колдо болгондор катары классификацияланган финансылык инструменттер адилет наркы боюнча эсепке алынат. Мына ушундай финансылык инструменттердин адилет наркы бааланган сумманы түшүндүрөт жана ал боюнча инструмент, мажбурлап же жоюунун негизинде сатуу учурларын эске албаганда, бүтүмгө келишүүгө ниеттенген тараптар ортосунда бүтүмдөргө келишүүдө алмаштырылышы мүмкүн. Эгерде ошол инструмент боюнча котировкалык рыноктук баа орун алса, адилет нарк рыноктук баанын негизинде эсептелинет. Эгерде рынокто баа берүү үчүн параметрлер жок болсо же аларды орун алган рыноктук баадан бөлүүгө мүмкүн болбосо, адилет нарк баалуу кагаздар боюнча контрактылардын шарттарын, ошондой эле пайыздык чен, өзгөрүлмөлүүлүк, алмашуу курсу жана контрагенттин кредиттик рейтинги сыяктуу рыноктук баа берүү параметрлерин кошо алганда, ар бир продукт үчүн алгылыктуу болгон жана колдо болгон башка рыноктук маалыматтарга анализдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу аныкталат. Баа берүүнүн рыноктук параметрлери түздөн-түз байкалбаган учурда, жетекчилик рынок тарабынан ошол инструмент боюнча аныкталышы мүмкүн болгон бааны так чагылдырган мына ошондой параметрге алгылыктуу баа берүүнү белгилейт. Мындай баа берүүнү ишке ашыруу учурунда алдын-ала алынган маалыматтарды, мурдатан бери топтолгон маалыматтарды жана экстраполяция ыкмасын кошо алганда, ар кандай инструменттер колдонулат. Эгерде, инструменттин наркы рынокто орун алган маалыматтар менен салыштыруу аркылуу тастыкталбаса, бүтүмдүн баасы баштапкы таануу учурунда финансылык инструменттин адилет наркын эң мыкты тастыктоочу болуп саналат. Баа берүү ыкмасын колдонуу аркылуу алынган бүтүмдүн баасы менен наркынын ортосунда келип чыккан кандай болбосун айрыма, баштапкы таануу учурунда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылбайт, кийинчерээк пайда же чыгым рыноктун катышуучулары баа түзүү учурунда кароого алган факторлордун өзгөрүүсүнө байланыштуу болгон деңгээлде гана таанылат.

Улуттук банк, котировкалануучу рыноктук баа жок болгон учурда финансылык инструменттерге баа берүүгө байланыштуу эсептик баа берүү, баа берүүдөгү белгисиздиктин негизги булагы болуп саналат деп эсептейт. Анын таасири баа берүүдөгү өзгөрүүлөрдү таанууда бухгалтердик баланста чагылдырылган активдерге таасирин тийгизет, ошондой эле мында, пайда (чыгым) олуттуу болушу мүмкүн.

Жетекчилик пайыздык чендер, өзгөрүлмөлүүлүк, алмашуу курсу, контрагенттин кредиттик рейтинги жана баалуу корректировкалары боюнча башка жол берүүлөрдү пайдаланган болсо, бул рыноктук котировкалар болбогон учурда финансылык инструменттердин наркына баа берүүдө көбүрөөк же азыраак өзгөрүүгө алып келмек, демек бул Улуттук банктын таза пайдасына олуттуу таасирин тийгизмек.

## Жаңы жана өзгөртүлгөн стандарттарды колдонуу

Бул жылы Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш (СМСФО) жана эл аралык Финансылык отчеттуулукту чечмелөө боюнча комитет (КИМФО) тарабынан жарыяланган жана анын ишине колдонууга боло турган, 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн мезгил үчүн отчетту түзүү учурунда күчүнө кирген бардык жаңы жана кайрадан каралып чыккан стандарттарды, жана чечмелөөлөрдү кабыл алган. Финансылык отчетко таасирин тийгизген стандарттар жана чечмелөөлөр төмөндө келтирилген:

БЭЭСтин «Финансылык отчетту берүү» деп аталган биринчи стандарты (2007-жылы кайрадан каралып чыккан).

Улуттук банк 2009-жылдын үчтүн айынын биринен башталган отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген БЭЭСтин кайрадан каралып чыккан «Финансылык отчетту берүү» деп аталган биринчи стандартын колдонот. Бул стандарт өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетту берүүгө таасирин тийгизет жана чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчетту колдонууга киргизет. Улуттук банк түшкөн пайданы жана кеткен чыгымдарды, ошондой эле башка чогуу алгандагы кирешенин компоненттерин, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет, чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет катары өз-өзүнчө сунуштайт. Түзөтүүлөр ошондой эле, финансылык отчетту түзгөн негизги финансылык отчеттордун башкача аталышын сунуш кылат, бирок талап кылбайт. Стандартты кабыл алуу Улуттук банктын финансылык абалына же пайдасына таасир этпейт. Бирок, кошумча чечмелөөлөргө түрткү берет.

Салыштырма маалыматтар кайрадан каралып чыгып, кайрадан каралып чыккан стандарттарга ылайык берилген.

ФОЭСтин «Финансылык инструменттер: чечмелөөлөр» деп аталган 7-стандартына карата түзөтүүлөр.

Улуттук банк ФОЭС 7ге карата 2009-жылдын жалган куран айында чыгарылган түзөтүүлөрдү колдонгон. Түзөтүүлөр 2009-жылдын үчтүн айынын биринде башталган отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирген. Түзөтүүлөр финансылык инструменттердин адилет наркын ачып көрсөтүү багытын кеңейтет жана белгилейт (28-түшүндүрмө).

*БЭЭСтин «Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү» деп аталган 24-стандартын (2009-жылдагы редакциясында) мөөнөтүнөн мурда бөлүп-бөлүп кароо*

Улуттук банк 2011-жылдын үчтүн айынан тартып башталган жылдык мезгилдерге карата же ошол күндөн кийин күчүнө кирүүчү БЭЭСтин «Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү» деп аталган 24-стандартын (2009-жылдагы редакциясында) мөөнөтүнөн мурда бөлүп-бөлүп колдонууну чечип, анын мөөнөтүнөн мурда колдонулушуна жол берет. Өзгөртүүлөр БЭЭС 24 кө ылайык Улуттук банк, колдонуудагы БЭЭС 24ттө каралган төмөнкү операциялар боюнча адеттеги ачып көрсөтүүлөрдөн бошотулат:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен, жана

б) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү контролдукка алган, аны менен биргелешип контролдонуучу же Өкмөт олуттуу таасир эте алган башка уюмдар менен.

Жаңы БЭЭС 24тө (2009-жылдагы редакциясында) каралган маалыматтарды ачып көрсөтүү 27-түшүндүрмөдө келтирилген.

### Күчүнө кире элек жана Улуттук банк тарабынан мөөнөтүнөн мурда кабыл алынбаган жаңы стандарттар жана чечмелөөлөр

Мына ушул консолидацияланган финансылык отчетту бекитүү күнүнө карата бир катар жаңы стандарттар жана жогоруда көрсөтүлгөн Улуттук банк тарабынан мөөнөтүнөн мурда колдонулган БЭЭСтин «Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматтарды ачып көрсөтүү» деп аталган 24-стандартынан (2009-жылдагы редакциясында) тышкары азырынча күчүнө кире элек стандарттарга карата колдонулган түзөтүүлөр жана чечмөлөөлөр жарыяланган. Жетекчилик, бардык жаңы стандарттар жана чечмелөөлөр Улуттук банк тарабынан алар күчүнө киргенден кийинки алгачкы мезгилде эле кабыл алынат деп болжолдойт. Жаңы стандарттар, ошондой эле азырынча колдонула элек, бирок келечекте Улуттук банктын финансылык отчету үчүн колдонулушу мүмкүн болгон стандарттарга карата түзөтүүлөр жана комментарийлер төмөндө келтирилген. Айрым башка жаңы стандарттар, түзөтүүлөр жана чечмелөөлөр жарыяланган, бирок Улуттук банктын финансылык отчету үчүн колдонулбашы ыктымал.

*ФОЭСтин «Ишканаларды бириктирүү» деп аталган 3-стандарты (2008-жылы кайрадан каралып чыккан)*

Стандарт 2009-жылдын теке айынын биринен тартып башталган же ушул күндөн кийинки отчеттук мезгилдер үчүн колдонууга берилет. Стандарт келечекте колдонулууга тийиш. Жаңы стандарт ишканаларды бириктирүү үчүн бухгалтердик эсепке алуунун талаптарына өзгөртүүлөрдү түшүндүрөт, бирок дале болсо сатып алуу ыкмасын колдонууну талап кылат.

*БЭЭСтин «Консолидацияланган же өзүнчө берилүүчү финансылык отчет» деп аталган 27-стандарты (2008-жылы кайрадан каралып чыккан)*

Бул стандарт туунду ишканаларга контролдукту жоготкон учурда бухгалтердик эсепке алуу талаптарына өзгөртүүлөрдүн киргизилишин, ошондой эле туунду ишканалардагы катышуу үлүшүнө өзгөртүүлөрдү түшүндүрөт. Стандарт 2009-жылдын теке айынын биринде же андан кийин башталган отчеттук мезгилдер үчүн күчүнө кирет.

### 2009-жыл ичиндеги жылдык реформалар

2009-жылдын чын куран айында СМСФО «ФОЭСти 2009-жыл ичинде реформалоо» басылмасын чыгарган, ага ылайык ФОЭСтин айрым стандарттарына анча чоң эмес өзгөртүүлөр киргизилген. Бул жарыялоо аркылуу СМСФОну жылдык реформалоонун 2-баскычы аягына чыккан. Алардын олуттуу бөлүгү 2010-жылдын үчтүн айынын биринде башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет.

*БЭЭСтин «Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет» деп аталган 7-стандартына карата түзөтүүлөр*

БЭЭС 7ге карата түзөтүү активдин таанылышына алып келген сарптоолор гана инвестициялык ишкердиктен акча каражаттарынын жылышы катары классификациялана тургандыгын так чечмелеп берет. Түзөтүү Улуттук банк тарабынан 2010-жылдын үчтүн айынын биринен же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү негизде колдонулат.

*БЭЭСтин «Ижара» деп аталган 17-стандартына карата түзөтүү*

БЭЭС 17-ге карата түзөтүү, жер участкаларын жана имараттарды ижарага алууда, участка-

лар жана имараттар БЭЭС 17нин 7-13-параграфтарында баяндалган ижараны классификациялоо критерийлерине ылайык өзүнчө элементтер (финансылык же операциялык лизинг) катары классификациялана тургандыгы чечмеленген. Түзөтүү Улуттук банк тарабынан 2010-жылдын үчтүн айынын биринен же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата ретроспективдүү негизде колдонулат.

## 5. КЛАССИФИКАЦИЯЛООДОГУ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча консолидацияланган финансылык отчетко 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата берилген отчетту сунуштоо формасына аны ылайык келтирүү үчүн классификациялоодо өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн. Бул, кароого сунушталып жаткан ушул отчеттун формасы Улуттук банктын финансылык абалын тагыраак чагылдыра тургандыгына байланыштуу.

| **Классификациялоодогу өзгөрүүлөрдүн мүнөзү** | **Суммасы** | **классификациялоонун өзгөрүүсүнө чейин** | **классификациялоонун өзгөрүүсүнөн кийин** |
|---|---|---|---|
| Баанын түшүүсүнө камдарды эсептен алып салуу менен берилген кредиттер | 2 441 | - | 2 441 |
| Башка активдер | (2 441) | 742 524 | 740 083 |
| Башка кирешелер | 4 834 | 25 528 | 30 362 |
| Башка чыгашалар | (4 834) | - | (4 834) |
| Материалдык эмес активдер (орнотуу үчүн материалдык эмес активдер) | 4 848 | 58 753 | 63 601 |
| Негизги каражаттар (орнотуу үчүн жабдуулар жана бүткөрүлө элек курулуш) | (4 848) | 504 018 | 499 170 |

## 6. БААЛУУ МЕТАЛЛДАР

Баалуу металлдар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** |
|---|---|---|
| Депозиттердеги алтын | 4 002 460 | 2 833 091 |
| Депозиттердеги күмүш | 280 | 155 |
| | 4 002 740 | 2 833 246 |
| Баанын түшүүсүнө кам | - | (47 888) |
| **Жыйынтыгында, баалуу металлдар** | **4 002 740** | **2 785 358** |

Алтын жана күмүш физикалык салмагында 2009- жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата өзгөргөн эмес жана тиешелүүлүгүнө жараша 83 090 троян унциясын жана 364 троян унциясын түзгөн.

2009- жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн баалуу металлдар боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат 21-түшүндүрмөдө берилген.

## 7. БАНКТАРДАГЫ ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕГИ КАРАЖАТТАР

Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| Мөөнөттүү депозиттер | 29 389 182 | 11 960 529 |
| Күндөлүк эсептер | 15 418 755 | 10 986 933 |
| Кошуп эсептелинген пайыздар | 13 306 | 52 973 |
| | 44 821 243 | 23 000 435 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (252 251) | (384 911) |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар** | 44 568 992 | 22 615 524 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат 21-түшүндүрмөдө берилген.

2009- жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк тарабынан тиешелүүлүгүнө жараша 4 жана 3 банкта каражаттар жайгаштырылган, алардын ар биринин карызы банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча калдыктардын чогуу алгандагы көлөмүнүн 10% ашкан.

2009- жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча финансылык активди максималдуу жайгаштыруунун суммасы, тиешелүүлүгүнө жараша 44 568 992 миң сомду жана 22 615 524 миң сомду түзгөн.

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчетто берилген акча каражаттары жана алардын эквиваленттери өзүнө төмөнкү компоненттерди камтыйт:

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| Банктардагы каражаттар | 15 418 755 | 10 986 933 |
| Нак чет өлкө валютасы (13-түшүндүрмө) | 290 820 | 267 222 |
| **Жыйынтыгында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | 15 709 575 | 11 254 155 |

## 8. БЕРИЛГЕН КРЕДИТТЕР

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| «Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы тарабынан берилген кредиттер | 67 285 | - |
| Коммерциялык банктарга чакан жана орто бизнес үчүн ЕБРР программасы боюнча берилген кредиттер | 401 931 | 374 096 |
| | 469 216 | 374 096 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (401 050) | (371 655) |
| **Жыйынтыгында, берилген кредиттер** | 68 166 | 2 441 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн берилген кредиттер боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат 21-түшүндүрмөдө берилген

## 9. САТУУ ҮЧҮН КОЛДО БОЛГОН ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Рыноктук пайыздык чен | Сумма | Рыноктук пайыздык чен | Сумма |
| **Адилет наркы боюнча эсепке алынган:** | | | | |
| Карыздык баалуу кагаздар – котировкалануучу | | | | |
| *Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 4.04% | 7 620 711 | 4.18% | 5 228 239 |
| *Швейцария Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 0.13% | 6 385 867 | - | - |
| *Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 0.45% | 6 095 641 | 1.74% | 2 850 917 |
| *АКШ Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери* | 0.45% | 444 573 | 0.61% | 399 328 |
| *Эл аралык финансылык уюмдардын карыздык баалуу кагаздары* | 0.11% | 238 228 | 0.78% | 13 755 663 |
| **Жыйынтыгында, адилет наркы боюнча эсепке алынган, сатуу үчүн колдо болгон карыздык баалуу кагаздар** | | 20 785 020 | | 22 234 147 |
| **Баштапкы наркы боюнча эсепке алынган:** | | | | |
| «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы » ЖЧКсы | - | 15 000 | - | 15 000 |
| **Жыйынтыгында, сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар** | | 20 800 020 | | 22 249 147 |

## 10. ТӨЛӨӨГӨ ЧЕЙИН КАРМАЛЫП ТУРУУЧУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Эффективдүү пайыздык чен | Сумма | Эффективдүү пайыздык чен | Сумма |
| Карыздык баалуу кагаздар – күрөөгө коюлбаган | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 8.72% | 3 405 315 | 14.89% | 3 505 088 |
| **Жыйынтыгында, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар** | | 3 405 315 | | 3 505 088 |

## 11. НЕГИЗГИ КАРАЖАТТАР

| | Имараттар жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт | Орнотуу үчүн жабдуулар жана бүткөрүлө элек курулуш | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы наркы боюнча** | | | | | | |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бири | 155 878 | 84 279 | 146 085 | 17 940 | 179 806 | 583 988 |
| Сатып алуу | 18 733 | 21 375 | 5 221 | 16 525 | 24 995 | 86 849 |
| Которуу | 1 646 | 3 635 | 16 329 | - | (21 610) | - |
| Колдонуудан калгандар | (1 331) | (7 310) | (12 662) | (8 191) | (362) | (29 856) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | 174 926 | 101 979 | 154 973 | 26 274 | 182 829 | 640 981 |
| Сатып алуу | 15 934 | 17 842 | 26 569 | - | 21 195 | 81 540 |
| Которуу | 757 | 942 | 1 657 | - | (3 356) | - |
| Колдонуудан калгандар | (851) | (23 861) | (41 121) | (577) | (11) | (66 421) |
| 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 190 766 | 96 902 | 142 078 | 25 697 | 200 657 | 656 100 |
| **Топтолгон амортизация жана баанын түшүүсү** | | | | | | |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бири | 26 065 | 26 410 | 48 226 | 11 072 | - | 111 773 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | 5 968 | 18 620 | 29 043 | 5 896 | - | 59 527 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | (1 331) | (7 305) | (12 662) | (8 191) | - | (29 489) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | 30 702 | 37 725 | 64 607 | 8 777 | - | 141 811 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | 6 382 | 19 698 | 28 513 | 5 188 | - | 59 781 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | (235) | (10 475) | (20 203) | (576) | - | (31 489) |
| 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 36 849 | 46 948 | 72 917 | 13 389 | - | 170 103 |
| **Калдык баланстык нарк** | | | | | | |
| **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | 153 917 | 49 954 | 69 161 | 12 308 | 200 657 | 485 997 |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | 144 224 | 64 254 | 90 366 | 17 497 | 182 829 | 499 170 |

### Бүткөрүлө элек курулуш

2009-жылдын жетинин айында Улуттук банк К. Акиев атындагы көчөдө жайгашкан имаратын реконструкциялоо ишин уланткан. Курулушту аягына чыгаруунун наркы 589 419 миң сомго бааланган. Бул иш 2011-жылдын бугу айында бүткөрүү күтүлүүдө.

## 12. МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕР

| | Орнотуу үчүн материалдык эмес активдер | Программалык камсыздоо жана лицензияланган келишимдер | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|
| **Баштапкы наркы боюнча** | | | |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бири | 7 867 | 86 876 | 94 743 |
| Сатып алуу | 4 848 | 23 148 | 27 996 |
| Которуу | (7 867) | 7 867 | - |
| Колдонуудан калгандар | - | (1 471) | (1 471) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | 4 848 | 116 420 | 121 268 |
| Сатып алуу | - | 3 778 | 3 778 |
| Которуу | (4 848) | 4 848 | - |
| Колдонуудан калгандар | - | (33 648) | (33 648) |
| 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | - | 91 398 | 91 398 |
| **Топтолгон амортизация жана баанын түшүүсү** | | | |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бири | - | 30 556 | 30 556 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | - | 28 582 | 28 582 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | - | (1 471) | (1 471) |
| 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | - | 57 667 | 57 667 |
| Жыл ичинде чегерилгендер | - | 29 148 | 29 148 |
| Колдонуудан калган учурда, эсептен алынып салынгандар | - | (13 529) | (13 529) |
| 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | - | 73 286 | 73 286 |
| **Калдык балантсык нарк** | | | |
| **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | - | 18 112 | 18 112 |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | 4 848 | 58 753 | 63 601 |

## 13. БАШКА АКТИВДЕР

Башка активдер төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| **Башка финансылык активдер:** | | |
| Мекемелердин алар боюнча пайыздар чегерилбеген карыздары | 34 030 | 34 169 |
| Нак чет өлкө валютасы | 290 820 | 267 222 |
| Башка активдер | 109 819 | 71 501 |
| | 434 669 | 372 892 |
| Баанын түшүүсүнө кам | (34 152) | (34 292) |
| **Башка финансылык активдер** | 400 517 | 338 600 |
| Башка финансылык эмес активдер: | | |
| Товардык-материалдык запастар | 394 171 | 320 104 |
| Алдын-ала төлөө | 69 523 | 71 821 |
| Башка активдер | 13 930 | 9 558 |
| | 477 624 | 401 483 |
| **Жыйынтыгында, башка активдер** | 878 141 | 740 083 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн башка активдердин баасынын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат 21-түшүндүрмөдө берилген.

## 14. ЖҮГҮРТҮҮДӨГҮ БАНКНОТТОР ЖАНА МОНЕТАЛАР

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкноттор жана монеталар | 36 551 121 | 31 429 550 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкноттор жана монеталар | (812 433) | (626 271) |
| **Жыйынтыгында, жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар** | 35 738 688 | 30 803 279 |

## 15. БАНКТАРДЫН ЖАНА БАШКА ФИНАНСЫ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КАРАЖАТТАРЫ

Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бири | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бири |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктардын күндөлүк эсептери | 5 804 904 | 3 835 072 |
| Башка мекемелердин күндөлүк эсептери | 2 700 442 | 48 487 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин мөөнөттүү депозиттери | 44 092 | 512 435 |
| **Жыйынтыгында, банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары** | 8 549 438 | 4 395 994 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча банктардын каражаттарына төмөнкү банктардын эсептери кошулган, алар өз алдынча Улуттук банктын таза активдеринин суммасынын 10% ашкан:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАК | 2 645 536 | - |
| «АзияУниверсалБанк» ААКсы | 1 814 999 | 957 663 |
| «Банк Бакай» ААКсы | - | 622 451 |
| «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК | - | 444 142 |
| «АТФБанк-Кыргызстан» ААКсы | - | 390 257 |
| | 4 460 535 | 2 414 513 |

## 16. ЧЫГАРЫЛГАН КАРЫЗДЫК БААЛУУ КАГАЗДАР

Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| Карыздык баалуу кагаздар | 1 059 543 | 1 641 751 |
| **Жыйынтыгында, чыгарылган карыздык баалуу кагаздар** | 1 059 543 | 1 641 751 |

2009 жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарда, өз алдынча жүгүртүүгө чыгарылган карыздык баалуу кагаздардын калдыктарынын чогуу алгандагы көлөмүнүн 10% ашкан төмөнкү контрагенттер камтылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| «БТА Банк» ЖАК | 217 469 | - |
| «Доскредобанк» ААКсы | 179 934 | - |
| «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК | 148 904 | 348 071 |
| ИБ «Ысык-Көл» ААКсы | 141 587 | 218 341 |
| «АзияУниверсалБанк» ААКсы | 125 066 | 375 587 |
| | 812 960 | 941 999 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча чыгарылган карыздык баалуу кагаздарга кошулган чегерилген пайыздык чыгашалар, тиешелүүлүгүнө жараша 257миң сомду жана 7 526 миң сомду түзгөн.

## 17. АЛЫНГАН КРЕДИТТЕР

Алынган кредиттер төмөнкүчө чагылдырылган:

| | Валюта | Төлөө күнү | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|---|---|
| Эл аралык Валюта фондусу тарабынан сунушталган каржылоо | АКУ | 2010-жыл | 13 236 990 | 6 499 390 |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан сунушталган каржылоо | АКШ долл. | 2016-жыл | 126 779 | 138 824 |
| Реконструкциялоо жана Өнүгүүнүн Европа банкы тарабынан сунушталган каржылоо | АКШ долл. | 2012-жыл | 93 891 | 124 472 |
| **Жыйынтыгында, алынган кредиттер** | | | 13 457 660 | 6 762 686 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча алынган кредиттерге кошулган чегерилген пайыздык чыгашалар, тиешелүүлүгүнө жараша 8 845 миң сомду жана 6 544 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Улуттук банкка кредити Эл аралык Өнүгүү Ассоциациясы тарабынан каржыланган «Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоорун ишке ашыруу үчүн берилген.

Отчеттук жыл ичинде өткөн жылдардагыдай эле, Улуттук банктын кредиттеринин негизги суммасын, пайыздарды төлөө боюнча милдеттенмесин аткарбай койгон жана кандайдыр бир башка контракттык бузууларга жол бергендиги учуру катталган эмес.

## 18. БАШКА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

Башка милдеттенмелер төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| **Башка финансылык милдеттенмелер:** | | |
| Коммерциялык банктардын уставдык капиталын топтоо үчүн топтоо эсеби | - | 100 000 |
| КМШга кирген мамлекеттердин борбордук банктарынын алдындагы милдеттенмелер | 55 624 | 50 449 |
| Төлөөгө каралган эсеп | 24 694 | 18 918 |
| Башка милдеттенмелер | 153 | 396 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 80 471 | 169 763 |
| **Башка финансылык эмес милдеттенмелер:** | | |
| Келечекте алынуучу кирешелер | 9 302 | 11 270 |
| Алдын-ала төлөө | 5 | - |
| **Жыйынтыгында, башка милдеттенмеллер** | 89 778 | 181 033 |

## 19. УСТАВДЫК КАПИТАЛ

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамда бекитилген уставдык капиталы 300 000 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизинде кабыл алынган мыйзамга ылайык, 2010-жылдын үчтүн айынын биринен тартып, Улуттук банктын уставдык капиталы 1 000 000 миң сомду түзүүгө тийиш. 2010-жылдын жалган куран айынын он жетисинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Улуттук банктын уставдык капиталын толуктоо үчүн 619 000 миң сом суммасында мамлекеттик казына милдеттенмелерин чыгарган. Уставдык капиталдын 81 000 миң сом өлчөмүндөгү калган бөлүгү 2010-жылдын чын куран айы ичинде топтолууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджетине бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон каражаттар Улуттук банктын жыл жыйынтыгы боюнча алынган пайдасынын суммасында чектелген.

2009-жылдын чын куран айынын тогузунда жана кулжа айынын отузунда Улуттук банктын 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча алынган таза пайдасын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бюджетине 774 585 миң сом жалпы суммасында бөлүштүрүү бекитилген.

Бөлүштүрүлүүгө тийиш болбогон каражаттар дегенден улам, келечекте келип чыгышы мүмкүн болгон чыгымдарды, күтүүсүз башка тобокелдиктерди жана шарттуу милдеттенмелерди кошо алганда, жалпы банктык тобокелдиктердин ордун жабуу үчүн мыйзам талаптарына ылайык түзүлгөн милдеттүү камдарды түшүнүү зарыл. Бул камдар Улуттук банктын уставдык капиталын эске алуу менен анын монетардык милдеттенмелеринин 10% чектелген өлчөмдө көрсөтүлгөн максаттарга кам түзүүнү болжолдогон, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык түзүлгөн. Улуттук банк өткөн жылдагы иш жыйынтыгынан алынган пайдасынын 30% бул максаттарга бөлөт.

Улуттук банктын 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча алынган пайдасынын 30% милдеттүү камдарга бөлүштүрүү 331 965 миң сомду түзгөн.

## 20. ТАЗА ПАЙЫЗДЫК КИРЕШЕ

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер:** | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар боюнча пайыздар | 145 980 | 746 622 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар боюнча пайыздар | 357 926 | 621 491 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар боюнча пайыздар | 292 162 | 721 964 |
| Башка финансылык активдер боюнча пайыздар | 15 518 | 20 481 |
| Жыйынтыгында, пайыздык кирешелер | 811 586 | 2 110 558 |
| **Пайыздык чыгашалар:** | | |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар боюнча пайыздар | 89 406 | 122 305 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары боюнча пайыздар | 60 896 | 91 036 |
| Алынган кредиттр боюнча пайыздар | 47 049 | 36 081 |
| Репо-келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар боюнча пайыздар | 8 730 | 16 371 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттары боюнча пайыздар | 373 | 42 768 |
| Башка финансылык милдеттенмелер боюнча пайыздар | 4 393 | 2 818 |
| Жыйынтыгында, пайыздык чыгашалар | 210 847 | 311 379 |
| **Таза пайыздык киреше** | 600 739 | 1 799 179 |

## 21. ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕРДИН БААСЫНЫН ТҮШҮҮСҮНӨ КАМ

Пайыздык кирешелер чегерилген активдер боюнча баанын түшүүсүнө камдардын жылышы жөнүндө маалымат төмөнкүчө чагылдырылган:

| | Баалуу металлдар | Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | Башка финансылык активдер | Берилген кредиттер | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2007-жылдын бештин айынын отуз бири** | - | 137 240 | 34 372 | 346 760 | 518 372 |
| Камдарды түзүү/(калыбына келтирүү) | 47 888 | 247 671 | (1 579) | 24 895 | 318 875 |
| Мурда эсептен алынып салынган активдерди калыбына келтирүү | - | - | 1 499 | - | 1 499 |
| **2008-жылдын бештин айынын отуз бири** | 47 888 | 384 911 | 34 292 | 371 655 | 838 746 |
| Камдарды түзүү/(калыбына келтирүү) | (47 888) | (132 660) | (140) | 29 395 | (151 293) |
| **2009-жылдын бештин айынын отуз бири** | - | 252 251 | 34 152 | 401 050 | 687 453 |

## 22. БААЛУУ МЕТАЛЛДАР ЖАНА ЧЕТ ӨЛКӨ ВАЛЮТАЛАРЫ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР БОЮНЧА ТАЗА ПАЙДА

Баалуу металлдар жана чет өлкө валюталары менен операциялар боюнча таза пайда төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Чет өлкө валюталары менен операциялардан реализацияланган пайда жана валюта позицияларынын өзгөрүүсү, нетто | 535 726 | 86 028 |
| **Жыйынтыгында, баалуу металдар жана чет өлкө валюталары менен операциялар боюнча таза пайда** | 535 726 | 86 028 |

## 23. АДМИНИСТРАТИВДИК ЧЫГАШАЛАР

Административдик чыгашалар төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл |
|---|---|---|
| Эмгек акы | 175 880 | 137 298 |
| Амортизация | 88 929 | 88 109 |
| Негизги каражаттарды күтүүгө кеткен чыгашалар | 48 310 | 42 550 |
| Социалдык Фондго төлөөлөр | 34 372 | 26 850 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 10 072 | 8 867 |
| Кадрларды окутуу | 8 172 | 9 641 |
| Басылмалар жана жазылуулар | 6 817 | 8 893 |
| Социалдык-маданий иш-чараларга чыгашалар | 5 897 | 5 816 |
| Адистердин кызмат көрсөтүүлөрү | 5 588 | 7 554 |
| Кызматтык иш сапарына кеткен чыгашалар | 5 449 | 5 791 |
| Кеңсе буюмдары | 3 851 | 3 840 |
| Башка чыгашалар | 10 447 | 9 646 |
| | 403 784 | 354 855 |

## 24. ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ ПАЙДА

Улуттук банктын 2009-жылдагы консолидацияланган пайдасында анын бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон 716 676 миң сом суммасындагы пайдасы камтылган.

## 25. ШАРТТУУ ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР

***Депозитарий функциясы*** – Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине депо эсептери боюнча баалуу кагаздар менен операцияларды жүргүзүүнү камсыз кылуу менен депозитарийдин кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштайт. Жогоруда аталган ишти аткаруунун чегинде алынган активдер жана кабыл алынган милдеттенмелер Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна кошулбайт. Мына ушул операциялар боюнча кредиттик жана рыноктук тобокелдиктер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жүктөлөт.

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын депозитарийиндеги депо эсептеринде тиешелүүлүгүнө жараша, 43 509 752 даана жана 28 075 218 даана сандагы баалуу кагаздар сакталып турган.

***Соттук доолор*** – адаттагы ишинин жүрүшүндө Улуттук банк, ага карата соттук доонун коюлушу тобокелдигине дуушар болушу ыктымал. Улуттук банктын жетекчилиги, эгерде Улуттук банкка карата соттук доонун натыйжасында милдеттенмелер келип чыга турган болсо, алар Улуттук банктын финансылык абалына жана операцияларынын натыйжаларына олуттуу таасир тийгизе албайт.

***Камсыздандыруу*** – Кыргыз Республикасында камсыздандыруу тармагы өнүгүү баскычында турууда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү үчүн мүнөздүү болгон камсыздандыруунун көптөгөн формалары биз үчүн азырынча толук көлөмдө жеткиликтүү болбой жатат. Улуттук банк өз мүлкүнө жана жабдууларына карата, ошондой эле банктын мүлкүнө же анын ишине байланыштуу камсыздандыруу учурларынын келип чыгышынын натыйжасында мүлккө же курчап турган чөйрөгө зыян (чыгым) келтирилишине байланыштуу, үчүнчү тараптын алдындагы милдеттенмелерге карата жарым-жартылай ордун жабуучу камсыздандырууну караштырат. Улуттук банк толук камсыздандырууну камсыз кылганга чейин тобокелдик орун алат жана кандай болбосун активдерди жоготуу же жок кылуу Улуттук банк ишине жана анын финансылык абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

***Экономикалык жагдай*** – Кыргыз Республикасындагы экономикалык абалга таасирин тийгизүүчү мыйзамдарга жана ченемдик документтерге тез-тез өзгөртүүлөрдүн киргизилишине байланыштуу, Улуттук банктын активдери жана операциялары саясий жана экономикалык жагдайдын начарлоосу учурунда тобокелдикке дуушар болушу ыктымал.

***Дүйнөлүк жана Кыргыз Республикасынын финансы рыногунун өзгөрүлмөлүүлүгү*** – Акыркы жылдарда дүйнөнүн ири экономикаларынын капитал рыноктору жана кредиттик рыноктору олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Бир катар ири глобалдуу финансылык мекемелер өздөрүн банкрот деп жарыялап, башка финансылык мекемелерге сатылган жана/же мамлекеттен финансылык жардам алууга мажбур болушкан. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан дүйнөлүк жана өлкөнүн капитал рынокторунда жана кредиттик рыноктордогу туруксуздуктун кесепетинен улам келип чыккан жагдайды турукташтыруу үчүн көргөн жана көрүшү мүмкүн болгон чараларга карабастан, Улуттук банк сыяктуу эле, анын контрагенттери үчүн да кредиттөөнүн жеткиликтүүлүгү жана анын наркына тиешелүү экономикалык белгисиздик жагдайы орун алууда. Экономикалык белгисиздик жагдайы жакынкы келечекте да сакталып турушу ыктамал. Мына ушуга байланыштуу Улуттук банктын активдеринин орду толтурулуучу наркы алардын баланстык наркынан төмөн болуп калышы тобокелдиги орун алууда, албетте бул кандайдыр бир деңгээлде Улуттук банктын пайдасына таасирин тийгизет.

***Финансылык активдердин ордунун толтурулуп берилиши*** – Дүйнөлүк капитал рынокторунун жана кредиттик рыноктордун туруксуздугу жана отчеттук күнгө карата орун алган аларды коштогон экономикалык белгисиздик жагдайынан улам, Улуттук банктын активдеринин орду толтурулуучу наркы алардын баланстык наркынан төмөн болушу ыктымал.

2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын финансылык активдери 73 245 750 миң сомду (2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 51 496 158 миң сомду) түзгөн. Мына ушул финансылык активдердин ордунун толтурулуп берилиши эң башкысы ар кайсы өлкөлөрдүн экономикалык турукташууга жетишүү үчүн көргөн фискалдык жана башка чаралардын натыйжалуулугуна, б.а. Улуттук банк контролдукка ала албаган факторлорго жараша болот. Финансылык активдердин ордун толтуруп берүү отчеттук күнгө карата орун алган шарттардын негизинде Улуттук банк тарабынан аныкталат. Улуттук банктын жетекчилиги, орун алган жагдайларга жана колдо болгон маалыматтарга негизденүү менен финансылык активдерге кошумча провизияларды түзүүнүн учурда зарылчылыгы жок деп эсептейт.

## 26. АГЕНТТИК ФУНКЦИЯЛАР

### Кыргыз Республикасынын Эл аралык Валюта Фондусуна катталуу квотасы

Кыргыз Республикасы 1992-жылы Эл аралык Валюта Фондусунун (мындан ары «ЭВФ») мүчөсү болуп калган. ЭВФтин мүчөсү болгон ар бир өлкө үчүн атайы карыз алышуу укугунда (мындан ары «АКУ») туюндурулган квота белгиленет. Катталуу квотасы өлкөнүн ЭВФтин каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2009- жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата квотасы 88 800 012 АКУну түзөт.

Катталуу квотасынын бөлүгүн камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган. Квотанын калган бөлүгү ЭВФтин Улуттук банктагы күндөлүк эсебинде жайгаштырылган каражаттар менен камсыз кылынган.

Улуттук банк ошол баалуу кагаздардын жана каражаттардын депозитарийи, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан жана анын таламында Эл аралык Валюта Фондусу менен бардык операцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу финансылык агент болуп саналат. Демек, төмөндө келтирилген активдер жана милдеттенмелер Улуттук банктын активдери жана милдеттенмелери болуп саналбайт жана Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетунда камтылган эмес:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| ЭВФке катталуу квотасы | 6 138 065 | 5 391 457 |
| ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар | 6 122 374 | 5 377 675 |
| ЭВФтин күндөлүк эсептери | 15 691 | 13 782 |
| | 6 138 065 | 5 391 457 |

### Эл аралык Өнүгүү Ассоциациясынан кредит

Эл аралык Өнүгүү Ассоциациясы жеке ишканаларды колдоого алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кредит берген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Улуттук банк менен финансылык агенттик жөнүндө келишим түзгөн, ага ылайык Улуттук банк коммерциялык банктарга кредит берүүнү жүзөгө ашырууга жана негизги суммалардын жана пайыздардын төлөнүшүн топтоого ыйгарым укуктуу болгон. Демек, төмөндө келтирилген активдер

Улуттук банктын активдери болуп саналбайт жана анын консолидацияланган финансылык отчетуна кошулган эмес

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| Коммерциялык банктарга кредиттер | 1 082 | 3 474 |
| | 1 082 | 3 474 |

### Түркиянын Экспорттук-Кредиттик Банкынан кредит

Түркиянын Экспорттук-Кредиттик Банкы ("Эксимбанк") Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кредит берген. 2006-жылдын жалган куран айынын тогузунда Эксимбанк жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Улуттук банк аркылуу Кредиторлордун Париж клубунун 2005-жылдын жалган куран айынын он бириндеги отурумунан толтурулган протоколдо белгиленген шарттарда карызды реструктуризациялоо жөнүндө келишим түзгөн, ага ылайык Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын жалган куран айынын бирине карата бүтүндөй эки тараптуу карызы реструктуризациялануугa тийиш эле. Ушул келишимге ылайык Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан жана анын таламдарында иш алып баруу менен реструктуризацияланган карыздын суммасына Эксимбанктын пайдасына вексель чыгарган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Улуттук банк келишим түзүшкөн, ага жараша карызды реструктуризациялоо жөнүндөгү келишимдин шарттарына ылайык Улуттук банктын Эксимбанк алдындагы карызын төлөө боюнча тике милдеттенме Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жүктөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Эксимбанк алдындагы карызынын калдыгы 2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча тиешелүүлүгүнө жараша, 2 196 086 миң сом жана 1 972 917 миң сомду түзгөн.

## 27. БАЙЛАНЫШТУУ ЖАКТАР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР

Ар бир байланыштуу жактар менен операцияларды кароодо алардын юридикалык формасына гана эмес, мамилелердин маңызына да өзгөчө көңүл бурулат. Өзгөртүлгөн БЭЭС 24кө ылайык, Улуттук банк төмөнкү операциялар боюнча мурдагы БЭЭС 24тө каралган ачып көрсөтүүлөрдөн бошотулат:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен, жана

б) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү контролдукка алган, аны менен биргелешип контролдукка алынган же ал олуттуу таасир эте алган башка уюмдар менен.

Бул учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги иш алып барат. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын банкы болуп саналуу менен анын менчигинде турат. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен операциялар төлөөгө чейин кармалып турууч карыздык баалуу кагаздарга инвестицияларды (9-түшүндүрмө), ошондой эле финансылык абалы жөнүндө консолидацияланган отчетунда жана 17-түшүндүрмөдө чагылдырылган Финансы министрлигинин эсептерин түшүндүрөт. Ушул калдыктар боюнча пайыздык кирешелер жана чыгашалар 20-түшүндүрмөдө келтирилген.

Улуттук банктын башка байланыштуу жактар менен операциялары тууралуу маалыматтар мындан ары берилген:

Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрүнө сыйакылар жана алардын карыздары төмөнкүчө чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Байланыштуу жактар менен операциялар | Жыйынтыгында, финансы отчетунун статьяларына ылайык категориялар боюнча | Байланыштуу жактар менен операциялар | Жыйынтыгында, финансы отчетунун статьяларына ылайык категориялар боюнча |
| **Негизги башкаруучу персоналга жыл ичинде берилген сыйакылар:** | | | | |
| Эмгек акы | 8 944 | 175 880 | 7 556 | 137 298 |
| **Негизги башкаруучу персоналдын карызы:** | | | | |
| **Кызматкерлерге кредиттер** | | | | |
| Жыл башына карата | 5 347 | 52 794 | 4 949 | 51 778 |
| Берилгени | 6 250 | 33 350 | 795 | 10 959 |
| Төлөнгөнү | (1 124) | (14 751) | (397) | (9 943) |
| Жыл акырына карата | 10 473 | 71 393 | 5 347 | 52 794 |

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто байланыштуу жактар менен операциялардан улам келип чыккан төмөнкү суммалар чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | | 2008-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл | |
|---|---|---|---|---|
| | Байланыштуу тараптар менен операциялар | Жыйынтыгында, фианансылык отчеттун статьяларына ылайык категориялар боюнча | Байланыштуу тараптар менен операциялар | Жыйынтыгында, фианансылык отчеттун статьяларына ылайык категориялар боюнча |
| Пайыздык кирешелер | | | | |
| - *Кызматкерлерге кредиттер* | 544 | 2 899 | 352 | 1 836 |
| Жана башка кирешелер | | | | |
| - *туунду компаниялар* | 3 011 | 24 392 | 2 143 | 30 362 |

## 28. ФИНАНСЫЛЫК ИНСТРУМЕНТТЕРДИН АДИЛЕТ НАРКЫ

Финансылык инструменттердин адилет наркын эсептөө ФОЭСтин «Финансылык инструменттер: ачып көрсөтүүлөр» деп аталган 7-стандартынын жана БЭЭСтин «Финансылык инструменттер: таануу жана баа берүү» деп аталган 39-стандарттарынын талаптарына ылайык келет. Адилет нарк, финансылык инструмент мажбурлап же жоюлган шартта сатылган учурларды эске албаганда, бири-бирине көз карандысыз, мындай бүтүмгө келишүү ниетин билдиришкен тараптар ортосунда бүтүм ишке ашырылган учурда сатылып алынышы мүмкүн болгон нарк катары аныкталат. Улуттук банктын айрым финансылык инструменттер үчүн активдүү рыноктун жоктугунан улам, адилет наркты алуу үчүн зарыл болгон баа берүү финансылык инструменттерге мүнөздүү болгон тобокелдиктердин учурда түптөлгөн экономикалык жагдайларына негизденет. Улуттук банктын жетекчилиги, бардык финансылык активдердин жана милдеттенмелердин учурдагы наркы, алардын адилет наркына ылайык келет деп эсептейт.

2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча 15 000 миң сом баланстык наркы менен туунду компанияга инвестициялардын адилет наркы алар котировкаланбагандыгынан улам, аныкталышы мүмкүн эмес (9-түшүндүрмө). Демек, ал тө-

мөндө келтирилген адилет нарктын иерархиясына (баскыч-баскыч болуп бөлүнүшүнө) кошулган эмес.

### Адилет нарктын иерархиясына (баскыч-баскыч болуп бөлүнүшү)

Финансылык абал боюнча консолидацияланган отчетто адилет наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер адилет нарктын иерархиясына ылайык чагылдырылат. Ал активдердин жана милдеттенмелердин адилет наркына баа берүүдө чагылдырылып жаткан маалыматтардын маанилүүлүгүнө негизденүү менен финансылык активдерди жана милдететнмелерди үч деңгээлге ылайык топтоштурат. Адилет нарктын иерархиясы төмөнкү деңгээлдерге ээ:

Биринчи деңгээл – окшош активдер жана милдеттенмелер үчүн активдүү рыноктордо котировкаланган баалар.

Экинчи деңгээл – биринчи деңгээлде камтылган котировкаланган баалардан тышкары, кириш маалыматтар, алар активдер жана милдеттенмелер үчүн тике (б.а. баалар) же кыйыр (б.а баадан алынгандар) түрдө мүнөздүү болгондор.

Үчүнчү деңгээл – активдер жана милдеттенмелер үчүн болжолдоого боло турган рыноктук маалыматтарга негизденбеген кириш маалыматтар.

Улуттук банктын финансылык абалы жөнүндө отчетто адилет наркы боюнча бааланган бирден-бир финансылык инструменттен болуп, чет мамлекеттердин жана эл аралык финансылык институттардын карыздык балуу кагаздарына инвестициялар саналат, алар сатуу үчүн колдо болгондор катары эсепке алынуу менен баалары активдүү фондулук биржаларда котировкаланат.

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон карыздык баалуу кагаздар | 20 785 020 | - | - | 20 785 020 |

| | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон карыздык баалуу кагаздар | 22 234 147 | - | - | 22 234 147 |

## 29. ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ТЕСКӨӨ САЯСАТЫ

Тобокелдиктерди тескөө Улуттук банктын ишинде маанилүү роль ойнойт. Улуттук банктын ишине мүнөздүү негизги тобокелдиктерге кредиттик тобокелдик жана рыноктук тобокелдиктер кирет.

Тобокелдиктерди тескөөнүн таасирдүү жана эффективдүү саясатын камсыз кылуу үчүн Улуттук банк, башкы максаты банкты олуттуу тобокелдиктерден коргоо жана ага пландаштырылган көрсөткүчтөргө жетишүүгө өбөлгө түзгөн негизги принциптерди аныктаган. Бул принциптер Улуттук банк тарабынан төмөндө келтирилген тобокелдиктерди тескөөгө алуу учурунда колдонулат:

***Кредиттик тобокелдик***

Улуттук банк кредиттик тобокелдике, б.а. финансылык инструмент боюнча контрагенттер алдында өз милдеттенмелерин аткара албай калуу тобокелдигине дуушар болушу мүмкүн, анын натыйжасында Улуттук банк финансылык чыгымга учурашы ыктымал.

Кредиттик тобокелдикти тескөө алардын келип чыгуу булактарына туруктуу үзгүлтүксүз, мониторинг жүргүзүү, контролдукту жана байкоолорду ишке ашыруу аркылуу ишке ашырылат. Бул үчүн контрагенттерге карата критерийлер жана талаптар, ошондой эле инструменттер жана активдердин өлчөмдөрү боюнча чектөөлөр иштелип чыгат.

Кредиттик тобокелдикти минимизациялоо максатында, тобокелдиктерди тескөө саясаты колдонулат, анда Улуттук банктын контрагенттерине карата талаптар белгиленген. Ушул саясатка ылайык, борбордук банктар, финансылык институттар же Moody's Investors Service классификациясы боюнча жогорку рейтингге жана /же дүйнөнүн башка алдыңкы рейтингдик агентиктеринин (Standard & Poor's Corporation, Fitch IBCA) классификациясы боюнча ошондой эле деңгээлдеги рейтинге ээ коммерциялык банктар, Улуттук банктын конрагентинен боло алышат.

Финансылык активдер Moody's сыяктуу эл аралык таанымал рейтингддик агенттиктер тарабынан ыйгарылган кредиттик рейтингдерди эске алуу менен классификацияланат. Эң жогорку мүмкүн болгон рейтинг – Ааа финансылык активдердин инвеситициялык деңгээли Ааадан Ваага чейинки рейтингдерге ылайык келет. Ал эми рейтинги Ваадан төмөн болгон финансылык активдер алып сатарлык деңгээлге чегерилет.

Борбордук банк катары Улуттук банктын статусун эске алуу менен контрагенттер эки топко бөлүнгөн:

А тобу

– Экономикалык жана саясий абалы туруктуу болгон, Moody's Investors Service классификациясы боюнча суверендик рейтинги Аа3төн төмөн болбогон, өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердин борбордук банктары;
– Эл аралык (улуттар аралык) статуска ээ финансылык уюмдар, институттар жана банктар;
– Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3төн төмөн болбогон рейтинге ээ чет өлкө коммерциялык банктар.

В тобу

– Moody's Investors Service классификациясы боюнча Аа3төн төмөн болбогон суверендүү рейтингге ээ мамлекеттердин борбордук банктары;
– Кыргыз Республикасы кол койгон эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн институттар;
– Moody's Investors Service классификацисы боюнча Аа3төн төмөн, бирок Ваа3төн төмөн болбогон рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктары.

А тобуна кирген контрагенттер менен инвестициялык ишкердикти жүргүзүү жөнүндө чечим, б.а айрым контрагенттер, инвестициялоо инструменттери жана активдердин өлчөмү боюнча чектөөлөр Улуттук банктын инвестициялык комитетинин ыйгарым укуктарына ылайык белгиленет. Б тобуна кирген ар бир контрагент боюнча инвестициялык ишкердикти жүргүзүү жөнүндө чечим Улуттук банктын инвестициялык комитетинин сунушу боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан кабыл алынат жана бекитилет.

Төмөндө Улуттук банктын финансылык активдерин кредиттик рейтингдер боюнча 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча классификациялоо чагылдырылган.

| | Ааа | Аа | А | Ваа | <Ваа | Кредиттик рейтинг ыйгарыл-ган эмес | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз би-рине карата Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баалуу металлдар | - | 4 002 740 | - | - | - | - | 4 002 740 |
| Банктардагы ж.б финансы мекемелериндеги каражаттар | 38 356 143 | 6 181 337 | - | 18 050 | 5 298 | 8 164 | 44 568 992 |
| Берилген кредиттер | - | - | - | - | - | 68 166 | 68 166 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 20 785 020 | - | - | - | - | 15 000 | 20 800 020 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | - | - | - | - | - | 3 405 315 | 3 405 315 |
| Башка финансылык активдер | - | - | - | - | - | 400 517 | 400 517 |

2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча:

| | Ааа | Аа | А | Ваа | <Ваа | Кредиттик рейтинг ыйгарыл-ган эмес | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз би-рине карата Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баалуу металлдар | 681 933 | 2 103 425 | - | - | - | - | 2 785 358 |
| Банктардагы ж.б финансы ме-кемелериндеги каражаттар | 17 948 108 | 4 649 029 | - | 13 650 | 4 737 | - | 22 615 524 |
| Берилген кредиттер | - | - | - | - | - | 2 441 | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 22 234 147 | - | - | - | - | 15 000 | 22 249 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | - | - | - | - | - | 3 505 088 | 3 505 088 |
| Башка финансылык активдер | - | - | - | - | - | 338 600 | 338 600 |

Кредиттик тобокелдикке контролдуктун критерийлеринин бири болуп, бир контрагентте, ошондой эле географиялык сегменттер боюнча жайгаштырууулардын максималдуу суммасын, аныктоо саналат.

## Бир контрагентте финансылык активди максималдуу жайгаштыруу

Улуттук банктын бир контрагентинде финансылык активди максималдуу жайгаштыруу айкын активге мүнөздүү болгон жеке тобокелдиктерге жана жалпы рыноктук тобокелдиктерге жара-ша, олуттуу өзгөрүп туруусу мүмкүн.

Төмөнкү таблицада баланстык финансылык активдер боюнча бир контрагентте финансылык активди максималдуу жайгаштыруу чагылдырылган:

| | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири | | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири | |
|---|---|---|---|---|
| | Бир контрагентте финансылык активди максималдуу жайгаштыруу | Жыйынтыгында, финансылык отчеттун статьяларына ылайык категориялар боюнча | Бир контрагентте финансылык активди максималдуу жайгаштыруу | Жыйынтыгында, финансылык отчеттун статьяларына ылайык категориялар боюнча |
| Баалуу металлдар | 4 002 460 | 4 002 740 | 1 193 383 | 2 785 358 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 15 027 926 | 44 568 992 | 6 236 984 | 22 615 524 |
| Банктарга кредиттер | 66 832 | 68 166 | 2 441 | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 7 620 711 | 20 800 020 | 13 755 663 | 22 249 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 405 315 | 3 405 315 | 3 505 088 | 3 505 088 |

## Географиялык концентрациялануу

Улуттук банктын инвестициялык комитети өлкөлүк тобокелдиктерге баа берүү үчүн өз контрагенттеринин финансылык абалына туруктуу негизде көз салып турат. Мындай ыкма Улуттук банктын алтын валюта камдары жайгаштырылган өлкөлөрдөгү инвестициялык жагдайдын өзгөрүүсүнөн мүмкүн болуучу чыгымдарды минимумга жеткирүүгө Улуттук банкка мүмкүндүк берет.

Активдердин жана милдеттенмелердин географиялык концентрациялануусу жөнүндө маалыматтар төмөнкү таблицаларда чагылдырылган:

| | Кыргыз Республикасы | ЭКӨУ өлкөлөрү | ЭКӨУга кирбеген башка өлкөлөр | Эл аралык финансылык уюмдар | 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 4 002 740 | - | - | 4 002 740 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 8 164 | 22 357 675 | 18 050 | 22 185 103 | 44 568 992 |
| Берилген кредиттер | 68 166 | - | - | - | 68 166 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 15 000 | 20 546 792 | - | 238 228 | 20 800 020 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 405 315 | - | - | - | 3 405 315 |
| Башка финансылык активдер | 400 517 | - | - | - | 400 517 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | 3 897 162 | 46 907 207 | 18 050 | 22 423 331 | 73 245 750 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 35 738 688 | - | - | - | 35 738 688 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 8 539 268 | - | - | 10 170 | 8 549 438 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 3 980 348 | - | - | - | 3 980 348 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 059 543 | - | - | - | 1 059 543 |
| Алынган кредиттер | 126 779 | - | - | 13 330 881 | 13 457 660 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 24 847 | - | 55 624 | - | 80 471 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | 49 469 473 | - | 55 624 | 13 341 051 | 62 866 148 |
| **ТАЗА ПОЗИЦИЯ** | (45 572 311) | 46 907 207 | (37 574) | 9 082 280 | |

| | Кыргыз Республикасы | ЭКӨУ өлкөлөрү | ЭКӨУга кирбеген башка өлкөлөр | Эл аралык финансылык уюмдар | 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | |
| Баалуу металлдар | - | 2 785 358 | - | - | 2 785 358 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 14 178 891 | 13 650 | 8 422 983 | 22 615 524 |
| Берилген кредиттер | 2 441 | - | - | - | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 15 000 | 22 234 147 | - | - | 22 249 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 505 088 | - | - | - | 3 505 088 |
| Башка финансылык активдер | 338 600 | - | - | - | 338 600 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | 3 861 129 | 39 198 396 | 13 650 | 8 422 983 | 51 496 158 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 30 803 279 | - | - | - | 30 803 279 |
| Банктардын ж.б. финансы мекемелеринин каражаттары | 4 381 764 | - | - | 14 230 | 4 395 994 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 4 774 147 | - | - | - | 4 774 147 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 641 751 | - | - | - | 1 641 751 |
| Алынган кредиттер | 138 825 | - | - | 6 623 861 | 6 762 686 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 119 314 | - | 50 449 | - | 169 763 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА, ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | 41 859 080 | - | 50 449 | 6 638 091 | 48 547 620 |
| **ТАЗА ПОЗИЦИЯ** | (38 012 951) | 39 198 396 | (36 799) | (1 784 892) | |

### *Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги – бул, ликвиддүү активдердин жетишсиздигинен жана/же кошумча каржылоодон пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан утурумдук милдеттенмелерди төлөөгө жөндөмсүздүк тобокелдиги. Жетекчилик ликвиддүүлүк тобокелдиги анын статусунун өзгөчөлүгүнө байланыштуу Улуттук банк ишине мүнөздүү болуп саналбайт деп эсептейт.

Ликвиддүүлүк тобокелдигине анализдөөлөр колдо болгон маалыматтарга негизденген төмөнкү таблицада берилген:

| | 1айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 1 жылга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ары | Төлөө мөөнөтү белгилен-ген эмес | 2009-жыл-дын бештин айынын отуз бири, жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 722 832 | 3 279 908 | - | - | - | - | 4 002 740 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 26 902 808 | 14 181 171 | 3 363 498 | - | - | - | 44 447 477 |
| Банктарга кредиттер | 657 | - | 1 319 | 66 190 | - | - | 68 166 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 4 463 218 | 9 413 651 | 6 908 151 | - | - | - | 20 785 020 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 4 446 | 500 053 | 129 388 | 1 581 889 | 639 539 | 550 000 | 3 405 315 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген активдер | 32 093 961 | 27 374 783 | 10 402 356 | 1 648 079 | 639 539 | 550 000 | 72 708 718 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 121 515 | - | - | - | - | - | 121 515 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | - | - | - | 15 000 | 15 000 |
| Башка финансылык активдер | 298 860 | 2 337 | 11 612 | 46 985 | 40 723 | - | 400 517 |
| **Жыйынтыгында, финансылык активдер** | 32 514 336 | 27 377 120 | 10 413 968 | 1 695 064 | 680 262 | 565 000 | 73 245 750 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 44 470 | - | - | - | - | - | 44 470 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 3 459 249 | - | - | - | - | - | 3 459 249 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 059 543 | - | - | - | | - | 1 059 543 |
| Алынган кредиттер | 155 202 | 182 418 | 724 704 | 3 834 929 | 2 699 625 | 5 860 782 | 13 457 660 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген финансылык милдеттенмелер | 4 718 464 | 182 418 | 724 704 | 3 834 929 | 2 699 625 | 5 860 782 | 18 020 922 |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 35 738 688 | 35 738 688 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 8 504 968 | - | - | - | - | - | 8 504 968 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 521 099 | - | - | - | - | - | 521 099 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 19 196 | 63 | 3 055 | 692 | - | 57 465 | 80 471 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 13 763 727 | 182 481 | 727 759 | 3 835 621 | 2 699 625 | 41 656 935 | 62 866 148 |
| Активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма | 18 750 609 | 27 194 639 | 9 686 209 | (2 140 557) | (2 019 363) | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерил-ген акивдер менен милдеттен-мелер ортосундагы айрыма | 27 375 497 | 27 192 365 | 9 677 652 | (2 186 850) | (2 060 086) | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерилген активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма, өсүш жыйынтыгы менен | 27 375 497 | 54 567 862 | 64 245 514 | 62 058 664 | 59 998 578 | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерилген активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма, өсүш жыйынтыгына ээ активдердин жалпы суммасына карата пайыздарда | 37% | 74% | 88% | 85% | 82% | | |

| | 1айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 1 жылга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ары | Төлөө мөөнөтү белгилен-ген эмес | 2008-жыл-дын бештин айынын отуз бири, жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | | | |
| Баалуу металлдар | 1 193 538 | 340 967 | 1 250 853 | - | - | - | 2 785 358 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 16 945 874 | 5 155 904 | 484 375 | - | - | - | 22 586 153 |
| Банктарга кредиттер | 84 | - | - | 2 357 | - | - | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 6 781 947 | 9 162 977 | 4 858 007 | 1 431 216 | - | - | 22 234 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 10 102 | 452 950 | 764 109 | 566 387 | 1 711 540 | - | 3 505 088 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген активдер | 24 931 545 | 15 112 798 | 7 357 344 | 1 999 960 | 1 711 540 | - | 51 113 187 |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 29 371 | - | - | - | - | - | 29 371 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | - | - | - | - | - | 15 000 | 15 000 |
| Башка финансылык активдер | 275 460 | 1 100 | 6 085 | 22 612 | 33 343 | - | 338 600 |
| **Жыйынтыгында, финансылык активдер** | 25 236 376 | 15 113 898 | 7 363 429 | 2 022 572 | 1 744 883 | 15 000 | 51 496 158 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 34 257 | - | - | - | - | - | 34 257 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 4 374 479 | - | - | - | - | - | 4 374 479 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 421 408 | 193 500 | 26 843 | - | - | - | 1 641 751 |
| Алынган кредиттер | 129 482 | 277 826 | 668 324 | 3 514 283 | 2 172 771 | - | 6 762 686 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген финансылык милдеттенмелер | 5 959 626 | 471 326 | 695 167 | 3 514 283 | 2 172 771 | - | 12 813 173 |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 30 803 279 | 30 803 279 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 4 361 737 | - | - | - | - | - | 4 361 737 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 399 668 | - | - | - | - | - | 399 668 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 110 936 | - | 8 378 | - | - | 50 449 | 169 763 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 10 831 967 | 471 326 | 703 545 | 3 514 283 | 2 172 771 | 30 853 728 | 48 547 620 |
| Активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма | 14 404 409 | 14 642 572 | 6 659 884 | (1 491 711) | (427 888) | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерил-ген активдер менен милдеттен-мелер ортосундагы айрыма | 18 971 919 | 14 641 472 | 6 662 177 | (1 514 323) | (461 231) | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерилген активдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма, өсүш жыйынтыгы менен | 18 971 919 | 33 613 391 | 40 275 568 | 38 761 245 | 38 300 014 | | |
| Алар боюнча пайыздар чегерилген акивдер менен милдеттенмелер ортосундагы айрыма, өсүш жыйынтыгына ээ активдердин жалпы суммасына карата пайыздарда | 37% | 65% | 78% | 75% | 74% | | |

Төмөндө келтирилген таблицада Улуттук банктын 2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча милдеттенмелерин контракттык дисконттолбогон акча агымы боюнча бөлүштүрүүлөр чагылдырылган. Талап боюнча төлөнүп берилүүгө тийиш болгон милдеттенмелер болжолдоолорго, демек, төлөм дароо талап кылынат дегенге негизденүү менен классификацияланган. Ошондой болсо да, Улуттук банк контрагенттердин көпчүлүгү жакынкы мөөнөттөрдө төлөмдөрдү талап кылбайт деген ниетте, ошондуктан таблицада Улуттук банктын депозиттеринин кармалып турушуна негизденген, күтүлүп жаткан акча агымы чагылдырылган эмес.

| | 1айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 1 жылга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ары | Төлөө мөөнөтү белгиленген эмес | 2009-жылдын бештин айынын отуз бири, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 44 470 | - | - | - | - | - | 44 470 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 3 459 249 | - | - | - | - | - | 3 459 249 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 060 000 | - | - | - | - | - | 1 060 000 |
| Алынган кредиттер | 218 737 | 185 287 | 742 345 | 3 867 032 | 2 744 060 | 5 866 536 | 13 623 997 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген финансылык милдеттенмелер | 4 782 456 | 185 287 | 742 345 | 3 867 032 | 2 744 060 | 5 866 536 | 18 187 716 |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 35 738 688 | 35 738 688 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 8 504 968 | - | - | - | - | - | 8 504 968 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 521 099 | - | - | - | - | - | 521 099 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 19 196 | 63 | 3 055 | 692 | - | 57 465 | 80 471 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 13 827 719 | 185 350 | 745 400 | 3 867 724 | 2 744 060 | 41 662 689 | 63 032 942 |

| | 1айга чейин | 1 айдан 3 айга чейин | 3 айдан 1 жылга чейин | 1 жылдан 5 жылга чейин | 5 жылдан ары | Төлөө мөөнөтү белгиленген эмес | 2008-жылдын бештин айынын отуз бири, жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 34 257 | - | - | - | - | - | 34 257 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 4 374 479 | - | - | - | - | - | 4 374 479 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 435 191 | 195 376 | 27 103 | - | - | - | 1 657 670 |
| Алынган кредиттер | 153 479 | 283 945 | 675 840 | 3 531 547 | 2 215 421 | - | 6 860 232 |
| Жыйынтыгында, алар боюнча пайыздар чегерилген финансылык милдеттенмелер | 5 997 406 | 479 321 | 702 943 | 3 531 547 | 2 215 421 | - | 12 926 638 |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | - | - | - | - | - | 30 803 279 | 30 803 279 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 4 361 737 | - | - | - | - | - | 4 361 737 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 399 668 | - | - | - | - | - | 399 668 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 110 936 | - | 8 378 | - | - | 50 449 | 169 763 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 10 869 747 | 479 321 | 711 321 | 3 531 547 | 2 215 421 | 30 853 728 | 48 661 085 |

***Орточо эффективдүү пайыздык чендер***

Төмөндөгү таблицада Улуттук банктын 2009-жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата активдери жана милдеттенмелери боюнча эффективдүү пайыздык чендер чагылдырылган

| | Орточо эффективдүү пайыздык чендер 2009 | Орточо эффективдүү пайыздык чендер 2008 |
|---|---|---|
| **Активдер:** | | |
| **Алар боюнча пайыздар чегерилген активдер боюнча** | | |
| Баалуу металлдар | 0,01% | 0,15% |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 0,26% | 2,95% |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 1,68% | 1,71% |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 8,72% | 14,89% |
| **Милдеттенмелер:** | | |
| **Аларга катталган чендер боюнча пайыздар чегерилген милдеттенмелер боюнча** | | |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | - | 1,04% |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча тартылган каражаттар | - | 10,49% |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 0,82% | 11,73% |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 1,38% | 1,92% |
| Алынган кредиттер | 0,40% | 0,63% |

## Рыноктук тобокелдик

Рыноктук тобокелдик Улуттук банк дуушар болушу ыктымал болгон пайыздык тобокелдикти, валюта тобокелдигин жана башка баа тобокелдиктерин өзүндө камтыйт.

*Пайыздык тобокелдик*

Пайыздык тобокелдик – бул, өзгөрүлмөлүү пайыздык чени менен активдер менен милдеттенмелер суммасынын балансташпоосунан улам жана/же катталган пайыздык чени менен активдер менен милдеттенмелердин төлөө мөөнөтү боюнча убакыт ажырымынын келип чыгышына байланыштуу акча рыногундагы пайыздык чендердин алгылыксыз өзгөрүүсүнөн пайда болгон жоготуу тобокелдиги.

Пайыздык тобокелдиктин таасирин минимизациялоо максатында Улуттук банк Башкармасы инвестициялык активдердин максималдуу орточо алынган узактыгына, инвестициялык активдер портфелиндеги максималдуу үлүшкө (пайыздарда), ошондой эле бекитилген инвестициялык инструменттердин максималдуу мөөнөттүү түзүмүндө чектөөлөрдү белгилейт.

## Валюта тобокелдиги

Улуттук банк бир нече чет өлкө валюталарында туюндурулган активдерге жана милдеттенмелерге ээ. Валюта тобокелдиги чет өлкө валютасындагы айкын орун алган же болжолдонгон активдер ошол эле валютадагы милдеттенмелерден көп же аз болгон шартта келип чыгат.

Улуттук банк үчүн рыноктук тобокелдикти тескөөдөгү негизги багыттан болуп, пайыздык чендердин алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнөн улам жоготууларды прогноздоо жана минимизациялоо саналат.

Тобокелдиктердин келип чыгуу булактарына мезгил-мезгили менен жүргүзүлгөн баа берүүлөрдүн жана мониторингдин натыйжаларын эске алуу менен рыноктук тобокелдикти минимизациялоо максатында Банк Башкармасы тарабынан инструменттер, мөөнөттүүлүк жана валюта түзүмдөрү боюнча чектөөлөр белгиленет.

Бүтүмдөргө келишүү ишин ишке ашырган структуралык бөлүм контрагенттер болгон өлкөлөрдүн финансы рынокторуна жана экономикалык саясатына туруктуу мониторингди жана иликтөө иштерин жүргүзүп турат, анткени алар рынок коньюнктурасына таасир этиши ыктымал. Ушул маалыматтардын, ошондой эле рыноктордун кесипкөй катышуучуларынын күтүүлөрүнүн негизинде рыноктук баа, алмашуу курстары жана пайыздык чендер боюнча болжолдоолор түзүлүп, Улуттук банк үчүн потенциалдуу жоготуулар деңгээлине баа берилет.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан дайыма текшерүүгө алынып, бекитилип турган финансылык инструменттерге, төлөө мөөнөттөрүнө жана валюталарга карата чектөөлөрдү белгилөө аркылуу Улуттук банк валюта тобокелдигин тескөөгө алат.

## Пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүккө анализдөөлөр

Төмөндө келтирилген таблицада пайыздык тобокелдикке карата ийкемдүүлүккө анализдөөлөр келтирилген, ал «тобокелдик өзгөрүлмөлүүлүгүндөгү мүмкүн болгон өзгөрүүлөргө таянган» негизде жүргүзүлгөн. Мына ошол өзгөрүүлөрдүн деңгээли жетекчилик тарабынан аныкталып, Улуттук банктын башкаруучу персоналынын кароосуна сунушталуучу тобокелдиктерди тескөө отчетунда чагылдырылат.

2009-жылдын бештин айынын отуз бирине жана 2008-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча активдердин номиналдык наркына жараша пайдага жана капиталга таасир этүү төмөнкүчө чагылдырылган:

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **Пайыздык чен +1%** | **Пайыздык чен -1%** | **Пайыздык чен +1%** | **Пайыздык чен -1%** |
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР:** | | | | |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | 152 997 | (152 997) | 109 619 | (109 619) |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 12 681 | (12 681) | 18 045 | (18 045) |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР:** | | | | |
| Банктардагы ж.б. финансы мекемелериндеги каражаттар | - | - | (342) | 342 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | (39 803) | 39 803 | (43 745) | 43 745 |
| Алынган кредиттер | (935) | 935 | (1 230) | 1 230 |
| Пайдага карата накта таасир этүү | 124 940 | (124 940) | 82 347 | 82 347 |
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР:** | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | (49 649) | 46 356 | (61 349) | 61 991 |
| Капиталга таасир этүү | (49 649) | 46 356 | (61 349) | 61 991 |

## Валюта тобокелдиги

Валюта тобокелдиги, валюталардын алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнө байланыштуу финансы инструментинин наркынын өзгөрүү тобокелдигин түшүндүрөт. Улуттук банктын финансылык абалы жана акча агымы чет өлкө валюталарынын алмашуу курстарынын өзгөрүп туруусуна дуушар болуп турат.

Улуттук банктын валюта тобокелдигинин деңгээли тууралуу маалымат төмөндө чагылдырылган:

| | Сом | АКШ доллары 1 USD = 44.0917 сом | Евро 1 EUR = 63.5229 сом | АКУ 1 SDR = 69.1644 сом | Канада-доллары 1 CAD = 41.9901 сом | Австралия доллары 1 AUD = 39.0167 сом | Швейцария франкы 1 CHF = 42.5657 сом | Англия фунт стерлинги 1 GBP = 70.4012 сом | Башка валюталар | Жыйынтыгында, 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | | | | | | |
| Баалуу металдар | - | - | - | - | - | - | - | - | 4 002 740 | 4 002 740 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 13 242 019 | 12 210 436 | 7 153 060 | 5 129 010 | 649 952 | 2 767 616 | 3 299 919 | 116 980 | 44 568 992 |
| Банктарга кредиттер | 66 832 | 1 334 | - | - | - | - | - | - | - | 68 166 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 15 000 | 5 972 259 | 6 095 641 | - | - | 7 620 711 | 1 096 409 | - | - | 20 800 020 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 405 315 | - | - | - | - | - | - | - | - | 3 405 315 |
| Башка финансылык активдер | 127 359 | 241 397 | 31 761 | - | - | - | - | - | - | 400 517 |
| **Жыйынтыгында, финансылык активдер** | 3 614 506 | 19 457 009 | 18 337 838 | 7 153 060 | 5 129 010 | 8 270 663 | 3 864 025 | 3 299 919 | 4 119 720 | 73 245 750 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 35 738 688 | - | - | - | - | - | - | - | - | 35 738 688 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 5 376 865 | 3 172 548 | 11 | - | - | - | - | 14 | - | 8 549 438 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 2 081 101 | 448 364 | 138 147 | - | 1 312 736 | - | - | - | - | 3 980 348 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 059 543 | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 059 543 |
| Алынган кредиттер | - | 220 670 | - | 13 236 990 | - | - | - | - | - | 13 457 660 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 24 838 | 9 | - | - | - | - | - | - | 55 624 | 80 471 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 44 281 035 | 3 841 591 | 138 158 | 13 236 990 | 1 312 736 | - | - | 14 | 55 624 | 62 866 148 |
| **АЧЫК БАЛАНСТЫК ПОЗИЦИЯ** | (40 666 529) | 15 615 418 | 18 199 680 | (6 083 930) | 3 816 274 | 8 270 663 | 3 864 025 | 3 299 905 | 4 064 096 | |

| | Сом | АКШ доллары 1 USD = 39.4181 сом | Евро 1 EUR = 55.4790 сом | АКУ 1 SDR = 60.8466 сом | Канада-доллары 1 CAD = 32.4723 сом | Австра-лия долла-ры 1 AUD = 26.9955 сом | Швей-цария франкы 1 CHF = 36.6799 сом | Англия фунт стерлинги 1 GBP = 58.2067 сом | Башка валю-талар | Жыйын-тыгында, 2008-жыл-дын беш-тин айынын отуз бири-не карата |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ФИНАНСЫЛЫК АКТИВДЕР** | | | | | | | | | | |
| Баалуу металдар | - | - | - | - | - | - | - | - | 2 785 358 | 2 785 358 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | - | 6 697 166 | 5 922 116 | 2 186 000 | 3 461 839 | 18 630 | 1 664 227 | 2 650 965 | 14 581 | 22 615 524 |
| Банктарга кредиттер | - | 2 441 | - | - | - | - | - | - | - | 2 441 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 15 000 | 5 316 659 | 8 353 691 | - | 487 183 | 5 525 225 | 2 551 389 | - | - | 22 249 147 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 3 505 088 | - | - | - | - | - | - | - | - | 3 505 088 |
| Башка финансылык активдер | 70 455 | 240 405 | 27 740 | - | - | - | - | - | - | 338 600 |
| **Жыйынтыгында, финансылык активдер** | 3 590 543 | 12 256 671 | 14 303 547 | 2 186 000 | 3 949 022 | 5 543 855 | 4 215 616 | 2 650 965 | 2 799 939 | 51 496 158 |
| **ФИНАНСЫЛЫК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | | | | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 30 803 279 | - | - | - | - | - | - | - | - | 30 803 279 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 3 786 985 | 609 009 | - | - | - | - | - | - | - | 4 395 994 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 2 905 352 | 18 228 | 224 488 | - | 1 612 489 | - | - | - | 13 590 | 4 774 147 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 1 641 751 | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 641 751 |
| Алынган кредиттер | - | 263 296 | - | 6 499 390 | - | - | - | - | - | 6 762 686 |
| Башка финансылык милдеттенмелер | 119 251 | 63 | - | - | - | - | - | - | 50 449 | 169 763 |
| **Жыйынтыгында, финансылык милдеттенмелер** | 39 256 618 | 890 596 | 224 488 | 6 499 390 | 1 612 489 | - | - | - | 64 039 | 48 547 620 |
| **АЧЫК БАЛАНСТЫК ПОЗИЦИЯ** | (35 666 075) | 11 366 075 | 14 079 059 | (4 313 390) | 2 336 533 | 5 543 855 | 4 215 616 | 2 650 965 | 2 735 900 | |

***Валюта тобокелдигине карата ийкемдүүлүктү анализдөөлөр***

Төмөндө келтирилген таблицада чет өлкө валюталарынын сомго карата көбөйүүсүнө же азайуусуна карата Улуттук банктын иш алып баруу ийкемдүүлүгүнө анализдөөлөр чагылдырылган. 10 пайыз – бул, Улуттук банктын ичинде анын негизги башкаруучу персоналы үчүн валюта тобокелдиги жөнүндө отчетторду түзүүдө колдонулган ийкемдүүлүк деңгээли жана ал валюта курстарынын мүмкүн болуучу өзгөрүүсүнө Улуттук банктын жетекчилигинин баа берүүсүн түшүндүрөт. Ийкемдүүлүккө анализдөөлөрдө бир мезгилдин акырына карата колдо болгон чет өлкө валютасындагы суммалар гана камтылган, аларды бир мезгил акырына карата конвертирлөөдө колдонуудагыга салыштырганда 10%га өзгөртүлгөн курстар пайдаланылат.

Төмөндө 2009-жылдын бештин айынын отуз бирине жана 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча финансы инструменттеринин валюта тобокелдигине карата ийкемдүүлүгүнө анализдөөлөр келтирилген:

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/АКШ доллары +10%** | **сом/АКШ доллары -10%** | **сом/АКШ доллары +10%** | **сом/АКШ доллары -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 1 561 542 | (1 561 542) | 1 136 608 | (1 136 608) |

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/евро +10%** | **сом/евро -10%** | **сом/евро +10%** | **сом/евро -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 1 819 968 | (1 819 968) | 1 407 906 | (1 407 906) |

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/АКУ +10%** | **сом/АКУ -10%** | **сом/АКУ +10%** | **сом/АКУ -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | (608 393) | 608 393 | (431 339) | 431 339 |

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/канада доллары +10%** | **сом/канада доллары -10%** | **сом/канада доллары +10%** | **сом/канада доллары -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 381 627 | (381 627) | 233 653 | (233 653) |

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/австралия доллары +10%** | **сом/австралия доллары -10%** | **сом/австралия доллары +10%** | **сом/австралия доллары -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 827 066 | (827 066) | 554 386 | (554 386) |

| | **2009-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | | **2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата** | |
|---|---|---|---|---|
| | **сом/ швейцария франкы +10%** | **сом/ швейцария франкы -10%** | **сом/ швейцария франкы +10%** | **сом/ швейцария франкы -10%** |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 386 403 | (386 403) | 421 562 | (421 562) |

| | 2009-жылдын бештин айы-нын отуз бирине карата | | 2008-жылдын бештин айы-нын отуз бирине карата | |
|---|---|---|---|---|
| | сом/ англия фунт стерлинги +10% | сом/ англия фунт стерлинги -10% | сом/ англия фунт стерлинги +10% | сом/ англия фунт стерлинги -10% |
| Пайдаларга же чыгымдарга таасир | 329 991 | (329 991) | 265 097 | (265 097) |

*Ийкемдүүлүккө анализдөөлөрдөгү чектөөлөр*

Жогоруда келтирилген таблицаларда, башка жол берүүлөр өзгөрүүсүз калган шартта негизги жол берүүлөрдөгү өзгөрүүлөр эффекти чагылдырылган. Иш жүзүндө жол берүүлөр менен башка факторлордун ортосунда байланыш орун алган. Бул жерде ошондой эле ийкемдүүлүк түз багытта болбогон мүнөзгө ээ, ошондуктан алынган натыйжаларга интерполяция же экстраполяция жүргүзүлүүгө тийиш эмес.

Ийкемдүүлүк анализдөөлөрүндө Улуттук банк активдерди жана милдеттенмелерди жигердүү тескөөгө ала тургандыгы эске алынбайт. Буга кошумча Улуттук банктын финансылык абалы рынокто болуп жаткан өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн. Мисалы, Улуттук банктын финансылык тобокелдиктерди тескөө жагындагы стратегиясы рыноктун олку-солкулугу тобокелдигин тескөөгө багытталган. Баалуу кагаздар рыногунда баанын кескин терс өзгөрүүсү келип чыккан шартта жетекчилик инвестицияларды сатуу, инвестициялык портфелдин курамын өзгөртүү, ошондой эле өзүн коргоонун башка ыкмаларын колдонуу сыяктуу ыкмаларга кайрылышы мүмкүн. Демек, жол берүүлөрдүн өзгөрүүсү милдеттенмелерге таасир тийгизбеши мүмкүн жана баланста рыноктук баада эсепке алынган активдерге да олуттуу таасирин тийгизбейт. Бул учурда, активдерге жана милдеттенмелерге баа берүүнүн ар кандай ыкмалары өздүк каражаттардын өлчөмүнүн олуттуу өзгөрүүсүнө алып келиши мүмкүн.

Жогоруда келтирилген ийкемдүүлүк анализдөөлөрүндөгү башка чектөөлөр Улуттук банк үчүн рынокто күтүлүп жаткан өзгөрүүлөр тууралуу болгону болжолдоолорду гана чагылдырган потенциалдуу тобокелдиктерди ачып көрсөтүү максатында, рыноктогу жылыштарды (гипотетикалык) пайдаланууну камтыйт жана буларды кандайдыр бир деңгээлдеги ишенимдүүлүк менен айтууга да мүмкүн эмес. Мындан тышкары, бардык пайыздык чендер бирдей эле негизде өзгөрө тургандыгын болжолдоо да чектөө болуп саналат.

# IV

## ТИРКЕМЕЛЕР

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын**
**2009-жыл үчүн отчетуна карата 1-тиркеме**

## 2009-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| 2008-жылдын жетинин айынын жыйырма сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясатынын 2009-2011–жылдарга негизги багыттары жөнүндө» документ кароого алынып, жактырылган. |
| 2008-жылдын бештин айынын он жетиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылга акча-кредит саясат жөнүндө билдирүү жактырылган. |
| Үчтүн айынын сегизи | Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына кол коюлган. |
| Үчтүн айынын жыйырмасы | «Кабар» маалымат агенттигинде Улуттук банктын Төрагасынын катышуусу менен «2008-жылдагы акча-кредит саясат жөнүндө» отчетко арналган пресс-конференция өткөрүлгөн. |
| Үчтүн айынын жыйырма экиси | Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын «Тышкы таасирлерди четтетүү үчүн каржылоо механизми (ESF) тарабынан колдоого алынган Кыргыз Республикасынын 2008-2009-жылдарга экономикалык программасын» жүзөгө ашыруу боюнча 2009-жылга каралган иш-чаралар планы жөнүндө» токтом кабыл алынган. |
| Үчтүн айынын жыйырма үчү | Кредиттик союздардын ишине тиешелүү «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзам аркылуу «кредиттик союздар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамдарга жана Жарандык кодекске өзгөртүүлөр киргизилген. |
| Үчтүн айынын жыйырма сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>– «Төлөм системасында адаттагыдан тышкары жагдай келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине карата негизги талаптар тууралуу» жобо;<br>– Банк секторун 2011 –жылдын акырына чейин Өнүктүрүү стратегиясы;<br>– «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында илимий-изилдөө иштери жөнүндө» жобо;<br>– «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Илимий-эксперттик кеңеши жөнүндө» жобо;<br>– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Маалымат системасын 2009-2014-жылдары өнүктүрүүнүн негизги багыттары. |
| Үчтүн айынын отузу | Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын талабын аткаруу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсын түзүү жөнүндө токтом кабыл алынган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| Бирдин айынын он бири | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын «2009-жылга финансылык жана социалдык экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен билдирүү тууралуу»;<br>– «Улуттук банк Башкармасынын «Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө жобонун жаңы редакциясын бекитүү токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;<br>– «SWIFTти (SWIFT ЖКТ) жамааттык пайдалануу түйүнү жөнүндө жобо тууралуу». |
| Бирдин айынын он тогузу – теке айынын жыйырма сегизи | Улуттук банкта Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2006-2010-жылдары өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк стратегиясынын жүзөгө ашырылышына мониторинг жүргүзүү боюнча түзүлгөн жумушчу топтун Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын, Өкмөттүн Аппаратынын, Адилет министрлигинин, Мамкаттоонун, микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар ассоциациясынын, эл аралык донорлордун өкүлдөрүнүн катышуусунда 17-18-отуруму өткөрүлгөн. |
| Бирдин айынын жыйырмасы | Өкмөт үйүндө Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, өлкөнүн коммерциялык банктарынын жетекчилери, Улуттук банктын жана Финансы министрлигинин өкүлдөрү менен жолугушуу өткөргөн. Дүйнөлүк финансылык каатчылыктын орун алып турушу шартында, финансы рыногунда түптөлгөн жагдайды талкууга алуу, бул жолугушуунун максаты болгон. |
| Бирдин айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «2008-жылдагы акча-кредит саясат жөнүндө отчет жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программа жөнүндө»;<br>– «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктар системасынын 2008-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча өнүгүү тенденциялары жөнүндө»;<br>– Улуттук банк Башкармасынын 1998-жылдын баш оона айынын он экисиндеги токтому менен кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу». |
| Бирдин айынын жыйырма жетиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан реабилитациялоо жол-жобосу бүткөрүлгөн ИАКБ «Акыл» ААКсынын лицензиясынын аракетин калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алынган.<br><br>Улуттук банкта өлкөнүн башкы банкынын, коммерциялык банктардын жана Кыргыз банктар союзунун жетекчилеринин катышуусунда тегерек стол маеги өткөрүлгөн. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсын презентациясы тартууланган. |
| Жалган куран айынын экиси | Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагында 5 000 сом номиналындагы банкнот жүгүртүүгө чыгарылган. |
| Жалган куран айынын төртү | Катышуучу өлкөлөрдүн улуттук (борбордук) банктарынын жетекчилеринин, Президенттин Администрациясынын жана Өкмөттүн Аппаратынын өкүлдөрүнүн, эл аралык финансылык уюмдардын жана Кыргыз Республикасында аккредиттелген элчиликтердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен «Кав- |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | каз жана Борбордук Азия өлкөлөрүнө дүйнөлүк финансылык каатчылыктын таасири» темасында эл аралык регионалдык конференция өткөрүлгөн. |
| Жалган куран айынын беши, он тогузу | Кыргыз Республикасында Тышкы таасирлерди четтетүү үчүн каржылоо механизми (ESF) боюнча республиканын экономикалык көрсөткүчтөрүнө алгачкы баяндама жасоо иш-чарасынын чегинде ЭВФтин миссиясы болгон. Анын жүрүшүндө миссиянын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Улуттук банктын, Финансы министрлигинин, Экономикалык Өнүктүрүү жана соода министрлигинин ж.б. ведомстволордун өкүлдөрү менен жолугушуусу өткөн. |
| Жалган куран айынын он бири | Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Коммерциялык банктар үчүн капиталдын (өздүк каражаттардын) минималдуу өлчөмү жөнүндө» токтом кабыл алынган. |
| Жалган куран айынын он жетиси | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алынган:<br>– «Россия Федерациясынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда 2009-жылдын бирдин айынын үчүндөгү мамлекеттик кредит жөнүндө келишим боюнча эсепке алуу жана эсептешүүлөр тартиби тууралуу “Өнүгүү жана тышкы экономикалык ишкердик банкы (Тышкыэкономбанк)” Мамлекеттик корпорациясы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы келишимди жактыруу тууралуу»;<br>– «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасына мамлекеттик кредитти берүү жөнүндө 2009-жылдын бирдин айынын үчүндөгү түзүлгөн келишим боюнча гарантиялык депозитти тейлөө жөнүндө “Өнүгүү жана тышкы экономикалык ишкердик банкы (Тышкыэкономбанк)” Мамлекеттик корпорациясы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ортосундагы келишим жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасына мамлекеттик кредитти берүү жөнүндө 2009-жылдын бирдин айынын үчүндөгү түзүлгөн келишим боюнча гарантиялык депозитти тейлөөгө тиешелүү Финансы министрлиги менен Улуттук банктын ортосунда келишим тууралуу». |
| Жалган куран айынын жыйырма беши – чын куран айынын төртү | Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү (ПФТ/ОД) боюнча түзүмдөрдү күчөтүүнүн көзөмөлдүк компонентинин чегинде, Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы кызматташуу боюнча бюросунун (SECO) финансылык көмөктөшүүсү астында ЭВФтин техникалык жардамынын алкагында төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлгөн:<br>- ЭВФтин миссиясынын эксперттери менен кыска мөөнөттүк жана орто мөөнөттүк мезгил аралыгында биргелешкен иш аракеттердин планын талкуулоо боюнча жолугушуу;<br>- Улуттук банктын жана Финансылык чалгындоо кызматынын кызматкерлери үчүн «Тобокелдиктерди аныктоого багытталган көзөмөлдүк жана жеринде барып инспектирлөө» темасында семинар өткөрүлгөн. |
| Жалган куран айынын жыйырма алтысы | Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКнын «Банктарды кайра каржылоо саясаты жөнүндө» токтому кабыл алынган. |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| Жалган куран айынын жыйырма сегизи | Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» (Улуттук банктын Уставдык капиталын 1 млрд. сомго чейин көбөйтүү жөнүндө) мыйзам кабыл алынган.<br><br>Банк секторунун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу, ошондой эле ислам банк ишин Кыргыз Республикасында өздөштүрүү үчүн шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» жана «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары кабыл алынган. |
| Чын куран айынын он төртү | Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан Банктардын операциялык тобокелдиктеринин ордун жабуу үчүн зарыл болгон капиталдын деңгээлин аныктоо боюнча усулдук-сунуш көрсөтмөлөр бекитилген. |
| Чын куран айынын он беши | Улуттук банк Башкармасынын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр Кеңешине (IFSB) өтүүсү жөнүндө токтом кабыл алынган. |
| Чын куран айынын жыйырма экиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. |
| Чын куран айынын жыйырма тогузу | Дүйнөлүк экономикада кризистик жагдайлардын орун алып жатышы шартында, банк тутумундагы туруктуулукту колдоо жана калайык-калктын коммерциялык банктарга салган каражаттарын массалык алып кетүү тобокелдигин басаңдатуу боюнча чара катары, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзамы кабыл алынган. |
| Бугу айынын он бири | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «АзияУниверсалБанк» ААКсына баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү укугуна кошумча лицензия берүү жөнүндө»;<br>– Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын аяк оона айынын жыйырма бешиндеги №26/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу». |
| Бугу айынын жыйырма экиси | Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан Банктын аманатчылар алдындагы милдеттенмелери тууралуу маалымат базасын жүргүзүү боюнча усулдук-көрсөтмөлөр бекитилген. |
| Бугу айынын жыйырма жетиси | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «2009-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет жана «келээрки мезгилге акча-кредиттик программа тууралуу»;<br>– «Милдеттүү камдык талаптарды эсептөөдө колдонулган доллардын алмашуу курсу тууралуу»;<br>– «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктар системасынын 2009- |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | жылдын жалган куран айынын отуз бирине карата өнүгүү тенденциялар жөнүндө»;<br>– «Улуттук банктын портфелинде турган мамлекеттик баалуу кагаздарды өңчөйлөштүрүү (реструктуризациялоо) тууралуу».<br>Ошондой эле, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын ишин жөнгө салуу эрежелери бекитилген. |
| Кулжа айынын ону | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>– Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын туунду же караштуу компанияларды түзүү жана/же сатып алуу эрежелери;<br>– милдеттүү камдардын нормалары. |
| Кулжа айынын он жетиси | Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам кабыл алынган (Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизинде кабыл алынган мыйзамын 2010-жылдын үчтүн айынын биринен тартып күчүнө киргизүү жөнүндө). |
| Кулжа айынын он жетиси – жыйырма беши | Дүйнөлүк банктын техникалык миссиясы «Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» (МПБС) долбоорун ишке ашыруу маселелерин талкуулоо максатында, кезектеги иш сапары менен Улуттук банкта болгон. Иш сапарынын жыйынтыгы боюнча миссия жогоруда аталган долбоордун жүзөгө ашырылып жатышына канааттангандыгын билдирген. |
| Теке айынын он беши | Улуттук банк Башкармасы тарабынан Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелери бекитилген. |
| Теке айынын жыйырма тогузу | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Улуттук банк Башкармасынын «Депозиттер менен иш алып баруу боюнча убактылуу нускоо жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;<br>– «Улуттук банк Башкармасынын «Кредиттик союздарды лицензиялоо жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу». |
| Баш оона айынын төртү | ЭВФтин миссиясы менен көзөмөлдүк компонентинин чегинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү жагында (ПФТ/ОД) жолугушуу өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө бул багытта кабыл алынган мыйзам актыларына сунушталган өзгөртүүлөр талкууланып, ошондой эле ПФТ/ОД чегинде банктарды инспектирлөөнүн актуалдуу маселелери боюнча ой-пикирлер ортого салынган. |
| Баш оона айынын он экиси | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– «2009-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы акча-кредит саясат жөнүндө отчет жана «келээрки мезгилге акча-кредиттик программа тууралуу»;<br>– ««Элкарт» банктык төлөм картын чыгаруунун убактылуу эрежелерин |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | жана ««Элкарт» банктык төлөм карттарын пайдалануу менен бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү тартиби жөнүндө» убактылуу нускоону алып салуу жөнүндө». |
| Баш оона айынын он төртү | Улуттук банк Башкармасы «2009-жылга акча-кредит саясатынын сандык критерийлерин өзгөртүү тууралуу» токтом кабыл алган. |
| Баш оона айынын жыйырма төртү | Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан «Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин «Банктын депозиттерди коргоо системасына өтүүгө берген билдирмесин кароо жол-жобосун бекитүү тууралуу» токтомун күчүн жоготту деп таануу жөнүндө» токтом кабыл алынган. |
| Баш оона айынын жыйырма алтысы | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Акча-каражаттарын легализациялоо үчүн каралган атайын депозит эсебин ачуу, жүргүзүү жана жабуу тартибин бекитүү тууралуу»;<br>– «Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын кулжа айынын онундагы №24/2 «Банктын депозиттерди коргоо системасына катышууга билдирме берүү жана аны Улуттук банктын кароо тартиби жөнүндө» жобо тууралуу» токтомун күчүн жоготту деп таануу жөнүндө»;<br>– «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;<br>– «Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча нускоонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;<br>– «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктар системасынын 2009-жылдын кулжа айынын отузуна карата өнүгүү тенденциялары жөнүндө». |
| Аяк оона айынын төртү-беши | Банк секторунда учурда түптөлгөн жагдайды талкууга алуу максатында, Улуттук банктын өкүлдөрүнүн, Кыргыз банктар союзунун мүчөлөрүнүн, коммерциялык банктардын жана микрофинансылык уюмдардын жетекчилеринин, ошондой эле мамлекеттик органдардын, ведомстволордун өкүлдөрүнүн жана чакырылган башка адамдарынын катышуусунда «Ысык-Көл – 2009» тегерек стол маеги өткөрүлгөн. |
| Аяк оона айынын ону-он үчү | Борбордук Азия, Карадеңиз регионунун жана Балканда жайгашкан өлкөлөрдүн борбордук банктарынын башкаруучулар клубунун «Глобалдуу финансы каатчылыгы шартында акча-кредит саясаты» темасында кезектеги XXII отуруму өткөрүлүп, анын жыйынтыгы боюнча протоколго кол коюлган. |
| Аяк оона айынын он төртү-жыйырма сегизи | Макроэкономика жагында орун алган акыркы тенденцияларды талкуулоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ЭВФ менен биргелешип кызматташуу меморандумунун долбоорун жеткире иштеп чыгуу максатында, ЭВФтин миссиясы Кыргыз Республикасына келген. Анын жүрүшүндө ЭВФтин эксперттеринин Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Улуттук банктын жана башка негизги министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилиги менен жолугушуусу өткөн. |
| Аяк оона айынын жыйырма үчү | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Милдеттүү камдык талаптарды эсептөөдө колдонулган доллардын ал- |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | машуу курсу тууралуу»;<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;<br>– Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коммерциялык банктар тарабынан ачык валюта позиция лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»;<br>– «Депозиттерди тартуу менен иш алып барган коммерциялык банктарда жана микрофинансылык компанияларда консервациялоо чарасын киргизүү жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;<br>– Улуттук банк Башкармасынын «Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу». |
| Аяк оона айынын отузу | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү ченемдик актылар кабыл алынган:<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерге карата талаптар жөнүндө» убактылуу жобо;<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган коммерциялык банктардын эсепке алуу саясатына карата талаптар жөнүндө» жобо;<br>– Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын аяк оона айынын экисиндеги №5/7 «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу”». |
| Тогуздун айынын он төртү | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктар тарабынан ачык валюта позиция лимиттеринин сакталыш тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;<br>– «Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» мыйзам долбоору тууралуу»;<br>– «Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;<br>– «Микрокредитик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин жана ломбарддын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө «Микрокредиттик компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жана «Улуттук банк тарабынан берилген лицензия үчүн төлөм өлчөмү жөнүндө», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын аймагындагы ломбарддардын иши жөнүндө» жобонун аракети токтотулган. |
| Тогуздун айынын жыйырма сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин тышкы аудитине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтом кабыл алынган. |
| Жетинин айынын он сегизи | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «2009-жылдын тогуз айы ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчет жана келээрки мезгилге акча-кредиттик программа тууралуу»;<br>– «Милдеттүү камдардын нормалары жөнүндө»;<br>– «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКтын ишин жөнгө салуу жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу»; |

| Күнү | Мазмуну |
|---|---|
| | – «Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;<br>– «Улуттук банктын лицензиясынын (күбөлүгүнүн) негизинде иш алып барган банктык эмес мекемелердин финансылык отчетторду түзүүсүнө жана маалыматтарды берүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;<br>– ««Айыл Банк» ААКсынын ишиндеги бир катар чектөөлөрдү алып салуу жөнүндө». |
| Жетинин айынын жыйырма беши | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган коммерциялык банктардын финансылык отчетторду түзүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;<br>– «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктар системасынын 2009-жылдын аяк оона айынын отузуна карата өнүгүү тенденциялары жөнүндө». |
| Бештин айынын он алтысы | Улуттук банк Башкармасы төмөнкү токтомдорду кабыл алган:<br>– «Келээрки мезгилге акча-кредиттик программа жөнүндө»;<br>– «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясатынын 2010-жылга негизги багыттары тууралуу». |
| Бештин айынын жыйырма үчү | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкү токтомдор кабыл алынган:<br>– «Улуттук банк Башкармасынын «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө»;<br>– «Кредиттик союздун, микрокредиттик компаниянын/микрокредиттик агенттиктин жана микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу». |
| Бештин айынын жыйырма сегизи | Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:<br>– «Улуттук банктын аналитикалык-баланстык отчету жөнүндө» жобо;<br>– «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо жөнүндө» нускоо;<br>– Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардагы тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобо;<br>– «Активдерди классификациялоо жана ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырууда потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобо;<br>– «Экобанк» ААКсында активдерди классификациялоо жана ислам каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырылышы учурунда потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга тиешелүү чегерүүлөр боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобо. |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын**
**2009-жыл үчүн отчетуна карата 2-тиркеме**

# Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер)

## Таблицалардын аталыштары


| | |
|---|---|
| 1-таблица | Макроэкономикалык көрсөткүчтөр |
| 2-таблица | ИДПнын түзүмү |
| 3-таблица | Капиталдык салымдардын каржылоо булактары боюнча түзүмү |
| 4-таблица | Акча топтомдору (бир мезгилдин акырына карата) |
| 5-таблица | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын аналитикалык балансы (бир мезгилдин акырына карата) |
| 6-таблица | Тышкы экономикалык көрсөткүчтөр |
| 7-таблица | Акча-кредит саясатынын каражаттары (инструменттери) |
| 8-таблица | Улуттук валютадагы депозиттер боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата) |
| 9-таблица | Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата) |
| 10-таблица | Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата карыздар боюнча) |
| 11-таблица | Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы кредиттери боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата карыздар боюнча) |
| 12-таблица | Банктар аралык кредиттер боюнча пайыздык чендердин жылдык орточо деңгээли (резидент эместер менен бүтүмдөрдү эске албаганда) |
| 13-таблица | Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми |
| 14-таблица | Кыргыз Республикасынын кредиторлор боюнча мамлекеттик жана мамлекет тарабынан гарантияланган тышкы карызынын түзүмү |
| 15-таблица | Коммерциялык банктардын, уставдык (акционердик) капиталы тууралуу маалыматтар (бир мезгилдин акырына карата) |
| 16-таблица | Коммерциялык банктардын жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата) |
| 17-таблица | Коммерциялык банктардын 2009-жылдын акырына карата башкы мекемелери жана филиалдары жөнүндө маалыматтар |
| 18-таблица | Коммерциялык банктардын кассалык жүгүртүүлөрүнүн түзүмү жана 2009-жылда акча кайтарымдуулугу |
| 19-таблица | Төлөм системасындагы төлөмдөрдүн көлөмү жана саны |


## Графиктердин аталышы


| | |
|---|---|
| 1-график | Айкын ички дүң продукциясынын өсүш арымы |
| 2-график | Керектөө бааларынын жана өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүш арымдары |
| 3-график | Акча топтомдору |
| 4-график | Депозиттер |
| 5-график | Пайыздык чендер |
| 6-график | Номиналдык жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери |

***1-таблица***

Макроэкономикалык көрсөткүчтөр

| | өлчөө бирдиги | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Реалдуу сектор[1]** | | | | | | |
| Номиналдык ИДП | *млн. сом* | 100 899,2 | 113 800,1 | 141 897,7 | 187 991,9 | 196 423,1* |
| Айкын ИДПнын өсүш арымы | *пайыздар* | -0,2 | 3,1 | 8,5 | 8,4 | 2,3* |
| Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүш арымы | *пайыздар* | -12,1 | -10,2 | 7,3 | 14,9 | -6,4* |
| Айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмүнүн өсүш арымы | *пайыздар* | -4,2 | 1,7 | 1,5 | 0,8 | 7,4* |
| Чекене товар жүгүртүү | *млн. сом* | 57 683,5 | 70 875,6 | 85 896,2 | 123 262,0 | 129 487,4 |
| Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр | *млн. сом* | 16 050,1 | 19 691,8 | 24 671,0 | - | - |
| Керектөө баалары (өткөн мезгилге карата, пайыздарда) | | 4,9 | 5,1 | 20,1 | 20,0 | 0,0 |
| - азык-түлүк товарлары | | 9,8 | 6,7 | 31,5 | 20,9 | -7,4 |
| - алкоголдук ичимдиктер жана тамекилер | | - | 2,5 | 9,1 | 13,0 | 5,2 |
| - азык-түлүктөн башка товарлар | | 2,0 | 4,6 | 9,8 | 16,0 | 10,4 |
| - кызмат көрсөтүүлөр | | 3,2 | 7,5 | 10,6 | 34,4 | 4,4 |
| Өндүрүүчүлөрдүн баалары (өткөн мезгилге карата, пайыздарда) | | 2,8 | 15,3 | 11,9 | 26,4 | 12,0 |
| Жумушсуздук деңгээли | *пайыздар* | 3,3 | 3,5 | 3,3 | 2,9 | 2,6 |
| Орточо номиналдык эмгек акы | *сом* | 2 612,5 | 3 270,0 | 3 990,4 | 5 422,0 | 6 253,0 |
| Эсептелинген минималдуу керектөө бюджети | *сом* | 1 836,6 | 2 377,2 | 2 795,9 | 3 571,0 | 3 563,2 |
| **Финансы сектору[2]** | | | | | | |
| Улуттук банктын эсептик чени (бир мезгилдин акырына карата) | *пайыздар* | 4,1 | 3,2 | 8,8 | 15,2 | 0,9 |
| Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу (бир мезгил ичинде орточо алганда) жүгүртүү мөөнөттөрү: | *пайыздар* | | | | | |
| - 3 ай | | 4,4 | 4,8 | 4,8 | 12,7 | 10,9 |
| - 6 ай | | 5,2 | 5,7 | 5,7 | 14,3 | 12,3 |
| - 12 ай | | 6,3 | 7,0 | 7,0 | 15,2 | 13,6 |
| - 18 ай | | 9,7 | 9,9 | 9,6 | 15,2 | - |
| - 24 ай | | 15,6 | 13,2 | 11,4 | 16,4 | - |
| Банктар аралык рынок | | | | | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 1 208,1 | 3 109,6 | 1 644,7 | 2 372,0 | 2 193,7 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 3,2 | 2,8 | 3,2 | 7,6 | 7,8 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 592,9 | 862,7 | 824,4 | 1 088,7 | 711,2 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 4,3 | 5,7 | 6,7 | 5,7 | 6,0 |
| РЕПО операциялары: | | | | | | |
| - жүгүртүү көлөмү | *млн. сом* | 5 035,6 | 7 465,9 | 6 988,9 | 6 864,1 | 8 713,1 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 4,0 | 3,3 | 3,9 | 8,9 | 8,4 |
| Валюта рыногу | | | | | | |
| Банктар аралык валюта тоорукТарындагы операциялар | *АКШ миң долл.* | 205 339,5 | 351 060,0 | 614 645,0 | 883 183,6 | 657 140,0 |
| Депозиттер жана кредиттер рыногу | | | | | | |
| Улуттук валютадагы кредиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 3 025,2 | 4 671,3 | 8 367,2 | 9 082,7 | 9 993,5 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 25,4 | 25,6 | 23,2 | 25,9 | 26,7 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 7 578,2 | 11 547,2 | 16 145,2 | 15 280,9 | 12 005,4 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 16,8 | 17,3 | 18,5 | 20,3 | 21,5 |
| Улуттук валютадагы депозиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 7 976,2 | 12 647,1 | 21 973,3 | 31 446,2 | 33 842,4 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *пайыздар* | 2,0 | 1,9 | 2,1 | 2,5 | 2,8 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер: | | | | | | |
| - көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом.* | 117 232,9 | 62 944,7 | 51 600,9 | 51 678,1 | 49 761,5 |
| - пайыздык чен (бир мезгил ичинде орточо) | *проценты* | 0,2 | 0,5 | 0,9 | 0,9 | 1,7 |
| **Мамлекеттик бюджет[3]** | | | | | | |
| Кирешелер | *млн. сом* | 20 368,1 | 25 081,3 | 35 529,6 | 45 479,5 | 55 322,1 |
| анын ичинде салыктардын үлүшү | *пайыздар* | 80,3 | 79,7 | 74,7 | 79,0 | 65,3 |
| Чыгашалар | *млн. сом* | 20 143,7 | 25 297,8 | 29 480,7 | 36 944,0 | 50 034,3 |
| Финансылык эмес активдерди таза сатып алуу | *млн. сом* | - | - | 5 918,9 | 6 970,9 | 8 211,1 |
| Тартыштык (-)/профицит (+) | *млн. сом* | 224,4 | -216,5 | 130,0 | 1 564,7 | -2 923,3 |
| ИДПга пайыз менен | *ИДПга карата пайыздарда* | 0,2 | -0,2 | 0,1 | 0,8 | -1,5 |
| **Тышкы экономикалык сектор[4]** | | | | | | |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспорту | *ИДПга карата пайыздарда* | 38,5 | 45,1 | 53,6 | 54,7 | 61,4* |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импорту | *ИДПга карата пайыздарда* | 56,8 | 79,1 | 85,4 | 93,8 | 79,6* |
| Күндөлүк операциялар эсеби (трансферттерди кошо алганда) | *ИДПга карата пайыздарда* | -1,6 | -10,1 | -6,0 | -11,7 | 0,4* |
| Камдык активдер | *кийинки жылдын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун айлары* | 3,2 | 3,0 | 3,0 | 4,0 | 4,1* |

** алдын-ала маалыматтар.*

*[1] УСКнын алдын-ала маалыматтары боюнча.*

*[2] Улуттук банктын маалыматтары боюнча.*

*[3] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казналыгынын маалыматтары боюнча.*

*2007-жылдан тартып маалыматтар Бюджеттик классификациялоодогу өзгөртүүлөргө ылайык келтирилген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2006-жылдын бештин айынын жыйырма жетисинде кабыл алынган, Адилет министрлигинде 2007-жылдын үчтүн айынын он биринде №4 каттоодон өткөртүлгөн №254-П буйругу). 2009-жылдан тартып маалыматтар МИПти эске алуу менен келтирилет.*

*[4] УСКнын, МБКнын жана Улуттук банктын маалыматтары боюнча.*

*"-" - операциялар ишке ашырылган эмес.*

***2-таблица***

ИДПнын түзүмү

*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009* |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 28,5 | 28,7 | 26,9 | 23,5 | 22,1 |
| Токендерин казып алуу өнөр жайы | 0,6 | 0,4 | 0,5 | 0,5 | 0,6 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 12,9 | 11,0 | 9,9 | 13,2 | 12,5 |
| Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,9 | 3,5 | 2,7 | 1,4 | 1,7 |
| Курулуш | 2,7 | 2,7 | 3,6 | 5,3 | 5,7 |
| Соода, автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектөө предметтерин оңдоо | 17,8 | 18,4 | 17,9 | 16,3 | 16,4 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,3 | 1,4 | 1,2 | 1,3 | 1,4 |
| Транспорт жана байланыш | 6,6 | 6,1 | 7,4 | 7,9 | 9,1 |
| Жана башкалар | 15,0 | 15,5 | 16,4 | 17,4 | 19,3 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 10,8 | 12,5 | 13,5 | 13,1 | 11,1 |
| **Жыйынтыгында** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

*УСКнын маалыматтары боюнча.*
**  алдын-ала маалыматтар.*

***3-таблица***

Капиталдык салымдардын каржылоо булактары боюнча түзүмү

*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009* |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялоо** | **71,6** | **75,8** | **78,5** | **64,0** | **74,2** |
| анын ичинде төмөнкүлөрдүн эсебинен каржылануучу: | | | | | |
| республикалык бюджеттен | 6,3 | 5,4 | 8,8 | 10,9 | 12,3 |
| анын ичинен өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттар | 1,9 | 0,8 | - | - | - |
| жергиликтүү бюджеттен | 1,3 | 1,3 | 2,4 | 1,8 | 1,9 |
| ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 37,5 | 47,1 | 40,8 | 22,9 | 23,8 |
| банктарга кредиттер | - | - | 0,6 | 0,8 | 6,0 |
| калктын жана башкалардын каражаттары | 26,6 | 22,0 | 25,9 | 27,6 | 30,2 |
| кайрымдуулук жардамы | - | - | - | - | 0,0 |
| **Сырттан инвестициялоо** | **28,4** | **24,2** | **21,5** | **36,0** | **25,8** |
| анын ичинен төмөнкүлөрдүн эсебинен каржылануучу: | | | | | |
| чет өлкө кредитинен | 11,2 | 14,6 | 10,7 | 12,7 | 15,3 |
| тике чет өлкө инвестицияларынан | 1,7 | 8,0 | 7,0 | 19,7 | 7,4 |
| чет өлкө гранттарынын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен | 15,6 | 1,6 | 3,9 | 3,6 | 3,1 |

*УСКнын маалыматтары боюнча.*
** алдын-ала маалыматтар.*
*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес.*

***4-таблица***

Акча топтомдору (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| Акча базасы | 15 465,6 | 22 798,8 | 31 575,9 | 35 150,8 | 41 587,7 |
| Жүгүртүүдөгү акчалар | 13 413,8 | 19 909,7 | 27 561,9 | 30 803,3 | 35 738,7 |
| Банктардан тышкаркы акчалар (МО) | 13 065,4 | 19 410,0 | 26 674,7 | 29 385,1 | 33 882,3 |
| Акча топтому (М1) | 15014,1 | 22 690,0 | 31 555,2 | 34 270,2 | 40 269,7 |
| Акча массасы (М2) | 15959,3 | 24 108,1 | 34 766,2 | 38 209,3 | 44 007,9 |
| Акча топтому (М2Х) | 21295,9 | 32 280,9 | 43 018,0 | 48 453,2 | 58 347,2 |
| Мультипликатор М1 | 0,97 | 1,00 | 1,00 | 0,97 | 0,97 |
| Мультипликатор М2 | 1,03 | 1,06 | 1,10 | 1,09 | 1,06 |
| Мультипликатор М2Х | 1,38 | 1,42 | 1,36 | 1,38 | 1,40 |
| Жүгүртүү тездиги М1 | 7,37 | 6,37 | 5,44 | 5,71 | 5,82 |
| Жүгүртүү тездиги М2 | 6,93 | 5,98 | 4,98 | 5,04 | 5,38 |
| Жүгүртүү тездиги М2Х | 4,82 | 4,49 | 3,95 | 4,08 | 4,13 |
| Банктардан тышкаркы акчалар/Депозиттер | 1,59 | 1,51 | 1,63 | 1,54 | 1,38 |
| Депозиттер/Акча массасы (М2Х) | 0,39 | 0,40 | 0,38 | 0,39 | 0,42 |

*Акча базасы = жүүгүртүүдөгү акчалар+финансы мекемелеринин Улуттук банктагы улуттук жана чет өлкө валютасындагы депозиттери.*

*Жүгүртүүдөгү акча = Улуттук банк тарабынан чыгарылган банкноттор жана монеталар - Улуттук банктын жүгүртүү кассасындагы банкноттор жана монеталар.*

*Банктардан тышкаркы акча (М0) = жүгүртүүдөгү акча – коммерциялык банктардын кассаларындагы улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар.*

*Акча топтому (М1)- М0+эсептешүү (күндөлүк) эсептери жана улуттук валютадагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер.*

*Акча массасы (М2)=М1+улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.*

*Акча массасы (М2х)=М2+эсептешүү (күндөлүк) эсептери жана чет өлкө валютасындагы депозиттер.*

*Мультипликатор= акча топтомунун акча базасына карата катышы.*

*Акча жүгүртүү тездиги = ИДПнын номиналдык көлөмүнүн акча топтомунун көлөмүнө карата катышы.*

***5-таблица***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын аналитикалык балансы
(бир мезгилдин акырына карата)
*(млн.сом)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Таза чет өлкө активдери** | **17 849,7** | **24 736,0** | **36 452,1** | **41 737,1** | **56 601,6** |
| Таза эл аралык камдар | 17 742,1 | 24 679,4 | 37 112,4 | 41 699,9 | 62 331,4 |
| Резидент эместерге карата талаптар | 25 129,7 | 31 041,8 | 42 374,1 | 48 185,5 | 69 836,8 |
| Резидент эместер алдындагы милдеттенмелер | -7 387,7 | -6 362,4 | -5 261,8 | -6 485,6 | -7 505,3 |
| Резидент эместерге карата башка талаптар | 160,9 | 110,3 | -607,8 | 74,0 | 170,9 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ | - | - | - | - | -5 863,2 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | -53,3 | -53,6 | -52,4 | -36,8 | -37,6 |
| **Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер** | **-2 313,7** | **-2 179,2** | **-2 026,1** | **-2 099,4** | **-2 290,7** |
| **Таза ички активдер** | **-70,3** | **242,0** | **-2 850,2** | **-4 486,9** | **-12 723,2** |
| Мамлекеттик башкаруу органдарына карата таза талаптар | - | - | - | - | -1 717,7 |
| Өкмөткө карата нагыз талаптар | 999,4 | 1 545,0 | 216,3 | 354,6 | 927,8 |
| Өкмөткө карата талаптар | 6 358,2 | 6 024,8 | 5 757,8 | 5 258,1 | 5 024,0 |
| Өкмөттүк баалуу кагаздар | 4 447,3 | 4 179,3 | 4 007,0 | 3 285,2 | 2 827,9 |
| Өкмөткө чет өлкө валютасындагы кредиттер | 1 910,9 | 1 845,5 | 1 750,8 | 1 972,9 | 2 196,1 |
| Өкмөт алдындагы милдеттенмелер | -5 358,8 | -4 479,8 | -5 541,5 | -4 903,5 | -4 096,2 |
| Өкмөттүн депозиттери | -5 358,8 | -4 479,8 | -5 420,3 | -4 769,8 | -3 975,5 |
| Өкмөттүн кредиттери | - | - | -121,3 | -133,7 | -120,7 |
| Атайын фондуларга карата нагыз талаптар | - | - | - | - | -2 645,5 |
| Башка депозиттик корпорацияларга талаптар | 297,2 | -192,0 | 98,1 | 304,6 | 322,6 |
| Башка секторлорго-резиденттерге карата талаптар | 40,3 | 46,3 | 51,8 | 52,8 | 71,4 |
| Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары | -1 462,7 | -1 528,5 | -2 405,4 | -3 892,6 | -11 243,2 |
| Башка статьялар | 55,5 | 371,2 | -810,9 | -1 306,3 | -156,3 |
| **Акча базасы** | **15 465,6** | **22 798,8** | **31 575,9** | **35 150,8** | **41 587,7** |
| Жүгүртүүдөгү акча | 13 413,8 | 19 909,7 | 27 561,9 | 30 803,3 | 35 738,7 |
| Башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелер | 2 051,8 | 2 889,1 | 4 014,0 | 4 347,5 | 5 849,0 |

*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

***6-таблица***

Тышкы экономикалык көрсөткүчтөр

| | *өлчөө бирдиги* | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009* |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Төлөм теңдеминин көрсөткүчтөрү[1] | | | | | | |
| Жалпы сальдо | *АКШ млн. долл.* | 29,1 | 183,7 | 307,3 | 83,8 | 251,7 |
| | *ИДПга пайыздар* | 1,2 | 6,4 | 8,2 | 1,7 | 5,5 |
| Күндөлүк эсеп | *АКШ млн. долл.* | -38,4 | -287,2 | -227,7 | -603,4 | 18,3 |
| | *ИДПга пайыздар* | -1,6 | -10,1 | -6,0 | -11,7 | 0,4 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | *АКШ млн. долл.* | 686,8 | 906,0 | 1 337,8 | 1 874,4 | 1 661,8 |
| | *ИДПга пайыздар* | 27,9 | 31,8 | 35,5 | 37,0 | 36,5 |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | *АКШ млн. долл.* | 1 105,5 | 1 792,4 | 2 613,6 | 3 753,5 | 2 756,4 |
| | *ИДПга пайыздар* | 44,9 | 62,9 | 69,3 | 74,2 | 60,6 |
| Камдык активдер | *кийинки жылдын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импорт айлары* | 3,2 | 3,0 | 3,0 | 4,0 | 4,1 |
| Мамлекеттик тышкы карыз | | | | | | |
| Мамлекеттик тышкы карыз[2] | *АКШ млн. долл.* | 1 859,3 | 1 977,6 | 2 068,2 | 2 127,9 | 2 475,6 |
| | *ИДПга пайыздар* | 75,6 | 69,4 | 54,9 | 42,0 | 54,4 |
| | *товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата пайыздар* | 196,5 | 153,9 | 102,3 | 76,8 | 96,7 |
| Мамлекеттик тышкы карызды тейлөө (график) [3] | *АКШ млн. долл.* | 112,5 | 69,3 | 69,9 | 79,5 | 76,9 |
| | *ИДПга пайыздар* | 4,6 | 2,4 | 1,9 | 1,6 | 1,7 |
| | *товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата пайыздар* | 11,9 | 5,4 | 3,5 | 2,9 | 3,0 |
| Мамлекеттик тышкы карызды тейлөө (факт) | *АКШ млн. долл.* | 60,6 | 62,7 | 66,3 | 76,7 | 73,4 |
| | *ИДПга пайыздар* | 2,5 | 2,2 | 1,8 | 1,5 | 1,6 |
| | *товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортуна карата пайыздар* | 6,4 | 4,9 | 3,3 | 2,8 | 2,9 |

** алдын-ала алынган маалыматтар.*

*[1] УСКнын,МБКнын жана Улуттук банктын маалыматтары боюнча.*

*[2] ЭВФтин кредиттерин кошо алганда.*

*[3] Кредиторлордун Париж клубунун алкагында 2002-жылы жана 2005-жылы эки тараптуу карызды реструктуризациялоону эске албаганда.*

***7-таблица***

Акча-кредит саясатынын каражаттары (инструменттери)

| | өлчөө бирдиги | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Улуттук банктын кредиттери (бир мезгил ичинде)** | | | | | | |
| кредиттер (овернайт) | *млн. сом* | 2 628,5 | - | - | 1 284,5 | 635,8 |
| акыркы инстанциянын кредиттери | *млн. сом* | - | - | - | - | - |
| **Улуттук банктын эсептик чени (бир мезгилдин акырына карата)** | *пайыздар* | 4,1 | 3,2 | 8,8 | 15,2 | 0,9 |
| **Улуттук банктын ноталары** | *млн. сом* | | | | | |
| жүгүртүү мөөнөттөрү: | | | | | | |
| 7 күндүк | | | | | | |
| сатуунун көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | - | - | - | 2 504,8 | 4 987,6 |
| кирешелүүлүк (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | - | - | - | 9,2 | 4,8 |
| 14 күндүк | | | | | | |
| сатуунун көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | - | 72,0 | 1 773,7 | 8 323,5 | 7 182,0 |
| кирешелүүлүк (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | - | 3,8 | 5,0 | 10,2 | 6,9 |
| 28 күндүк | | | | | | |
| сатуунун көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | 146,5 | 100,0 | 2 417,4 | 7 794,1 | 8 346,1 |
| кирешелүүлүк (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | 4,4 | 3,9 | 5,8 | 11,6 | 7,6 |
| 91 күндүк | | | | | | |
| сатуунун көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | - | - | 38,1 | 482,2 | 156,0 |
| кирешелүүлүк (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | - | - | 9,6 | 11,8 | 18,4 |
| 182 күндүк | | | | | | |
| сатуунун көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | - | - | - | 20,0 | - |
| кирешелүүлүк (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | - | - | - | 10,5 | - |
| **Ачык рыноктогу операциялар (бир мезгил ичинде)** | | | | | | |
| Тике репо операциялары | *млн. сом* | 17,0 | - | - | - | - |
| Кайтарым репо операциялары | *млн. сом* | 210,5 | 1 795,9 | 3 562,6 | 1 751,3 | 556,8 |
| **Улуттук банктын депозиттик операциялары** | | | | | | |
| көлөмү (бир мезгил ичинде) | *млн. сом* | - | 50,0 | 1 664,0 | - | - |
| пайыздык чен (бир мезгилде орточо) | *пайыздар* | - | 2,0 | 1,9 | - | - |
| **Улуттук банктын валюталык интер-венциялары (бир мезгил ичинде)** | | | | | | |
| Сатып алуу | *млн. АКШ доллары* | 83,2 | 186,2 | 282,3 | 228,5 | 66,8 |
| Сатуу | | 12,0 | - | 43,0 | 175,6 | 221,9 |
| **Улуттук банктын валюталык своп операциялары(бир мезгил ичинде)** | | | | | | |
| Сатып алуу | *млн. АКШ доллары* | 1,6 | - | - | - | - |
| Сатуу | | - | 8,4 | 48,9 | 69,0 | - |
| **Милдеттүү камдык талаптар** | | | | | | |
| Камдык талаптардын нормасы (бир мезгилдин акырына карата) | *пайыздар* | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 10,0 | 9,5 |
| Милдеттүү камдар (жылдык орточо) | *млн. сом* | 869,2 | 1 366,7 | 1 779,4 | 2 290,1 | 2 904,9 |
| Үстөк камдар (жылдык орточо) | *млн. сом* | 504,1 | 711,2 | 961,4 | 1 449,9 | 1 341,8 |

*“-”- операциялар ишке ашырылган эмес*

***8-таблица***

Улуттук валютадагы депозиттер боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Юридикалык жактардын депозиттери боюнча** | | | | | |
| ***талап боюнча төлөнүүчү:*** | **1,43** | **1,20** | **1,47** | **0,35** | **1,99** |
| ***мөөнөттүү депозиттер:*** | **9,01** | **8,86** | **6,52** | **10,29** | **8,52** |
| *анын ичинен:* | | | | | |
| 1 айга чейин | 9,48 | 7,47 | 6,55 | 7,40 | 4,42 |
| 1-3 айга | 7,04 | 6,66 | 6,43 | 7,00 | 7,46 |
| 3-6 айга | 10,35 | 10,09 | 5,92 | 8,16 | 8,89 |
| 6-12 айга | 9,76 | 10,98 | 6,80 | 8,17 | 8,93 |
| 1 жылдан ашкан | 10,03 | 10,11 | 6,29 | 10,00 | 12,80 |
| **Жеке адамдардын депозиттери (аманаттары) боюнча** | | | | | |
| ***талап боюнча төлөнүүчү:*** | **2,21** | **2,15** | **1,42** | **1,32** | **1,49** |
| ***мөөнөттүү аманаттар:*** | **10,65** | **10,79** | **11,10** | **11,48** | **12,36** |
| *анын ичинен:* | | | | | |
| 1 айга чейин | 9,59 | 9,10 | 9,12 | 10,18 | 10,18 |
| 1-3 айга | 8,52 | 9,18 | 9,33 | 10,83 | 10,53 |
| 3-6 айга | 9,76 | 10,19 | 10,55 | 10,97 | 11,60 |
| 6-12 айга | 10,98 | 11,54 | 12,10 | 12,39 | 12,92 |
| 1 жылдан ашкан | 14,04 | 12,67 | 11,82 | 11,88 | 14,16 |
| **Орточо салмактанып алынган чен** | **4,03** | **3,64** | **4,65** | **6,01** | **5,29** |

***9-таблица***

Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Юридикалык жактардын депозиттери боюнча** | | | | | |
| ***талап боюнча төлөнүүчү:*** | **0,16** | **0,11** | **0,17** | **0,01** | **0,09** |
| ***мөөнөттүү депозиттер:*** | **5,80** | **5,69** | **6,90** | **3,58** | **6,96** |
| *анын ичинен:* | | | | | |
| 1 айга чейин | 4,09 | 3,93 | 5,82 | 3,46 | 4,73 |
| 1-3 айга | 5,44 | 6,24 | 3,49 | 2,80 | 4,76 |
| 3-6 айга | 6,87 | 3,59 | 6,80 | 3,09 | 7,53 |
| 6-12 айга | 9,54 | 9,19 | 7,67 | 6,47 | 9,82 |
| 1 жылдан ашкан | 4,79 | 6,45 | 7,15 | 3,69 | 11,73 |
| **Жеке адамдардын депозиттери (аманаттары) боюнча** | | | | | |
| ***талап боюнча төлөнүүчү:*** | **0,17** | **0,21** | **0,09** | **0,13** | **0,17** |
| ***мөөнөттүү аманаттар:*** | **8,45** | **8,27** | **6,85** | **8,90** | **10,07** |
| *анын ичинен:* | | | | | |
| 1 айга чейин | 5,92 | 6,20 | 6,31 | 6,16 | 7,25 |
| 1-3 айга | 7,20 | 7,17 | 7,21 | 7,45 | 8,19 |
| 3-6 айга | 8,23 | 8,80 | 8,87 | 9,28 | 10,01 |
| 6-12 айга | 9,11 | 9,36 | 9,98 | 10,61 | 11,03 |
| 1 жылдан ашкан | 11,53 | 8,18 | 4,15 | 9,07 | 11,31 |
| **Орточо салмактанып алынган чен** | **1,64** | **1,51** | **2,19** | **1,64** | **2,15** |

***10-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы кредиттери боюнча пайыздык чендер
(бир мезгилдин акырына карата карыздар боюнча)
*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Орточо салмактанып алынган чен** | **24,9** | **24,4** | **21,3** | **23,7** | **25,3** |
| Өнөр жайы | 19,4 | 21,9 | 20,4 | 19,8 | 21,1 |
| Айыл чарбасы | 26,5 | 28,0 | 17,3 | 22,1 | 24,4 |
| Транспорт жана байланыш | 20,9 | 15,1 | 17,2 | 22,9 | 26,8 |
| Соода | 26,7 | 26,8 | 25,8 | 26,2 | 27,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 24,5 | 23,4 | 16,4 | 20,1 | 22,3 |
| Курулуш | 21,9 | 18,3 | 18,8 | 20,4 | 21,0 |
| Ипотека | 19,9 | 17,7 | 17,8 | 17,9 | 18,3 |
| Жеке адамдарга | 27,5 | 25,8 | 25,7 | 27,1 | 27,7 |
| Жана башкаларга | 21,6 | 20,7 | 18,3 | 23,2 | 25,1 |
| анын ичинде: | | | | | |
| **1 айга чейинки** | **24,9** | **27,8** | **23,3** | **25,0** | **24,9** |
| Өнөр жайы | 31,5 | 28,5 | 31,9 | 27,2 | 34,8 |
| Айыл чарбасы | 28,3 | 27,0 | 18,8 | 21,1 | 22,1 |
| Транспорт жана байланыш | 18,9 | 34,5 | 32,4 | 28,7 | 28,2 |
| Соода | 24,3 | 28,9 | 24,3 | 25,8 | 28,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 30,2 | 35,0 | 14,2 | 20,0 | 24,2 |
| Курулуш | 30,6 | 22,3 | 20,3 | 23,3 | 20,2 |
| Ипотека | 20,0 | 18,1 | 21,6 | 21,2 | 22,5 |
| Жеке адамдарга | 33,0 | 31,0 | 27,7 | 27,6 | 31,9 |
| Жана башкаларга | 21,9 | 26,4 | 24,5 | 26,2 | 20,3 |
| **1-3 айга** | **27,5** | **27,9** | **24,9** | **23,1** | **25,4** |
| Өнөр жайы | 30,9 | 25,0 | 23,1 | 20,2 | 28,9 |
| Айыл чарбасы | 28,5 | 28,3 | 19,3 | 18,6 | 22,8 |
| Транспорт жана байланыш | 17,0 | 26,9 | 27,7 | 19,8 | 21,5 |
| Соода | 28,8 | 29,6 | 27,3 | 26,3 | 27,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 28,8 | 22,5 | 15,4 | 17,2 | 25,8 |
| Курулуш | 25,8 | 22,7 | 22,5 | 21,7 | 22,6 |
| Ипотека | 25,0 | 20,2 | 21,3 | 21,2 | 16,1 |
| Жеке адамдарга | 28,5 | 29,3 | 27,8 | 28,5 | 29,4 |
| Жана башкаларга | 25,3 | 24,1 | 24,3 | 16,8 | 24,5 |
| **3-6 айга** | **24,1** | **25,6** | **24,5** | **25,7** | **26,1** |
| Өнөр жайы | 23,6 | 19,1 | 23,4 | 19,8 | 29,5 |
| Айыл чарбасы | 27,4 | 28,8 | 22,4 | 24,5 | 25,6 |
| Транспорт жана байланыш | 21,5 | 31,7 | 31,3 | 16,3 | 20,8 |
| Соода | 23,7 | 28,5 | 27,4 | 26,9 | 28,6 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 24,5 | 30,1 | 18,8 | 20,1 | 23,4 |
| Курулуш | 21,1 | 22,9 | 19,5 | 25,1 | 13,2 |
| Ипотека | 22,1 | 20,9 | 20,0 | 22,9 | 14,3 |
| Жеке адамдарга | 29,2 | 28,8 | 29,2 | 28,6 | 30,4 |
| Жана башкаларга | 25,2 | 16,2 | 15,1 | 25,5 | 26,9 |
| **6-12 айга** | **27,3** | **27,8** | **24,7** | **26,1** | **27,4** |
| Өнөр жайы | 19,1 | 25,4 | 21,4 | 24,5 | 21,2 |
| Айыл чарбасы | 26,7 | 29,2 | 21,8 | 24,1 | 25,2 |
| Транспорт жана байланыш | 32,9 | 31,8 | 30,9 | 29,0 | 30,5 |
| Соода | 28,9 | 28,3 | 27,0 | 27,5 | 28,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 24,9 | 24,8 | 18,0 | 22,5 | 22,0 |
| Курулуш | 22,5 | 23,2 | 23,0 | 16,7 | 22,0 |
| Ипотека | 18,7 | 19,3 | 23,1 | 20,3 | 22,8 |
| Жеке адамдарга | 28,4 | 27,6 | 30,1 | 28,5 | 29,1 |
| Жана башкаларга | 24,5 | 25,2 | 17,3 | 25,3 | 27,0 |
| **1 жылдан ашкан** | **21,3** | **19,7** | **18,7** | **22,6** | **24,7** |
| Өнөр жайы | 20,4 | 19,6 | 19,1 | 21,4 | 21,0 |
| Айыл чарбасы | 23,3 | 26,2 | 15,3 | 21,6 | 24,2 |
| Транспорт жана байланыш | 30,2 | 13,8 | 16,2 | 26,9 | 29,5 |
| Соода | 25,4 | 22,2 | 23,6 | 25,4 | 26,8 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 20,8 | 21,2 | 15,3 | 19,2 | 21,9 |
| Курулуш | 21,7 | 15,5 | 16,5 | 21,2 | 23,7 |
| Ипотека | 19,5 | 17,6 | 17,7 | 17,7 | 18,1 |
| Жеке адамдарга | 23,4 | 23,1 | 21,9 | 24,6 | 25,8 |
| Жана башкаларга | 18,2 | 18,0 | 19,6 | 23,2 | 25,1 |

*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

***11-таблица***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы кредиттери боюнча пайыздык чендер (бир мезгилдин акырына карата карыздар боюнча)

*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Орточо салмактанып алынган чен** | **18,7** | **18,0** | **18,1** | **19,5** | **20,6** |
| Өнөр жайы | 17,5 | 15,1 | 15,2 | 16,3 | 16,9 |
| Айыл чарбасы | 22,2 | 20,3 | 19,9 | 19,8 | 22,5 |
| Транспорт жана байланыш | 18,4 | 20,2 | 20,1 | 21,0 | 20,0 |
| Соода | 20,5 | 19,9 | 19,7 | 21,5 | 22,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 19,0 | 15,1 | 14,9 | 15,1 | 3,7 |
| Курулуш | 15,5 | 16,6 | 16,1 | 18,3 | 21,4 |
| Ипотека | 17,8 | 16,5 | 16,5 | 17,2 | 17,5 |
| Жеке адамдарга | 21,6 | 21,2 | 21,3 | 22,8 | 24,8 |
| Жана башкаларга | 15,8 | 16,6 | 17,5 | 18,4 | 18,3 |
| анын ичинде: | | | | | |
| **1 айга чейинки** | **13,3** | **18,8** | **18,0** | **21,6** | **24,5** |
| Өнөр жайы | 12,9 | 13,8 | 15,7 | 16,1 | 16,8 |
| Айыл чарбасы | 21,2 | 24,8 | 23,6 | 30,1 | 30,7 |
| Транспорт жана байланыш | 25,8 | 24,5 | 22,1 | 22,9 | 27,8 |
| Соода | 22,0 | 24,9 | 19,3 | 22,5 | 26,6 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 12,8 | - | - | - | - |
| Курулуш | 7,9 | 19,1 | 24,2 | 18,1 | 20,0 |
| Ипотека | 20,0 | 20,9 | 15,0 | 20,5 | 21,0 |
| Жеке адамдарга | 24,1 | 19,4 | 22,2 | 25,2 | 24,8 |
| Жана башкаларга | 11,9 | 27,1 | 20,0 | 20,3 | 16,8 |
| **1-3 айга** | **16,7** | **17,4** | **18,6** | **20,9** | **21,1** |
| Өнөр жайы | 15,5 | 15,6 | 14,7 | 17,2 | 18,5 |
| Айыл чарбасы | 23,8 | 23,6 | 24,2 | 23,1 | 24,5 |
| Транспорт жана байланыш | 20,6 | 24,3 | 22,8 | 21,1 | 24,9 |
| Соода | 20,3 | 19,9 | 18,5 | 22,3 | 21,4 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 24,0 | 22,0 | 13,3 | - | - |
| Курулуш | 20,7 | 24,2 | 18,1 | 19,7 | 18,0 |
| Ипотека | 19,2 | 17,4 | 15,9 | 21,5 | 19,0 |
| Жеке адамдарга | 23,4 | 26,2 | 24,5 | 24,5 | 26,6 |
| Жана башкаларга | 10,5 | 12,6 | 18,9 | 18,2 | 22,4 |
| **3-6 айга** | **19,3** | **18,8** | **18,9** | **20,3** | **19,7** |
| Өнөр жайы | 17,3 | 15,2 | 14,6 | 17,1 | 16,4 |
| Айыл чарбасы | 22,0 | 21,0 | 18,8 | 23,7 | 26,0 |
| Транспорт жана байланыш | 23,9 | 17,4 | 23,0 | 21,2 | 22,8 |
| Соода | 20,2 | 19,2 | 18,7 | 20,7 | 19,5 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 22,8 | 24,9 | 20,5 | 14,8 | 17,2 |
| Курулуш | 18,2 | 18,0 | 18,3 | 19,1 | 19,9 |
| Ипотека | 16,1 | 18,9 | 20,0 | 20,2 | 19,5 |
| Жеке адамдарга | 23,1 | 23,3 | 25,4 | 22,8 | 26,3 |
| Жана башкаларга | 18,7 | 22,7 | 18,9 | 18,5 | 18,4 |
| **6-12 айга** | **19,0** | **20,1** | **19,9** | **20,5** | **20,2** |
| Өнөр жайы | 16,1 | 16,3 | 15,1 | 16,7 | 16,5 |
| Айыл чарбасы | 24,7 | 23,8 | 25,4 | 17,5 | 22,2 |
| Транспорт жана байланыш | 22,8 | 23,1 | 20,9 | 24,5 | 23,4 |
| Соода | 21,0 | 20,9 | 21,1 | 21,7 | 21,7 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 18,1 | 14,1 | 17,0 | - | - |
| Курулуш | 21,0 | 19,7 | 18,2 | 17,9 | 17,4 |
| Ипотека | 19,0 | 17,9 | 18,4 | 17,8 | 18,7 |
| Жеке адамдарга | 21,9 | 23,5 | 23,5 | 25,1 | 25,9 |
| Жана башкаларга | 13,2 | 19,8 | 18,8 | 19,2 | 18,4 |
| **1 жылдан ашкан** | **16,7** | **17,3** | **17,6** | **18,8** | **19,7** |
| Өнөр жайы | 15,3 | 14,8 | 15,6 | 16,6 | 17,6 |
| Айыл чарбасы | 20,7 | 18,8 | 18,7 | 20,6 | 22,0 |
| Транспорт жана байланыш | 16,2 | 19,4 | 19,9 | 18,7 | 19,4 |
| Соода | 16,7 | 19,1 | 19,5 | 20,9 | 21,7 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 18,4 | 14,9 | 14,5 | 14,9 | 3,1 |
| Курулуш | 15,9 | 15,8 | 15,6 | 16,7 | 16,7 |
| Ипотека | 17,5 | 16,4 | 16,5 | 17,1 | 17,4 |
| Жеке адамдарга | 19,1 | 19,7 | 19,8 | 22,2 | 24,3 |
| Жана башкаларга | 17,5 | 17,7 | 17,3 | 18,3 | 18,3 |

*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

***12-таблица***

Банктар аралык кредиттер боюнча пайыздык чендердин жылдык орточо деңгээли (резидент эместер менен бүтүмдөрдү эске албаганда)
*(пайыздар)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Банктар аралык репо операциялары** | **4,0** | **3,3** | **3,9** | **8,9** | **8,4** |
| 1 күнгө чейинки | 4,0 | 3,3 | 4,2 | 8,8 | 10,4 |
| 2 - 7 күнгө | 4,0 | 3,3 | 3,8 | 8,9 | 8,3 |
| 8 - 14 күнгө | 4,0 | 3,5 | 4,9 | 9,7 | 7,8 |
| 15 - 30 күнгө | 3,9 | 3,3 | 4,2 | 11,7 | 5,3 |
| 31 - 60 күнгө | 4,1 | 4,0 | 6,8 | 6,6 | - |
| 61 - 90 күнгө | - | - | - | 6,3 | 7,0 |
| 91 - 180 күнгө | - | - | - | 7,1 | - |
| 181 - 360 күнгө | - | - | - | - | - |
| 360 күндөн ашкан мөөнөтке | - | - | 9,5 | - | - |
| **Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер** | **3,2** | **2,8** | **3,2** | **7,6** | **7,8** |
| 1 күнгө чейинки | 4,5 | 3,0 | 4,5 | 8,8 | 11,6 |
| 2 - 7 күнгө | 3,0 | 2,7 | 3,3 | 8,1 | 9,1 |
| 8 - 14 күнгө | 2,4 | 2,8 | 3,5 | 8,4 | 7,8 |
| 15 - 30 күнгө | 3,5 | 3,6 | 3,0 | 6,9 | 3,9 |
| 31 - 60 күнгө | 1,0 | - | 2,4 | 8,6 | 13,0 |
| 61 - 90 күнгө | 7,0 | - | 2,8 | 5,7 | 5,5 |
| 91 - 180 күнгө | 12,0 | - | - | 6,8 | 4,7 |
| 181 - 360 күнгө | - | 7,0 | - | 6,1 | - |
| 360 күндөн ашкан мөөнөтке | - | - | - | - | - |
| **Чет өлкө валютасындагы банктар аралык кредиттер** | **4,3** | **5,7** | **6,7** | **5,7** | **6,0** |
| 1 күнгө чейинки | - | 5,1 | 7,0 | 5,8 | 3,8 |
| 2 - 7 күнгө | 3,7 | 4,7 | 5,5 | 3,9 | 6,3 |
| 8 - 14 күнгө | 3,4 | 4,7 | 3,5 | 6,1 | 1,8 |
| 15 - 30 күнгө | 3,6 | 6,4 | 5,5 | 3,9 | 4,3 |
| 31 - 60 күнгө | 2,8 | 6,9 | 6,1 | 4,3 | - |
| 61 - 90 күнгө | - | 5,0 | 6,8 | 3,9 | - |
| 91 - 180 күнгө | 7,1 | 7,8 | 8,5 | 10,2 | 9,7 |
| 181 - 360 күнгө | 6,0 | 7,8 | 8,2 | 4,4 | - |
| 360 күндөн ашкан мөөнөтке | - | - | - | - | - |

*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

***13-таблица***

Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009* |
|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-38,4** | **-287,2** | **-227,7** | **-603,4** | **18,3** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -450,5 | -968,5 | -1 195,9 | -1 976,9 | -1 060,9 |
| Соода балансы[1] | -418,7 | -886,5 | -1 275,8 | -1 879,2 | -1 094,7 |
| Экспорт (ФОБ) | 686,8 | 906,0 | 1 337,8 | 1 874,4 | 1 661,8 |
| КМШ | 305,3 | 476,1 | 753,9 | 1 011,7 | 757,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 381,5 | 429,9 | 583,9 | 862,7 | 904,4 |
| Импорт (ФОБ) | 1 105,5 | 1 792,4 | 2 613,6 | 3 753,5 | 2 756,4 |
| КМШ | 641,0 | 925,8 | 1 420,7 | 2 025,4 | 1 599,9 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 464,5 | 866,6 | 1 192,9 | 1 728,1 | 1 156,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -31,8 | -82,0 | 79,9 | -97,7 | 33,8 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -64,9 | -121,4 | -197,8 | -342,3 | -276,5 |
| Кыдыруулар | 14,6 | 75,3 | 233,6 | 210,1 | 211,8 |
| Курулуш жагынан кызмат көрсөтүүлөр | 16,8 | 16,4 | 5,0 | 10,4 | 5,4 |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөр | 22,6 | -31,3 | 59,4 | 45,1 | 113,3 |
| Техникалык жардам | -21,0 | -21,1 | -20,4 | -20,9 | -20,3 |
| Кирешелер | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -103,2 | -115,6 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -73,9 | -57,1 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 3,8 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -31,8 | 15,8 | 7,7 | -7,5 | -38,3 |
| Кредиттер боюнча пайыздар | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -30,9 | -41,6 |
| Башка инвестициялар боюнча ж.б кирешелер | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 3,3 |
| Эмгекке төлөөлөр | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -23,9 |
| Күндөлүк трансферттер | 500,3 | 729,5 | 1 020,5 | 1 476,7 | 1 194,8 |
| Расмий трансферттер | 23,0 | 12,4 | 30,9 | 45,9 | 195,1 |
| Жеке трансферттер | 477,3 | 717,1 | 989,6 | 1 430,8 | 999,7 |
| **Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** | **0,9** | **285,9** | **266,4** | **-7,6** | **413,0** |
| Капитал менен операциялар эсеби | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -28,8 |
| Капиталдык трансферттер | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -28,8 |
| Финансылык эсеп | 21,5 | 329,7 | 341,2 | 37,3 | 441,8 |
| Тике инвестициялар | 42,6 | 182,0 | 208,1 | 232,4 | 140,0 |
| Портфелдик инвестициялар | 2,3 | -3,0 | -17,7 | -25,6 | -11,0 |
| Финансы деривативдери | - | - | - | - | - |
| Башка инвестициялар | -23,4 | 150,7 | 150,9 | -169,4 | 312,8 |
| Активдер (-көбөйүү) | -47,5 | -24,0 | 19,5 | -369,3 | -223,7 |
| Коммерциялык банктар | -15,1 | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -246,4 |
| Дебитордук карыз | -45,1 | -13,5 | -27,6 | -230,8 | 7,7 |
| Ишканалардын чет өлкөдөгү эсептери | -6,3 | 5,2 | -10,8 | -3,3 | 17,4 |
| Жана башка активдер | 19,0 | 1,3 | 20,3 | -19,3 | -2,3 |
| Милдеттенмелер (+көбөйүү) | 24,1 | 174,7 | 131,4 | 199,9 | 536,5 |
| Коммерциялык банктар | -11,9 | -26,6 | 66,6 | 48,4 | 70,8 |
| Кредиттер | 18,4 | 68,6 | 51,4 | 32,5 | 297,4 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 17,2 | 56,5 | 35,1 | 4,7 | 357,0 |
| Жеке секторго кредиттер | 1,2 | 12,1 | 16,4 | 27,8 | -59,6 |
| Кредитордук карыз | 19,8 | 132,7 | 13,3 | 119,0 | 36,1 |
| Башка милдеттенмелер | -2,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 132,2 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **66,6** | **185,1** | **268,7** | **694,8** | **-179,6** |
| **Жалпы баланс** | **29,1** | **183,7** | **307,3** | **83,8** | **251,7** |
| **Каржылоо** | **-29,1** | **-183,7** | **-307,3** | **-83,8** | **-251,7** |
| Улуттук банктын камдары | -80,5 | -169,9 | -306,8 | -121,3 | -273,3 |
| Улуттук банктын чет өлкө милдеттенмелери | -12,5 | -23,5 | -20,7 | 18,7 | 4,8 |
| Финансылык айырмачылыктар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |

* *алдын-ала алынган маалыматтар*

[1] *Улуттук банктын баа берүүлөрүн эске алуу менен*

*"-" - операциялар ишке ашырылган эмес*

***14-таблица***

Кыргыз Республикасынын кредиторлор боюнча мамлекеттик жана мамлекет тарабынан гарантияланган тышкы карызынын түзүмү[1]

*(млн. АКШ доллары)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009* |
|---|---|---|---|---|---|
| **Мамлекеттик жана мамлекет тарабынан гарантияланган тышкы карыз (1+2+3):** | **1 859,3** | **1 977,6** | **2 068,2** | **2 127,9** | **2 475,6** |
| **1. Көп тараптуу карыз:** | **1 281,4** | **1 376,4** | **1 455,1** | **1 452,7** | **1 464,4** |
| Дүйнөлүк банк | 562,8 | 612,8 | 656,5 | 651,2 | 656,0 |
| Азия өнүгүү банкы | 466,8 | 532,2 | 583,0 | 569,4 | 583,0 |
| Эл аралык валюта фонду | 177,9 | 163,1 | 149,8 | 164,6 | 167,1 |
| Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Ислам банкы | 28,0 | 29,4 | 32,8 | 38,4 | 35,1 |
| Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы | 24,7 | 16,6 | 10,4 | 6,5 | 2,6 |
| Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн Эл аралык фонду | 9,0 | 10,0 | 10,3 | 11,6 | 10,2 |
| Өнүгүүнүн Түндүк фонду | 6,0 | 6,7 | 7,4 | 6,8 | 6,9 |
| ОПЭК фонду | 6,3 | 5,6 | 4,9 | 4,2 | 3,5 |
| **2. Эки тараптуу карыз:** | **574,8** | **598,8** | **611,4** | **674,2** | **1 010,9** |
| **2.1. КМШ өлкөлөрү:** | **197,1** | **200,0** | **200,1** | **196,4** | **493,6** |
| Россия | 186,0 | 188,9 | 191,5 | 193,6 | 493,6 |
| Өзбекстан | 11,1 | 11,1 | 8,6 | 2,9 | - |
| **2.2. Башка өлкөлөр:** | **377,7** | **398,8** | **411,3** | **477,7** | **517,3** |
| Япония | 225,2 | 233,8 | 242,8 | 303,1 | 303,5 |
| Германия | 40,8 | 58,8 | 65,3 | 74,7 | 75,3 |
| Түркия | 46,3 | 48,4 | 49,3 | 50,1 | 49,8 |
| Корея | 16,7 | 18,4 | 18,2 | 13,6 | 14,7 |
| Кувейт фонду | 15,7 | 15,7 | 16,8 | 16,6 | 17,5 |
| Кытай | 13,6 | 14,0 | 8,2 | 9,1 | 46,8 |
| Франция | 5,5 | 5,7 | 6,5 | 6,2 | 6,4 |
| Дания | 3,0 | 3,0 | 3,2 | 3,4 | 3,3 |
| Индия | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | - |
| Пакистан | 10,0 | - | - | - | - |
| **3. Мамлекет тарабынан гарантияланган карыз** | **3,1** | **2,4** | **1,7** | **1,0** | **0,3** |

[1] *ФМнын бир мезгилдин акырына карата абал боюнча маалыматтары (ЭВФтин алмашуу курсу боюнча)*

** алдын-ала маалыматтар*

*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

**_15-таблица_**

Коммерциялык банктардын, уставдык (акционердик) капиталы тууралуу маалыматтар (бир мезгилдин акырына карата)

*(миң сом менен)*

| Банктардын аталыштары | 2005 | | | 2006 | | | 2007 | | | 2008 | | | 2009 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | а | б | в | а | б | в | а | б | в | а | б | в | а | б | в |
| **Бардыгы болуп** | **3 050,8** | **2 959,6** | **1 963,4** | **3 962,8** | **3 598,5** | **2 336,7** | **6 105,5** | **5 805,8** | **3 566,9** | **7 850,4** | **7 813,4** | **4 540,8** | **8 903,0** | **8 666,0** | **4 588,1** |
| «АзияУниверсалБанк» ААКсы | 300,0 | 300,0 | 236,2 | 400,0 | 300,0 | 218,9 | 700,0 | 700,0 | 671,1 | 1 337,5 | 1 337,5 | 1 290,5 | 1 422,4 | 1 422,4 | 1 375,8 |
| «Айыл банк» ААКсы | - | - | - | - | - | - | 400,0 | 300,0 | - | 480,0 | 480,0 | 0,0 | 560,0 | 560,0 | 0,0 |
| «Ак банк»[1] ААКсы | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| «Акыл»[2] ИАКБ ААКсы | 0,0 | 0,0 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| РК «Аманбанк» ААКсы | 63,0 | 63,0 | 17,8 | 263,0 | 63,0 | 11,9 | 263,0 | 263,0 | 43,9 | 300,0 | 263,0 | 0,2 | 300,0 | 263,0 | 0,2 |
| «АТФБанк-Кыргызстан» ААКсы | 150,0 | 150,0 | 110,9 | 500,0 | 500,0 | 470,9 | 500,0 | 500,0 | 470,9 | 700,0 | 700,0 | 670,9 | 700,0 | 700,0 | 680,0 |
| «Азия Банкы» ЖАК | 63,0 | 63,0 | 63,0 | 79,8 | 79,8 | 79,8 | 79,8 | 79,8 | - | 126,0 | 126,0 | 0,0 | 146,0 | 146,0 | 108,8 |
| «Бакай Банк» ААКсы | 80,0 | 80,0 | - | 100,0 | 100,0 | - | 125,0 | 125,0 | - | 160,0 | 160,0 | 0,0 | 200,0 | 200,0 | 0,0 |
| «БТА Банк» ЖАК | 480,0 | 480,0 | 340,8 | 480,0 | 480,0 | 340,8 | 800,0 | 800,0 | 568,0 | 1 000,0 | 1 000,0 | 710,0 | 1 000,0 | 1 000,0 | 710,0 |
| «Демир Кыргыз Интернешнл Банк» ЖАК | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 | 132,5 |
| «Дос-Кредобанк» ААКсы | 100,0 | 77,8 | - | 130,0 | 130,0 | - | 180,0 | 180,0 | - | 200,0 | 200,0 | 0,0 | 242,0 | 242,0 | 0,0 |
| ИБ «Ысык-Көл» ААКсы | 60,0 | 35,0 | 4,9 | 60,0 | 60,0 | 3,7 | 271,0 | 71,3 | 0,3 | 271,0 | 271,0 | 0,3 | 271,0 | 271,0 | 0,1 |
| «Казкоммерцбанк Кыргызстан» ААКсы | 100,0 | 100,0 | 93,6 | 100,0 | 100,0 | 93,6 | 100,0 | 100,0 | 93,7 | 120,5 | 120,5 | 114,2 | 120,5 | 120,5 | 114,0 |
| «Кыргыз инвестициялык-кредит банкы» ЖАК | 289,1 | 289,1 | 260,2 | 266,9 | 266,9 | 240,2 | 355,0 | 355,0 | 319,5 | 394,2 | 394,2 | 354,8 | 440,9 | 440,9 | 396,8 |
| «КыргызКредит Банк» ААКсы | 100,0 | 100,0 | 80,8 | 110,0 | 110,0 | - | 200,0 | 200,0 | 0,1 | 300,0 | 300,0 | 0,1 | 300,0 | 300,0 | 0,1 |
| «Кыргызэнөржайкурулушбанк»[3] ААКсы | 100,0 | 100,0 | - | 100,0 | 100,0 | - | 110,0 | 110,0 | - | - | - | - | - | - | - |
| «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы | 138,9 | 120,9 | - | 160,9 | 138,9 | - | 160,9 | 160,9 | - | 160,9 | 160,9 | 0,0 | 160,9 | 160,9 | 2,2 |
| «Манас Банк» ЖАК | - | - | - | - | - | - | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 500,0 | 300,0 | 300,0 |
| «РСК банк»[4] ААКсы | 103,8 | 103,8 | - | 108,8 | 108,8 | - | 116,2 | 116,2 | - | 425,0 | 425,0 | 0,0 | 844,0 | 844,0 | 0,0 |
| «АКБ Толубай» ЖАК | 48,0 | 48,0 | 0,9 | 63,0 | 63,0 | 1,2 | 88,0 | 88,0 | 1,7 | 105,0 | 105,0 | 2,0 | 125,0 | 125,0 | 2,3 |
| «ФинансКредитБанк КАБ» ААКсы | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 300,0 | 0,0 |
| «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | 211,0 | 211,0 | 211,0 | 334,2 | 334,2 | 334,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 | 534,2 |
| «Экобанк» ААКсы | 126,0 | 100,0 | 5,4 | 168,3 | 126,0 | 3,7 | 258,7 | 258,7 | - | 372,4 | 372,4 | 0,0 | 372,4 | 372,4 | 0,0 |
| Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | 105,4 | 105,4 | 105,4 | 105,4 | 105,4 | 105,4 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 | 131,1 |

*Коммерциялык банктардын маалыматтары боюнча.*

*Эскертүү: а –жарыяланган уставдык капитал, б – төлөнгөн уставдык капитал, в – анын ичинде чет өлкө инвесторлорунун үлүшү.*

*[1] 2005-жылдын аяк оона айынын жыйырма сегизинен тартып консервация режими киргизилген. 2005-жылдын жетинин айынын биринен тартып лицензиясы кайтарылып алынган.*

*[2] 2009-жылдын бугу айынын отуз биринен тартып Кыргыз Республикасынын банк системасына «Акыл» инвестициялык акционердик-коммерциялык банк ААКсы кошулган (мурдагы «Акыл» инвестициялык акционердик-коммерциялык банкы), банктын лицензиясы калыбына келтирилип, реабилитацияланышына байланыштуу 2009-жылдын бирдин айынын жыйырма жетисинде берилген.*

*[3] 2008-жылдын жетинин айынын биринен тартып, «Кыргызэнөржайкурулушбанкы» ААКсы «АзияУниверсалБанк» ААКсына кошулган.*

*[4] 2008-жылдын тогуздун айынын үчүнөн тартып «Эсептешүү-сактык компаниясы» ААКсы «РСК банк» ААКсы деп аталып калган.*

***16-таблица***

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктардын жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрү
*(млн. сом)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | | | |
| Акча каражаттары | 1 155,0 | 2 006,6 | 2 088,1 | 2 967,2 | 3 738,7 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 2 051,8 | 2 889,0 | 4 014,0 | 3 835,0 | 5 446,1 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсеп | 6 961,8 | 5 638,4 | 3 694,8 | 8 280,0 | 16 777,9 |
| Башка банктардагы депозиттер | - | 884,4 | 1 374,3 | 1 655,1 | 1 834,2 |
| Баалуу кагаздар портфели | 1 803,5 | 1 953,4 | 4 899,0 | 5 727,4 | 7 662,8 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 346,5 | 323,1 | 149,1 | 684,2 | 739,1 |
| Репо-келишими боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 50,0 | 505,4 | 334,2 | 257,7 | 300,1 |
| «Таза» кредиттер жана финансылык ижара[1/] | 7 550,4 | 11 646,9 | 21 868,6 | 26 584,8 | 24 709,3 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер жана финансылык ижара | 215,4 | 718,3 | 1 515,3 | 1 770,3 | 797,2 |
| Кардарларга кредиттер жана финансылык ижара[2/] | 7 645,3 | 11 298,7 | 20 797,6 | 25 573,6 | 25 120,7 |
| (минус) кредиттер жана финансылык ижара боюнча атайын РППУ | 310,3 | 370,1 | 444,2 | 759,2 | 1 208,6 |
| Негизги каражатар | 820,8 | 1 493,1 | 2 250,1 | 3 427,6 | 3 781,6 |
| Активдин ордун жабууга ссуда алуучудан кабыл алынган кыймылсыз мүлк | 51,3 | 30,4 | 37,2 | 34,6 | 188,0 |
| Активдин ордун жабууга ссуда алуучудан кабыл алынган, анын менчигинде турган башка мүлк | 3,1 | 2,2 | 15,1 | 46,9 | 78,0 |
| Консолидацияланбаган компанияларга инвестициялар | 0,2 | 6,1 | 1,1 | 115,0 | 127,2 |
| Башка активдер | 1 109,4 | 890,3 | 1 408,8 | 1 310,7 | 2 604,7 |
| **БАРДЫГЫ БОЛУП: АКТИВДЕР** | **21 904,0** | **28 269,3** | **42 134,3** | **54 926,1** | **67 987,5** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | | | |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери[3/] | 7 888,8 | 9 717,6 | 10 244,8 | 13 946,9 | 21 147,5 |
| Жеке адамдардын депозиттери[4/] | 2 665,8 | 4 135,1 | 6 235,2 | 6 882,0 | 9 606,9 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 1 536,2 | 1 122,9 | 2 563,4 | 2 371,6 | 2 413,7 |
| Улуттук банктын алдындагы милдеттенмелер | 33,3 | 20,1 | 13,3 | 8,2 | 4,0 |
| Корреспонденттик эсептер | 1 478,3 | 107,3 | 225,9 | 39,8 | 531,7 |
| Башка банктардагы депозиттер[5/] | - | 2 293,2 | 3 619,7 | 4 878,6 | 4 539,3 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 15,2 | 0,0 | 284,0 | 142,6 | 62,7 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 919,9 | 1 492,6 | 3 781,6 | 4 931,1 | 6 559,0 |
| Репо-келишими боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 0,0 | 1,2 | 140,8 | 170,3 | 300,1 |
| Алынган кредиттер | 2 279,5 | 2 673,6 | 3 756,4 | 6 619,9 | 4 368,8 |
| Субординацияланган карыздык милдеттенмелер | 364,2 | 376,8 | 324,9 | 127,5 | 132,6 |
| Башка милдеттенмелер | 1 261,6 | 1 282,3 | 1 946,6 | 1 985,3 | 3 399,5 |
| **БАРДЫГЫ БОЛУП: МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **18 442,7** | **23 222,8** | **33 136,6** | **42 103,8** | **53 065,9** |
| **КАПИТАЛ** | | | | | |
| Акционерлердин капиталы | 3 197,6 | 4 669,4 | 8 464,3 | 11 694,0 | 13 641,3 |
| а) жөнөкөй акциялар | 2 655,9 | 3 594,7 | 5 801,8 | 7 809,6 | 8 663,4 |
| б) артыкчылыктуу акциялар | 3,8 | 3,8 | 3,8 | 2,6 | 2,6 |
| в) номиналдан үстөк салынган капитал | 47,3 | 4,4 | 130,1 | 121,8 | 173,9 |
| г) бөлүштүрүлбөгөн пайда, бардыгы болуп | 490,7 | 1 066,6 | 2 528,7 | 3 760,1 | 4 801,4 |
| Жалпы камдар | 263,7 | 377,0 | 533,4 | 1 128,3 | 1 280,4 |
| а) негизги каражаттарды кайра баалоо боюнча кам | 20,8 | 101,5 | 101,2 | 574,9 | 713,3 |
| б) сатууга жарактуу баалуу кагаздарды кайра баалоо боюнча кам | 9,7 | 1,5 | 4,6 | -5,8 | 20,5 |
| в) кредиттер жана финансылык ижара боюнча жалпы РППУ | 232,6 | 271,9 | 427,1 | 557,6 | 544,0 |
| г) башка классификациялануучу активдер боюнча жалпы РППУ | 0,5 | 2,2 | 0,6 | 1,7 | 2,6 |
| д) башка жалпы камдар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **БАРДЫГЫ БОЛУП: КАПИТАЛ** | **3 461,3** | **5 046,5** | **8 997,7** | **12 822,3** | **14 921,7** |
| **БАРДЫГЫ БОЛУП: МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | **21 904,0** | **28 269,3** | **42 134,3** | **54 926,1** | **67 987,5** |

[1/] *Дисконттун жана кредиттер боюнча атайын РППУнун суммасына төмөндөтүлгөн.*

[2/] *Юридикалык жактарга жана жеке адамдарга кредиттерди камтыйт.*

[3/] *Эсептешүү (күндөлүк) эсептерди жана юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттерин камтыйт.*

[4/] *Эсептешүү (күндөлүк) эсептерди, жеке адамдардын талап боюнча төлөнүүчү жана мөөнөттүү депозиттерин камтыйт.*

[5/] *Эсептешүү (күндөлүк) эсептерди, банктардын ж.б. финансы-кредит мекемелердин талап боюнча төлөнүүчү депозиттерин, мөөнөттүү депозиттерин камтыйт.*

***17-таблица***

Коммерциялык банктардын башкы мекемелери жана филиалдары боюнча 2009-жылдын акырына карата алынган маалыматтар

| Банк | Башкы мекеменин жайгашкан жери | Бардыгы болуп филиалдар | Филиалдар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Бишкек | Чүй обл. | Ысык-Көл обл. | Нарын обл. | Талас обл. | Жалал-абат обл. | Ош обл. | Баткен обл. |
| **Бардыгы болуп филиалдар** | | **239** | **50** | **33** | **35** | **17** | **10** | **39** | **42** | **13** |
| **Резидент банктардын филиалдары** | | | | | | | | | | |
| «АзияУниверсалБанкы» ААКсы | Бишкек ш. | 36 | 7 | 5 | 5 | 3 | 2 | 7 | 4 | 3 |
| «Айыл Банк» ААКсы | Бишкек ш. | 18 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 4 | 4 | 2 |
| «Акыл» ИАКБ ААКсы | Бишкек ш. | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| РК «Аманбанк» ААКсы | Бишкек ш. | 7 | 1 | 1 | 2 | - | 1 | 1 | 1 | - |
| «АТФБанк-Кыргызстан»ААКсы | Бишкек ш. | 13 | 5 | 2 | 3 | - | 1 | 1 | 1 | - |
| «Азия Банк» ЖАК | Бишкек ш. | 4 | 2 | - | 1 | - | - | - | 1 | - |
| «Бакай Банк» ААКсы | Бишкек ш. | 5 | - | 2 | 1 | - | - | 1 | 1 | - |
| «БТА Банк» ЖАК | Бишкек ш. | 14 | 2 | 2 | 3 | - | - | 2 | 4 | 1 |
| «Демир Кыргыз Интернешнл Банк» ЖАК | Бишкек ш. | 5 | 4 | - | - | - | - | - | 1 | - |
| «Дос-Кредобанк» ААКсы | Бишкек ш. | 9 | 1 | 2 | 2 | 2 | - | 1 | 1 | - |
| «Ысык-Көл» ИБ ААКсы | Бишкек ш. | 6 | 2 | - | 2 | - | - | 1 | 1 | - |
| «Казкоммерцбанк Кыргызстан» ААКсы | Бишкек ш. | 2 | 1 | - | - | - | - | - | 1 | - |
| «Кыргыз инвестициялык-кредит банк» ЖАК | Бишкек ш. | 8 | 2 | - | 1 | 1 | - | 2 | 2 | - |
| «КыргызкредитБанк» ААКсы | Бишкек ш. | 3 | 3 | - | | | - | - | - | - |
| «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы | Бишкек ш. | 30 | 6 | 4 | 3 | 3 | 1 | 6 | 5 | 2 |
| «Манас Банк» ЖАК | Бишкек ш. | 1 | - | - | - | - | - | - | 1 | - |
| «РСК Банк» ААКсы | Бишкек ш. | 51 | 3 | 8 | 7 | 5 | 4 | 10 | 9 | 5 |
| АКБ «Толубай» ЖАК | Бишкек ш. | 2 | 2 | - | - | - | - | - | - | - |
| «ФинансКредитБанк КАБ» ААКсы | Бишкек ш. | 8 | 1 | 2 | 1 | 1 | - | 1 | 2 | - |
| Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | Бишкек ш. | 7 | 3 | 1 | 1 | - | - | 1 | 1 | - |
| «Экобанк» ААКсы | Бишкек ш. | 10 | 4 | 2 | 1 | - | - | 1 | 2 | - |
| **Резидент эмес банктардын филиалдары** | | | | | | | | | | |
| Бишкектеги филиалы (ЦАБСиР) [1/] | Алматы ш. | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы[2/] | Карачи ш. | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

[1/] *2002-жылдын теке айынын отуз биринен тартып, Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкынын Бишкектеги филиалына убактылуу администрация режими киргизилген. 2002-жылдын теке айынын он бешинен тартып, Алматы шаарында жайгашкан Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкынын банк операцияларды жүргүзүү укугуна лицензиясы кайтарылып алынган. 2003-жылдын теке айынын отузунан тартып Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкынын Бишкектеги филиалына убактылуу администрация режими киргизилген..*

[2/] *Банк-резидент эместин филиалы 2000-жылдын чын куран айынын жыйырма төртүндө банк операцияларын жүргүзүү укугу менен берилген банктык лицензиялардын реестрине киргизилген..*

*“-” - белгиси филиалынын жоктугун билдирет.*

***18-таблица***

Коммерциялык банктардын кассалык жүгүртүүлөрүнүн түзүмү жана 2009-жылдагы акча кайтарымдуулугу

*(млн. сом)*

| | Келип түшүүлөр | | | | Берүүлөр | | | | | Берүүлөрдөн (келип түшүүлөрдөн) түшүүлөрдүн (берүүлөрдүн) артып турушу (+/-) (9-4) | Кайтарымдуулук пайыздарда (4/9) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | салыктардан, пошлиналардан жана жыйымдардан | чет өлкө валютасын сатуудан | жана башкалар | Жыйынтыгында | эмгек акыны төлөө үчүн Казыналыкка | пенсия жана жөлөкпулду төлөөгө | чет өлкө валютасын сатып алууга | жана башка чыгашаларга | Жыйынтыгында | | |
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| **Бардыгы болуп республика боюнча** | **14 119,9** | **39 979,1** | **186 715,7** | **240 814,7** | **15 277,2** | **10 423,8** | **46 843,0** | **171 175,9** | **243 719,9** | **2 905,2** | **98,8** |
| Бишкек ш. | 8 254,7 | 32 088,2 | 109 444,6 | 149 787,5 | 5 473,6 | 1 450,1 | 28 484,5 | 103 967,0 | 139 375,2 | -10 412,3 | 107,5 |
| Баткен областы | 292,6 | 180,1 | 3 398,9 | 3 871,6 | 799,8 | 676,0 | 1 347,9 | 3 558,0 | 6 381,7 | 2 510,1 | 60,7 |
| Жалалабат областы | 740,2 | 1 018,1 | 19 059,8 | 20 818,1 | 2 069,5 | 1 923,2 | 5 917,7 | 16 765,4 | 26 675,8 | 5 857,7 | 78,0 |
| Ысык-Көл областы | 412,3 | 435,6 | 7 357,0 | 8 204,9 | 961,2 | 1 000,6 | 785,5 | 7 839,5 | 10 586,8 | 2 381,9 | 77,5 |
| Нарын областы | 87,1 | 40,0 | 2 415,3 | 2 542,4 | 1 245,4 | 929,2 | 114,3 | 2 237,0 | 4 525,9 | 1 983,5 | 56,2 |
| Ош ш. | 2 593,0 | 5 295,6 | 28 829,3 | 36 717,9 | 1 547,3 | 727,0 | 6 978,7 | 22 707,8 | 31 960,8 | -4 757,1 | 114,9 |
| Ош областы | 489,5 | 412,8 | 4 001,0 | 4 903,3 | 1 146,8 | 1 621,4 | 1 643,7 | 4 020,7 | 8 432,6 | 3 529,3 | 58,1 |
| Талас областы | 129,3 | 53,8 | 2 926,0 | 3 109,1 | 678,1 | 470,6 | 563,8 | 3 655,1 | 5 367,6 | 2 258,5 | 57,9 |
| Чүй областы | 1 121,2 | 454,9 | 9 283,8 | 10 859,9 | 1 355,5 | 1 625,7 | 1 006,9 | 6 425,4 | 10 413,5 | -446,4 | 104,3 |

*Улуттук банктын маалыматтары боюнча*

***19-таблица***

Төлөм системасындагы төлөмдөрдүн көлөмү жана саны

## ***19.1.*** Гросстук системада төлөмдөр түзүмү

| Карттардын түрлөрү | 2005 | | 2006 | | 2007 | | 2008 | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Транзакция-лардын саны | Көлөм, *миң сом* | Транзакция-лардын саны | Көлөм, *миң сом* | Транзакция-лардын саны | Көлөм, *миң сом* | Транзакция-лардын саны | Көлөм, *миң сом* | Транзакция-лардын саны | Көлөм, *миң сом* |
| Visa | 21 062 | 106 917 | 33 879 | 112 871 | 33 506 | 134 865 | 35 495 | 174 271 | 48 508 | 148 033 |
| Europay/Master Card | 8 920 | 46 923 | 6 238 | 50 280 | 13 078 | 59 185 | 7 539 | 59 028 | 6 813 | 58 477 |
| Алай-Кард | 34 348 | 8 366 | 37 849 | 11 539 | 38 991 | 17 076 | 36 205 | 17 911 | 38 272 | 42 164 |
| Демир 24 | 5 327 | 1 781 | 12 413 | 5 065 | 17 467 | 6 866 | 8 114 | 4 683 | 3 442 | 1 918 |
| Элкарт | - | - | 10 | 3 | 3 152 | 882 | 9 423 | 3 280 | 17 252 | 4 232 |
| Union Card | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

*Коммерциялык банктардын маалыматтары боюнча*
*“-” - операциялар ишке ашырылган эмес*

## ***19.2.*** Клиринг төлөмдөрүнүн областтар боюнча көлөмү жана саны

| | 2005 | | 2006 | | 2007 | | 2008 | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Көлөм, *млн. сом* | Төлөмдөр-дүн саны | Көлөм, *млн. сом* | Төлөмдөр-дүн саны | Көлөм, *млн. сом* | Төлөмдөр-дүн саны | Көлөм, *млн. сом* | Төлөмдөр-дүн саны | Көлөм, *млн. сом* | Төлөмдөр-дүн саны |
| Бишкек шаары жана Чүй областы | 38 659 | 744 346 | 40 943 | 1 012 923 | 37 486 | 1 203 584 | 44 009 | 1 667 187 | 42 279 | 2 095 196 |
| Ысык-Көл областы | 977 | 35 296 | 1 135 | 94 645 | 2 321 | 103 609 | 2 781 | 146 442 | 3 213 | 192 336 |
| Талас областы | 432 | 44 576 | 745 | 81 035 | 797 | 30 637 | 913 | 79 702 | 893 | 118 475 |
| Нарын областы | 595 | 19 811 | 2 124 | 50 454 | 1 004 | 37 197 | 1 116 | 51 893 | 1 316 | 67 195 |
| Жалал-Абад областы | 1 912 | 53 307 | 1 379 | 156 219 | 3 515 | 205 419 | 4 510 | 254 025 | 4 779 | 350 287 |
| Ош областы жана Ош шаары | 3 951 | 73 072 | 3 856 | 236 308 | 4 345 | 80 454 | 5 783 | 170 494 | 6 130 | 237 077 |
| Баткен областы | 148 | 7 548 | 1 229 | 118 170 | 2 050 | 72 324 | 2 113 | 125 602 | 2 267 | 235 995 |
| **Бардыгы болуп** | **46 675** | **977 956** | **51 410** | **1 749 754** | **51 518** | **1 733 224** | **61 225** | **2 495 345** | **60 877** | **3 296 561** |

*Улуттук банктын маалыматтары боюнча*

## ***19.3.*** Соода түйүндөрүндө пластик карттар менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча маалыматтар

| | 2005 | | 2006 | | 2007 | | 2008 | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Көлөм, *млн. сом* | Саны | Көлөм, *млн. сом* | Саны | Көлөм, *млн. сом* | Саны | Көлөм, *млн. сом* | Саны | Көлөм, *млн. сом* | Саны |
| 1 миң сомго чейинки төлөмдөр | 1 | 2 447 | 1 | 3 492 | 1 | 3 944 | 2 | 7 443 | 3 | 9 881 |
| 1 миңден 100 миңге чейинки | 433 | 16 418 | 628 | 23 293 | 722 | 27 246 | 1 028 | 34 995 | 1 264 | 43 624 |
| 100 миңден 1 млн. чейинки | 4 347 | 12 868 | 5 644 | 17 251 | 6 493 | 19 147 | 9 469 | 22 232 | 9 715 | 23 333 |
| 1 млн.10 млн. чейинки | 35 172 | 10 009 | 41 565 | 11 708 | 63 693 | 20 291 | 79 867 | 24 002 | 80 121 | 24 545 |
| 10 млн. 100 млн. чейинки | 51 853 | 2 370 | 77 300 | 3 598 | 146 999 | 6 002 | 201 449 | 7 327 | 191 641 | 7 005 |
| 100 млн. ашкан төлөмдөр | 7 144 | 31 | 6 062 | 41 | 24 487 | 160 | 83 717 | 500 | 134 887 | 624 |
| **Бардыгы болуп** | **98 951** | **44 143** | **131 200** | **59 383** | **242 395** | **76 790** | **375 532** | **96 499** | **417 632** | **109 012** |

***1-график***

Айкын ички дүң продукциясынын өсүш арымы

*(2000=100 пайыз)*




*КР УСКнын малыматтары боюнча*

***2-график***

Керектөө бааларынын жана өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүш арымдары




*КР УСКнын малыматтары боюнча*

***3-график***

Акча топтому

***3.1-график.*** M2X акча массасынын түзүмү




***3.2-график.*** Акча массасынын өсүш арымы жана инфляция




*КР УСКнын, Улуттук банктын жана комбанктардын  малыматтары боюнча*

** 2005-жылы акча массасынын эсептөө өлчөмүнүн өсүш арымынын төмөн болушу методологиялык өзгөрүүлөр менен түшүндүрүлөт. 2005-жылдын тогуздун айынын биринен тартып депозиттер жана кредиттер боюнча маалыматтар, коммерциялык банктар үчүн бухгалтердик эсепке алуунун жаңы эсептер планына ылайык берилген*

***4-график***

Депозиттер

***4.1-график***. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин калдыгы (бир мезгилдин акырына карата)




***4.2-график.*** Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасынын түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)







*Комбанктардын ай сайын берилүүчү регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча*

**5-график**

Пайыздык чендер

**5.1-график.** Коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер




*Комбанктардын ай сайын берилүүчү регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча*

**5.2-график.** Депозиттер боюнча пайыздык чен жана МКВ кирешелүүлүгү




*Улуттук банктын жана комбанктардын ай сайын берилүүчү регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча*

**5.3-график.** Номиналдык жана реалдуу эсептик чендердин динамикасы




*Улуттук банктын малыматтары боюнча*
*Эскертүү: реалдуу пайыздык ченди эсептөө үчүн төмөнкү формула колдонулган:*
*r=(i-p)/(p+100)*100), мында i-номиналдык пайыздык чен,*
*p-инфляциянын жылдык арымы.*

***6-график***

Номиналдык жана реалдуу эффективдүү алмашуу курстарынын индекстери




*Улуттук банктын малыматтары боюнча*

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
2009-жыл үчүн отчетуна карата 3-тиркеме**

## Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары

| № | Басылманын аталышы[1] | Басылма кайсыл тилде чыгарылат | Мезгил аралыгы | Басылманын кыскача мазмуну | Алуучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени | кыргыз, орус жана англис тилдеринде | ай сайын | Негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөр боюнча статистикалык маалыматтар. Бюллетенди даярдоодо Улуттук статистика комитетинин, Финансы министрлигинин, коммерциялык банктардын, Кыргыз Республикасынын Финансы рыногуна көзөмөл жана жөнгө салуу кызматынын жана Улуттук банктын материалдары пайдаланылат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку жана Конституциялык соту, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында аккредиттелген өкүлчүлүктөрү жана чет өлкө элчиликтери. |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету | кыргыз, орус жана англис тилдеринде | жыл сайын | Улуттук банктын отчеттук жыл ичинде аткарган ишин, экономиканын реалдуу секторундагы өзгөрүүлөрдүн натыйжаларына кыскача мүнөздөмөлөрдү, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндөгү чечимдеринин жана аракеттеринин түшүндүрмөлөрүн камтыган толук отчет. Экономикалык өнүгүү жана акча-кредит саясатка тиешелүү маалыматтарды, финансылык отчетту, Улуттук банктын иши жөнүндө жалпы маалыматтарды жана статистикалык тиркемелерди камтыйт. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку жана Конституциялык соту, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, республиканын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында аккредиттелген өкүлчүлүктөрү жана чет өлкө элчиликтери. |

[1] Басылмалардын аталыштары алфавиттик тартипте келтирилген.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | Улуттук банктын ченемдик актылары | кыргыз жана орус тилдеринде | ай сайын | Улуттук банкта кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик актылар жарыяланат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, коммерциялык банктар, Кыргыз Республикасынын соттору, министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары. |
| 4 | Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама | кыргыз, орус жана англис тилдеринде | чейрек сайын | Республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасы боюнча баяндама берилет. Басылмада Улуттук банктын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жана келечекке инфляциялык болжолдоолор камтылат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында аккредиттелген өкүлчүлүктөрү жана чет өлкө элчиликтери. |
| 5 | Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми | кыргыз, орус жана англис тилдеринде | чейрек сайын | Тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденцияларды чагылдырат жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтарды, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү ыкмаларын жана маалымат базасын камтыйт | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында аккредиттелген өкүлчүлүктөрү жана чет өлкө элчиликтери. |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи | кыргыз жана орус тилдеринде | апта сайын | Басылмада валюталардын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курстары, банктар аралык валюта тооруктарынын жыйынтыктары, МКВ жана Улуттук банктын ноталары рыноктурундагы абал, Улуттук банктын эсептик чени, Улуттук банктын ишинин негизги багыттары боюнча аналитикалык материалдар, ошондой эле Улуттук банкта апта ичинде болуп өткөн окуялардын түрмөгү баяндалат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку жана Конституциялык соту, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, жалпыга маалымдоо каражаттары. |
| 7 | Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары | кыргыз, орус жана англис тилдеринде | жарым жылда бир жолу | Банк тутумунун өнүгүү жолуна анализдөөлөр жана баа берүүлөр, ошондой эле Кыргызстандын банк тутумунун туруктуулугунун курамдык элементтерине баа берүүлөр камтылат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы-кредит мекемелери, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары жана китепканалары, эл аралык финансы институттары, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук банктары, интеграциялык институттар, республиканын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрү, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында аккредиттелген өкүлчүлүктөрү жана чет өлкө элчиликтери. |
| 8 | Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата эсептик курстары жана Улуттук банктын эсептик чени | кыргыз жана орус тилдеринде | жыл сайын | Чет өлкө валюталарынын кыргыз сомуна карата Улуттук банк тарабынан белгиленген эсептик курстары, Улуттук банктын жыл ичиндеги эсептик чени жөнүндө маалыматтар. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку жана Конституциялык соту, министрликтер, ведомстволор жана финансы уюмдары, коммерциялык банктар |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Маалыматтык китепчелер жана нускоолор | кыргыз жана орус тилдеринде | Структуралык бөлүмдөрдүн иш планына ылайык | Маалыматтык китепчелер жана усулдук колдонмолор Улуттук банктын ишинин бардык багыттары боюнча чыгарылат. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Президенттин Администрациясы, Өкмөттүн Аппараты, Кыргыз Республикасынын Жогорку жана Конституциялык соту, министрликтер жана ведомстволор, коммерциялык банктар, банктык эмес финансы мекемелери, жогорку окуу жайлары жана китепканалар |
| 10 | Улуттук банктын расмий веб-сайты www.nbkr.kg | кыргыз, орус жана анлис тилдеринде | Айкын убакыт ыргагында жаңыртылып турат | Банктык мыйзамдарды, Улуттук банктын акча-кредит саясатын, коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуучу, төлөм системасын жана нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруу боюнча ченемдик-укуктук актыларды, кароого сунушталып жаткан документтердин долбоорлору боюнча маалыматтарды кошо алганда, Улуттук банктын иши боюнча маалыматтар жайгаштырылат. Мындан тышкары, Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин тизмеси жаңыртылып туруу менен коммерциялык банктар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери боюнча маалыматтар жайгаштырылат. Сайтта ошондой эле, коммерциялык банктар системасы жана банктык эмес финансы сектору боюнча маалыматтар, монетардык баяндама, тышкы экономикалык көрсөткүчтөр, төлөм теңдеми, эл аралык камдар, тышкы карыз жана өлкөнүн эл аралык инвестициялык позициясы боюнча статистикалык маалыматтар; | Маалыматтардан тоскоолдуксуз пайдалануу |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | улуттук валютанын жаралуу тарыхы боюнча маалыматтар, маалыматтык-аналитикалык материалдар чагылдырылат. Улуттук банктын расмий басылмаларынын интернет версиялары: «Улуттук банктын бюллетени», «Жылдык отчет», «Кыргыз Республикасындагы инфляция боюнча баяндама», «Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми», «Улуттук банктын пресс-релизи», «Кыргыз Республикасынын банк тутумун өнүктүрүү тенденциялары» – ар бир басылманын чыгуу мезгилине жараша жаңыртылып турат. Өзүнчө бөлүктө: ишке кабыл алуу, банк, алмашуу бюролорун, микрокаржылоо уюмдарын ачуу боюнча документтердин формалары жайгаштырылат. Улуттук банктын катышуусу менен ишке ашырылган операциялар жана валюталардын Улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курстары, эсептик чен тууралуу маалыматтар, өлкөнүн башкы банкында болуп өткөн окуялар түрмөгү айкын убакыт ыргагында жаңыртылып турат. | |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | «Улуттук банк билдирет» радио берүүсү | Кыргыз тилинде | ай сайын | Радио берүүдө финансы рыногунун жаңылыктары, коньюнктура, жана чет өлкө валюталарынын эсептик чендери жана эсептик курстары, банк ишиндеги негизги окуялардын түрмөгү, Улуттук банктын адистеринин акча-кредит саясаты, банк мыйзамдары маселелери боюнча, банк секторун, төлөм системасын, микрокаржылоо рыногун өнүктүрүү боюнча мамлекеттик стратегиялык программаларды жүзөгө ашыруунун жүрүшү тууралуу интервьюлары чагылдырылат. «Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңузга жооп берет» рубрикасында жарандардан келип түшкөн суроолорго түшүндүрмөлөр берилет. | Кыргыз радиосу аркылуу уктурулат |
| 12 | «Национальный банк сообщает» теле берүүсү | орусча | Ай сайын | Улуттук банктын ишиндеги негизги окуялар, финансы рыногу боюнча жумалык баяндамалар, валюталардын улуттук банк тарабынан белгиленген расмий курстары, республиканын жалпы макроэкономикалык көрсөткүчтөрү боюнча маалыматтар, Улуттук банктын адистеринин акча-кредит саясаты, банк жана төлөм системалары, банктык мыйзамдарга тиешелүү актуалдуу маселелер боюнча интервьюлары чагылдырылат. «Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңузга жооп берет» рубрикасында жарандардан келип түшкөн суроолорго түшүндүрмөлөр берилет | Улуттук теле-радио компаниясынын каналдары аркылуу берилет |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жыл үчүн отчетуна карата 4-тиркеме**

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ААК | Ачык акционердик коом |
| АКУ (SDR) | Атайын карыз алышуу укугу |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| БРАФ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредит мекемелери |
| БЭЭС | Бухгалтердик эсепке алуунун эл аралык стандарттары |
| ГЭС | Гидроэлектростанция |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ЕБРР | Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ЕврАзЭс | Евроазия экономикалык шериктештиги |
| ЕМПЦ | Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору |
| ЖАК | Жабык акционердик коому |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| ИАКБ | Инвестициялык акционердик-коммерциялык банк |
| ИДП | Ички дүң продукция |
| КИМФО | Эл аралык финансылык отчетту чечмелөө боюнча комитет |
| КМШ | Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештиги |
| КНС | Кошумча нарк салыгы |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КФБ | Кыргыз фондулук биржасы |
| МБК | Мамлекеттик бажы комитети |
| МБК | Мамлекеттик баалуу кагаздар |
| МБК(ж) | Мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар |
| МКА | Микрокредиттик агенттик |
| МКВ | Мамлекеттик казына векселдери |
| МКВ(ж) | Мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдери |
| МКК | Микрокредиттик компания |
| МКМ | Мамлекеттик казына милдеттенмелери |
| МКМ(ж) | Мамлекеттик жөнгө салуучу казына милдеттенмелери |
| МФК | Микрофинансылык компания |
| МФУ | Микрофинансылык уюмдар |
| НЭАК | Номиналдык эффективдүү алмашуу курсу |
| ПФТ/ОД | Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү |
| РППУ | Потенциалдуу кредиттик жана лизингдик жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган кам |
| РЭАК | Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СМСФО | Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| ФКМ | Финансы-кредит мекемелери |
| ФОБ | Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа (free on board) |
| ФОЭС | Финансылык отчеттуулуктун эларалык стандарттары |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюму |
| CAMEL | Коммерциялык банктардын ишине баа берүүнүн рейтингдик системасы |
| ESF | ЭВФтин тышкы таасирлерди четтетүү үчүн каржылоо механизми |

| | |
|---|---|
| IFSB | Ислам финансылык кызмат көрсөтүүлөр кеңеши |
| ROA | Активдерге карата кирешелүүлүк коэффициенти |
| ROE | Капиталга карата кирешелүүлүк коэффициенти |
| SECO | Швейцария кызматташтык бюросу |
| SWIFT | Бүткүл дүйнөлүк банктар аралык финансылык телекоммуникациялар шериктештиги |
| USD | АКШ доллары |